Т. И. Ботбаева, Д. Д. Искакова



# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

# 11

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Тексттин авторлору:
*Ж. Садыков менен Ш. Кулуев.*

Музыкасынын авторлору:
*Н. Давлесов, К. Молдобасанов.*

Ак мөңгүлүү аска-тоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма.*

www.bizdin.kg

Т. И. Ботбаева, Д. Д. Искакова

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

## 11-класс

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн орто мектептер жана гимназиялар үчүн окуу китеби

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен



«Кутаалам»
Бишкек – 2013

www.bizdin.kg

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки я 721
Б 86

**Ботбаева Т. И., Искакова Д. Д.**
Б 86 **Кыргыз адабияты:** 11-кл. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн орто мектептер жана гимназиялар үчүн окуу китеби. – Б.: «Кутаалам», 2013. – 188 б. сүрөт.
ISBN 978-9967-452-12-1

Бул окуу китеби Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген программанын негизинде иштелип чыккан. Окуу тексттери окуучулардын жаш курагына жараша адаптацияланган. Колдонулган заманбап методдор окуучулардын ойлоо, эсте сактап калуу, талдоо, сүйлөө ишмердүүлүктөрүн кеңири өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Китеп окуучуларга кыргыз элинин адабий мурастарынан маалымат берип, элдин тарыхы, жашоо шарты, маданияты, адабияты, искусствосу менен да кеңири кабардар кылат.

## Шарттуу белгилер:

– жаңы сөздөр.

– суроолор жана тапшырмалар.

– чыгармалардан үзүндү.

К 4306020400–13

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки я 721

ISBN 978-9967-452-12-1

© Ботбаева Т. И., Искакова Д. Д., 2013
© «Кутаалам», 2013
© КР ББжИМ, 2013

# Кириш сөз

11-класстын окуучулары үчүн түзүлгөн «Кыргыз адабияты» окуу китеби типтүү программанын негизинде түзүлдү.

Тандап алынган материалдардын түзүлүшү Кыргыз адабий мурастарын окуучуларга этап-этабы менен тааныштырууну ишке ашырууга негизделген. Китеп кыргыз адабияты мугалимдеринин сабакка даярдануусун максималдуу түрдө жеңилдетет, ошондуктан кыргыз жазуучуларынын жана акындарынын өмүр баяндарынан маалыматтар, негизги чыгармалардан үзүндүлөр алынды. Тексттерге талкуулоо сөздүгү жана тапшырмалар берилген.

Тексттеги тапшырмаларда калыптанган, активдүү методдор, сынойломдун технологияларынын берилиши китептин маанилүүлүгүн жогорулатат. Китепте кыргыз элинин маданий мурастарын терең элестетүүсүн калыптандырууга багытталган, видео жана аудио материалдардын тандалып алынышы угуу, көрүү (аудиовизуалдык) ыкмаларын сабакта колдонууга мүмкүндүк берет.

Сөздүк иштери окуучулардын тарыхый-маданий маалыматтарды өздөштүрүүсүнө багытталган.

Бул окуу китеби окуучулардын кыргыз адабиятына болгон кызыгуусун арттыруу менен тилдик компетенциясын калыптандырып, жалпы маданий ой чабытын кеңейтет деп ишенебиз.

*Авторлор*



БИБЛИОТЕКА СОШ №3 г.Бишкек

# «Манас» эпосу

***Билип алгыла!***

*Кытайда Манас шаары, Манастын суусу, Манастын сөөгү коюлган Узун-Сай ж. б., Жапонияда Семетей шаары; «Маньесю» дастаны бар экен, Латын Америкасында да, Испанияда да Манас шаары бар. Библиалык Галилеяда Манасия деген хандык болгон экен. Индиянын «Манас» аттуу эпосу бар.*

*«Манаска» байланыштуу Кошой-Коргон (Ат-Башы, Талас), Кароол чоку (Ысык-Көл, Талас), Манастын кермеси, тулпар ташы (Соң-Көл), Манастын казык ташы (Өзгөн), токмок ташы (Кетмен-Төбө), Манастын боз дөбөсү, кароол мунарасы (Кытай), Талчоку, үч Бээжин (Кытай), Оркун суусу (Монголия), Манастын жайлоосу (Казакстан), Манас тумшугу (Анапа шаары, Крым), Манас айылы (Венгрия) – мындай жерлер арбын.*

*Кыргыздар жөнүндөгү эң алгачкы кабар кытай булактарында (б. з. ч. 201-ж.) кездешерин академик В. В. Бартольд айтат. Енисейдин баш тарабында (Монголиянын түндүк-батыш жана Сибирдин түштүгү) жашаган кыргыз көчмөн коомчулугу тууралуу VI–IX кылымдардагы кытай тарых булактарында көп айтылат.*

*IX кылымдын ортосундагы кыргыз көчмөн мамлекети кытай жана башка коңшу түрк уруулары, өзгөчө уйгурлар менен болгон уруштар жүрүп турган доордо «Манас» эпосу түптөлгөндүгүн бир катар изилдөөчүлөр белгилешет.*

**сөөгү коюлган** – *здесь:* захоронен
**байланыштуу** – связанная
**арбын** – достаточно много

**Белгилүү адамдар «Манас» жөнүндө**

«Манас» эпосу Ч. Валиханов тарабынан тээ качан эле талаа «Илиадасы» деп эң туура аталып, кыргыз элинин энциклопедиясы катары аныкталган.

«Шах-намэ» өзүнүн көлөмү жагынан «Илиададан» сегиз эсе көп, ал эми «Манас» бир эле вариантында «Шах-намэден» беш эсеге арбын, демек, «Илиададан» кырк эсеге чоң.

«Манас» эпосу элдик көркөм чыгармачылыктын ажайып эстелиги гана эмес, ошондой эле башаты 820–847-жылдарда башталган кыргыз урууларынын боштондугун баяндаган тарыхый чыгарма.

Эпикалык Манастын негизи болуп ошо 820–947-жылдардагы күрөштө кыргыз элинин жол башчысынын конкреттүү тарыхый образы турат.

Кыргыздар өз ырларында кандайдыр бир ажайыпты эле коркунучтуу жомоктогудай дүйнөнү баалабастан, тескерисинче, өзүнүн турмушун, өз ой-сезимин жана умтулууларын, коомдун ар бир мүчөсүнүн көкүрөгүндөгү идеалдарын даңазалайт.

«Манас» эл рухунан жаралган гениалдуу чыгарма катары өзөгүндө эр жүрөктүүлүктүн, каармандыктын, кең пейилдүүлүктүн мектеби, жалпы адамзаттык ыймандуулуктун бийик үлгүсү болуп саналат.



www.bizdin.kg

«Манаста» эки багыт байкалат. Биринчиси – карапайым калктын үмүт-тилектери менен умтулууларын чагылдырган элдүүлүк. Экинчиси – башкаруучу таптын идеологиясы менен тамырлашкан ойдон чыгарылган диний жана патриоттук мотивдер менен эпизоддор.

«Манас» – толтосуна толкуп кирген эл рухун кайра ысык жүрөгүнөн мөңкүтүп, күчтөнтүп чыгарган калк генераторлорунун эстелиги.

Чокан Валиханов жазып алган «Манастын» кыргыз тексти көп заман белгисиз жатты. Бул версияны жарыкка чыгарууга чыгыш адабиятын изилдөөчү аалымдардын далайы убактысын бөлгөн. Чокандын бул эмгектерин биринчи ирет басмага даярдаган Н. И. Веселовский 1902-жылы 21-мартта Археология коомунда Чокандын «Манас» ырынын котормосунан тааныштырып, ырдын кыргызча тексти жоголуп кеткенине капа болот. Кийин котормо Чокандын эски досу К. К. Гутковскийдин үйүнөн табылган.

«Манас» аты менен байланыштуу санжыра сөздү Чокан эң алгач К. Л. Врангелдин жазууларынан окуп көргөн. Ал кезде (1848) Жети-Суу өлкөсүн бийлеген барон Врангель билимдүү адам болгон. Ал өзүнүн карамагындагы түрк калктарынын тилдерин билген котормочулар аркылуу Улуу жүз казактары менен кыргыздардын санжыраларын, аңыз сөздөрүн, тарыхын жыйнап, Омбудагы чек ара комиссиясына жиберип турган.

**даңазала** – что-либо сделанное с целью прославить человека в глазах потомков
**тамырлашкан** – *здесь:* связан корнями

# Манастаануу. «Манас» эпосунун улуттук жана дүйнөлүк маданиятта, адабиятта алган орду

*«Манас» – Кыргыз рухунун туу чокусу.*
**Ч. Айтматов**

*«Жер үстүндө кыргыз барда,*
*адамзат жашап турганда*
*«Манастын» ыры да,*
*сыры да бүтпөйт».*

Манастаануу – Кыргыз адабият таануу илиминин «Манас» эпосун жыйноону, изилдөөнү, бастырып чыгарууну ишке ашыруучу тармагы.

Кыргыз элинин улуу мурасы болгон «Манас» эпосу уникалдуу, өзгөчө касиетке ээ чыгарма.

Ооба, «Манас» – кыргыз рухунун туу чокусу» (Ч. Айтматов). Бул пикир кыргыз элинин башка рухий байлыктарына салыштырмалуу айтылып, эпостун туу чокуда баарынан бийик турганын тастыктайт. Ошону менен бирге «Манас» – миңдеген жылдарга сакталып калган кыргыз жаны, адабий мурас. А эгер анын ички маани-жайын, мазмун-маңызын аңтарып, четинен эле түйүнчөк болуп түйүлгөн улуу сырды чубасак анда «Манас:» Улуу Нарк, Улуу Эрдик, Улуу Сулуулук, Улуу Ыйман-ызаат, Улуу Сүйүү, Улуу Сөз, Улуу Тарых, Улуу Намыс! «Манас» – Улуу Жол, Улуу Мектеп, Улуу Ыр, Улуу Толгоо жана Улуу Санаа! – деп айтылгандай, ал ушунун баарын өз ичине камтып турат. Ооба, «Манас» – кыргыз элин жок болуп кетүүдөн

сактаган, бар болуп жашоого үйрөткөн, кыйынчылыктарды жеңип чыгууга такшалткан. Эпос байыркыны, кечээгини, бүгүнкүнү жана эртеңкини бириктирип турган бүтүндүк.

«Манас» эпосу – жалпы адамзаттык маанидеги улуу дастан. 20-жылдардын башында залкар манасчы Сагымбай Орозбаков «Манасты» жаздырып жатып Ыбырайым Абдырахмановго мындай деген: «Азыркыбызга кейибейли, кийинки укум-тукумубуз үчүн кейийли. Жүр-нарыга салбай жакшылап айтып, жакшылап жазалы. Азыркылар билбесе, кийинки калыс өспүрүмдөр билер. Бизге ыракмат айтышаар». Акылман, кеменгер манасчы С. Орозбаков кыргыз журтунун кылым аркалаган асыл нарктарын ичине камтыган «Манас» дастанынын болочок ээлери – жаш муундардын рухий тарбиясы үчүн ат көтөргүс зор мааниси бар экендигин ошо кезде эле көрөгөчтүк менен баамдаган.

Кылымдар бою кыргыздар «Манасты» угуп, өздөштүрүп келишкен. «Манастын» океанынан «суу ичишкен». Улуу мурастын патриоттук бийик идеаларына тарбияланышкан.

Кыскасы, Манас руху жан дүйнөлөрүнө орногон биздин илгерки ата-бабалар абийирдүү, ар-намыстуу, сыймыктуу болушкан. Манас аларды ар дайым шыктандырып турган. Илгерки ата-бабалар баштарын бийик көтөрүп, мындай дешкен: «Биздин элден сурасаң, баатырлар менен жүрөктөш, балбандар менен билектеш, эрендер менен маңдайлаш чечендер менен таңдайлаш, беттеп адам барбаган, ар душман жеңип албаган».

Улуу Ф. Достоевский мындай дейт: «Улуттук көрөңгөсүз, элдик аңызсыз эч нерсе өспөйт жана эч кандай мөмө болбойт. Ар кандай мөмө-жемиш өсүш үчүн өзүнүн топурагы, өзүнүн климаты, өзүнүн тарбиясы болуш керек. Бутундун алдындагы бекем кыртышсыз алдыга ийгиликтүү жылуу мүмкүн эмес». Биздин аңызыбыз, кыртышыбыз, рухий азыгыбыз, топурагыбыз – «Манас». «Манастын» илгертен кыргызга рухий түркүк болуп келген жогорудагы ыйык дөөлөттөрү, асыл баа кенчтери – Манас атанын жети осуяты. «Элдик кыртыштын», «улуттук топурактын» зарылдыгы жөнүндөгү философия менен куралданган эгемендүү жаш мамлекетибиз бүгүнкү күндө улуттук кайра жаралуу иш-чараларын жүзөгө ашырып жатат. Тоталитардык доорго умтулган, тыюу салынган калк мурастары кайрадан калыбына келтирилүүдө. Республиканын алдыңкы күчтөрү жаштарга тарыхый эсти кайрып берүүгө, элибиздин улуттук түшүнүүсүн активдештирүүгө жигердүү күч-аракеттерди жумшоодо.

**ишке ашыруучу** – реализовать в деле
**мурас** – наследство, наследие
**тастыктайт** – подтверждает
**ыйман-ызаат** – воспитанность
**мөмө болбойт** – не будет плода
**бекем** – крепко
**дөөлөт** – богатство, достояние



www.bizdin.kg

## Манастын жети осуяты

1995-жылы 25–31-августта «Манас» эпосунун миң жылдык маарекеси белгиленди. Бириккен Улуттар Уюму менен ЮНЕСКО 1995-жылды «Манас» жылы – деп атады. Бул эпостун достукка, эркиндикке, гуманизмге чакырган мазмунунун эл аралык масштабда таанылышы эле. Экинчиден, бул Кыргыз элинин дүйнөлүк маданиятка кошкон зор салымы да болчу. «Манасты» таануу, маанисин ачуу, анын кенчтерин келечекте пайдалануу багытында чоң иштер бүткөрүлдү. Алардын орчундуусу – Манастын жети осуяты.

## Манастын жети осуяты

*Калтырган жети осуят Манас баба,*
*Кийинки урпактарга, мага, сага.*
*Эмгекчил бол, окуучум, талыкпаган,*
*Ээ кылат ар өнөргө билим гана.*

«Манас» эпосу ириде баатырдык эпос катары эсептелери жалпыга маалым. Ошондуктан анда кызыл кыргын, кара сүргүн салгылаш, согуш темасы негизги орундардын бирин ээлери табигый иш. Бирок, ошентсе да, эпосто ач кыйкырык, куу сүрөөнгө тунган ошо алаамат ичинен мына ушунун баарысы тек болбогон бир жан далбас экенин, чексиз Аалам астында жеңишин да, жеңилишин да – экөө бирдей опаасыз кур далбас экенин ачык түшүнүп, сай сөөктү сыздаткан муң-зар угулат.

«Чоң казаттан» кайткандагы жаралуу Манастын үч баатырын жоктоп өксүгөнү, ал ыйласа – кайын ыйлап, тал ыйлап, калың журттун баары ыйлап, жесирлер кошок кошуп зар ыйлап, аза күтүп турганы Манастын согушка каршы маңызын айдан ачык күбөлөйт.

Манасты жоктоп боздогон акылман Кошой аба, «токсонго чыккан кары өлбөй, эмне үчүн Манастай эрен эрте өлөт?» – деген өз суроосуна жооп табалбайт. Бу жалганга мындай адилетсиздик кайдан жаралган? Эмне үчүн бу дүйнөдө периштедей тазалык, баладай баёолук, жакшылыкты аркалаган ак ниет дайыма жабыр тартат.

Мына ушул кейиштүү суроолор «Манаста» баштан аяк коңгуроодой кагылып, добулбастай жаңырган бүтпөс суроолор. Демек, жер үстүндө кыргыз барда, адамзат жашап турганда «Манастын» ыры да, сыры да эч качан бүтпөйт.

Ошондуктан, биз, кыргыздар, ардактуу Чыңгыз Айтматов агайыбыз айткандай, «Ала-Тоо койнунда кылымдан-кылымга жашап келген кыргыз баласы бул дүйнө үчүн нени берди, адамзаттын өнөрүнө, маданиятына нени кошту дегенде, бирден-бир жообубуз «Манасты» берди дейбиз». «Манасты» биз тек бир эртегинин эстелиги катары гана эсептебейбиз. «Манасты» биз өзүбүздүн бүгүнкү турмушубузга түздөн-түз катышын, элди баш коштуруп, эртеңкиге шыктандырган жана болочокто да, урпактан-урпакка ошондой боло бере турган өлбөс-өчпөс улуу рух деп билебиз.

Ошондо биздин бүгүнкү муундун «Манастан» алар сабагы кайсы болмокчу?

www.bizdin.kg

**1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги.**

Манастын бүт аракети бүлүнгөн эли-журтун бүтөп, үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйноодо болду. Качан эл ичинен ырк кетип, биримдик бузулганда, канчалык азап менен курулган Манас ордосу кайта кулады. Ошон үчүн, даанышман Бакай бабабыздын кылымдар түпкүрүнөн үн каткан «Байкагыла балдарым, бөлүнсөң бөрү жеп кетет?» деген осуяты бүгүнкү күндө дал ушул биз үчүн айтылып аткандай угулат.

**2. Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.**

Бул «Манастагы» өзөктүү идеялардын бири. Манастын улуулугу – анын «кейишке салса кечирип, кеткени болсо келтирип», башка калктардын ак ниет инсандарын бир туугандай ардактап, өз элинин колун узарта билген айкөлдүгүндө. Бу жагынан Манас менен Алмамбеттин мамилеси – биз үчүн көөнөргүс нуска. Тагдырдын жазмышы менен жергебизди мекендеген ар элдин өкүлдөрүн өз боорубузга тартып, канат-бутагыбызды өстүрүп алуу, алыс-жакын коңшулар, бөлөк мамлекеттер менен достук мамиледе болуу – Манастын осуятына ылайык азыр да биз үчүн парз.

**3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет.**

Манастын жана анын чоролорун эл-жер үчүн ажалдан кайра тарттырбай алга сүрөгөн улуу күч ушу болгон. «Жоого намыс бергиче, ажалым жетсе өлөйүн, малым менен жанымды олжого кантип берейин, өлбөй тирүү жүргөндө не мураска жетейин, калкым кыргыз сен үчүн курман болуп кетейин», – деп, алар Ата Журттун ар-намысы үчүн кара башын канжыгага сайып коюшкан. Ошонусу менен Абыке, Көбөш алты арам сыяктуу тар мүдөөлүү арсыздардан асман-жердей айырмаланышкан.

Улуттук ар-намысты баарынан бийик туткан ушундай атуулдук ариет ушу тапта биз үчүн абадай зарыл экени, менимче, өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

**4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.**

Манас өз тегерегине ошо өз заманынын бийик өнөр – билимге каныкк кадырман адамдарын топтогон. Алардын жардамы менен ар дайым жеңишке жетишкен. Жашоонун маңызын эмгек, эпостун өзүнүн тили менен айтканда, мал багып, дан багып, жан багуу түзөрүн ал жакшы түшүнгөн. Жаш кезинде өзү да Ошпур койчуга кошулуп кой баккан. Жоокерчилик заманда өтө сейрек кездешүүчү тынч кездерде аштык айдап, эмгек кылып аш тапкан, эр өлтүрүп жоо чалган эрендиктен баш тарткан, аштыгына алмашып Аккуладай ат тапкан.

**5. Адамды, ата-бабанын арбагын жана келечек урпакты урматтоо.**

«Казан асып, кар салып, катын алып үй тигип, аспап алып, ат минип, адам болуп турган соң жолун күткүн бабаңдын», – дейт Манас. Анткени, ата-бабалардын арбагын сыйлаганың, ата-салтын жолдогуң – элиңдин өткөн тарыхын, рухий мурасын сыйлаганың ошону менен эртеңки келечегиңе жол салганың, урпактын, улуттун камын көргөнүң. «Манас» эпосу бу жагынан, асыресе, баланы тапкан, бапестеп баккан аял-энени, анын асыл аракет – эмгегин даңктоо, адамга бийик урмат менен кең пейил мамиле жасоо жагынан бүгүнкү урпак үчүн улуу нуска.



**6. Табийгат менен таттуу мамиледе болуу.**

Дегеле көңкү Көчмөн цивилизация табийгат менен алака түзүүнүн, аны менен эриш-аркак жуурулушуп жашоонун адамзат тарыхындагы эң алдыңкы өрнөгүн жаратып кеткен. Көчмөн дүйнөнүн акыркы моиканы – кыргыз эли аны өзүнүн эртеги турмушунун көркөм энциклопедиясы – «Манас» өтө таасын чагылткан. Эгерде биз эпостогу ошол орошон жөрөлгөнү ыйык тутсак, анда дүйнөдөгү бирден-бир бийик ээси болобуз. Манастан калган ажайып Ала-Тообузду келечек урпактарга көрк-келбетин кемитпей калтырып кете алабыз.

**7. Кыргыз мамлекеттигин чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.**

Айкөл Манас атабыз баштаган баатыр бабаларыбыздын бүт өмүрү ушул арууу максатка арналды. Алар мындан миң жыл мурун Улуу кыргыз мамлекетин куруп, кыйырына дан толуп, өрүшүнө мал толуп мамыр жашоо кечирди. Бирок «Манастын» өзүндө айтылган кейиштүү себептердин айынан Кыргыз мамлекети акыры кыйрады. Ошондон кийин миң жыл бою кыргыз кайра биригип, бирдиктүү дөөлөт куралбады. Бир канаты Кашкарга, бир канаты Каңгайга карап, калганы Кысарга кире качып, бөлүндүжарылды болду. Кыргызды тарых майданынан толук жок болуу коркунучунан Октябрь революциясы, Совет мамлекети сактап калды. Тарыхтын бул чындыгын танууга биздин эч акыбыз жок. Кыр-кырда жүргөн кыргыздын башын бир жерге, бир чамгарак алдына бириктирип, көз каранды болсо да, өзүнчө мамлекеттигине негиз салып, алдыңкы маданиятка жол ачкан да Совет бийлигинин шарапаты. Азыркы күндө Кыргыз эли өз тарыхында экинчи ирет өз тагдыры өз колуна тийип, эгемендүү болуп турат.

Ошо жети сабакты, ошо Манас атабыздан калган жети осуятты ар кимибиз жүрөгүбүздө алдейлеп, ыйык тутсак, анда биздин келечегибиз кең болот.

Замандан заман арытып, бизге чейин келип жеткен Ала-Тоо, Ата Журтубуз, ак калпак кыргыз калкыбыз ата-салтын уланткан, уңгулуу асыл наркыбыз бу жарык дүйнөдө түбөлүк кала берсин.

1. Манастын канча осуяты бар?
2. Кошой аба жөнүндө эмне билесиң?
3. Ч. Айтматов «Манас» жөнүндө эмне деп айтты эле?
4. «Манастын» бир осуятын чечмелеп бер.
5. «Манастын» жети осуятын жаттап ал.

## «Манас» эпосунун изилдөөчүлөрү. Чокон Валиханов

19-кылымдын экинчи жарымында «Манас» эпосун эл оозунан жыйнап алууга олуттуу көңүл буруп, бул ишке биринчи жолу илимий негиз салган, жогоруда ысымы аталган казак окумуштуусу Чокон Валиханов болуп саналат.

Сибирдеги Омск шаарында кадет корпусун бүтүргөн, 21 жаштагы

www.bizdin.kg

жаш офицер Чокон Валиханов орус экспедициясына кошулуп, Ала-Тоого келет. Саякатка келген Чокон Валиханов кыргыздардын арасында эки ай болот. Жаш окумуштуу Ысык-Көлдөн элдик чыгармачылыктын көркөм дүйнөсү менен кездешет.

Ысык-Көлдө эки ай жүргөн кезинде, Чокон Валиханов өтө зор кызыгуу менен кыргыздын көптөгөн уламыш-аңгемелерин, ырларын, санжыра-тарыхтарын жана башка көп кыйла фольклордук материалдарды бир нече дептерге жазып алган. Айта кетчү нерсе, ошол дептерлердин бири айтылуу Кенесары Касымовдун 1847-жылы Чүй боорунда кыргыздар менен болгон согушу жөнүндөгү эл оозунан уккан материалдарга арналыптыр. Кенесары Касымов Чокон Валихановдун жакын кандаш тууганы болуп (экөө тең казак ханы Абылай хандын небереси), ошол 1847-жылкы урушта кыргыздардын колунан каза тапкан.

Чокон Валиханов жыйнаган фольклордук – тарыхый материалдардын ичинен эң маанилүүсү Ысык-Көлдүн Түп аймагынан белгисиз манасчыдан жазылып алынган «Көкөтөй хандын ашы» болуп эсептелет. Манастын бул үзүндүсү бардыгы 3600 ыр саптарынан туруп, араб тамгасы менен калың кагаздуу 47 беттик дептерге жазылган.

Чокон Валиханов Омскиде офицердик кадет корпусунда окуп жүргөндө эле «Манас» жөнүндө эшите баштаган экен. Буга кадет корпусунун окутуучусу Н. Ф. Костылецкийдин лекциялары себеп болгон. Н. Ф. Костылецкий кыргыз-казак калктарынын элдик оозеки чыгармачылыгынын айрым үлгүлөрүнүн негизинде окуу жайда лекцияларды окуп турган. Ал лекцияларында пайдаланган фольклордук материалдардын арасында «Манас» дастанына тиешелүү «Коңурбай», «Карабаш уулу Манас» деген ыр түрүндөгү баатырдык эки сюжет болгон. Бул эки сюжет казак окумуштуусу А. Маргуландын жазганы боюнча ушу күндө да Москвадагы мурдагы СССР Илимдер академиясынын чыгыш архивинде сакталып турат. «Коңурбай» деген сюжеттин сыртына Н. Ф. Костылецкий учурунда «Героический эпос» деп өз колу менен жазып койгон экен.

Демек, Ч. Валиханов «Манас» дастаны туурасында Кыргызстанга келе элек кезинде эле тааныша баштаган экен. Ысык-Көлгө келе жатып Каркырага жакын турган казак аймагынан «Манастын боз дөбөсү» деген айтылуу жер менен таанышып, «Манас» жөнүндөгү өзүнүн биринчи сөзүн ошол жерден дептерине чиймелеген. Ал сөз мындай эле: «Илгертен калган сөз боюнча калктын эпикалык эң кызык ырында айтылып жүргөн Эр Манас кара кытайлар менен согушканда ордосун ушул жерге тиккен дейт».

Экспедициядан кийин Петербургда география коомунда чыгып сүйлөгөн сөзүндө Чокон мындай деген: «Манас» поэмасынын бир бөлүгү саналган «Көкөтөй хандын ашы» деген ырды кыргыз акынынын айтуусунда жазып алдым. Белгисиз тил менен чыгышты изилдеген окумуштууларды тааныштыруу үчүн кыскача сөздүк түзөйүн деген оюм бар».

Аман-эсен болгондо Чокон «Манас» үчүн дагы далай илимий-изилдөөчүлүк иштерди жасайт эле. Тилекке каршы, оорунун айынан шум ажал аны 1865-жылы 30 жаш курагында жарык дүйнөдөн алып кетти. Ушинтип, алгачкы манастаануучунун балбылдап жанып келаткан чырагы мезгилсиз жалп этип өчкөн.



**ысымы** – имя
**жакын кандаш** – кровные
**себеп** – причина
**чиймелеген** – расписал (сделал наброски)
**изилдеген** – исследовал
**илимий-изилдөөчүлүк** – научно-исследовательская
**оорунун айынан** – из-за болезни
**жалп этип өчкөн** – *здесь:* ушел из жизни

1. Чокон Валиханов деген ким болгон?
2. Ысык-Көлдө «Манастын» кайсы үзүндүсүн жазып алган?
3. Ал канча ыр саптан турган чыгарма?
4. Анын дагы эмне түзөйүн деген оюу бар эле?
5. Манастаануучунун салымы канча деп ойлойсуң?

## В. Радлов жана «Манас» эпосунун Европада таанылышы

«Манасты» эл оозунан жыйноо ишине Ч. Валихановдон кийин эң зор салым кошкон, «Түркологиянын атасы» деген атка конгон, улуту немис, академик Радлов Василий Васильевич (немисче – Фридрих-Вильгельм) болуп саналат. Саякатчы – окумуштууларга Борбордук Азиянын, Түркстандын миңдеген чакырымдарга созулган аралыктарын бирде төө минип, бирде жөө жүрүп, ашуу ашып, таш басып, агыны катуу суу кечип, азаптуу кыйынчылыктар менен өтүүгө туура келген. Ошондой жол азабын тартып, күнү-түнү жер кезип, какыраган чөл басып, кар кетпеген бел ашып, алыскы Европадан Ала-Тоого келип, Сары өзөн Чүйдө, Ысык-Көлдө, Каркырада болуп, атактуу «Манасты» ак кагаз бетине түшүргөн Василий Радлов.

Василий Радлов (1837–1918) он бир жыл бою тынымсыз илимий экспедицияга чыгып, саякат жасап, Сибирь-Алтай жана Борбордук Азия аймактарын кыдырып, бул географиялык чөлкөмдөргө жашаган түрк элдерин түгөл аралап, өзүнүн илимий иликтөө-изилдөө иштерин жүргүзүп, фольклордук материалдарды жыйнаган. Ошондой экспедициялардын мезгилинде ал Кыргызстанга үч мертебе саякаттап келген эле.

Мына ошол саякат-сапарларда чыгыш таануучу филолог-илимпоз улуу «Манас» эпосу менен кездешкен. Бугу, сарыбагыш, солто элдеринин айылдарында кара кыргыз калайык-калкы менен жолугушуп, эл өкүлдөрү менен баарлашып, акындар, ырчылар, кошокчулар, кеп багып, сөз күткөн чечендер, сөзмөрлөр менен жолугушуп, алардын өнөрлөрүнө күбө болот. В. Радлов «Манасты» ар кыл акындардын, манасчылардын түрлүү жыйындарда, топтордо эл алдында күпүлдөп айткан учурунда тыңшап угат. Илимпоз кыргыздар «Манасты» абдан кадырлашып, өзгөчө, Манастын Кырк чорого кайрылып турган жерин көпчүлүктүн өтө жактырарын байкайт. «Өз көзүм менен күбө болдум, бир жолу акын ырдап жатканда, бир манап кубана кыйкырып тура калып, үстүндөгү жибек чапанын чечип ырчыга белек катары ыргытты», – деп жазат В. Радлов.

Ал ысымдары белгисиз манасчылардан мухиттей чалкыган эпостун «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүн жазып алат. Бардыгы болуп эпостун 12454 ыр сабын кагазга түшүргөн. Мунун ичинен 3005 сабы «Семетей» менен «Сейтекке» тиешелүү. 9449 сабы «Манаска» таандык. «Манас» бөлүмү боюнча Манастын төрөлүшү, Алмамбеттин окуясы, Көкчө менен болгон уруш, Манастын өлүмү сыяктуу сюжеттик бөлүктөр жазылып алынган. Мындан сырткары, В. Радлов бардыгы 5322 саптан турган «Жолой хан» жана «Эр Төштүк» эпикалык поэмаларын да кагаз бетине түшүрүүгө үлгүргөн.

Илимпоз – түркolog өзү орус транскрипциясы менен жазып алган «Манас» үчилтигин орусча кеңири илимий баш сөз менен жабдып, 1885-жылы Санкт-Петербургда кыргыз тилинде «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» деген ат менен өзүнчө том түрүндө жарыкка чыгарган. Ошол эле 1885-жылы «Манас» Германияда Лейпцигде немис тилинде жарыяланган. Китептеринин баш сөзүндө «Манас» эпосуна В. Радлов «элдин бүткүл турмушунун жана калктын бардык умтулуштарынын поэтикалык чагылышы» – деп жогору баа берген жана кыргыздардын сөз маданиятын, сөз чеберчилигин бийик баалаган.

В. Радловдон кийин, венгер окумуштуусу Д. Алмаши 1901-жылы Орто Азияга зоологиялык экспедицияга келип, Чүйлүк жана Ысык-Көлдүк кыргыздардын арасында 8 ай жашап жана иштеген. Ошондо Дердь Алмаши «Манастан» 72 сап жазып алып, аны кийин 1911-жылы Будапешт шаарында чыгуучу «Восточное образование» аттуу журналга «Манас уулу Семетей менен коштошкону» деген ат менен жарыялаган. «Бул эпикалык ырлардын кол жазма түрүндөгүсү жок, жөн гана көптөгөн ырчылардын тилинде жашап, оોздон-оозго өтүп, көчмөндөрдүн кайсы айлында болбосун ар качандан бир качан аларды уккан киши өксүбөйт» – деп жазган. Окумуштуу «Манастын» көлөмүн анча даана элестете албаган, ошон үчүн «Манаста» 20000 ыр жолу, ал эми Семетей менен Сейтекке 30000 сап ыр деп болжолдогон.

Эми Октябрь революциясына чейин «Манасты» эл оозунан жыйноого кыргыздардын өздөрүнүн мамилеси жөнүндө азыноолок сөз. Революциянын алдында кыргыздардын арасында өзбек, казак, татар, башкыр молдолорунан окуп, сабатын ачкан кишилер, орус-тузем мектептерин бүтүргөндөр, 20-кылымдын баш жагында пайда болгон Кыргызстандагы «жаңы метод» мектептери деп аталган окуу жайларды, медреселерди аяктаган адамдар, өз демилгеси менен кыргызча европалык типтеги мектеп салдырган эл жакшылары сан жагынан аз-аздап арбый баштаган. А түгүл, алардын арасында Уфадан, Оренбургдан өздөрүнүн китептерин бастырып чыгарган билимдүү кишилер да болгон. Маселен, 1917-жылга чейин кыргыздардан «Сагымбайдын зары» деген ырды жазып алганы белгилүү. Балким, Б. Солтоноев манасчыдан «Манастын» башка үзүндүлөрүн да жазып алгандыр.

Тоголок Молдо да революцияга чейин «Манасты» кагазга түшүрүп, үркүндө жоготуп жиберген деген кабар бар.

**жыйноо** – собрание
**жөө жүрүп** – пешком





**азаптуу** – мучительный
**жер кезип** – бродя по земле
**бел ашып** – проходя перевалы
**түгөл аралап** – полностью исследовав
**иликтөө-изилдөө** – исследование
**саякат-сапарларда** – в дальних путешествиях
**калайык-калкы** – народ
**күбө болот** – становится свидетелем
**байка** – замечать
**ысым** – имя
**мухиттей чалкыган** – распростерся как океан
**уруш** – ссора
**үлгүр** – успеть
**умтулушат** – порыв, стремительное движение вперёд
**кол жазма** – рукопись
**түрүндөгүсү** – в виде
**көчмөндөрдүн** – кочевников
**өксүбөйт** – не рыдает
**болжолдогон** – предположительно определил
**демилгеси менен** – с усилием

1. «Түркологиянын атасы» деген атка ким конгон?
2. Ал улуу эпостун кайсы бөлүмдөрүн жазып алган?
3. Бардыгы болуп канча ыр сабын кагазга түшүргөн?
4. «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторуна илимпоз кандай баа берген?
5. «Манастын» изилдөөчүлөрү деген тема боюнча проект жумушун жүргүзгүлө.

## Адабият таануу илими

1925–2000-жылдардагы Кыргыз профессионал адабияты (поэзия, проза, драматургия жана адабият таануу) боюнча жалпы обзор.

### Поэзия

Эне тилибизде массалык маалымат каражаттарын (көбүнчө газета-журналдардын), туруктуу иштеген китеп басмасынын, дагы башка саясий, маданий, таалим-тарбия очокторунун ачылышы кыргыз поэзиясынын кадыресе адабий формада үзгүлтүксүз өрчүй башташын шарттады.

Улуттук басма сөзүбүздүн туңгучтары «Эркин-Тоо» («Кызыл Кыргызстан»), «Ленинчил жаш» газеталары, «Коммунист», «Дыйкан», «Жаңы маданият жолунда» журналдары биринчи сандарынан баштап ыр түрүндөгү материалдарды көп жарыялаган, алардын дээрлик баары, айрыкча газеталары анда-санда гана бир ыры жок чыкпаса, калган учурларда ырдан өксүгөн эмес. 1925–1929-жылдар аралыгында биздин прессада жарыяланган ар кыл ырлардын жалпы көлөмү чоң эки томго барабар. Ал эми «Жаңы маданият жолунда» журналынын 1928–1929-жылдары чыккан 9-санында 43 ыр, 4 поэма, 4 ырлар цикли жарыяланган.

«Эркин-Тоонун» чыгышы менен гана акындык өнөргө умтулгандардын, ал газетанын алгачкы сандарына ырлары жарыяланган жаштардын

www.bizdin.kg

арасынан көп өтпөй А. Токомбаев (1904–1988), М. Токобаев (1905–1971), М. Элебаев (1905–1944), Ж. Жамгырчиев (1906–1944), Б. Кененсариев (1896–1964) алдыга суурулуп чыккан. Булардан бир аз кийинчерээк мезгилдүү басма сөз беттеринде жаңы калемгерлердин дагы бир тобу көрүнө баштаган. Алардын чыгаандары Жоомарт Бөкөнбаев (1910–1944), Жусуп Турусбеков (1910–1943), Кубанычбек Маликов (1911–1978) болгон.

1925–1929-жылдары жаңыдан өнүгө баштаган басма поэзиябыздын чыгармаларынан төрт гана жыйнак жарык көргөн: «Касым ырларынын жыйнагы» (1925), «Кызыл гүл» (1927), «Ленин тууралуу» (1927), «Аял айнеги» (1929).

Бул мезгилде жаралган поэзиялык чыгармалар бүт бойдон ошо кездеги мезгилдүү басма сөздө жарыяланган. Демек, алар газета-журналдардын күндөлүк муктаждыктарына, талаптарына ылайыкталып жазылган. Ошон үчүн алардын басымдуу көпчүлүгү Совет бийлиги жыл сайын белгилей баштаган майрамдарга жана башка атактуу даталарга, Советтер Союзундагы жана чет өлкөлөрдөгү маанилүү саясий окуяларга, республиканын коомдук турмушунда оркоюп көрүнгөн фактыларга жана көрүнүштөргө арналган. Натыйжада, ал ырлар газета-журналдык башка материалдардан мазмундук элементтери жагынан анча айырмаланган эмес, тактап айтканда, поэзия формасындагы публицистикалык чакан макалалар же кабарлар, учурдагы саясаттын тикелей жаңырыктары, актуалдуу өкмөттүк ураандардын ырга салынып айтылган түрлөрү сыяктуу эле болгон.

Улуу Ата Мекендик согуш советтик адамдардын бийик аңсезимдүүлүгүн массалык баатырдыктын көрүнүшүнө алып келди. Жаңы замандын тарбиялык иштеринин натыйжасында пайда болгон – максаттуулук, терең идеялуулук, өзүнө ишенүү, ишкердүүлүк, элге, мекенге, партияга берилгендик, туруктуулук, тайманбастык өңдүү эң сонун сапаттар согуш жылдарында жогорку деңгээлде ачык көрүндү.

Согуш мезгилинде көп улуттуу совет адабиятынын башкы темасы – согуш темасы болду. Кыргыз жазуучулары чакан ырлардан тартып поэмаларга, очерк, публицистикаларга чейин үзгүлтүксүз жазышып, жоокерлерди эрдикке, ар-намыстуулукка, тылдагы эмгекчилерди эмгекке, чыдамдуулукка үндөштү. А. Токомбаевдин «Алкоо», М. Элебаевдин «Улуу марш», К. Маликовдун «Канга кан», Ж. Бөкөнбаевдин «Кагылайын тууган жер», «Чабуул», Т. Үмөталиевдин «Жеңиш ырлары» ыр китепчелери, Ж. Турусбековдун «Каракчынын трагедиясы», А. Осмоновдун «Махабат», «Менин энем», «Ким болду экен?», Ж. Бөкөнбаевдин «Ажал менен ар-намыс» поэмалары жазылган.

Согуш мезгилинде жазылган айрым поэмалардан байкалган дагы бир нерсе – бул алардын элдик оозеки поэзиянын салтына өтө жакын болгондугу. Мисалы: Т. Үмөталиев «Эң кыйын кимиси?», Ж. Бөкөнбаев «Чептен эрдин күчү бек» аттуу чакан поэмаларын элдик сюжеттердин негизинде жазышып, душманга каршы күрөшүү үчүн темирдей бек ынтымактын, биримдиктин зарыл экендигин көркөм элес аркылуу жеткирүүгө аракеттеништи.

Согуш мезгилиндеги ырлар жалпы жонунан үгүт-насаат, чакырык, үндөө түрүндө жаралган.



50-жылдардын башталышындагы кыргыз поэзиясында тынчтыкты коргоо темасы алдыңкы планга чыккан. Өлкөнү калыбына келтирүү аяктап, мамлекеттик масштабдагы улуу курулуштардын келечегине шыктанган акындардын чыгармаларында Ата Мекен, өмүр, турмуш, эмгек темалары жаңы бийиктикке көтөрүлдү. А. Токомбаев «Мекеним», «Волга дайра», «Коммунизмге», Т. Үмөталиев «Жеңиш ушул», «Арсланбаб», А. Токтомушев «Эмгек жана бакыт», «Менин анкетам» сыяктуу ырларда эмгек даңкталды.

Ал эми согуштан кийинки кыргыз айылы, айыл адамдары алардын эмгеги, ой-санаалары дүйнөгө көз карашы, үрп-адаты, салты акын А. Осмоновдун поэзиясынын негизги тематикасына айланган.

1950-жылдары кыргыз поэзиясына абдан көп жаштар күргүштөп кирди. Алардын ырлары газета-журналдарда, атайын альманахтарда үзүлбөй жарыяланып турду. Ал эми Ж. Садыков, С. Урманбетов, М. Сейталиев, Р. Рыскуловдор бирден-экиден ыр китептерин чыгарууга үлгүрдү. Булар эң алгачкы жыйнактарында эле бир чети Кыргыз совет поэзиясынын туруктуу салттарынын алкагында аракет кылышса, бир чети башка элдердин ыр маданиятынын тажрыйбасын да өздөштүрүп, акындык жаңычылдыкка талпынышты.

Ошентип, согуштан кийинки он-он беш жылда кыргыз поэзиясы өзүнчө бир тарыхый, саясий идеологиялык маданий шарттарга жараша өнүгүп отурду. Бул жолдо жоготуулар да, табылгалар да болду. Улуттук поэзиябыздын тажрыйбасы байыды, салттарына жаңы салттар кошулду.

Алар эң оболу граждандык темаларга көп кайрылышып, Ата Журтубуздун саясий-коомдук турмушундагы орчундуу окуяларга үн кошуп турушту; заманыбыздын маанилүү проблемалары тууралуу чымыркана ой жүгүртүп, жергебиздин табиятын, жаңыча көрүнүштөрүн, калкыбыздын күжүрмөн эмгегин, жакшы салттарын, асыл сапаттарын берилип ырдашты.

60-жылдардагы кыргыз поэзиясында идеялык эстетикалык изденүүлөр өтө активдешип, ыкчамдатылган түргө өттү.

Бул мезгилдеги кыргыз поэзиясынын өнүгүш процессин көз алдыга келтиргенде адегенде эле аксакал акындарыбыздын ыр китептери, алардын калеминен жаралган эпикалык масштабдагы ири чыгармалар эске түшөт. Алар: А. Токомбаевдин «Комуз күүсү», «Таң алдында», «Мезгил үнү», «Жылдызым», К. Маликовдун «Көл жээгинде кездешүү», «Эртеңкини ойлонуу», «Аскадан үн», «Алтын жип», Т. Үмөталиевдин «Тегене», «Баатыр», «Кутманым», «Нарын», «Ыр жүрөгү карыбайт», «Кызыл жар», «Торгой таңшык», А. Токтомушевдин «Сүйүү жана коркунуч», «Эркин саптар», «Алтын тоо», Н. Байтемировдун «Канаттуу күндөр», «Долон» ж. б.

60–70-жылдары кыргыз аялдар поэзиясы абдан өнүккөн. Аялдардан чыккан акындарыбыз Майрамкан Абылкасымованын «Кичинекей дасторго», Тенти Адышеванын «Заманым», Ж. Тынымсеитованын «Сыбызгы», С. Абдыкадырованын «Булак», М. Буларкиеванын «Тамчы», Н. Жүндүбаеванын «Алгачкы жаңырык» аттуу ыр жыйнактары жарык көргөн. Аял акындарыбыз поэзияга ишенимдүү кадам шилтешкенин далилдей алышты.

Өлкөдө кайра куруу, ачык айтуу саясаты күчөгөндө поэзия мур-

дагыдан да активдүү кыймылга келип коомдогу оң-терс көрүнүштөрдү тереңирээк иликтеп, өз оюн, өз көз карашын кеңири, айкын билдирүүгө аракеттене баштады. Бул багытта кемчиликтерди сындоо мотивинин кыйла активдүү көрүнгөндүгү белгилүү. Жаш акын Шайлообек Дүйшеев турмуш чындыгынын актуалдуу маселелерин күн тартибине курч койгон бир катар ырларында кемчиликтерди бетке айтууга батынды. Анын 1992-жылы жарыкка чыккан «Кайдыгерлик» аттуу ыр китеби буга далил. Акындын «Кыргызбай менен Кыргызгүл» баяны, «Ысык-Көлдү сакта дейсиң», «Эсиңе кел» деген ырларынын мазмундары да маанилүү маселелерди козгогондугу менен окурмандарды кызыктыра алган.

Акын Насирдин Байтемиров «Шабдан», «Байтик», «Курманжан датка», «Зуурakan» жөнүндөгү көлөмдүү дастандарды, казалдарды жазды. Акын Сооронбай Жусуев «Курманжан датка» тууралуу ыр менен роман жаратты. Сүйүнбай Эралиев «Кесиринсан» поэмасын жазды. 10–11-кылымдарда жашап өткөн бабабыз Жусуп Баласагын «Кутадгу билиг», «Кут алуу билими» аттуу атактуу дастаны азыркы кыргыз поэзиясынын тилине которулуп, жарыкка эки жолу чыкты.

**туруктуу** – непоколебимый, стойкий
**максаттуулук** – цель, желание
**өзүнө ишенүү** – самоуверенность
**ишкердүүлүк** – активность, энергичность
**тайманбастык** – решительность, смелость
**жупуну** – простой
**жаркын талант** – светлый талант
**кашкайган чындык** – непреложная истина
**таазим** – поклон
**көз чаптыруу** – окинуть взглядом
**ыкчамдатуу** – ускорять, усиливать
**даңаза** – великолепие, роскошь
**кайра куруу** – перестройка
**иликтөө** – высматривание, расспрашивание
**үзгүлтүксүз өрчүй** – непрерывно развивая
**шарттады** – обусловил
**түрүндөгү** – ввиде
**өксүгөн эмес** – *здесь:* не хватало
**көлөм** – объём, масштаб, размер
**суурулуп чыккан** – вырвался
**муктаждык** – нуждаемость, потребность
**чакан** – немного, небольшое количество
**өнүгүш** – развитие
**аздыр-көптүр** – много ли мало ли
**үгүт** – насаат
**айырмаланып турат** – отличается
**соңку учурда** – последнее время
**саясий** – политический
**тажрыйба** – практика, опыт, эксперимент
**асыл сапаттар** – благородные качества

1. Согуш мезгилиндеги поэзиядагы башкы тема кайсы эле? Акындар кандай ыр, поэмаларды жаратышкан?
2. Согуш аяктагандан кийин чыгармачыл адамдардын негизги темасы кандай нукка бурулган?
3. Алтымышынчы жылдары кыргыз поэзиясында кандай өзгөчөлүк пайда болду? Кандай чыгармалар пайда болду? Кыргыз акын аялдарынын чыгармачылыгы кандай өнүгө баштады?
4. Кайра куруу мезгилинде жазылган чыгармаларга кандай баа берсек болот? Кайсы акындар кандай чыгармаларды жаратышты?



www.bizdin.kg

## Проза

1925–1929-жылдары адабий прозанын көпчүлүк жанрлары (түрлөрү) жарала баштады. Алар эң оболу эле билим берүү зарылчылыгынан, саясий үгүт-насыят жүргүзүү муктаждыгынан улам пайда болду. Маселен, мектептер үчүн жаңыдан жазылчу окуу китептерине майда аңгемелер, дагы башка адабиятташтырылган материалдар керек эле. Бирок, кыргыз жазма тилинде тексттер али жок эле. Ушундан улам эне тил жана адабият боюнча окуулуктарды жазгандар чакан көлөмдүү прозалык баяндарды өздөрү жазууга аргасыз болду. Натыйжада ошол жылдары жарык көргөн «Чондор үчүн алиппе», «Жазуу жолундагы саамалык», «Жаңылык», «Биздин тил», «Жаңы айыл» деген окуу китептерде майда көркөм аңгемелер жарыяланды. Ал аңгемелерде жөнөкөй турмуштук окуялар кабыл алууга жеңил тил менен баяндалып берилген эле.

Ошол жылдары мектеп окуучулары көмөкчү окуулуктар иретинде пайдалансын деген максатта чакан прозалык чыгармалар өзүнчө жука китепчелер түрүндө чыгып турган. Алардын басымдуу көпчүлүгү башка тилдерден которулган чыгармалар болгон. Бирок ошол серияда бир катар оригиналдуу кара сөз туундулары да жарык көргөн. Алардын арасында К. Баялиновдун «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» (1927–1928, 1929) бар.

Кара сөз менен жазылган адабий материалдарга «Жаңы маданият жолунда» журналынан да кеңири орун берилген. Маселен, 1928-жылдын май айынан 1929-жылдын октябрына чейин журналдын он саны жарык көрүп, тогузунда баш-аягы 15 прозалык чыгарма басылган. Алардын арасында, Узакбай Абдукаимовдун «Бакыт жолунда», Аалы Токомбаевдин «Муңдуулар өлүмү», Мукамбет Дөгдүровдун «Жамангүл», Касымалы Жантөшевдин «Эки жетим» деген аңгемелери бар.

Ал эми тематика жагынан талдай келгенде, прозалык чыгармалардын бир даарында Октябрь революциясына чейинки кыргыз турмушунан кеңкесири орун алган социалдык адилетсиздик, таптык эзүү, салт-санаанын терс көрүнүштөрү сыяктуу темалар козголгонун байкайбыз.

Улуу Ата Мекендик согуштун ар кыл кырдаалдары бүткүл совет адабиятынын тематикасына, жанрдык өзгөчөлүктөрүнө чечкиндүү бурулуш жасады. Бул мезгилдеги Кыргыз совет прозасынын өсүш процесси өзүнүн бөтөнчөлүктөрүнө, касиеттерине ээ. Согуштун өзгөчө шарттары, баарынан мурда «оперативдүү», ийкемдүү деп аталган аңгеме жана очерк жанрынын тез эле активдешине негиз түздү. Бир кыйла аңгемелер, очерктер фронттун жана тылдын күжүрмөн каармандарына арналды. Мына ошондуктан кыргыз жазуучулары турмуш менен учурдун өктөм талабына жооп катары согуштун реалдуу кыргыз баатырлары жөнүндө аңгеме, очерктерин жазышты. Натыйжада «Кыргыздын атактуу балдары» деген ат менен К. Маликовдун «Жайылманын талаасынан», С. Сасыкбаевдин «Нурлан», А. Токомбаевдин «Ашырбай», К. Жантөшевдин «Чолпонбай» деген аңгемелери жарыяланды.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги каармандарга арналган чыгармалардын ичинен К. Жантөшевдин «Чолпонбай» аттуу аңгемеси айырмаланып турат. Бул аңгемеде турмушта реалдуу жашаган адамдын өмүр тагдырын элестүү сүрөттөөгө аракет кылынган.



2-85

Согуш жылдарында көркөм аңгеме жанрын өнүктүрүүгө да олуттуу аракет жасалган. Буга мисал катарында М. Элебаевдин «Алыскы тоодон» (1942), «Соңку бир күнү» (1942), Ж. Турусбековдун «Таза жүрөктөр соккондо» деген аңгемелерин атоого болот. Т. Сыдыкбеков бул мезгилде «Согуш күндөрүндө» деп аталган аңгемелердин жана очерктердин жыйнагын жарыялады. Бул жыйнакка киргизилген чыгармалардын басымдуу көпчүлүгү кыргыз айлынын согуш учурундагы турмушуна арналган. Андагы сүрөттөлгөн каармандар кыргыздын карыялары, кыз-келиндери, жаш өспүрүмдөрү, ар кимиси колунан келишинче жеңиш үчүн фронтко жардам, кол кабыш этишке аракеттенгендер.

Кыргыз прозасында да согуш турмушунун жана тылдагы ал-абалды кеңири көрсөтүү аракетинде К. Баялиновдун «Бакыт» повести, Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романы жарык көрдү.

Согуштан кийинки кыргыз прозасында роман, повесть жанрларынан башка аңгеме, очерк, фельетон жанрлары да жанданды. Алар Т. Сыдыкбековдун «Абысындар», С. Сасыкбаевдин «Күрөш күндөрүндө», Т. Абдумомуновдун «Жакшы адамдар», Ш. Бейшеналиевдин «Укук», Ч. Айтматовдун «Обон» сыяктуу китептеринде жарыяланган аңгемелер проза жанрынын өсүүндүгүнө толук далил боло алат.

50-жылдардагы кыргыз прозасынын жаңы бийиктиги Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы менен өлчөнөрүн адабиятчылар, сынчылар бир добуштан белгилешкен. «Жамийла» повести менен ал бүткүл союздук, бүткүл дүйнөлүк окуучулардын, адабий коомчулуктун көңүлүн бурду. XX кылымдын улуу жазуучуларынын бири Мухтар Ауэзов «Жамийла» повестинин психологизмине суктанып, анын адабияттагы жаңы көрүнүш катары баалаca, атактуу француз жазуучусу Луи Арагон чыгарманы махабат жөнүндөгү дүйнөдөгү эң сонун баян деп атаган.

60–70-жылдары прозачылардын көпчүлүгү турмуш чындыгын көрсөтүүгө белсенип киришти. Бул жылдары Ч. Айтматовдун повесттеринде коомдук маанидеги, атүгүл жалпы адамзаттык маанидеги проблемалар көтөрүлөт да, ошол проблемалардын чечилиши каармандардын жүрөгү, жан сезими, ой-санаасы аркылуу өтөт. Буга мисал катары «Биринчи мугалим» чыгармасында Дүйшөндүн образы, «Саманчынын жолундагы» көптөгөн оор кайгыларды башынан өткөрүп, өзүн бүт бойдон элге арнап, акыркы деми калганча жашоо менен күрөшүп, өмүрдү турмушту улаган Толгонай, «Гүлсараттагы» ак-караны ажыратып, акыйкаттык үчүн күрөшкөн, карапайым колхозчу, коммунист Танабайдын образдары аркылуу жаңы замандын каармандары таанымал болду.

Кайра куруу жылдарындагы жазуучулар коомдук турмушта болгон кемчиликтерди көркөм чагылдыруу максатын көздөдү. Ушул багытта жазылган чыгармалардын бири Ч. Айтматовдун «Кыямат» романы болду. 1991-жылы Кечкөн Сактановдун «Маркумдар үнү» романы, Ашым Жакыпбековдун «Теңири Манас» романы, Таш Мияшевдин «Аталар жолу», Эрнис Турсуновдун көптөгөн котормолору, иликтөө китептери: «Балбай жана анын доору», «Жоомарт бөтөнчө инсан», «Жусуп Абдрахманов жана анын таламдаштары» жана «Ата-Журт» романы жарыкка чыкты.

Публицистика жанры 80–90-жылдары бир кыйла жанданды, коомдук



www.bizdin.kg

өзгөрүүлөр, кайра куруу, ачык айтуу саясатынын күч алышы, эгемен мамлекетибиздин адамдарын ар кандай ой толгоолорго дуушар кылышы толук мыйзам ченемдүү көрүнүш эле.

**үгүт-насыят** – натация
**өлчөө** – мера, измерение
**жан сезими** – душевное чувство
**ой-санаасы** – мысль, намерение
**баян** – повествование, рассказ
**көлөмдүү** – объёмистый, большой
**көмөкчү** – помощник, пособник
**туунду** – вторичный
**талдай** – выбирая
**кең-кесири** – просторная
**чечкиндүү бурулуш** – решающий поворот
**ийкемдүү** – пособный, соответствующий, действенный
**элестүү** – образный
**басымдуу** – преобладающий, подавляющий
**өспүрүмдөр** – подростки

1. Согуш мезгилиндеги кыргыз прозасынын башкы темасы эмнеге арналган?
2. Согуштун баатырлары жөнүндө кандай чыгармалар жазылган?
3. Согуштан кийинки мезгилде кыргыз прозасында кандай жанрлар жакшы өнүккөн?
4. Элүүнчү жылдары кимдин чыгармачылыгы менен жаңы бийиктикке көтөрүлгөн?
5. Кайра куруу мезгилинде кандай чыгармалар жазылды?

«Эки бөлүк күндөлүктү» толтуруп салыштырма анализ жүргүз (Схеманы толтур.).

| «Манастын» жети осуяты чыгармасы боюнча | «Манастын» жети осуятынын азыркы күндө актуалдуулугу |
|---|---|
| | |
| | |
| | |

## Драматургия

1920-жылдардын экинчи жарымында Фрунзеде (Бишкекте) жаңы драма жана ыр-хор ийримин (кружогун) уюштуруп, сахнада ойноого арналган адабий тексттердин эне тилибизде жогунан улам ийримге катышуучулар андай тексттерди өздөрү жаза баштаган. Чакан пьесалардын авторлору ал кездеги студенттер Т. Байжиев, Ж. Бөкөнбаев, К. Жантөшев, К. Маликов, С. Сасыкбаев, М. Элебаев болгон. Ал пьесалардын тексттери, ал түгүл аттары сакталып калган эмес. Тек гана К. Жантөшевдин педтехникум ийрими үчүн «Койчулар», «Айылда», «Лениндин уулу», «Түштө», «Биз комсомол», «Жоголсун байлар» деген бир жана көп көшөгөлүү пьесалардын аттары мемуардык материалдарда (эскерүүлөрдө) эскерилет.

Драматургия – адабияттын өзгөчө бир түрү. Анын жалпы адабий чыгармачылыкка ортоктош машакаттарынан тышкары өз алдынча кыйынчылыктары да бар.

Тилекке каршы, кыргыз адабияты жаңыдан түптөлө баштаган кезде, жаш жазуучулар аз, а түгүл жокко эсе эле. Ошон үчүн Улуттук драма музыкалык мектептин көркөм жетекчиси И. Н. Еленин «Молдо Насреддин», музыкалык жетекчиси Д. Д. Мацуцин «Жаңы турмушка», сүрөт мугалими Г. П. Петров «Москва конору» деген пьесаларды жазып беришкен. Ал пьесалар кыргызчаланып, студиянын окуучулары тарабынан ойнолгон. Ошон-

дой эле ушул окуу жайдан студенттери С. Сабаев жана башкалар өз-өзүнчө же биргелешип «Волисполкому жумуш күнү», «Эски турмуш» деген бир көшөгөлүү пьесалар жараткан. Булардын тышкары улуттук драма-музыкалык студиянын тарбиялануучулары М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей», Б. Калпаковдун «Эскиден калган энчилер», М. Дөгдүровдун «Чалкан чаккандар» деген пьесаларын коюшкан.

Аталган пьесалардын тексттери да өз убагында жарык көргөн эмес, кол жазмалар түрүндө деле биздин М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей», К. Жантөшевдин «Карачач» драмалары кийинчерээк (биринчиси 30-жылдары, экинчиси 50-жылдары) кайра иштелип, басылып чыккан.

Адегенде согуш башталар менен эле бир нече бир көшөгөлүү пьесалар пайда болду. Мекендин патриоттук чакырыгына жооп катары дүрбөлөңдүү катаал учурдун шары менен чапчаң жазылган бул чакан драмалык чыгармалар (К. Жантөшев «Көбөштүн көктүгү», А. Токомбаев «Токойдун кожоюндары», Т. Саманчин «Чалдардын жорuктары») өздөрүн аскердик катарга чакырылган жоокер катары сезген жазуучулардын калкка кайрылып, чукул айткан, чын пейилден сызылып чыккан чакырык сөзү, патриоттук үндөөсү сыяктуу көрүнөт.

Ушундай алгачкы кадамдардан кийин А. Токомбаевдин «Ант» (1942), Ж. Бөкөнбаевдин «Тоонун кызы» (1942), К. Жантөшевдин «Азаматтар» (1942), Р. Шүкүрбековдун «Кек» (1943), К. Жантөшевдин «Өч» (1943), Т. Байжиевдин «Жигиттер» (1944), А. Осмоновдун «Баатырдын өлүмү» (1945) сыяктуу көп көшөгөлүү драмалары жарыкка келди.

1946–1954-жылдар аралыгында драматургия айдыңында Р. Шүкүрбековдун «Эки дос», «Жашыл токой», «Менин айлым»; А. Осмоновдун «Экинчи бригада», К. Жантөшевдин «Бир үйдө»; А. Куттубаев менен Т. Абдумомуновдун «Кумдуу чап», «Замандаштар», «Курман»; К. Маликовдун «Шахтер кызы»; М. Борбугуловдун «Мелдеш», «Бир бүлөдө»; Ш. Бейшеналиевдин «Уядан учкандар»; М. Алыбаевдин «Зоотехник Буйлашев» деген сыяктуу көптөгөн пьесалары пайда болду. Алардын темалары ар түрдүү, мисалы, Р. Шүкүрбековдун «Жашыл токой» колхоз айлын көрктөндүрүү, жашылдандыруу маселесин козгосо, А. Осмоновдун «Күмүш булагы» айылдагы эски менен жаңынын күрөшүн сүрөттөйт. «Биз баягы эмеспиз» пьесасы согуштан кийин ирилешкен чарбанын өзгөрүшүнө арналса, Т. Абдумомуновдун «Кумдуу чабы» кыргыз геологдорунун турмушун, «Курман» пьесасы медицина кызматкерлеринин түйшүгүн көрсөтөт. Ш. Бейшеналиевдин «Уядан учкандары» студент жаштар жөнүндө баяндаса, Р. Шүкүрбеков менен А. Свистуновдун «Баатырдын жолу» пьесасы Балыкчы темир жол курулушуна арналган, К. Жантөшевдин «Бир үйдөсү» үй-бүлө турмушун, күндөлүк тиричиликтеги чыр-чатактарды көрсөтүүгө багышталса, М. Борбугуловдун «Мелдеш» драмасында пахтачылыктын түмөн түйшүгү тууралуу баян этет. Кыскасы, согуштан кийинки пьесалардын тематикасына көз чаптырсак, эл чарбачылыгында драматургдардын калеми тийбеген тармак калбаган сыяктуу.

80-жылдары кыргыз драматургдарынын пьесалары өзүнчө китептер түрүндө жарык көрдү. Алар Т. Абдумомунов «Пьесалар», Б. Жакиев «Саадак какты», М. Байжиев «Ар бир үйдө майрам», М. Гапаров «Күнөстүү арал», Ш. Садыбакасов «Ак боз ат», М. Тойбаев «Өчпөс жылдыз» ж. б.



80–90-жылдары акын жана драматург Ж. Садыковдун драмалык чыгармалары жаралды. Алар «Айкөл Манас», «Манастын уулу Семетей», «Сейтек» – трилогия-драма жазылды. Анын «Адам жана азезил» пьесасы чоң маселени козгогон, адамдын туура жолдон чыгып кетишине азезилдердин азгырмасы себепкер болорун көрсөтүп адам туура чечим кабыл алып, ар бир ишке сабырдуулук менен мамиле жасоого даяр болушу керек экенин айтат. Зуура Сооронбаеванын «Сынган мазар» трагедиясында кыргыз турмушунда кездешип жаткан аракечтик көрсөтүлөт. Аракечтиктин натыйжасында адамдардын адамгерчиликтүү сапаттары жоголуп, өз жолдорунан адашып калган үй-бүлөнүн тагдыры көрсөтүлгөн. «Үй-бүлө – бул кичинекей мамлекет» деген сөз бекеринен айтылбагандыгын билебиз.

**көшөгөлүү** – занавес
**эскерилет** – вспоминается
**ортоктош** – соучастник
**түптөлө** – основываеться
**дүрбөлөңдүү** – переполох
**катаал** – суровый
**чукул** – спешный
**чакырык** – вызов, созыв, призыв
**ирилешкен чарбанын** – крупное хозяйство
**түмөн түйшүгү** – забота
**чаптырсак** – бросим взгляд

1. Согуш жылдарында кандай драмалар жазылган? Кайсы темаларда?
2. Белгилүү драматургдардан кимдерди билесиңер?
3. Кандай пьесаларды көрдүңөр эле?
4. Акыркы жылдары кандай драмалык чыгармалар жазылган?

**Фантастика** (*гр.* – кыялый енер), к. Илимий-фантастикалык чыгарма. Фантастикалуулук – кыялый, ойдон чыгарылган, турмушта болууга мүмкүн эмес нерселерди чагылдыруунун тиби, турмушту образдуу чагылдыруунун бир жолу. Адабияттын тарыхында фантастикалуулукка чоң роль таандык. Ал көбүнчө эпос, жомок, легенда, утопия, сатира сыяктуу жанрларга мүнөздүү. Фантастикалуулук ар түрдүү көркөм методдордо ар кандай өзгөчөлүктөргө ээ болгону менен, негизинен бардык эле көркөм методдордо көрүнөт. «Манас» эпосундагы баатырлардын кайып болушу, Алмамбеттин аба ырайын өзгөртөр касиети, жомоктордогу желмогуз кемпир, дөөлөр, учма килемдер, аттардын адамча сүйлөшүү, кырк кулач казан сыяктуу көрүнүштөр фантастикалуу нерселер болуп саналат.

Мына ушулар менен элдин кыялый
топ-тоголок топ кылып,
Чыкпас, мерее дарбазага камаптыр...
*(С. Тургунбаев)*

**турмушта** – в жизни
**мүмкүн эмес** – не возможно
**чагылдыруунун** – отражения
**таандык** – знакомо
**мүнөздүү** – характерно
**өзгөчөлүктөргө** – особенностям
**учма** – летучий
**көрүнүштөр** – видимости
**болуп саналат** – считается

www.bizdin.kg

**Жаңы сөздөргө көңүл бургула:**

**түзүлүшүнүн** – строение
**айырмалуу** – отличать
**өзүнчө** – своими
**өзгөчөлүктөргө** – особенностям
**басымдуу** – выделенный
**бөтөнчө** – особенно
**сап** – куплет
**бирдиктүү** – объединенный
**уйкаштык** – рифма



## Касымалы Жантөшев

**(1904–1968)**

Кыргыз элинин жазуучусу, кыргыз профессионал жазма адабиятында драматургия жана проза жанрларын баштоочулардын эң ири өкүлдөрүнүн бири Касымалы Жантөшев 1904-жылы азыркы Ысык-Көл областынын Түп районуна караштуу Тепке деген айылда жарык дүйнөгө келген. Болочоктогу залкар жазуучунун балалык чагы ошол өз үй-бүлөсүнүн чөйрөсүндө – кедей-кембагалдардын, койчу-колоңдордун балдарынын арасында өткөн.

Кыргыз элинин башынан кечирген тарыхында өтө трагедиялуу учурдун бири болгон 1916-жылдагы Улуттук-боштондук көтөрүлүш мезгилинде Касымалы да үй-бүлөсү менен кытай жергесине барып, ал жерде турмуштун оор кысымын бала болсо да башынан өткөрөт.

Миңдеген кыргыз жаштары сыяктуу Касымалы да революциянын жеңишинин алгачкы күндөрүнөн тартып илим-билим алууга талаптана баштап, 1919-жылы Тепке айылында ачылган жаңы мектепке кирип, анын 4-классын 1923-жылы бүтүрөт. Илимге суусаган Касымалы билимин андан ары дагы өркүндөтүүгө аракет жасап, агасы Курмандын жалгыз атын саттырып, Ташкент шаарына окуу издеп жөнөйт. Бирок ал жерге барганда окууга кабыл алуу аяктап калган болот. Окууга кирбей кайра айлына баргандан намыстанып, жолдон Ош шаарына келет да, андагы педагогикалык техникумга окууга кирип, бир жыл окугандан кийин 1925-жылы Фрунзедеги педтехникумга которулат. Касымалы Жантөшевдин чыгармачылык иши мына ушул педтехникумда окуп жүргөн учурунан башталат. 1930-жылы техникумду бүтүргөндөн кийин Кыргыз АССРинин агартуу комиссариатында методист, мугалим, Ош облоносунда инспектор, Өзгөндө окуу бөлүмүнүн башчысы болуп, эл агартуу майданында өтө активдүү иштейт. Бул жылдары ал «Окуу китеби», 1-жылдык үчүн (1930), «Сабатсыздар үчүн кыргыз тилинин программасы жана окуу методу» (1931), «Колхозчулар үчүн окуу китеби» (1931), «Мектеп балдарынын тилин өстүрүү жөнүндө» (1932), «Эсеп чыгаруу жолдору жана бөлчөктөр» (1932) сыяктуу окуу-методикалык куралдарды жазат. Эмгек жолун Кыргыз педтехникумунда окутуучу



болуп иштөөдөн баштаган, 1931–1933-жж. Кыргыз АССРинин Эл агартуу комитетинде усулчу, РайОНОнун башчысы.

Касымалы Жантөшев 1934-жылдан 1946-жылга чейин Кыргыз мамлекеттик драма театрында артист, режиссер болуп иштеп, андан кийин бир нече жылдар бою Кыргызстандын искусство иштери боюнча башкармасынын алдындагы драмалык бөлүмдө редактор, башкы редакторлук кызматтарды аткарган. 1949–1951-жж. Кыргыз ССРинин Наркоматында начальник, 1964–1968-жж. Кыргыз ССРинин Маданият министрлигинде репертуардык-редакциялык коллегиянын башкы редактору болгон.

Кыргыз адабиятынын өнүгүшүндөгү сиңирген зор эмгеги бааланып, ал «Эмгек Кызыл Туу», эки жолу «Ардак белгиси» ордендери, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «1941–1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн» медалдары менен, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары менен сыйланган. Кыргызстандын «Эл жазуучусу» деген ардактуу наам берилген.

Жазуучу, драматург, артист, режиссер Касымалы Жантөшевдин урпактарга белек этип калтырган адабий мурасы бай жана баалуу. Ал мурастар – көп пландуу залкар «Каныбек» романы баштаган прозалары, «Курманбек» баштаган ондогон драмалары.

К. Жантөшевдин чыгармачылык жолу педтехникумда окуп жүргөн мезгилинде башталган. Ал ийримдер үчүн бир катар бир актылуу пьесаларды жазган.

«Каныбек» романы жана «Курманбек» драмасы Кыргыз улуттук маданиятынын алтын фондусуна кирген. Жазуучунун калемине ошондой эле «Хан-Теңирлик чабан» (1963-ж.) романы, «Тилек» (1949-ж.), «Жалындуу жаштар» повесттери (1951-ж.) жана көптөгөн аңгемелери, балдар үчүн жазылган жомоктору таандык. 1957-жылы элдик оозеки чыгармачылыктын мотиви боюнча жазылган «Мендирман» поэмасы өзүнчө басылып чыккан.

К. Жантөшевдин чыгармалары орус тилине да которулган.

А. Н. Островскийдин «Бесприданница» пьесасын («Сепсиз кыз»), Н. Островскийдин «Как закалялась сталь» («Болот кантип курчуду») романын ж. б. чыгармаларды кыргыз тилине которгон.

Кинодраматургия жаатында ал «Девушка из Тянь-Шаня» фильминин сценарийин жазган. Анын «Каныбек» романы «Кыргызфильм» киностудиясында экрандаштырылган. К. Жантөшевдин ысмы Ысык-Көл облустук драма театрына, билим берүүчү мектептерге жана китепканаларга, республиканын шаарларынын көчөлөрүнө жана айылдарына берилген.

**өкүлдөрүнүн бири** – один из крупных основателей
**кедей-кембагалдардын** – нищих, обездоленных
**өркүндөтүү** – развивать
**намыстан** – стыдиться
**ардак** – почёт
**мурастар** – наследники
**залкар** – великий, выдающийся

www.bizdin.kg

# «Каныбек» романы жөнүндө

«Каныбек» романы кыргыз элинин бери болгондо отуз-кырк жыл чамасындагы мезгилде, башкача айтканда, XIX кылымдын акыркы жылдарынан тартып, Октябрь революциясынын жеңишинен кийин Кыргызстанда граждандык согуш аяктаганга чейинки башынан өткөргөн коомдук-саясий окуяларды, социалдык экономикалык турмушту, таптык карама-каршылыктарды жана күрөштөрдү, ошону менен эле катар кыргыз элинин үрп-адат, каада-салтын кеңири полотнодо чагылдырган бирден бир социалдык-турмуштук роман.

**Романдын негизги идеялары:**

1. Романдагы эң башкы идеялардын бири – элдин эркиндик, теңдик үчүн болгон күрөшүн көрсөтүү болуп саналат. Феодалдык коомдогу теңсиздикке каршы күрөш Каныбектин образына тиешелүү мүмкүн болгон эволюциялык өнүгүштө сүрөттөлөт.
2. Романдагы негизги идеялардын дагы бири – бул достук идеясы. Кыргыз эли эзелтеден эле улутунун ким экендигине карабай адилет иш үчүн дайыма достук колун сунуп келген. Автор бул идеяны Самсахун менен Каныбек, Алымдардын, Муслимахун менен Анархан, Каныбек Дарыяхандардын, Каныбекти чыгарып алууга жардамдашкан уйгур жигити Ли-Чан, дарыгер чалдын, эң акырында Каныбектин Сибирь түрмөсүндөгү орус досторунун иштеген иштери, кылган жардамдарын ишенимдүү сүрөттөө менен иш жүзүнө ашырган.
3. Романдагы башкы идеялардын дагы бири – бул таза, гумандуу сүйүүнү даңазалоо. Каныбек менен Анархандын ортосундагы сүйүү чыныгы таза сүйүүнү күбөлөп турат.

**Романдын башкы каармандары**

Каныбек өзүнүн азап чеккен кембагалдыгына, таалайсыз шордуулугуна карабастан адамгерчилик жогорку сапатты эч качан жоготпойт. Ал адамдар үчүн боорукер. Ошондуктан ал Жума, Муслимахун, Жолой, Чоко, Адыл сыяктуу карапайым адамдарга дайыма жылуу-жумшак мамиле жасайт. Колундагы болгондорун алар менен дайыма тең бөлүшөт. Бардык адамдарды бирдей көрүүгө аракеттенет. Каныбек чыныгы таза сүйүүнү даңазалаган адам. Ал шайыр, ал комузчу да, ырчы да, обончу да. Каныбек чыдамкай да, кайраттуу да. Ал мезгили келсе өлүмдөн да жалтанбайт. Каныбектин образы XIX кылымдын аягы XX кылымдын башталышындагы адилеттүүлүк үчүн күрөшкөн, эмгекчи массанын арасынан чыккан кыргыз уулдарынын таалим-тарбия бере турган образы.

Романда сүрөттөлгөн окуялардын масштабдуулугуна, мезгил мейкиндигинин узактыгына жараша анда катышкан каармандар дээрлик көп. Айталы биринчи китепте бизге жакшы тааныш болгон – Чоң койчу, Жапек, Кубат, Жума, Алым, Чокол, Бегайым менен Анархан жана башкалар сыяктуу оң каармандар. Экинчи китепте – Муслимахун, Маманазар, Темир, Жапектин жары Айбала дагы башкалар сыяктуу оң каармандар менен толукталган.



Романда кыргыз аялдарынын революцияга чейинки теңсиз тагдыры, аларга карата болгон ар кандай мазактоолор, кордоолор, жырткычтык мамилелер Анархан образы аркылуу таамай жана ишенимдүү берилген.

**Романдын терс каармандары**

Мына карапайым калкка таш боор, зыңгырап, мансап күткөн митайым Түлкүбек, бийлик, атак-даңк үчүн айла-амал, алдамчылыкка барышкан Айдарбек датка менен Сооронбай болуш, араб-фарсы сөздөрүн аралаштыра сүйлөп, эл алдында «олуя» көрүнүп, бирок тымызын ыплас иштер жүргүзүшкөн Түнкатар молдо менен афанди кейпинде кубулган Камалбек – булар бири-биринен кескин айырмалуу, бирок бардыгында бир гана максат – элдин эсебинен баюу, аларды эзүү.

Жалпысынан алганда «Каныбек» романы кыргыз жазма адабиятынын тарыхында көрүнүктүү орунду ээлеген роман.

**коомдук-саясий** – общественно-политический
**үрп-адат** – совокупность народных обычаев и установлений
**теңдик** – равенство, равноправие
**теңсиздикке каршы** – противостояние
**өнүгүш** – развитие
**кембагалдыгына** – на бедность
**боорукер** – любезный, отзывчивый, добрый
**даңазалаган адам** – прославляющий
**таш боор** – жестокосердый
**зыңгыра** – иметь вид могучего
**атак-даңк** – честь, слава
**эзүү** – *перен.* гнёт, угнетение, притеснение

1. К. Жантөшевдин чыгармачылыгына жалпы мүнөздөмө бергиле.
2. К. Жантөшевди прозаик жана драматург катары негиздегиле, аны драматург катары тааныткан чыгармасы кайсы?
3. К. Жантөшев чыгармачылыгын кайсы жанрдан баштаган, прозаданбы же драмаданбы?
4. «Каныбек» романы, анын кыргыз прозасында алган орду.

## Каныбек

*(Романдан үзүндү)*

*Кулун жал болсо мингеним,*
*Кулун тон болсо кийгеним.*
*Куурасам акыл табышар,*
*Кумар көз болсо сүйгөнүм.*

Нура суусунун батыш өйүзүндөгү бийик тоо күндү жашырып, Улуу-Чаттын ичин ала көлөкөгө айландыргандыктан, табият Каныбек үчүн бүгүн бөтөнчө бир көрүнүштө.

Тиги суунун боюнда кырка тигилген аппак үйлөр турса, ошол үйлөрдүн ар биринин жанындагы кемегеден чыккан түтүн жүлүндөй[1] болуп көккө карай созулуп барып жок болууда. Ошол кырка тигилген үйлөрдүн

[1] **жүлүндөй** – стройный

www.bizdin.kg

арасындагы жөө кишилердин кыймылы, жай бастырган, шашып чапкылаган аттуулардын аракети, тушаган, өрөөлөнгөн, үч бутталган аттардын ар жерде топ-топ болуп жайылышы, кай бир жерде ат кубалап кыйкырган адамдардын үнү, кандайдыр бир[1] сонун сыяктанат.

Каныбек ошолордун бардыгын көзү менен көрүп, буту менен басып аралагысы келет. Бирок эрки жок… «Мени эркин бастырбай, эчен кызык тамашаны көрсөтпөй, бутумду жипсиз байлап отурган силерсиңер!» деген ой менен Каныбек кабагын түйө терең улутуна дем алып, айылга карай бет ала жайылып жаткан койго караганда, койдун ылдыйкы четине эки жөө киши келип токтой калганын көрдү. Ал кишилердин төмөн[2] жагында элүү чакты аттар жайылып жатат.

Кишилер сырткы чапандарын чечип, алдыларына таштай отуруштуда, бирөө чоор тарта кетти. Анын чоорунун үнү Каныбек үчүн алда кандай укмуш, эң теңдеши жоктой сезилди. Ошол чоордун үнүндөгү касиет өзүнө карай тарткансып, Каныбек акырын кадам шилтегенин байкабады. Ал, тиги эки кишиге жакын барып чоор уккусу келсе да, чочулагандыктан, көп жакындабай токтой калды.

Тиги чоор тарткан киши чоорун токтотуп, Каныбекти чакыргандай колун булгалады[3].

«Койго өтө сак бол, балам. Адам кымгуут, аш жеткенинен жетпегени көп, коюңан уурдап кетишпесин» деп, мындан төрт күнү мурун атасы Сансыз айткандыктан, Каныбек чочуңкурай[4] басып барып окчун токтой калды да:

– Салоомалейкум, акелер!

– Алекиме салам, жигит. Бери жакын кел. Бул көп койду кайтарып жүргөн сенсиңби? – деди Жума сакалын сылай берип.

– Ооба аке!

– Бул ким деген байдын коюу?

– Түлкүбек деген бектин коюу.

– Кайсы Түлкүбек? Агасы Шамырбекке аш берип жаткан Түлкүбектин коюубу? – деп, Эсен ордунан козголуп койду[5].

– Ооба!

– О-о!.. деп, Эсен Түлкүбектин байлыгына таңдангандай Жумага карады.

– Сен ким дегендин баласысың? – деди, Жума өтө мээримдүү көрүнүштө.

– Мен… деп, Каныбек мукактана ылдый карай берип, – мен Түлкүбектин Сансыз деген жигитинин баласымын.

– О-о… жигитинин баласына кой кайтартып жүрсө Түлкүбек чын эле бек экен го? – деп, Эсен күлүмсүрөй[6] Жумага караганда, Каныбек атасынын кул экенин жашырып, «жигитинин баласымын» деп, калп айтып жибергенине уялып кызара түшкөнүн Жума сезе коюп:

[1] **кандайдыр бир** – какой-то
[2] **төмөн** – низ, вниз
[3] **булгала** – махать рукой
[4] **чочуңкура** – побаиваться
[5] **козголуп койду** – сдвинулся
[6] **күлүмсүрө** – улыбаться



– Ушунчалык көп койду жалгыз кайтарсаң, азамат экенсиң, – деп Каныбектин көңүлүн жайгара[1] караганда, анын жип куруна кыстарылып турган чооруна көзү түштү. И, айланайын, сен чоор тартасыңбы?

Каныбек калп айтып жиберип уялгандыгынан жана Жуманын чоор[2] тартканын уккандыктан, мен чоор тартамын деп айталбай терс карай берди.

– Ой, жаман жигит белемсиң. Атаңдай киши сураганда жооп бербейсиңби? Эмнеден уяласың? Чооруңду бери кылчы! – деди Эсен жайдарылана.

– Тарта албайм. Жаңы эле үйрөнөйүн деп… – деди да, Каныбек андан аркы сөзүн айталбай, белиндеги чоорун алып Эсенге карай сунду.

– О-о, жасалышы, көзөлүшү кадимкидей[3], – деп, Эсен чоорду имерип карап турду да, Жумага сунду.

Жума чоорду ары-бери[4] имере карап отурду да:

– Ата, балам а, жакшы эле жасапсың. Бирок өтө саздуу жердин сары куурайы тура, саздын четирээк жагындагы каксоого чыкканын алсаң үндүү болмок, – деди да, чоордун оозун тазалап, ичин эки-үч үйлөп тарта баштаганда, Каныбек лып этип Жуманын маңдайына отура калды.

Каныбек чоор тартууну Атабектин койчусунан жаңы үйрөнүп жүргөн. Чоор тартуу жагынан, Каныбек үчүн Атабектин койчусунан өтөр киши жоктой туюлчу. Бирок, мына бул кишинин тартышы тири шумдуктай[5] угулат. Колу менен жасаган чоорду бардык сырын жашырып жүрүп, эми гана, тиги кишинин оозуна тийгенде жер чечегин безеп, ошол кишиге дүнүйө сырын айтып жаткандай болот. Каныбектин көздөрү бажырайып[6], өңүнө күлүмсүрөө пайда болуп, көкүрөгүн илгери кыла Жумага карай жүткүнүп бараткканын сезбеди.

Жума чоорду токтотуп, Каныбекке күлүмсүрөй карап:

– Мен эмне тартканыма түшүндүңбү?

– Сиз «кырой-кырой аксак кой» дегизип тарттыңыз! – деп, Каныбек өтө кубанычтуулук менен тез жооп берди.

– О-о, – деп Каныбектин күү[7] ажыратканына кубангандай, жантайып жаткан Эсен өйдө боло калды.

– Чооруң начар экен, жакшы чоор жаңы үйрөнчүккө көп жардам берет! – деп, Жума өзүнүн чоорун алды да, – атың ким?

– Атым Каныбек!

– Каныбек жакшы ат экен. Кана, Каныбек, менин чоорум менен тартып көрчү! – деп, Жума чоорун Каныбекке сунду.

– Мен сиздей тарта албайм! – деп, Каныбек, чоорду албай жер карады.

– Ал, алагой, билгениңче тарт! – деп, Эсен чоорду Жуманын колунан алып, Каныбекке кармата салды.

Жаңы жасалган чоор колуна тийгенде, Каныбектин бүткөн бою чы-

[1] **жайгар** – привести в порядок, наладить
[2] **чоор** – дуда, пастушеская свирель, жалейка
[3] **кадимкидей** – обыкновенный, обычный
[4] **ары-бери** – туда-сюда
[5] **шумдуктай** – невероятный
[6] **бажырай** – быть большими, навыкате (о красивых глазах на приятном полном лице)
[7] **күү** – мелодия

www.bizdin.kg

мырап, эки колу ысып кетти. Чоорду темир дейин десе темир эмес, жыгач дейин десе жыгач эмес. Чоордун аякы жакы үстүндө үч тешик[1], алдында эки тешик… Чоордун ичине караса жыгач сыяктуу[2], а сырты такыр түшүнүксүз бирдеме.

– Тартып көр айланайын, Каныбек, кандай тартарыңды угайын. Эгер чоорчу болгудай шыгың[3] болсо, чоор жасап берем! – деп Жума айтканда, анын аталык чын ниети менен айтканын Каныбек сезди. Ашка келген бир бейтааныш атадай камкордук менен сүйлөгөнүнө Каныбек өтө сүйүндү.

– Тарта албайм, ата, жаңы гана үйрөнүп жүрөм! – деп, Каныбек чоордун учун оозуна салып, «кырой-кырой аксак койдун» бир гана кайруусун тартканда, чоор өзү эле күү келитип жаткандай боло түшкөндүктөн, күүсүн токтото коюп, бир эсе Жумага, бир эсе чоорго таңдана карады.

– И-и… Каныбегимдин идиреги бар экен! – деп, Жума эмнегедир кубангандай боло түштү.

Эсен Каныбектин колундагы Жуманын чоорун көрсөтө:

– Эртең жоондугу ушундай сары жыгач жана бир койдун кызыл өңгөчүн таап келсең, бул атаң сага да ушундай чоор жасап берет.

– Жо-жок… Каныбекти байкашыма караганда менин чоорума кызыгып турат, Эсен! – деп, Жума жылмая[4] Каныбекке карап, – ошол чоорду сен ал айланайын! Алайдан келген Жума деген киши берди де. Ал, Жума өзү комузчу, сурнайчы, кыякчы, чоорчу экен. Ушунчалык өнөрү менен ашка келип ачка калган экен деп айта жүр, садагаң![5] – деди да, Жума кабагын чытып үшкүрө туруп, комузун бир колуна, чапанын экинчи колуна алып, – кош айланайын! – деди да, аттарга карабай басып кетти.

Каныбек Жуманын чоор бергенине жана айткандарына ишенерин же ишенбесин билбей, ээрчий[6] карап турду да, анан Эсенге карап:

– Тиги атамдын айткандары чынбы, аке?

Эсен унчукпай гана башын ийкеди да, Жуманын артынан басты.

Каныбек Эсенди кичине ээрчий баса түштү да:

– Аке, бүгүн ушул жерде болобуз! – деп, Эсен Каныбекке карабай жооп берген бойдон басып баратат.

Кечке кой кайтарган баласынын курсагын тойгузууну ойлогон Ажар, сол колуна табак, оң колуна сорпо куюлган аякты кармаган бойдон эшигинин алдына тура калды да:

– Мынча эмне шашылдың, садагаң?

– Муну көрчү! – деп, Каныбек чоорду имере кармап энесине көрсөтө, – Жума деген киши берди. Ал атам айтып жүргөн Алайдан, бейиштен келиптир. Ал өзү комузчу, сурнайчы, кыякчы, чоорчу экен. Тигине, бир жолдошу менен ат кайтарып жүрөт, – деп ымыртта жайылган аттар тарапты көздөй колун сунуп койду да, – кагылайын[7] энеке! Бектин үйүндөгү коноктордон

[1] **тешик** – дыра
[2] **сыяктуу** – подобный
[3] **шыгың** – везение
[4] **жылмая** – улыбаясь
[5] **садаган** – милый
[6] **ээрчи** – следовать, идти за кем-чем-либо
[7] **кагылайын** – мой миленький



арткан-үрткөн тамагы болсо алып берсең, ошол кишиге алып барып берип батасын алып, чоорун угуп келейин!

Ажар баласынын өтө ынталуу[1] болуп турганына түшүндү.

– Ме, буларды үйгө киргизип өзүң жеп, иче тур, – деди да, колундагыларын Каныбекке берип, Ажар кайра Түлкүбектин үйүнө карай жөнөдү.

Каныбектин жаңыдан чакыруусу боюнча Алым жүгүрүп келип:

– Эмне?

Каныбек сүйлөбөй гана күлүңдөй башын шилтеп, сол колтугуна кыстарылып турган чоорду көрсөткөндө, Алым эч сөзгө келбей чоорду суурул алып карап калды.

– Кандай сонун чоор!

– Азыр мына бул тамакты алып, ушул чоорду берген кишиге барам. Сен барасыңбы?

– Барам жакынбы?

– Тетиги аттар жайылып жаткан жерде, – деп Каныбек ээгин шилтеди. Бирок Алым аттардын караанын көргөнү менен кишилерин ажырата албады[2].

Ажар дагы бир аяк туураган эт, үч-төрт тоголок эт алып келди да:

– Эмнеге салып барасың!

– Табак менен алып барам! – деп, Каныбек табактын түбүндөгү[3] үч тоголок этти туураган эттен бөлдү.

– Сен өзүң жеген эмессиң го? – деди Ажар.

– Мен алардан артса жейм, артпаса кайра келип Алымдардыкынан атала ичермин, – деди да, Каныбек чоң аякка бөксө сорпону өзү көтөрүп, Алымга табакты көтөртүп Жумага карай жөнөп калды.

– Жума дегениң жаш кишиби?

– Кейпи элүүдөн ашып калган.

Аяктагы сорпосун чайпалтып төкпөс үчүн, Каныбек өтө этияттык менен баратат.

Жума ээрин атка токуп, чылбырдын учуна дагы бир чылбыр[4] улаштырып, токуган атынын ооздугун чыгарып тизгинин түрүп:

– Мына, Эсеним, эми эки жакты байкап коюп олтура бер. Экөөбүз эки атты минтип токуп койбосок болбойт. Ууруну кайдан деп болобу. Кокус[5] тиги четинен бирөөнү мине качса, талыкпай куушка болот! – деп, Жума атынын чылбырын Эсендин атынын чылбырына улаштырып, – түн ортосуна чейин бул экөөнү минсек, андан кийин башка атты минебиз, булар таң[6] атканча тоюп калат.

– Ооба! – деп, Эсен отура кеткенде:

– Салоомалейкум, акелер! – деди Алым.

[1] **ынталуу** – проявляющий интерес, инициативу
[2] **ажырата албады** – не смог различить
[3] **түбүндөгү** – на дне
[4] **чылбыр** – поводок, повод, чембур
[5] **кокус** – неожиданный
[6] **таң** – рассвет, утренняя заря

www.bizdin.kg

Уурудан чочулаган Жума менен Эсен, капыстан чыккан бейтааныш[1] үндөн чочуңкурай, саламды алик алышпай тура калышты.

– Бул менин бир тууганым, Жума ата! Сизге тамак алып келдим! – деп, Каныбек айтканда, Жума кубана:

– А-а, жанагы чоор берген уулум – Каныбек турбайбы!

– Ата, садагаң болоюн, бала эмес эле алтын го? – деп, курсагы ачкан Эсен абдан кубанып кетти.

– Мына ата! – деп, Каныбек аякты Жуманын алдына койгондо, Алым табакты аяктын катарына койду.

– Эсеке, ооздугун салып, бул эки жигитти мингиз. Күүгүм талаштагы ууру жаман болот. Сен экөөң, айланайын, аттардын ары жагын бери кайрып, эки жакты карай тургула. Биз жаман курсакты чүргөп алгандан кийин, экөөңдү өзүмчө конок кылам! – деп, Жума бычагын суурул табактын жанына отура кетти.

Эсен аттарды ооздуктап, Каныбек менен Алымды мингизип:

– Кокус киши көрүнсө эле кыйкыргыла!

– Макул, аке! – дешип, экөө аттарга карай бастырышты.

Каныбек эл көчкөндө гана жаман-жуман тай, кунан мингени болбосо, мындай мандалмалуу ат эмес, жөнөкөй чоң ат минип көрбөгөн, а Алым болсо, торпок менен эшектен башка унаанын үстүнө чыгып көрбөгөн.

– Ай-й-й-й. Каныке, ушундай да чоң аттар болот экен ээ! – деп, Алым аттын чоңдугуна суктануу[2] менен, ат минбей эле, кандайдыр бир жандуу[3] тоонун үстүндө бараткандай сезди.

– Бул ат эмес, Алайдын – бейиштин аргымагы, тобурчактары[4]. Алай жөнүндө атамын айтканын уктум эле, баягыда. Булар ошол жердин аттары, зордугун көрдүңбү? Басышы да шумдук эмеспи, – деп, Каныбек атты капталга ыкып койгондо, ат чочуй селт этип желе бергенде, чалкасынан кете жаздап токтоп, аттын оозун чирене тартып араң токтотту.

– Акырын! – деп, Алым чоочуп, өзү да атынын оозун жыя кармап жай бастырды.

Экөө аттардын ары жагын бери имерип, таңдануу менен аттарды карашат.

– Ой, баракелде, бардыгы сонун аттар экен. Төөдөн чоң десе да болот! – деп, Алым таңданат.

– Билесиңби, бул аттарды кандай кишилер минип жүргөнүн? Муну минген кишилер, эч кимге жамандык зордук-зомбулук[5] кылбайт, кул жумшабайт. Адамдарынын бардыгы мээримдүү. Өзүң деле билбейсиңби, жанагы киши мээримдүүлүгүнөн сонун жасаган чоорун мага бекер берди. Эгер биздин Атабек болсо, бул чоорду бир атка сатат болучу! – деп, Каныбек Алайды бейиш катарында көрүп, түркүм уккан сөздөрүнө жараша Алайды өзүнчө Алымга мактай берди[6].

---

[1] **бейтааныш** – незнакомый
[2] **суктануу** – зависть, восхищение
[3] **жандуу** – оживлённый, весёлый
[4] **тобурчактары** – боевые кони
[5] **зордук-зомбулук** – принуждение
[6] **мактай берди** – хвалил



Эсен Каныбек менен Алымды чакырып, алардын тамагы үчүн алкышын[1] айтып, өз атын минип аттарды көзөмөлдөөгө кетти. Жума атынын чылбырын[2] такымына кысты да:

– Өзүңөр билип, мени сыйлап тамак алып келгениңерге зор ыраазымын, айланайындар! Силерден сурап отурганым уят болор, өзүм билип күү чертип, кыяк тартып, сурнайым менен чоорумду ойноп берейин! – деп, Жума комузун күүлөп, «Камбаркан», «Ботой», «Кыз ойготор» деген күүлөрдүн атын айтып чертип бүттү. Бирок, Каныбек менен Алым бул күүлөрдүн маанисине жетип, маңызын терең түшүнө албады. Аны Жума жакшы түшүндү да:

– Комуз күүсү силерге оордук кылар, – деп, сурнайын колго алды да, – «Кер өзөн» деп бирөөлөр айтат, «Кересен» деп дагы бирөөлөр айтат. «Илгертен калган, жоого баратканда тартылчу күү» деп мен жаш чакта атам үйрөткөн эле, – деп, Жума сурнай үнүн зыңылдатып, бирде коңурлатып чыңыртып, бир эсе аттуу адамдар бараткандай дүңкүлдөтүп көпкө тартты.

Балдар үчүн комуз күүсүнөн көрө сурнай күүсү кызыктуу жана көңүлдүү болду. Балдардын түшүнүгүн байкаган Жума, чапанын сол жаккы ичинен кыягын суурул чыгып, «О, Татты», «Ат кетти» деген күүлөрдү айтып, аз-аздан маанисин түшүндүрүп тартканда, Каныбек менен Алым абдан кубанышты[3]. Ал экөө үчүн, кимдир бирөө, кыяктын ичине кирип алып сүйлөп жаткандай сезилди.

– Ата, жакшылап тартса ушул күүлөр чоорго келеби? – деп, чоордун күүсүн угууга ашыгып отурган Каныбек сурай калды.

Жума жооп берген жок. Комуз, сурнай, кыяктарын мындай жыйнаштырып койду да, Каныбек чоор тартууга кызыккандан баятан бери карап отурган өз чоорун сурабай гана алды да, азыр эле кыякка тарткан күүлөрдү чоорго тартканда:

– Сонун келет экен, ата! – деди Каныбек чексиз[4] кубануу менен.

Каныбектин дегдегени чоор экенин билип, Жума чоорду көп тартты. Ар бир күүнүн атын атап, анын маанисин түшүндүрүп жатты. Жумаларга коңшулаш[5] ат кайтарып жүрүшкөн эки киши да келип чоор угушуп отурушат.

Жума Каныбектин үйрөнгөн үч-төрт майда күүлөрүн тарттырып көрүп, ал күүлөрүнүн так келбей жаткан кайрууларын оңдоп көрсөттү.

Каныбек Жума менен кош айтышып ордунан турганда, «жолугушканыңар кут болуп, жолуңар жарык болсун» дегенсип, чыгыш тараптагы Улуу-Чаттын тоосунун кырынан ай чыга келип, азыр эле түнөрүп жаткан караңгылыкты кууп, айланага нурун төгүп көрк бергендей болду. Түн сактаган өнөрчүлөрдүн жүзүн жаркыратып, алардын келечек таалай жолдоруна күмүш нурдан көбүк төккөнсүйт[6].

– Тиги бала да жөнөкөй бала көрүнбөйт, жанагы сиз тарткан күүнү тартып баратат, – деди Жуманын жанында отургандардын бири.

---

[1] **алкышын** – благословение
[2] **чылбырын** – узда
[3] **кубанышты** – радовались
[4] **чексиз** – беспредельный, безграничный
[5] **коңшулаш** – соседний
[6] **көбүк төккөнсүйт** – будто разлил пену

Жума көпкө чейин Каныбек тартып бараткан чоордун үнүн тыңшап туруп[1], чоордун үнү угулбай калганда гана:

– О, зайнинен айланайын[2] Каныбегим, өмүрүн узун болсун! – деп, бир топко унчукпай ойлонуп отурду да, анан жанындагыларга карап, – илгери, «кадимки[3] Толубай сынчынын уулу калмактардын колуна түшүп айдалып баратканда, «мени Толубай сынчынын уулу деп ким айтат, сени тулпарыңдын башы деп ким айтат?» деп жолунда жаткан куу башты кучактап ыйлаган экен» дешет. Анын сыңарындай, бул Каныбек аттуу бейтааныш баланын ким экенин ким айтат? Балким бул бала эч теңдеши жок[4] өнөрпоз[5] болуп, эл мактанып жомок кылар! А балким… бул баланын алдын кор, аркасын жар тороп турган чыгар. Тиги бала бараткан айылдагы бектер, тетиги үй тиктирип чардап жаткан даткалар, миң башы[6], старшылар турганда, балким ал бала, мага окшош, өнөрүнүн үзүрүн көрө албас!

«Жума сенин ушул сөзүң туура, күмүрөй түн басып турганда алысты кайдан көрөсүң?» дегенсип, тоо башынан көтөрүлгөн токумдай куу булут айдын бетин калкалады…

1. Үзүндүнү көркөм окугула (ролдоштуруп).
2. Каныбектин бала чагындагы образы кандай?
3. Каныбектин келечеги кандай болот деп ойлойсунар? (Мүнөзү, кызыгуусу, улууларга мамилеси).

**Жаңы сөздөргө көңүл бургула:**

**ээр** – седло
**ууру** – вор
**этияттык менен** – с осторожностью
**кууш** – погоня
**мингиз** – оседлай
**чапан** – верхняя одежда
**төкпөс үчүн** – чтобы не разлить
**кандайдыр бир** – какой-то
**кул** – раб
**күү** – мелодия
**коңшулаш** – соседний
**сынчы** – критик
**мактанып** – хвастаясь
**талыкпай** – не уставая
**арткан-үрткөн** – остатки
**кыстарып** – привав

***«Каныбек» аттуу көркөм фильмди көрсөтүү.***

1. Каныбектин образы.
2. Романдагы аялдардын образы.
3. Каныбек, Алым, Чоң койчу, Кубат, Темир жана Түлкүбек, Зуннахун, Айдарбек, Сооронбай менен Камалбек афандини салыштырып мүнөздөгүлө.

Төмөнкү схеманы толтургула («+» – оң каарман, «–» – терс каарман).
Алар кандай. Мисалы:




[1] **тыңшап туруп** – подслушав
[2] **зайнинен айланайын** – *здесь:* ласкательное обращение
[3] **кадимки** – настоящий
[4] **эч теңдеши жок** – нет равных
[5] **өнөрпоз** – мастер, искусник
[6] **миң башы** – волостной управитель



www.bizdin.kg

# Үмүт

Ооба!..

Шумурай замандын шумдугу, шумдуктуу[1] болуш Сооронбайдын амалы ушундай болду.

Эрк издеген, адилеттикти[2] сүйгөн, жерге жээги өсүүнү каалаган Каныбектин эки колу артына байланды[3].

«Атактуу каракчы Каныбекти ээрчитип алып, Айдарбек датка Сооронбай болушту өлтүрүүгө келген жерде кармадык» дешип, келген стражник менен төрөлөр акты жазып кол коюшуп, Каныбекти үч стражник менен Ошко келип түштү.

«Мени камакка албагыла, оёзго өзүм барайын» деп, Айдарбек датка подписке берди.

Жер жүзү кара кийип кайгы тарткандай, аркырап беймал жүрүп, булуттар үйгү-түйгү көчөт. Сагызган шакылыктап, кузгун куркулдайт, жорулар төбөдө айланат. Кулаалылар талпылдап, бөктөргөлөр салпылдайт. Буурсун кошкон эки унаанын башын жетелеген балдар, чалдар, келин-кыздар буурсундун туткасын кармап белдерин бүкүрөйткөн дыйкандар кабактарын чытыйт, эки көздөрүн айырбай[4] Каныбекти карашат.

Эриксиз туткунду аяшат. Колдорунан келер арга жок, ыйламсырашат. «Кайран, азамат!.. Не деген жигит эле?.. Айымбачанын тоюнда, Үмөтбайдын кызынын оюнунда, Тоңмурундун аркы оюнда не деген эрдик кылды эле! Алты кырдуу он эки сырдуу деген асыл жигит ушул эмес беле?.. Неге тагдыр[5] Каныбекке карышат?.. Неге жүзү каралар минтип азапка салышат?.. Неге минтип шордууларды канап-бутап каарышат?..» деп, Каныбекти тосуп тургандар кайгырып, капалуу сөздөрдү айтышат. Каныбекти куткаруу[6] жөнүндө эмне кыларын билишпейт...

– Бирдеме чогултуп жибергиле, берип калалы! – деп, бир жупуну кийинген адам жүз аарчысын тосуп эл арасында жүгүрүп жүрөт.

Бул сөзгө жандын бардыгы жан-дили менен макул болду. Колунан келгендер тыйындап, тыйыны жоктор жалынып бирөөнөн карыздап жыйнашты. Өнтөлөп эркектер арасында аялдар да жүрдү. Бирок, алар колдорунан тыйын чыгарып жыйнашкан жок, чака, чайнек, чыны, аякка куюп Каныбекке деп суусун көтөрүп жүрүшөт. Ушул суусундарын берсе Каныбекке мүрөктүн суусун берчүдөй, Каныбек өлбөй кайта аман келчүдөй сезилет. Бирок «Шибер» деген оңбогон сөз эстеринен кетпейт. «Жаш балапанды солутуп Шиберге айдатып жиберет го! Жөн билгениңер сурасаңарчы, Шиберине он күнү жибергиче, бул жердеги набагына он жылы жаткырсын» деп кай бир аялдар улгайган эркектерге жалынышат.

Эл арасына Каныбектин кабары тез тараган. Кабар уккан элдин бардыгы кары дебей, жаш дебей жол тосуп турушат.

Каныбектин колу артына байланган... Аттуу стражниктердин ортосун-

[1] **шумдуктуу** – удивительный
[2] **адилет** – справедливость
[3] **байлаган** – закован
[4] **айырбай** – не отрывая
[5] **тагдыр** – судьба
[6] **куткаруу** – спасти



3-85

www.bizdin.kg

да жөө келе жатат. Энеси Ажарга, асыл жары Анарханга салам айттырууга эки көзү төрт. Бирок түшүнүксүз кулдурашып, стражниктер эч кимди жакын келтирбеди.

«Башка түшкөндү көрөрмүн же ажалым болсо өлөрмүн» деп Каныбек кайраттанды. Жол четинде буркурап ыйлап турган чоң атасы менен чоң энесин көрдү. Өсөрү кетип, өлөрү жакын калган кемпир-чалдын муңдуу үндөрү алардын айланасында тургандардын көз жаштарын көл кылууда.

– Садаган кулунум!!! – деп, Урум менен Турум Каныбекке умтулганда стражниктер кемпир-чалдын баштарынан алыс удаа-удаа атып жиберишти. Каныбекти көрүп учурашып калууга ойлогондордун бардыгы жайыла кайра качышты.

Бирок, Урум менен Турум Каныбектин артынан калбады. Беттерин ысык жашка жуугузуп, муңдуу үндөрүн ааламга угузуп боздоп келе жатышат.

– Капастуу торго чалынып,
Кап тоосун көздөй дөө кетти.
Калкынан бир тай мине албай,
Кадырлуу ботом жөө кетти!.. –

деп, Урум боздоп кошуп келет. Ага кошулган шордуулар муңдуу үндөрүн улам жогору көтөрүшөт.

Каныбектин караану улам алыстап барат... Эл агылып самсып туш-туштан келет...

* * *

«Калам алдым колума,
Калкыма салам жазууга.
Туткуну болуп набактын,
Зар болдум эркин басууга.
Эркелетип баламды,
Бетинен сүйбөй жарымдын,
Карышкырды кой көрүп,
Набакта минтип зарылдым.
Жакшылык менен чыкпоочу,
Темир торго чалындым...

Терезеси билектей,
Темир менен тордолгон...
Жалындаган берендин,
Асыл жаны кор болгон.
«Сооронбайга каршы» деп,
Суракчы күндө жадатат.
Кайран болот денемдин,
Курчу кетип баратат...

Абалы кандай болду экен,
Эмгекчи дыйкан атанын?
Энелер күнү не болду,
Оорчунун тарткан капанын?
Жалчылар күнү не болду,
Баарын чеккен жапаанын?
Бардыгына салам айт, –
Өзүмдүк курбу тууганга!
Жол татаалы кеп эмес,
Жорго баскан бууданга.
Эр жигит бир күн жетмекчи,
Көксөп тилек кууганга!..

Кажыбаган калайык,
Чалгынын, мендей сынганга!
Жана да салам айтамын:
Бөкчөйгөн кемпир, чалдарга.
Бөжүрөгөн балдарга,
Келин менен кыздарга,
Карындаш, эже, жеңеме,
Кагылайын энеме;
Жолой, Чоко атама,
Карып өңдүү абама,
Күлүкан өңдүү апама!..
Каныбек туткун болду деп,
Түшпөгүлө капага!

Ажалым жетсе өлөрмүн,
Айдаса Шибер көрөрмүн;
Эгер аман кутулсам,
Тогуздап кекти төлөрмүн!..
Жалынып салам айтамын,
Жароокер Анар жубайым!
«Набакта деп Каныкем»,
Тартпагын асты убайым!
Медер кылып баланды,
Белиңди бекем бууп жүр,
Кайгырса шордуу энекем;
Күлкүң менен жууп жүр!..

Жалгызым эле Эркиним,
Күлүшүп да калгандыр.
Боолголоп ар кимди,
Балапан үнүн салгандыр;
Ордумду менин баскансып,
Капаңарды жазгандыр!..
Жароокер жаным –
Анархан абийирдүү акыл тап!
Жаш да болсо туяк го,
Эркинимди жакшы бак!
Узун болсо өмүрү,
Балтыр эти толбойбу.
Муңуңду муңдап берүүчү,
Бат эле жигит болбойбу!
Жакшы чыкса багыңа,
Жаракты колго албайбы.
Чубагындай Манастын,
Душманга чууну салбайбы!
Камоого кеткен атанын,
Душмандан кегин албайбы!
Мундуу болгон сендейдин,
Кубанычка көөнү канбайбы!
Камыкпа, жаным, Анархан,
Тагдыры шундай болуптур.
Жалгыз гана мен эмес,
Набактын ичи толуптур!
Эми жаңы түшүндүм,
Каталык менден болуптур.

Менин кылган иштерим,
Түбү чийки чала экен.
Көксөгөнгө жетүүгө,
Башкача жол бар экен!..

Уй мүйүздөп сагаалап,
Топ, жыйындан кетпеген;
Ак болсо да момунду,
Баса көктөп тепсеген;
Жоктон алып айыпты,
Өз ара бөлүп эптеген.
Бирин бири аркалап,
Бөжүгөн байын калкалап,
Баш көтөргөн момундун,
Казанын чагып талкалап,
Караны ак деп тапышкан,
Кумардан бирге канышкан,
Старчы менен бийлерге,
Арада жүргөн шылуунга,
Чогултуп салам айтамын.
Айдарбек датка зулумга!..
Дагы салам айтамын.
Сооронбай «асыл» кудага!
Сен жетип күткөн тилекке,
Мен калдым минтип жазага!
Аз эмес, кыйла төлөөрсүң,
Мен үчүн кылган жазаңа!
Кезиң келер бир күнү,
Түшсө да кудай арага.
Тирилип туруп чоң атаң,
Көрүнөн бата берсе да,
Мойнуна куруң салынып,
Алдыма ыйлап келсең да,
Энекеме эркелеп,
Эмчекти бирге эмсең да?
Кудай колдоп, улукман,
Мүрөктүн суусун берсе да,
Азырынча таалайың,
– Мени минтип жеңсең да,
Эсепти туура кыларбыз,
Шиберге айдап ийсең да!..» –

деп, Каныбек түрмөдөн кат жазган.

Бул катты Алым алып келип, эл арасына жайылганына көп болду. Ооздон оозго көчүп, ачык ырдала баштаган. Бирок бул ырды ырдап жүргөн бир койчуну Алымбек билип Сооронбайга айтып, ал койчуну «Каныбектин тууганы, мага каршы» деп, Сооронбай протокол жазып каматып жиберген.

www.bizdin.kg

Мына ошондон кийин бул ыр эл арасына ачык ырдалбай калды.

Каныбек ошентип туткунда.

Айла менен Каныбекти каматса, ага байланыштырган Айдарбек датка болуштук талашмак тургай өз башын араң куткарса, ошентип Сооронбай, – уездин начальнигинин сүйгөн болушу болсо, анын айтканы айткан болуп турса, Айдарбек тарапка болушкан старшылардын бардыгын сабап чыгымды очойто салса, Сооронбай эмнени кылбасын, кың дегендин бардыгын бүк түшүрдү.

Алым алда нече жолу Ошко жашырынып барып келди, бирок эч нерсе чыккан жок. Анархан дагы түрдүү акылдарды куруп көрдү. Андан дагы эч нерсе болгон жок.

«Неге маңдайымдын шору арылбады? Неге мен ушинтип зарланам? Неге жалгызымдын бактысы жок? Эмне үчүн ал капастуу капкандан кутулбайт?» деген сыяктуу суроолор, Ажардын башына бир күндө миң келип, миң кетет. Бирок, эч бир суроосуна жооп жок.

– Анархан, Эркинди бери берчи! – деди да, Ажар акырын сыйпалап жалгызынан калган жалгыз чырагынын алкымынан жыттап туруп, – садагаң Эркин, күлүп койчу! Күлүп койсоң, карып энелериңе эрмек болсоң! Кана, күлүп койчу, – деди, баласы аржалаңдап күлсө да, Ажар аны көргөн жок. – Кана, атаң набактан аман келер бекен, оң бутуңду көтөрүп койчу, – деп, баланы акырын тизесине тургузат, бала кайсы бутун көтөрүп жатканын көрбөйт, билгиси келип сыйпалайт.

Каныбек камалгандан бери, айылдагылар Каныбектин эшигинин алдына чогула турган бир адат таап алышкан. Алардын максаты: Ажар менен Анархандын көңүлүн ачуу, Эркинди колдон колго кыдыртып, өөп, жыттап, кумарларын жазуу, чердүү көңүлдөрүн ачып көкүрөктөрүн басуу...

– Капырай, береги жору эмнеге айланат?

– Жору эмеско?

– Бүркүт экен!

– Жүндөрү куусаң экен!

– Канжыгалуу кара сеңсел го дейм?

– Эмнеси болсо да баралына келген барчын экен! – дешип, отурган эркек, аялдын бардыгы айыл үстүндөгү асманда айланып жүргөн ала барчынга карап калышты. Мындай барчындын айыл үстүнө айланып учушуна таң да калышты.

– Анархан балам! Эркинди бери алып келчи! – деп, кандайдыр маанилүү терең мүнөз менен Жолой эки колун балага карата сунду. Анархан Эркинди Жолойго бергенде, ал баланы, адатынча, өөп-жыттап жиберген жок.

Эркинди тизесинин үстүнө тургузуп, эки колтугунан сүмөй тиктеп, эки көзүнөн мончоктогон жашын куюлтуп турду да, бала менен бүркүттү алмак-салмак карай.

– Эркин деген атыңан айланайын!.. Агын, жакшы... Кана, айтчы, тетиги ала барчын бүркүттөй айланып, атаң аман келер бекен? Атыңа жараша эркиндик бизге болор бекен?– деп, баланын көзүнө карап тигилди. Жолойдун сөзүн угуп элдин бардыгы балага тигилишти. Урум менен Турумдар да Жолойдун сөзүнөн улам, балага жакындашты.



– Жалгызымдын туягы. Эртеңки үмүт!!! – деп, Турум чекесин баланын көкүрөгүнө такады. Көзүнөн жаш мөлт-мөлт ыргыды. Бала үн чыккан жакка карап колдорун арбаңдатып, буттарын тыбыратып «а-а-у-у» – деп, күлүмсүрөй башын чулгутту.

– О, күлкүңөн айланайын! Ала барчындай айланып Каныбегим келип, күлкүбүзгө күлкү кошулар! – деп, Жолойдун колунан Эркинди Чоко ала коюп жыттап өөп жиберди.

Кандайдыр бир кубанычтын кабарын айткандай, Эркин да «а-а-у-у» – деп үнүн чыгарып, колу-бутун тарбаңдатып күлдү!..

***Билип алгыла!***

*Касымалы Жантөшевдин чоң таланттуу прозаик экендиги «Каныбек» романында ачык көрүндү. Автор романынын үстүндө жыйырма жылга жакын убакыт иштеди. Романдын I-китеби 1939-жылы басмадан чыккан болсо, акыркысы 1958-жылы жарык көрдү. Роман XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып XX кылымдын жыйырманчы жылдарынын акырына чейинки мезгилди ичине алат.*

*1941-жылы «Адыл мерген» аттуу повести жарыкка чыкты.*

*Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жогоруда сөз кылган бир нече драмаларынан башка Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин балалык, өспүрүм курагынан тартып согуштун өрт жалындап турган мезгилде Днепрди кечип өтүп С. селосун мыкаачы гитлерчилерден бошотуудагы легендарлык баатырлыгын чагылдырган «Чолпонбай» аттуу очерк-аңгемесин жазды.*

*Касымалы Жантөшевдин прозаларынын ичинде кийинки учурларда окурмандар жылуу тосуп алган чыгармаларынын бири азыркы учурдун темасына арналган «Хан-Теңирлик чабан» романы болуп эсептелет. Роман 1963-жылы жазылган. Жазуучу мындан кийин алтымышынчы жылдардын ичинде «Менин тагдырым», «Айып мендеби?», «Биздин секретарь» аттуу азыркы учурдун турмушунун ар кыл аспектилерине арналган повесттерин жазды.*

**өспүрүм курагынан** – с подросткового возраста
**ар кыл аспектилерине** – разновидности аспектов

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Либретто** (*итал.* – китепче) – сахна үчүн жазылган опералык чыгармалардын көркөм тексти. Музыкалдуу театрынын тарыхында либретто ыр түрүндө жазылат көбүнчө рифма аркылуу, сюжеттери драмалык жана адабият чыгармалар. Музыка театрынын тарыхында белгилүү либреттистер көп, алардын ичинде: П. Метастазио, Р. Кальцабиджи, М. Чайковский ж. б. Бизге белгилүү адабият чыгармаларынан алынып жазылган либреттолор А. Пушкиндин «Евгений Онегин», «Пиковая дама», Л. Толстойдун «Война и мир». А. Малдыбаевдин «Айчүрөк». Бирок, мазмуну жактан бул чыгармалар өзгөчөлөнгөн, ага себептер бар, биринчиден, операда ария, ансамбль, хор коштолот, экинчиден, сөздү жөн айтканы менен ырдап айткандын

www.bizdin.kg

айырмасы бар. Ошондуктан опера жазылып жатканда авторлор чыгармадагы сюжеттерди жана каармандарды кыскартып кайрадан дилбаян жаратышкан.

Быйыл «Айчүрөк» операсы 72 жылдык мааракесин өткөрөт (авторлору Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов, Ж. Турусбеков) «Айчүрөк» операсы үч гениалдуу композиторлордун колунан жаралган, алар – В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере.

1939-жылы биринчи жолу «Айчүрөк» операсы Москва шаарында он күндүк декадасында сахнага чыгып, зор ийгиликтерге ээ болуп, москвалык көрүүчүлөр тарабынан жогору бааланган. Азыркы учурда да гениалдуу музыка жана либретто өзгөрүлгөн эмес.

«Айчүрөк» либреттосу дүйнө искусствосунун Алтын фондуна кирген.

## Жусуп Турусбеков

**(1910–1943)**



Жусуп Турусбеков жарык дүйнөдө 33 жыл гана жашады. 1910-жылы Тоң районунда Көк-Сай деген жерде туулуп, жерден бооруп көтөрүп, билим алып, кара мурут болгон кезинде «Кызыл Кыргызстан», «Ленинчил жаш» газеталарынын, Кыргызмамбастын редакцияларында, Жазуучулар союзунда, Кыргыз драма театрында бир аз жылдар эмгектенди да, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде майданга аттанып, ошо кандуу урушта 1943-жылы каза тапты. Жазган чыгармалары да анча көп эмес. «Жусуптун ырлары» (1932), «Шайыр жаштар» (1933), «Тандалган ырлар» (1935), «Мекен» (1938) аттуу төрт чакан ырлар жыйнактары, эки-үч пьесасы, эки-үч кичине аңгемелери, биринэкин котормолору (мисалы, А. С. Пушкин «Таш коногу») жарык көргөн. Ушунун баары бир чакан том гана болот. Бирок, Жусуп Турусбеков аз жашаса да, мазмундуу жашады, аз жазса да саз жазып, улуттук адабияттын тарыхына унутулгус из калтырып кетти.

Жусуп Турусбековдун өзүнүн индивидуалдуу пенделик тагдырынын шарттарынан алып караганда да, акындын жаңы түзүлүшкө[1] өзгөчө мамиледе[2] боло турган дүйнөсү бар. Жусуп кенедей бала чагында 1916-жылдагы кандуу көтөрүлүшкө күбө болуп, Кытайга качкан, эл тарткан азапты кошо тарткан. Бөтөн жерге тентип барган ата-энеси өлбөй тирүү калыш үчүн тилемчилик кылууга чейин аргасыз болгон. Көп өтпөй эле катуу ачарчылыкта Жусуп ата-энесинен ажырайт. Бирөөнүн ирегесинде кыйналып кордук тартып жүргөн жетимчилик күндөрүнүн бир учурун акын минтип

[1] **түзүлүшкө** – по строению
[2] **мамиле** – отношение



эскерет: «Таңдан кечке көргөн күнүм: чий ором, куурай алам, тезек терем, музоо кайтарам. Кокус музоо ээмп кетсе менин шорум. Ал күнү Болгон мени кызылдай союп урат... Куурай отунду жагып отуруп, кокус өчүрүп койсом, кычкач же кепич менен бир коёт. Бир кыш этиме жалаң тон кийип, жылаңаяк суу ташып жүрдүм».

Мына ушинтип ач-жылаңач ит көрбөгөн күндү көрүп, ичтен кан өтүп, кандай айла кылышты билбей жалдырап турган жетим балага капыстан[1] Совет бийлиги кол созуп, койнуна катып колу-бутун жылытты. Патриархалдык-көчмөндүк коомдо ата-энеден ажырап жетим калган балага өз кандаштары жардамга келиши мүмкүн. Болбосо, жетимдин үлүшү – адат катары күң күлдүн, малайдын тагдыры. Ал эми жогорку коомдук бийлик багар-көрөрү жок байкушка атайлап үй тигип, бөпөлөп[2] кучагына алат, окутат дегенди кыргыз жергесинде кулак угуп, көз көргөн эмес.

Жусуп Турусбеков орусча китептерди көп окууга аракеттенип, орус тилин жакшы түшүнчү экен.

Түптөгү Айыл-чарба техникумунда Жусуптун адабиятка болгон кызыгуусу чындап ойгонот. Жусуп бул жерде өзүнчө эле бир адабий чөйрөгө туш болгондой болот. Техникумда кийин кыргыз маданиятынын таанымал[3] ишмерлеринен болуп калган, ошо кездеги жаш акын Мукай Элебаев, Молдогазы Токобаев, Мукамбет Дөгдүров, Шейше Орозов сыяктуу искусствого талпынган жаш таланттар менен бирге жашап, окушу ансыз да көркөм сөзгө шыктуу Жусупту адабиятка күчтүүрөөк талаптантат. Алгачкы ырлары техникумдун «Кереге» гезитине жарыяланат. Жусуптун адабиятка болгон шыгынын тутанышына техникумда болгон драмалык ийрим өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Ийримдин катышуучулары өздөрү даярдаган спектаклдерин кээде Караколго чейин келип көрсөтүп турушкан. Драмалык ийримге Казандан ыр китептери чыккан Фарид Ибрагимов аттуу татар акыны жетекчилик кылган. Адабиятка көзү ачылып калган мындай тажрыйбалуу, билими бар адам менен тикеден-тике ымалада болуу Жусуптун адабий көз караштарынын түптөлүшүндө чоң роль ойногон болуу керек. Кыскасы, техникумдун окуучулары активдүү рухий турмуш менен жашашкан. Буга мурдагы монастырдан калган орусча китептерге бай китепкананын болушу да бир чети түрткү болгон. Эңсеген билимге тезирээк жетиш үчүн техникумдун кыргыз балдары бири-бири менен жалаң орус тилинде сүйлөшүүнү адатка айландырган. Мукамбет Дөгдүров жаңылып, кыргызча сүйлөп алган балага жолдоштору чара колдончу деп эскерет. Мына ошентип, келечекке талпынган жаштардын арасында өздөрүнчө чымырканып изденүү, турмуш, адабият жөнүндө кызуу пикир[4] алмашуулар, талаш-тартыштар бири-бирине атаандашып чыгарма окуу күч алат.

Акындын өмүрүнүн бир үзүмүн чагылгандын отундай жарк эткизип жарык кылган бул фрагмент эмнеси болсо да бизге чоң максат кууган жолдо Жусуптун канчалык даражада активдүү, мээнеткеч боло алгандыгынан, канчалык деңгээлде «саргара жортуп», машакат чеккендигинен кабар берет.

[1] **капыстан** – внезапно (вдруг)
[2] **бөпөлөп** – лелея
[3] **таанымал** – знакомо
[4] **пикир** – мнение

www.bizdin.kg

Жаш акындын Бишкекке келип адабий-маданий чөйрөгө аралашышы менен анын көркөмдүк аң-сезими ого бетер активдешет. Өзгөчө, Жусуптун 1929–30-жылдары Россиядагы Тверь шаарына барып окуп калышы акындын адабий тагдырында чоң роль ойногон. Орус чөйрөсү Жусуптун рухий-интеллектуалдык, маданий-эстетикалык, тилдик өнүгүшүн тездетүү жагынан өзүнчө эле бир катализатордун кызматын аткарган. Ушул жерден ал орустун классикалык адабияты жана советтик акын-жазуучулардын чыгармалары менен тереңден таанышат. «Жаш жигиттин алдында жаңы горизонттор ачылды, – деп жазат Өмүркул Жакишев, – Тверде ал Пушкинди, Лермонтовду, Некрасовду кызыгып окуйт. Бирок, аны А. Жаров, И. Уткин, Д. Алтаузен, А. Безыменский сыяктуу ошол кездеги комсомол акындардын чыгармачылыгы андан бетер кызыктырат».

Мунун баардыгы Ж. Турусбековду көркөм ойлоо маданиятынын өйдөлөшүнө, поэтикалык туюнтуу принциптеринин жаңыланышына, художниктик аң-сезимдин индивидуалданышына, чыгармачылык ишмердикке болгон мамиленин чукулунан өзгөрүшүнө, олуттанышына алып келген. Жусуп Турусбековдун адабиятка келиши менен кечээки көчмөн коомдогу ырчы-жомокчудан, төкмө акындан кескин айырмаланган жаңы багыттагы профессионал адабиятчынын пайда болушу, калыптанышы тыгыз байланыштуу.

**чакан** – немного
**унутулгус из** – незабываемый след
**тыгыз** – крепкий, плотный, тугой

## «Ажал ордуна» драмасы жөнүндө

«Ажал ордуна» драмасы 1934–1935-жылдары жаралган. 1939-жылы Москвада өткөн Кыргыз искусствосунун биринчи декадасы убагында көрсөтүлүп, ага өзгөчө баа берилген.

Жусуп Турусбеков кыргыз адабиятында таланттуу драматург катары да таанылган акын. Ал – «Беш-Мойноктогу окуя», «Ажал ордуна» пьесаларынын, К. Маликов, Ж. Бөкөнбаев менен биргелешип жазган «Айчүрөк» аттуу операнын либреттосунун автору.

«Ажал ордуна» ошол кездеги өзүнө мезгилдеш пьесаларга салыштырмалуу караганда көркөмдүгү жагынан кыйла жогору профессионалдык деңгээли менен айырмаланат. Драма чагылган объект 1916-жылдагы Кыргыз элинин Улуттук-боштондук көтөрүлүшү. Чыгарма бекемдеген ой Улуу Октябрь Социалисттик революциясы кыргыз калкын кыйрап жок болуу коркунучунан сактап калды, ажалдын ордуна өмүр берди деген идея.

Пьесанын өзүнө тийиштүү чыгармачылык тарыхы бар. «Ажал ордуна» 1934–35-жылдары жаралып, андан кийин 1939-жылга чейин автор тарабынан бир нече жолу редакцияланган. Ж. Турусбеков драманын идеялык мазмунун, көркөм структурасын жакшыртуунун жана өркүндөтүүнүн үстүндө тынымсыз иштеген. Пьесанын акыркы варианты 1939-жылы Москвада өткөн Кыргыз искусствосунун биринчи декадасы убагында көрсөтүлгөн.



Жусуп Турусбековдун биринчи пьесасынын ийгиликтүү[1] чыгышы бекеринен эмес. Буга акындын бала кезинен тартып эле театр эмне экендигин баамдап, билип жүргөндүгү бир жагынан себепчи десек болот. Караколдогу жетим балдар үйүндө окуп жүргөндө ал жердин тарбиялануучулары[2] шаардын актердук группасынын койгон оюндарын кез-кези менен барып көрүп турушкан. Ал эми Түптөгү Айыл-чарба техникумунда драма кружогу уюштурулуп, студенттер даярдаган спектаклдердин (кыздын ролун көбүнчө Мукай Элебаев аткарган) кээде Кара-Колго чейин жетип көрсөтүп турушкан. Адабиятка шыгы бар Ж. Турусбеков бул оюндарда роль аткарып, кружоктун ишине такай катышкан. Кийин Тверь шаарында окуп жүргөн мезгилде да партиялык мектепте түзүлгөн интернационалдык клубда өздүк-көркөм чыгармачылык кружогу, анын ичинде драмалык ийрим да иштеген. Мына ошентип, Ж. Турусбеков ар кайсы шаарда окуп жүргөн мезгилдерден тартып дайыма драма кружогуна активдүү тартылып жүрүшү акындын драматургиялык көркөм ойлоосунун эртерээк телчигишине, сахнанын спецификасын туюнушуна өзүнүн таасирин тийгизбей койгон эмес.

Акын-драматург, маркум Райкан Шүкүрбеков минтип эскерет: «Ажал ордуна» театрды көтөрүп кетти. Театр эл оозуна кирип, мурда анча билине элек артисттердин бир катары жарк этип эл алдына чыкты. Кыргыз ССРинин азыркы эл артисттери Анвар, Ашыралы өңдүүлөр «Ажал ордунанын» коюлушу менен зор таланттар экенин көрсөтө алышты». Зулайканын ролу чынын айтканда менин эң биринчи жүрөгүмө жеткен жана берилип аткарган ролдорумдун бири эле. Ошондо кадимкидей ыйлап жибергеним бар (Анвар Куттубаева).

Драматург пьесанын башкы проблемасын бир тарапта падышалык бийлик, жергиликтүү бай-манаптар, экинчи тарапта кыргыздын калың букарасы турган карама-каршылыктын негизинде курат. Элдик көтөрүлүштүн планын талкуулоо, падышачылыктын жазалоочу отряддары менен болгон кармаш, Ысык-Көл менен коштошуу, элдин Кытай жеринде жергиликтүү сүткорлор менен күрөшү[3], тууган жерге кайтып келүү – драманын сюжетинин башкы түйүндөрү ушулар. Пружинадай толгонгон башкы чыңалууга жеткен бул урунттуу драмалык окуялар бири-бири менен терең байланышта өнүгүп, борбордук конфликттин маңызынын ачылышына активдүү кызмат өтөйт. Сюжеттик окуялардын чордонунда Искендер, Бектур, Зулайка сыяктуу эл өкүлдөрүнүн[4] типтүү образдары турат.

Искендердин образын оң каарман проблемасын чечүү жолундагы кыргыз драматургиясынын алгачкы ийгиликтеринин бири деп эсептөөгө болот. Искендер элдик мыкты сапаттарга эгедер, өз калкын, Мекенин терең сүйгөн, бир боор Ата Журттун эркиндиги менен көз каранды эместиги үчүн чечкиндүү күрөшкө аттанган каарман. Драматург бул образ аркылуу патриоттук күчтүү деми менен жалпыга үлгү боло турган оң идеалды көрсөтөт.

Искендердин образы курч драмалык ситуацияларда, катаал сюжеттик

[1] **ийгиликтүү** – успешный
[2] **тарбиялануучу** – воспитанник
[3] **күрөшү** – борьба
[4] **өкүлдөрү** – представители

кагылыштарда ачылып олтурат. Өмүр менен тагдырды таразага койгон татаал турмуштук жагдайлар Искендердин нравалык күч-кубатын, көз караштарын сынап, анын образын сюжеттик агымда улам дааналанта берет.

«Адам драманын каарманы болуп саналат, – деп жазган улуу Белинский, өз мезгилиндеги драмалык чыгармаларды талдай олтуруп, – драмада адамга окуялар кожоюндук кылбайт, тескерисинче, адам окуяга кожоюн болуп, өз эрки менен анын тигил же бул жол менен чечилишине же аякташына таасир этет». Искендердин букара элдин жалпы кызыкчылыгынан улам келип чыккан өз позициясы бар. Ал ушунусунда бекем турат. Драманын терс каармандарынын бири Максут Синьцзяндык сүткор Учей-Фуга мындай дейт: «Жок, кокуй, Искендер ыкка көнөт деп ойлобонуз», Искендердин ыкка көнбөгөн мүнөзү анын эл мүдөөсүн көздөгөн түпкү максаты менен терең байланышкан. Ал өзүнүн туткан позициясына каршы көрүнүштөргө кез болгондо, кара таман калктын кызыкчылыгы бузулганда, чындыкка, акыйкатка шек кеткен жерде бардыгын жыйыштырып таштап, тайманбай кармашка чыгат. Анын «ыкка көнбөгөн» мүнөзү пьесада дайыма конфликттин, «чыр-чатактын» күнөөкөрү, себепкери болуп чыгат. Жусуп Турусбековдун «Ажал ордуна» драмасында бири-биринен ачык айырмаланган, бири-бирине карама-каршы багытты алып жүргөн жандуу кейипкерлерди түзө алышы, конфликтти каармандардын кагылышы катары өнүктүрө билиши драматургиядагы жагымдуу саамалык болду – жана бул жалпы эле кыргыз драматургдары искусствонун бул түрүнүн спецификасын, драмалык конструкциянын өзгөчөлүктөрүн өздөштүрө баштагандыгын айгинелеген факт эле.

**Драманын (башкы проблемасы) негизги сюжеттери:**

1. Элдик көтөрүлүштүн планын талкуулоо.
2. Падышачылыктын жазалоочу отряддары менен болгон кармаш.
3. Ысык-Көл менен коштошуу.
4. Элдин Кытай жеринде жергиликтүү сүткорлор менен күрөшү.
5. Туулган жерге кайтып келүү.

**Негизги каармандары: Искендер, Бектур, Зулайка**

Искендер элдик мыкты сапаттарга ээ, күчтүү, адамгерчиликтүү, Мекенин терең сүйгөн, Ата Журттун эркиндиги менен көз каранды эместиги үчүн күрөшкө аттанган каарман.

Бектур күчтүү патриоттук духу менен көңүлдү бурат. Ал дайыма терең ой жүгүртүп, элдин эмне үчүн көтөрүлүп жаткандыгынын себебин билүүгө аракет кылат. Бектур чынчыл, эмгекти сүйгөн, айкөл адам.

Зулайка кыйынчылыкка майышпаган, турмуштун кыйын-кыстоолоруна оңой менен алдырбаган активдүү каармандардын бири. Зулайка аркылуу автор революциядан мурунку кыргыз кыздарынын күлк-мүнөзүн, көз карашын, иш-аракетин жалпылаштырып көрсөткөн.



www.bizdin.kg

**«Ажал ордуна» драмасынын терс каармандары: Максут, Учей-Фу, Алымбай.**

Алардын ар бирине автор тарабынан так мүнөздөмө берилет. Биз түлкүдөй амалдуу, кыйды Максутту, көкүрөгүн көтөргөн мактанчаак канкор офицерди, адамдык абийирден кеткен ач көз соодагер Учей-Фуну бири-бири менен чаташтырбайбыз.

**чынчыл** – правдивый
**кыйынчылыкка майышпаган** – не сломанная трудностями
**кыйын-кыстоолоруна** – затруднения
**мактанчаак** – хвастун

**Жаңы сөздөргө көңүл бургула! Аларды жаттап алгыла.**

**чагылткан** – отражено
**көтөрүлүш** – восстание
**кыйрап калуу** – разрушаться
**жок болуу** – исчезнуть
**жергиликтүү** – местный
**кыйынчылык** – трудность
**күлк-мүнөз** – характер
**мүнөздөмө** – характеристика

## Ажал ордуна

*(Драмасынан үзүндүлөр)*

### Ысык-Көл менен коштошуу

Туулуп өскөн кең Ысык-Көл калдыңбы?
Заман чиркин, каарыңа сен алдыңбы.
Кең Ала-Тоо мынча неге томсордуң,
Боорундагы элиңди сен таңдыңбы?
Кордук-зордук зомбулукка көнө албай,
Топурак буйруп өз бооруңда өлө албай.
Окко учуп өлгөндөрдү жашырып,
Жай баракат урмат кылып көмө албай.
Биз жөнөдүк түп көтөрө Кытайга,
Кош, Ысык-Көл, кош, Ала-Тоо, өскөн жер!
Алдыдагы өмүр жолу караңгы,
Кандай күнгө учураша калың эл.
Кош, өскөн жер, касиеттүү Ысык-Көл!
Кош, капчыгай, кошкун жайык сары төр!
Кош, чайкалган берекелүү Ала-Тоо!
Кош бардыгың, качкындардын алын көр!

**заман** – время
**каары** – гнев
**томсоруу** – нахмуриться
**кордук-зордук** – принуждение
**жашырып** – скрывая
**жай баракат** – не спеша
**караңгы** – темно
**өмүр** – жизнь
**касиеттүү** – чудесный
**төр** – почетное место
**качкындар** – беженцы

www.bizdin.kg

## Чейрек жүгөрү ун жана Зулайка

**Учей-Фу:** Жарайт! Абышка, мен сага жардам кылайын. Сен баланды бир чейрек жүгөрү[1] унга сат.

**Максүт:** Карыя ошондой кылгын! Болбосо өзүң кантип кызматка жарайсың.

**Абышка:** Баламдын көргөн күнү эмне болор экен!

**Максүт:** Эмне болмок эле Абышка! Өз үйү – өлөң[2] төшөгү болуп жүрө берет да.

**Искендер:** Максүт, ушул кылыгыңар адамгерчиликке жатабы? Бул кандай жорук? *(Максүт олурая[3] карайт).*

**Учей-Фу:** Эмесе мейлиң, баланды сатпасаң сатпа, өзүңдү кызматка ала албайм! *(Басат).*

**Абышка:** Макул эми, айланайын. *(Кемпири ыйлап жиберет).*

**Учей-Фу:** Бар Гуан-Сиуа, барып ун тартып бер! Анан бул жигиттердин кыла турган ишин көрсөтүп кой! *(Зулайканы көрсөтүп).* Тиги болсо бүгүнчө булардын жанында турсун. Бирөөнө мыктап тапшырып кой. Жүрүңүз, Максүт аке. *(Чыгып кетишет).*

**Гуан-Сиуа:** Жүр Абышка! *(Алар да чыгып кетишет).*

**Кемпир:** Айланайын кулунум, кантип сенден айрылам?!
*(Кучактап ыйлайт. Зулайка жулунуп чыгат).*

**Зулайка:** Энекебай!.. *(Кучакташып, үңшүп ыйлап калышат).*

**Бектур:** Ай, заман ай!..

**Зулайканын энеси:**
Куйкалаган жүрөктү,
Мына кайгы, мына муң.
Бүткөн бойду бошоткон,
Кандай абал мына бул?!

**Кабыл:**
Мына бул турган карындаш
Өмүрдүн гүлү эмеспи.
Сабагына дарт түштү,
Эми гүл соолуйт эмеспи.
Кыздарын сатты ушундай,
Кандай айла кылабыз?
Кордук өтүп баратат,
Канткенде эми чыдайбыз!

**Жалпы:**
Буркураган шордуулар
Буркуроодон не пайда,
Силер менен жеке эле,
Дарты ашынган эл кайда?
Тилегине жете албай,
Жаш көңүл мокойт экен го.
Бүткөн бойду дарт чырмап,
Жаш өмүр өтөт экен го.

**кайгы** – печаль
**муң** – тоска
**дарт** – болезнь, горе
**соолуйт** – высохнет
**кордук** – насилие
**чыдоо** – терпение
**тилек** – мечта
**мокой** – притупляться
**чырмоо** – связывать

---

[1] **жүгөрү** – кукуруза
[2] **өлөң** – осока
[3] **олурая** – смотря искоса



**Кемпир:**
Айланайын журт, балама,
Көз сала жүрө көргүлө!

**Искендер:**
Шордуулар ыйлаганда,
Эмне чыгат, бел байлагыла!

**Зулайка:**
Кагылайын энеке,
Кантип мени саттыңар,
Кагылайын энеке,
Кантип мени саттыңар?
Же мен байкуш силерге,
Өгөй белем, айтчы энем,
Чейрек унга бааланып,
Сатылуучу мен белем?
Ак мамаңды аймалап,
Эмдим эле энеке,
Жалгызым сен деп ар убак,
Келдиң эле энеке?
Жок болобу ушинтип,
Шордуу кыргыз тукуму,
*(Атасы баштыгын көтөрүп кирет).*
Айланайын атаке,
Менин күнүм ушубу?..
Айланайын атаке,
Эркелетип бакканың,
Айланайын энеке,
Түрдүүлөп шуру такканың!
Аягы келип ушундай,
Болмок беле убайым,
Айтсаңарчы калайык,
Айтсаңарчы угайын!

**Кемпир:**
Ботосунан айрылып, кокуй,
Боздогон инген мына мен, кокуй.
Айланайын кулунум, кокуй,
Боздоп калган ботом сен, кокуй!
Эми кантем кулунум, кокуй,
Менде кандай айла бар, кокуй.
Тирүүлөй сенден айрылып, кокуй,
Мендей шордуу кайда бар, кокуй!..

**кагылайын** – родная
**өгөй** – неродной
**ак мама** – материнская грудь
**жалгызым** – единственный
**тукум** – предки
**түрдүү** – разные
**калайык** – народ
**боздогон** – плакал
**кулун** – жеребенок
**тирүүлөй** – в живую
**айрылып** – расставаясь

1. Текстти кунт коюп уккула.
2. Драманын негизги идеясы эмнеде?
3. Канчанчы жылы жарык көргөн?
4. Негизги сюжеттерин атап бер.
5. Оң жана терс каармандары ким? Аларга мүнөздөмө бер.
4. Ж. Турусбеков «Ажал ордуна» драмасын кайсы жылы, канча жашында жазган жана бул чыгарма 30-жылдарда калайык-калк тарабынан кандай кабыл алынган?
5. Үзүндүнү өзүңөрчө ролдоштуруп класста аткаргыла.
6. Тексттерге таянуу менен сүрөт тарткыла.

www.bizdin.kg

***Билип алгыла!***

*Жусуп Турусбековдун адабий тушоосун кескен алгачкы саамалык ыры «Ленин жолу» болгон.*

*Жетим балдар үйүндө окуп жүргөндө жаш Жусуп татар, казак тилиндеги адабияттар менен тааныша баштаган.*

*Түптөгү Айыл-чарба техникумунда Жусуптун адабиятка болгон кызыгуусу чындап ойгонот. Жусуп бул жерде өзүнчө эле бир адабий чөйрөгө туш болгондой болот. Техникумда кийин кыргыз маданиятынын таанымал ишмерлеринен болуп калган, ошо кездеги жаш акын Мукай Элебаев, Молдогазы Токобаев, Мукамбет Дөрдүров, Шейше Орозов сыяктуу искусствого талпынган жаш таланттар менен бирге жашап, окушу ансыз да көркөм сөзгө шыктуу Жусупту адабиятка күчтүүрөөк талаптантат.*

*Жусуп Турусбековдун учкул калеминен 30–40-жылдарда ар түрдүү темага арналган «Өткөн күндө», «Кыргыздар» (бүтпөй калган), «Энеме», «Каракчынын трагедиясы» аттуу поэмалар да жаралган. Аталган поэмаларга Жусуптун лирикаларындагыдай эле чын ыкластуу интонация, образдуулугу, предметтүүлүк, поэтикалык каражаттардын сыйымдуулугу, кыскалык мүнөздүү.*

*Акындын өмүрү Ата Журтка сөзү менен да, иши менен да кызмат кылуунун жогорку үлгүсү.*

**саамалык** – новинка
**чындап ойгонот** – серьёзно проснуться
**чөйрөгө** – среде
**шыктуу** – имеющий склонность, имеющий пристрастие
**учкул** – быстролётный
**чын ыкластуу** – сердечный
**сыйымдуулук** – вместимость
**кыскалык мүнөздүү** – кроткий

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

Ар кандай көркөм чыгармада сүрөттөлгөн табияттын көрүнүштөрү пейзаж (*франц.* – өлкө, чөлкөм) – деп аталат; ал жазуучунун стилине жана чыгармачылык усулуна жараша ар түрдүү милдет аткарат. Табият сүрөттөрү чыгарманын идеялык-эстетикалык мазмунун ачууга кызмат кылат, ал чыгармада сүрөттөлүп жаткан окуяга, каармандын ички дүйнөсүнө, маанайына, жалпы атмосферага шайкеш келип, аны менен үндөшүп турушу же, тескерисинче, карама-каршы келип, контраст түзүшү мүмкүн. Албетте, ал же бул жердин, өлкөнүн шарты, өзгөчөлүгү, жер-суусу, климаты менен тааныштыруу максатында жазылган, таанымыч мааниси бар сүрөттөмөлөр да болот.

**Пейзаж** (*франц.* – мекен, жер) – көркөм адабий чыгармаларда жаратылыш көрүнүштөрүн, табияттын көркүн сүрөттөө. Жазуучу пейзаждык сүрөттөөлөрдү жазуу менен табият көрүнүштөрүнө карата өз мамилесин билдирет, жалпы чыгармадагы окуянын жүрүшүнө олуттуу таасир киргизет, каармандардын ички сырын, мүнөзүн ачууга жардам кылат. Кыргыз адабиятында пейзаждык лирика элдик эпостордон тартып аңгеме-очерктерге чейин пейзаждык сүрөттөө кеңири колдонулуп жатат. Эпостук чыгармада пейзаж сүрөттөрү патриотизм идеялары менен өтө тыгыз байланышта берилип, жаратылыш кубулуштары каармандарды курчап, алардын ал абалына, ишинин максатына жараша өзгөрүп турат. Баатырлар кайгырганда:

«Карагай ыйлайт, тал ыйлайт,
Суулар ташыйт, тоо көчөт». («Манас»)

Чыгармаларда билгичтик менен тартылган пейзаждык сүрөттөөлөр бүткүл чыгарманын духуна сиңип, өтө көп милдетти аткарат. Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестинде мындай пейзаждык сүрөттөө бар: «Түн жарымы ченде ай тоолордун үстүнө келди салаңдап, жарыгы муздак мунарыктап, мөңгүлүү чокунун кылда учунда турду. Ай нуруна мөңгү муздар түнт жылтырап, аска-зоолор сүр күткөндөй ала көлөкө. Азыр ай тырс жарылып, быркырап кулап түшчүдөй тегеректеги тоо чокулары тунжурап моюн созот, береги токой да кара көлөкө жамынып, күдүрөйт. Коктунун таманындагы суу гана жаагын баспай шаркырайт». Пейзаж дегенге жалаң эле жаратылыш табияты эмес, адам жараткан табияттын сүрөттөлүшү да кирет: «Эгин талаасынын пейзажы», «шаар пейзажы», «индустриялуу пейзажы» деген сыяктуу түшүнүктөр ушуга байланыштуу.

**Портрет жана пейзаж. Портрет** (*франц.* – портрет, сүрөт) – чыгармада каармандын сырткы көрүнүшүнүн сүрөттөлүшү, мисалы, өңү-түсү, сымбаты, кийим-кечеси, өзүн кармашы. Портреттин чыгармадагы ролу жана мүнөзү ар түрдүү жана ар башка болушу мүмкүн. Негизинен эки – натуралисттик, анкеталык жана психологиялык – түрү учурайт.

Айрым жазуучулар каармандын жалпылаштырылган портретин бербейт, анын кебете-кешпирине, сырткы көрүнүшүнө тиешелүү белгилерди санап отурбайт. Бул жагынан алар башка жазуучулардан айырмаланып турат. Анткени, адатта, көп жазуучулар каарманы биринчи киргенде эле анын толук портретин кошо беришчү. Мисалы, Жапардын («Алтын кыз») тышкы портрети кенен берилбегенине карабастан, аны адам катары мүнөздөй турган деталдардан жүрүш-турушунан, ишинен, кылган мамилесинен, ой толгоолорунан каармандын психологиялык айкын-ачык жана бир келки образы түзүлөт. Биз анын ички жана тышкы портретин көз алдыбызга толук түрдө элестете алабыз.

Көркөм чыгармада негизги максат – каармандын ички дүйнөсүн ачуу. Каармандын тышкы портрети, негизинен, ошол максатка кызмат кылат, адамдын ички дүйнөсүн ачуунун бир каражаты болуп эсептелет.

Ар кандай көркөм чыгармада сүрөттөлгөн табияттын көрүнүштөрү пейзаж (*франц.* – өлкө, чөлкөм) – деп аталат; ал жазуучунун стилине жана чыгармачылык усулуна жараша ар түрдүү милдет аткарат. Табият сүрөттөрү чыгарманын идеялык-эстетикалык мазмунун ачууга кызмат кылат, ал чыгармада сүрөттөлүп жаткан окуяга, каармандын ички дүйнөсүнө, маанайына, жалпы атмосферага шайкеш келип, аны менен үндөшүп турушу же, тескерисинче, карама-каршы келип, контраст түзүшү мүмкүн. Албетте, ал же бул жердин, өлкөнүн шарты, өзгөчөлүгү, жер-суусу, климаты

www.bizdin.kg

менен тааныштыруу максатында жазылган, тааныткыч мааниси пейзаж дегенге жалаң эле жаратылыш табияты эмес, адам жараткан табияттын сүрөттөлүшү да кирет: «эгин талаасынын пейзажы», «шаар пейзажы», «индустриялуу пейзажы».

Кыргыздын толукшуган жайлоосу болобу, орустун учу-кыйырсыз созулуп жаткан дүңгүрөгөн токою болобу, айтор, алардын баарын адамдын турмуш-тиричилигине байланыштырып сүрөттөйт.

**Жаңы сөздөргө көңүл бургула:**

**сырткы көрүнүшүнүн** – внешность
**сымбаты** – достоинства
**өзүн кармашы** – поведение
**учурайт** – встречаются
**айырмаланып турат** – отличаются
**карабастан** – несмотря
**айкын-ачык** – открытый
**элестете алабыз** – можем представить
**ички дүйнөсүн** – внутренний мир



## Жоомарт Бөкөнбаев

**(1910–1944)**

Жоомарт Бөкөнбаев Жалал-Абад областына караштуу Кетмен-Төбө (азыркы Токтогул) районунда Мазар-Сай кыштагындагы туулган. Атасынан эрте ажырап башынан кыйын турмушту көргөн. 1921–1926-жылдары Көк-Арт балдар үйүндө тарбияланган. Фрунзедеги педтехникумду, Москвадагы коммунисттик университетинин журналистика факультетин бүтүргөн. «Ала-Тоо» журналынын башкы редактору болуп эмгектенген. Жоомарт Бөкөнбаев эркиндикти, эмгекти, аялдардын азаттыгын, колхоз курулушчуларын, достукту жана ошондой эле сүйүү темаларын шыктанып ырдаган. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде чакырык мүнөздө патриоттук ырлар менен поэмаларды жазган.

Акындын туңгуч ырлар жыйнагы 1933-жылы «Эмгек толу» деген ат менен чыгат. Аталган жыйнак «Жер алган кедейлерге» аттуу ыр менен ачылат, анда билимге умтулган жаштар, табигат көркү, айыл жаңылыктары, эркин эмгек жөнүндөгү ырлары орун алган.

Жоомарттын «Менин каным», айрыкча, «Менин ырым» аттуу лирикалары жаш акындын чыгармачылык кредосу катары чыга келген.

Менин ырым кимдер үчүн ырдалат?
Жүрөк толкуп кимдер үчүн ыргалат?
Күндүр-түндүр кубулжуган үн менен,
Булбул дабыш кимди мактап күү чалат?



Мен ырдабайм, кызыл алтын зер үчүн,
Мен ырдабайм, лапси бузуп мал үчүн,
Мен ырдаймын – кайрат болуп эмгекке,
Таза жүрөк жанган жалын эл үчүн!

Бул ырда бүткүл өмүрүн элдин тагдыры, кызыкчылыгы үчүн арнап койгон акындын поэтикалык образы жалындайт.

Анын поэзиясы эл ырчыларынын поэтикалык салттарына айкалышып чыгып, уйкашы, жеңил ыргагы менен айырмаланып турат.

Жоомарт Бөкөнбаев драматургия жанрында да белсенип иштеп, бир катар пьесаларды жаратты. 1937-жылы «Алтын кыз», 1939-жылы «Каргаша», 1939-жылы «Токтогул» операларына авторлош болгон.

Ал бир катар очерк, публицистикалык сын макалаларды жазган. А. С. Пушкиндин, М. Ю. Лермонтовдун, А. Н. Некрасовдун, В. В. Маяковскийдин айрым чыгармаларын которгон.

**уйкаш** – складный
**каргаша** – помеха, препятствие

## Акындын патриоттук ырлары. «Антым»

Жан алгыч салып тырмагын,
Жазыксыз кандар төгүлдү.
Ажыдаар сойлоп жеримде,
Ажалдын чогу төгүлдү.
Колума курал кармадым,
Коргоого тууган элимди,
Алдейлеп баккан журт үчүн,
Арнадым кырчын өмүрдү...

Касташкан кара душманды,
Каптаймын жүргөн кыянча...
Арманым калбайт дүйнөдө,
«Актадың антың балам» деп,
Артымдан калкым кубанса...

Талкалайт, элим, жооңду,
Тапшырып берген куралың.
Жыргалга кастык кылганды,
Жыландай жанчып, кырамын.
Кастарлап багып өстүргөн.
Калайык мени сынагын.
Өчүңдү алып бербесем,
Өмүрдө калкым ичирбе,
Өрүштүн салкын булагын...

Көйкөлгөн ырап шиберде,
Көпөлөк кууп өскөмүн.
Таңкы жел коштоп көңүлдү,
Таалайдын күүсүн черткемин.

«Садагам балам эркинче,
Сайрандап жүрүп өс» дедин.
Калайык ошол жыргалды,
Канткенде актап кетпейин...

Айбыгып качсам душмандан,
Артымдан элим каргагын.
Көмүлбөй сөөгүм чирисин,
Көмүүгө басып барбагын.
«Ал коркок атам эмес» деп,
Атымдан тансын балдарым...
Ажалдан башым тартпастан,
Ата журт үчүн жан берем.
Калтырап, коркуп тургандай,
Кайратсыз өскөн жан белем.
Абалтан ата салт ушул —
Адамдын көркү эр менен.

Ар үчүн өлсө эр жигит,
Айтылган элге калганы.
«Атакем баатыр болгон» деп,
Артынан айтар балдары.
Канча жыл кылым өтсө да,
Калкынын болор ардагы.

## (Көркөм сөз кудурети)

**Ж. Бөкөнбаев «Жел кайык»**

Агарат жалгыз жел кайык –
Көгөргөн деңиз үстүндө,
Алыстан эмне издемек,
Калтырды эмне бул жерде.
Толкундар ойноп, жел согот,
Качырап кайык козголот,
Бактыны издеп барбады,
Бактыдан да качкан жок.
Астында деңиз шарпылдайт,
Үстүнөн күн нур жаркырап,
Бороонду сурайт ал тентек,
Бороондо тынчтык барчылап.

**М. Ю. Лермонтов «Парус»**

Белеет парус одинокой
В тумане моря голубом!..
Что ищет он в стране далекой?
Что кинул он в краю родном?..
Играют волны – ветер свищет,
И мачта гнется и скрыпит...
Увы! Он счастья не ищет,
И не от счастья бежит!
Под ним струя светлей лазури,
Над ним луч солнца золотой...
А он, мятежный, просит бури,
Как будто в бурях есть покой!

Ырлары жана поэмалары орус тилинде которулган. «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган. Бөкөнбаевдин ысымы республикабыздын айрым кыштактарына, мектептерине жана шаар көчөлөрүнө коюлган. Акынга эстелик тургузулган.

## «Алтын кыз» драмасы

«Алтын кыз» драмасы фольклордук салтты реалисттик орус адабиятынын тажрыйбалары менен ишенимдүү айкалыштыра билүүнүн далили деп айтышка негиз бар. Буга пьесанын баш каармандарынын образы ачык далил. Драмасынын каармандары чу деген эле жерден бири «арстан», экинчиси «тоонун эркин улары, кыздын сулуусу» болуп мүнөздөлөт

Чынар – өз эркиндигин сезген, алдыга умтулуп, элдин талабын аткарууга, өз табынын кызыкчылыгы үчүн өмүрүн кыюуга даяр турган кыргыздын алдыңкы кыздарынын образы. Жаңы турмуштун өсүш темпине тоскоолдук кылуу, элди иренжитүү максаты менен Момуш, Мадылар колхоздун пахта сакталган складына өрт коюп жаткан учурда Чынар жанын аябастан биринчи болуп өзүн отко таштап, аны өчүрүүгө аракет жасайт.

Ал эми Жапардын образын түзүү автор үчүн оңойлукка турган эмес. Турмушта Жапардын прототиби бар. Ал прототип автор тарабынан кыйла өзгөрүүгө учураган. Бала кезинде капчыгайда басмачылар менен кармашып, өлүм алдында жатса да комсомол комитетинин тапшырмасын толук аткара албай калганына өкүнүп, кайгырган Жапарды автор партизан отрядынын жетекчиси катары сүрөттөп берген.

Демек, Жапардын образы пьесанын идеялык мазмунун тереңдеткен революциячыл күрөшкө бүт өмүрүн арнап койгон күрөшүүчүнүн образы катары алынган. Жапар али өзү көрүнүп, сахнага кире электе эле түрдүүчө макталып, көпчүлүк эл да, Чынар да аны даңазалап чыдамсызданып күтүшөт.



www.bizdin.kg

Коюу түндүн кучагынан,
Тигил кайсы үн салган?
Күткөн Жапар ошол болот,
Чынар мында нурданган.
...Күткөн Жапар ошол болот,
Биздер мында нурданган.

Жапар – жалаң эле эр жүрөк, баатыр, акылдуу эмес, башка ар кандай жакшы сапаттардын алып жүрүүчүсү. Ал – сулуу, ырчы. («Чынар: «Жапардын жарык маңдайын көрөр күнүм барбы?» – десе, Ажар: «Курбулар, көптөн бери Жапардын созолонтуп ырдаганын сагындык» – дейт). Бирок кеп мында оң каармандардын он сапатын саноодо, аларга тагылган эпитетте эмес, а автор, пьесанын персонаждары үчүн Жапар, Чынар, Кузнецовдор даңазалоонун, таңыркап тамшануунун, жүгүнүп-сыйынуунун предмети экендигинде.

Элдердин мурдатан түптөлгөн достугу колхоз курулушу жылдарында ого бетер чыңдалды. Пьесада достук мамилесинин күбөсү катары «жыйырма беш миңчи» Кузнецовдун Жапарлар менен бирге тоо-токой аралап, басмачыларга каршы күрөшүшү аркылуу сүрөттөлгөн. Кузнецов Жапарлар менен дайым кеңештеш, кезегинде акыл айтат, кезегинде алардан кеңеш сурайт. Басмачылар талкаланып, Чынар туткундан бошотулгандан кийин да ал кыргыз жеринде эмгектенүүнү уланта берет.

Жумушчу Кузнецов партиянын чакырыгы боюнча жыйырма беш миңчилердин катарына кошулуп, Кыргызстанга келип басмачыларга каршы күрөшүүдө орус адамына мүнөздүү чыдамдуулукту, туруктуулукту көрсөтүп, кыргыз айылында Совет бийлигин чыңдоодо аянбай кызмат аткарган орус коммунистинин жалпыланган образынын деңгээлине чыккан.

Ошентип, пьесанын каармандары – Совет бийлигин кыргыз айылында чыңдоо күрөшүнө тирек болгон жаңы адамдар. Окуя баатырдын жар издеши жөнүндөгү сюжет боюнча өнүгөт. Баатырдын (Жапардын) колуктусун партизандар («басмачылар») туткундап алып кетишет. Сюжеттин мыйзамына ылайык, баатыр жигит душмандарды жеңип, жарын куткаруу керек. Автор эле эмес, пьесанын каармандары да окуянын кандай өнүгөөрүн алдын ала билип турушат.

Жапардын намысы болсо, сүйгөн кызын издеп барар, ошондо таштуу капчыгайда канын төгөрмүн, – дейт Чынарды туткундаган Момуш.

Пьесанын каарманы – Чынар. Ага берилген негизги мүнөздөмө – «токсон кайрып ышкырган, тоонун эркин улары». Ал, албетте, жандан ашкан сулуу: ага «нурданган», «жаркын кыз», «көркөмү Чынар келишкен», саамайы «тал-тал өрүлгөн», маңдайы «таңкы чолпон жылдыздай», көзү «айнектей», «замандын гүлү» деген мүнөздөмөлөр берилет. Жапарга салыштырганда пьесада Чынар көп орун ээлейт, анын ролу кеңирирээк, ал түрдүү драмалык кырдаалдарда көрсөтүлөт. Демек, анын образын ачуу үчүн материал байыраак.

Бул драмалык жагдай – шарттардын баарында тең Чынардын мүнөзүнүн бир гана жагы – баатырлыгы көрсөтүлөт.

Жапардын өлүмү жөнүндөгү мотив башкача өнүгүүгө мүмкүн беле?

www.bizdin.kg

Мисалы, партизандар Жапардын өлгөндүгүнө Чынарды ишендирип коюшу, же болбосо Жапар чын эле өлүп калышы мүмкүн беле? Албетте, мүмкүн болчу. Анда героиня өзүн кандай алып жүрүшү ыктымал эле? Кармашып жатып курман болмокпу? Жапар өлгөндөн кийин эми ким болсо баары бир деп Токторго токол болууга макул болмокпу? Кайгыга, ыза-кордукка чыдабай акыл-эсин жоготуп жинди болуп кетмекпи? Мындай варианттардын токсон тогузун келтирүүгө болор эле.

Бирок автор булардын бирин да тандап албайт. Жапардын өлүмү жөнүндөгү сөз пьесада кокусунан пайда болуп, кыстырыла кетет да, өнүгүп-өөрчүбөстөн ошол эле замат кайра жокко чыгарылат. Бул кокустукпу? Албетте, жок. Жогоруда биз санаган мүмкүндүктөрдүн баары адабияттын, эстетикалык ой жүгүртүүнүн бүгүнкү күндөгү позициясынан, көз карашынан алганда гана мүмкүн. Ал эми 30-жылдардын идеологиялык талабынан, нравалык көз карашынан жана эстетикалык түшүнүгүнөн алганда, буларга жол берилмек эмес. Баатырлык жөнүндөгү эпостук түшүнүккө жана адамды сүрөттөөдөгү эпостук принципке ылайык, каармандын ички күрөшүн, карама-каршылыгын, олку-солкулугун көрсөтө турган ар кандай жагдай шарт четке кагылып ташталат да, анын мүнөзүнүн бир гана белгиси, бир гана психологиялык ал-абалы – баатырдыгы көрсөтүлөт жана героиня түрдүүчө макталып даңкталат.

Пьесанын темасы – ушул убакка чейин саясы-коомдук душмандар катары адабиятта, театр, кино ж. б. чыгармаларда терс образдар катары сүрөттөлүп келген партизандар («басмачылар») менен кызыл аскерлер (ыктыярдуу отрядчылар) ортосундагы күрөш.

Пьесанын «Алтын кыз» деген аты да метафоралык мааниде алынган. Андан биз сөздүн түз маанисиндеги алтынды эмес, эл үчүн аткарган иши алтындай кыздын сүйкүмдүү элесин түшүнөбүз.

**салт** – обычай
**далил** – доказательство, довод, аргумент
**тоскоолдук** – трудность
**бетер чыңдалды** – лучше оправдался
**чыдамдуулук** – терпеливость, выносливость, стойкость
**туруктуулук** – постоянство

## Алтын кыз

*(Драмасынан үзүндү)*

**Катышуучулар:**

**Жапар** – басмачыларды жоготуу үчүн түзүлгөн эрктүү отряддын командири – 25 жашта.

**Чынар** – колхоз жумушундагы активдүү кыз – 17 жашта.

**Эне** – Чынардын энеси – 55 жашта.

**Кузнецов** – эски жумушчу. Иваново-Вознесенскийден келген (25 миңчи) – 45 жашта.

**Ажар** – Чынардын курбусу – 25 жашта.

**Момуш** – мурунку кулак, соодагер. Басмачы – 40 жашта.



**Калыбек** – эл ырчысы – 60 жашта.

**Токтор** – бай – 70 жашта.

**Берик** – дувана – 45 жашта.

**Калдыр** – жесир катын, басмачылардын тыңчысы. Улутчул 35 жашта.

**Ады-корбашы** – 55 жашта.

**Булардан башка:** кыз-келиндер, жигиттер, көпчүлүк эл, отряд жана басмачылар катышат.

**Көшөгө**

Алыстагы көрүнгөн ак кардуу тоо. Толгон ай. Тирелишип өскөн кайыңдардын бутактарына курулган селкинчектер. Жасалгалуу кийинген кыз-келиндер, жигиттер шаттуу ойноп ырдап жатышат.

**Баары:** Кыл аркандын селкинчек,
Кыздар ойноп эркиндеп,
Кыл аркандын селкинчек
Кыздар да ойноп эркиндеп,
Айлуу түндүн салкын жел,
Айдай тепсек желпинсек,
Айлуу түндүн салкын жел,
Айдай тепсек желпинсек.

**Жигиттер:** Жашыл көйнөк түрдөй жан,
Жаш өмүрүң гүлдөй жан,
Жаш өмүрүң өткөн соң,
Жанып келбейт мындай жан.

**Кыздар:** Кызыл көйнөк түрдөй жан,
Кыз өмүрүң гүлдөй жан,
Кыз өмүрүң өткөн соң,
Кызый келбейт мындай жан.

**Ажар:** *(Кубанып).* Сулуу түндүн салган,
Элдин шаттуу жаштары,
Кимди сүйөт болду экен,
Элдин Жапар арстаны?

**Кыздар:** Кимди сүйөт болду экен –
Элдин Жапар арстаны?

**Жигит:** Токсон кайрып ышкырган
Тоонун эркин улары,
Кимди сүйөт болду экен,
Кыздын сулуу Чынары?

**Жигиттер:** Кимди сүйөт болду экен,
Кыздын сулуу Чынары?

**Баары:** Тоодо кирген дайраның,
Шарындайсың жашчылык.
Толкун өмүр бар чакта,
Жалындайсың жашчылык,
Кимди сүйөт Чынар жан
Кимдин көөнүн шат кылып?

**Чынар:** Адамзаттын жадырап,

www.bizdin.kg

Гүлдөп турган кези ушул.
Акын булбул комузун,
Күүлөп турган кез ушул.
Агын суудай шар менен,
Бийлеп турган кез ушул.
Келин дебей, кыз дебей,
Кемпир дебей, жаш дебей,
Өмүр күнүн сүрөбүз,
Өркүндөйбүз күлөбүз,
Өчпөс таалай мекени –
Өлкөбүздү сүйөбүз.

**Ажар:** *(Сүйүнүп).* Коюу түндүн кучагынан,
Тигил кайсы үн салган,
Күткөн Жапар ошол болот,
Чынар мында нурданган!

**Жапар:** Отряд, смирно! *(Отрядчылар тизилип турушат).*

**Жапар:** Оюн курган келин, кыздар,
Оюндарың кут болсун!
Эркин турмуш көркү болуп,
Эрке ойногон кыз болсун.
Жаз нурундай сайрандаган,
Жасалгалуу заманды.
Жаңы айылдын көркү болгон,
Жаркын достор, аманбы?

**Чынар:** Эл камы үчүн кан төгүп,
Кармашкандар аманбы?!
Эл камы үчүн өмүрлөрүн,
Арнашкандар аманбы?
Айлуу түндө сайрандап,
Айлуу түндө сонун да,
Кош келгиле, курбулар,
Кошулгула оюнга!

**Жапар:** Отряд, вольно! *(Отрядчылар менен кыз-келиндер учурашат. Жапар – Кузнецовго).* Мына – Чынар. Чынар деген Чынар ушул. *(Келиндерге).* Курбулар – мына жолдош Кузнецов, Иваново-Вознесенскийлик жумушчу туугандарыбыз бизге жардам үчүн жиберишкен.
Арыбай бетпак чөлдү баскандардан,
Азаптуу тайгак даван ашкандардан,
От кечип кыргын күндөр арасынан,
Октябрь каалгасын ачкандардан.
*(Куттуктоолор).*

**Чынар:** Баатыр уулу орустун,
Сизге салам айтабыз,
Бүт дүйнөнү терметкен,
Күчкө салам айтабыз.

**Кузнецов:** Салам айткан сөзүңө,



Толкунданып турамын.
Миң ракмат силерге,
Жаркын кызым, Чынарым.
*(Эл менен кол кармашып учурашып).*
Кыз-жигиттер – селкилер,
Кырда ойносо эркиңер,
Кыз, жигиттин сүйгөн ойну,
Кырдан шапар тепсеңер.

**курбусу** – подружка
**соодагер** – торговец
**дувана** – дервиш
**улутчул** – националист
**селкинчек** – качели
**желпинсек** – развеваться
**ышкыр** – свистеть
**дайраның** – реки
**шарылдайсың** – бурлишь
**жалындайсың** – ярко светишь
**булбул** – соловей
**өчпөс** – не погаснувший
**камы** – забота
**арнашкандар** – посвещающие
**курбу** – ровесник, сверстник
**бетпак чөл** – дикая пустыня
**селки** – девушка, красотка
**шапар теп** – развлекаться, наслаждаться

1. Жоомарт Бөкөнбаевдин өмүр таржымалын айтып бергиле.
2. Акындын балалык кезин эскергиле.
3. Чыгармачылыгы тууралуу эмне билесиңер?
4. «Алтын кыз» драмасы жөнүндө жана акындын эмгек темасына арналган ырлары тууралуу айтып бергиле.
5. Башкы каармандарды сүрөттөгүлө, аларга мүнөздөмө бергиле.
6. Салыштыргыла!

| Сапат | Азыркы жаштар | «Алтын кыз» драмадагы жаштар |
|---|---|---|
| Мүнөздөрү | | |
| Жашоо турмуштары | | |
| Жашоо максаттары | | |
| Досчулукка болгон мамилеси | | |
| Сүйүүгө болгон мамилеси | | |
| Эмгекке болгон мамилеси | | |
| Мекенге болгон мамилеси | | |

www.bizdin.kg

***Билип алгыла!***

*Жоомарт Бөкөнбаев 1924-жылы Жалал-Абаддагы Көк-Арт балдар үйүнө алынат, андан соң Оштогу педтехникумга, андан Фрунзедеги педтехникумга жиберилет. 1928-жылдан баштап ал Борбордук педтехникумдун студенти болот.*

*Он жети жашар Жоомарт басма бетине жарык көргөн «Жер алган кедейлерге» аттуу тұңгуч ырын Кыргызстандын түштүк бөлүгүндө 1927-жылы жүргүзүлгөн жер-суу реформасына арнап жазгандан баштап эле өзүнүн өмүрүн эл үчүн, Октябрь Революциясынын жеңишин бекемдеш үчүн арнап койгону таалим болот.*

*Акындын 1933-жылы Москвадагы журналисттер институтунда окуп келиши анын өмүрүндөгү эң кымбат күндөрүнүн бирине айланган.*

*1943-жылы Ж. Бөкөнбаев делегат болуп Украинага барат.*

*Ж. Бөкөнбаев Москвадан окуп келгенден кийин драматургия жанрына да кайрыла баштайт.*

*Кыргыздын операльк искусствосунун башталышын белгилеген «Айчүрөк» операсы 1939-жылы жарыкка келип, ошондон ушу күнгө чейин театр сахнасынан түшө элек.*

*Акындар: Ж. Турусбеков, Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов «Манас» трилогиясынын бир эпизодунун негизинде операнын либреттосун, композиторлор А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере анын музыкасын жазышкан эле.*

*«Айчүрөк» операсы Кыргыз искусствосунун Москвада 1939-жылы өткөрүлгөн декадасында көрсөтүлүп, москвалык көрүүчүлөр тарабынан жогору бааланган.*

*Жоомарт Бөкөнбаев өтө кыска – 34 жаш өмүр сүрсө да, анын калеминен жаралган канаттуу ыр, поэмалар «Алтын кыз» пьесасы жана элибиздин тарыхындагы тұңгуч «Айчүрөк» операсынын либреттосу кыргыз адабиятынын жолундагы мерчемдүү ийгиликтери катары кала бермек.*

**мерчемдүү** – удобный, подходящий

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Роман** (*франц.* – итальян, португал ж. б. роман тилдеринде жазылган чыгармалар) – эпикалык түргө кирүүчү, турмушту ар тараптан кеңири жана жайбаракат сүрөттөөгө алган, каармандары көп жана алардын негиздерининин образдарын ачуу үчүн бир канча эпизоддор киргизилген, композициялык түзүлүшү жана сюжети көп пландуу чыгарма. «Роман» деген термин 12–13-кылымда Батыш Европа адабиятында колдонула баштап, бул мезгилде роман тилдеринде (француз, итальян, португал ж. б. ) чыккан кара сөз түрүндөгү чыгармалар аталган. Ал кезде термин азыркы маанисинде колдонулган эмес. Мезгилдин өтүшү менен терминдин мааниси өзгөрүп, азыр башкача түшүнүктү билдирип калды. Бул же тигил доордун улуттук адабий процессинин өнүгүшү биринчи кезекте роман жанрынын ийгиликтери менен өлчөнөт. Романдарда бир нече инсандын сапаттары, алардын иш-аракеттери, бүтүндөй бир мезгилдеги социалдык катмарлардын же таптардын мүнөздүү жалпылыктары кеңири сүрөттөлөт. Тилдик каражаттардын да ар кандай түрлөрү жазуучунун чеберчилигине ылайык кеңири пайдаланылат. Эгерде бир гана каармандын тагдырын көрсөтүүгө арналса, анын чөйрөсүн, алакалашкан адамдарын, аткарган иш-аракеттерин, жамаат ичиндеги ролун ачып берүүчү эпизоддорду киргизүү менен башка каармандардын образы да белгилүү деңгээлде ачылат. Роман жазуу үчүн автор сөзсүз кеңири масштабда ойлонот. Алгачкы романдардын пайда болушу кайра жаралуу доорундагы Боккаччонун «Декамерон», Сервантестин «Дон Кихот» деген чыгармалары менен байланыштуу. Дүйнөлүк адабияттын казнасын түзүп турушкан О. Бальзак, Л. Н. Толстой, Р. Роллан, В. Скотт, Г. Флобер, И. А. Гончаров, Ф. Н. Достоевский, Т. Манн ж. б. улуу классиктердин романдары жанрдын кийинки өнүгүшүнө чоң салым кошту. Алардын романдарында бүтүндөй мезгилдердин татаал карама-каршылыктары терең ачылып берилген. Романдар мазмунуна, көлөмүнө, композициялык курулушуна жана катышуучу каармандарына карай төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт: дилогия – эки, трилогия – үч, тетралогия – төрт, пенталогия – беш бөлүктөн турат, андан да көп бөлүктөрдөн турса романдар цикли деп аталат. Мис., О. Бальзактын «Адамдар тамашасы» романдар циклине кирет. Бүтүндөй бир доордун типтүү каармандарын жана окуяларын жогорку көркөмдүктө ачып берген, көптөгөн адамдардын образын көрсөткөн романдар роман-эпопея деп аталат. Буга Л. Н. Толстойдун «Согуш жана тынчтык», М. Шолоховдун «Тынч Дон», М. Ауэзовдун «Абай» романдарын көрсөтүүгө болот.

Кыргыз адабиятында роман жанрынын жаралышы кыргыз элинин улуттук жазуусунун пайда болушу менен тике байланыштуу. Бул процесске мурдатан жазмасы бар элдердин адабияты өзгөчө чоң таасир этти. Кыргыз романынын жанр катары калыптанышында Т. Сыдыкбековдун чыгармачылыгынын чоң мааниси бар. Анын «Тоо арасында», «Темир», «Биздин замандын кишилери», «Тоо балдары», «Жол», «Көк асаба» романдары улуттук сыймыкка ээ болгон чыгармалардан болуп калды. М. Элебаевдин «Узак жол», К. Баялиновдун «Бoордоштор», У. Абдукаимовдун «Майдан», Т. Касымбековдун «Сынган кылыч», «Келкел», Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» аттуу чыгармаларда каармандардын турмушун ар тараптан кеңири масштабда сүрөттөөдө далай эпизоддор киргизилген.

Албетте, төмөнкү аталып келген чыгармалар кыргыз адабиятында роман жанрынын өсүп өнүгүүсүнө чоң таасир этти десек жаңылбайбыз.

www.bizdin.kg



# Түгөлбай Сыдыкбеков

**(1912–1997)**

Ысык-Көл өрөөнүндөгү Кең-Суу деген жерде 1912-жылы туулган. Түгөлбайдын энеси Айымкан он жети бала төрөгөн экен. Бирок аз эле убакыттын ичинде Сыдыкбектин жети уул, төрт кызы чечектен өлөт. Ата менен эне көп балдарынан ажырап, мөгдөп турган кезинде Сыдыкбек менен Айымкандын бактысына уул төрөлөт. Ар кандай оорудан, шум өлүмдөн жедеп жүрөктөрү үшүгөн ата-эне ага Түгөлбай деген ат коюшуп, далай ырым-жырымдарды да кылышат. Бирок Түгөлбай ата сүймөнчүгүн көрбөй, үч жашка чыга элек кезинде Сыдыкбек келтеден өлүп, топ жетим кара кийген эненин колун карап калышат.

«...Тогуз уул, сегиз кыздын кенжесимин, деп жазат Т. Сыдыкбеков «Жол» автобиографиялык романында, кенже эрке өсөт дешет. Мен эркелебей калдым... Жылым чычкан 1912-жылы төрөлгөнмүн». 1915-жылы үч жашка келгенде атасы дүйнөдөн кайтты. Андан кийин турмуш кыйынчылыгы моюнга жүктөлө баштады. Орус падышачылыгынын бийлик ээлери жергиликтүү манаптар менен келишип алып, Түгөлбайлардын коңушун ээлеп, өздөрүн башка жакка сүрүп чыгышат. Аңгыча, 1916-жылкы Улуттук-боштондук көтөрүлүш чыгып, Түгөлбайлар качкан кыргыздар менен Кытайга жөнөшөт. 1918-жылы кайра туулган жери Кең-Сууга келишет да, Василий Коровин деген орус адамына малай болушат. 1919-жылы кеч күздө Түгөлбайдын энеси аны Түнкатар деген молдого окууга берет. Арабча ариптерди кошуп жазып, сөздөрдү эжелеп окууга жарап калган кезде, 1920-жылы Кең-Сууда мектеп ачылып, Түгөлбай ошол мектепке кирип окуй баштайт. 1921-жылы Василий Коровин Түгөлбайды калаадан окутам деп Караколго алып кетет. Ал кышы менен орус тамгасын, орусча сөздөрдү үйрөтөт. Бул жөнүндө Т. Сыдыкбеков өзү минтип жазган: «...Мен орус тамгаларын жаңы жазып, бирок тез өздөштүрдүм. Канча айтса да, элеттен алган билимимдин жардамы тийди. Эжелеп окууга мен да бат эле жетиштим. Эмнени окуганымды, чыны, туюна албадым далайга.

Мурда Кең-Сууда экенде Василий үй-бүлөсү менен кыргызча сүйлөшчү. Эми калаада алар өз тилинде сүйлөшөт. Менин көзүмө баары тең эле чын орус экени таанылды. Эми ушулардан орус тилин үйрөнүүгө тырыштым».

1921-жылы Василий Коровин камалганда, Кең-Суулук кыргыздар бүт бойдон «бул кожоюндан биз жамандык көргөн эмеспиз, жакшылык гана көргөнбүз, бул жакшы киши, элдик киши» деп чечим кагаз беришип, аны камактан куткарып, бошотуп алышат. Василий Коровин Түгөлбайды



1923-жылы Караколдогу А. П. Чехов атындагы биринчи баскыч орус мектебине окууга өткөзөт, ал мектепти Түгөлбай 1927-жылы бүтүрөт.

«Дал ошол А. П. Чехов атындагы мектепте окуп жүрүп Пушкин, Гоголь, Тургеневдердин аттарын уктум. Ырас, алардын ар бири ааламга атагы кеткен улуу жазуучу экенин кийинчерээк тааныдым. Негедир орус жазуучуларынын ичинен эң алгач мага чыгармасы менен таанылган Тургенев болду», – деп эскерет Түгөлбай Сыдыкбеков ошол жылдардагы окуусу жөнүндө.

1929-жылы Т. Сыдыкбеков Фрунзедеги Айыл-чарба техникумунда окуп, аны бүткөндөн кийин, ошол жылы жаңыдан ачылган Ашхабаддагы Орто Азиялык зооветеринардык институтка кирет.

Т. Сыдыкбеков ошол кездеги кыргыздын бардык жазуучуларындай эле өз чыгармачылыгын поэзиядан баштады. Анын биринчи «Булар кимдер» деген ыры 1930-жылы басылып чыгат.

1936-жылы Түгөлбай Сыдыкбековдун «Баатырлар», 1938-жылы «Акын булбул» деген ырлар жыйнактары жарыяланды. Бирок келечектеги белгилүү романистти проза жанры өтө кызыктыра берди. Т. Сыдыкбеков да, башка кыргыз жазуучуларындай эле, орустун классикалык адабиятынан, орустун советтик мыкты жазуучуларынан, ошонун ичинде М. Шолоховдон да көп нерселерди үйрөнгөнүн танбайт. Бирок «Кең-Суу» романын түздөнтүз «Көтөрүлгөн дың» романынын таасири астында жазылган деп айтышка деле эч негиз жок сыяктуу. Анын үстүнө, М. Шолохов «Көтөрүлгөн дыңдын» экинчи китебин элүүнчү жылдары гана жазып олтурбайбы. Дегинкиси, таасир маселесин эске алган күндө да, аны биринчи пландагы чечүүчү фактор катары кароо эч убакта туура болмок эмес. Мисалы, «Кең-Сууну» жазууда Т. Сыдыкбековго, эң алды менен, турмуш чындыгынын өзү жана өзүндөгү жазуучулук дарамет күчтүү таасир эткенин эч убакта унутпасак. Эгерде «Көтөрүлгөн дыңда» коллективдештирүү учуру, андагы тап күрөшү сүрөттөлсө, «Кең-Суунун» биринчи китебинде коллективдештирүү мезгилине чейинки турмуш чындыгы, тагыраак айтканда, Совет бийлиги орногондон кийинки кыргыз айылдарында болгон өзгөрүүлөр, карапайым айыл адамдарынын аң-сезимдеринин жаңы замандын талаптарына карата акырындап ойгоно баштоо процесси кылдат жана билгичтик менен чагылдырылган. Ал эми, коллективдештирүү учуру, андагы карама-каршылыктар «Кең-Суунун» экинчи китебинде камтылган. Эгерде Т. Сыдыкбековдун өзүндө жазуучулук дарамет болбосо, эгерде ал ошол өзү сүрөттөп жаткан мезгилдеги кыргыз айылдарынын турмуш чындыгын жакшы билбесе, романын жаза алмак эмес. Ал эми, тигил, же бул жазуучудагы эстетикалык тажрыйбалардан үйрөнүү, аны өзүнүн чыгармачылык ишине сиңирип, жуурулуштуруп алуу бул кошумча көмөкчү факторлор катары өз алдынча мааниге ээ боло турган көрүнүш гана, ошондуктан ал эч качан негизги чечүүчү, жетектөөчү орунга көтөрүлө албайт. М. Шолоховдун Т. Сыдыкбековго болгон таасирин ушундай планда түшүнсөк, чындыкты туура жана так айткан болобуз.

Согуштан кийин жарыяланган «Биздин замандын кишилери» романы Т. Сыдыкбековдун атын союзга гана эмес, чет өлкөлөргө да таанытты. Роман үчүн Т. Сыдыкбеков СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты деген наам алды.

1957-жылдары дүйнөлүк тарыхта биринчи жолу Советтер Союзу космоско жер жандоочусун (спутник), андан кийин 1961-жылы адамды учурганда Т. Сыдыкбеков толкунданып, фантастикалык дастандарды жараткан «Күн жана анын балдары».

Жетимишинчи жылдары Т. Сыдыкбековдун жаңы жазган «Сыр ачуу», «Курбулар» деген романдары жарык көрдү. Бул романдарында ошол кездеги студенттердин башынан өткөн турмушун чагылдырган.

Сексенинчи жылдары жазуучу үчүн өтө жемиштүү болду: «Ыманбай пейили», «Жол», «Көк асаба», «Мезгил сабактары» китептери жарык көрдү.

Жалпылап айтканда жазуучу кыргыз адабиятына чоң салым салган, анын чыгармалары кыйла жогору профессионалдык деңгээли менен айырмаланат.

**чечек** – оспа
**ырас** – правда, действительно
**наам** – звание

## Тоо арасында

*(Романдан үзүндү)*

### Соке абышка

Тизме узарып баратканда Сапарбай ордунан турду да ар кимисине мүнөздөмө берип туруп: Бүбүш, Соке абышка, Жакып жана Самтырды өкүлдүккө шайлоого сунуш киргизди.

– Өтүшсүн!

– Өтүшсүн!

– Сокеме, мына, колумду азыр көтөрөм.

– Карыган кезинде Сокем да бир өкмөтчү болуп калсын!

Соке абышка жаш баладай ордунан элпек турду да жарым кулачын жайып жиберип, эки колун бирдей көтөрдү. Калдастап шашкан калыбында чуулдаган көпчүлүккө:

– Ой сурунарды урайындар. Эмне, бул жерде койго туз берген киши жок. Шайлоо өтүп жатат. Сөз уккула!

– Угалык, сөзүңүздү айтыңыз.

Каткан муундары жибип, кат-кат бырыш алган беттери албырып толкундап Соке: – Мени шайлап эмне кыласыңар? О айт, десеңерчи. Бегирээк сүйлөгөндө ооздогу эски тиш өзү ыргып, көздүн курчу кетти. Акыл ордунда жок. Мени койгула. Тетиги батрак өссүн, адам болсун, Самтырды шайлагыла! Сапарбай туура айтты. Бүбүш келинимди шайлайлы. Акылы тунук жаштар. «А» сына да, «Бээ» сине де, «Сээ» сине да тилдери так келет. Лекбезде жүрүшүп, бат эле кара катты көздөрү таанып кетти. Ой, тигил суруңду урайын, Ыманбай экөөбүз үйдөгү жапма челекте эс дартыбыз. Беш тамганы араң таанныдык. Алар да биз менен ыркын кошо элек. Күүгүмдөгү каракчыдай жүрөктү чочутат. Суруңду урайын, Ыманбай Манас экен. Маалимди тоотпойт, уктап калат. Жаначы «А» лар чокмордон бетер коркотоп таң аткыча түшүмдөн да кетпейт. Кээ күнү чочуп кетип балдырап сүйлөйт окшоймн. Кемпирим муш менен бөйрөккө берет. Ой, ушул мен өкүл болгондо тамдын кырында мыёлоп олтурган мышык жерге түшпөйт го.



**өкмөтчү** – служащий (в государственном учреждении)
**элпек** – послушный, услужливый, проворный
**бырыш** – морщиться
**чочу** – пугаться, бояться

Текстти көркөм окугула.

### Ыманбайдын элчиликке жөнөшү

Айтор элчиликке аттанган Ыманбай жол жомогун кыскарта чаап, айта кетер бир окуя: ал жана үйдөн аттанарда Бүбүнү шаштырып, өзүнүн жапма челегинен чоң аягы менен бирин тим, бирине талкан чалдырып эки «кара кер аяк» бозону жута чыккан. Башкадан ырысы тайкы болсо болор, ал эми Ымаштын үйүнөн жайы, кышы жапма челеги үзүлбөйт, күкүрттөнүп сары каймак тартып бозосу да күчтүү чыгат. Ушул күкүрттөнгөн бозонун кадыры менен (Шокуртту жайына коёлу) андан кийинки мыктылардын көбүнө Ыманбай теңтушсунчу. Айыл ынтымакта турган күндөрү ушул азыр өзү элчиликке бараткан Касейин да алда нече ирет мактап олтуруп Ымаштын бозосун ичкен.

– Адам жылкы кыял болотко – деди Ыманбай жолдо келатып өзүнчө. – Касейин чоң жерге куда түшкөмүн деп көөп кетсе, менин бозомду унутар. Болбосо сөзгө келер… Атаң көрү, Саадат атанын уулу да. Ал Айна сулууну ала качпаса, маа да элчилик кайда эле. Бах, чиркин дүйнө, өлбөгөн кедей кеңештин тушунда таалайга жетмек болду го.

Жанагы эки аяк бозосуна кызып, азыр ага эмки таттуу кыял эриш-аркак кубанычы толкуган Ыманбай кулакчынды көзүнө карай түртүп койду да кыңкылдап ырдады:

Дүркүн, дүркүн, дүркүндө,
Чиркин –
Дүнүйө өтөр бир күндө.
Алты күн атан болгуча,
Бир күнү бура болуп зиркилде!

Бах, жаша Айсарала! Биздин алтын баштар да бир күнү жер астында калат ээ! Кудайымдын бизге жиберген ушул зоболосуна ыраазыбыз… Алчактай бас, Сарала. Алчактай бас…

Ал ангычакты болгон жок сууга келип такалды. Тарам-тарам өстөндөргө бөлүнбөй чогуу аккан бир айрыктын суусу майдалап көбүк чертип шуулдап жаткан экен. Теги санаадан күлүк жок белем, баягы Семетейдин Тайбуурулун минип Үргөнчтү кечкен Күлчоро азыр Ыманбайдын көз алдына келе түштү да, өзү да, Айсараласы да башкача болуп кеттиби? Айтор, – чү, жаныбарым! – деп эки-үч теминген соң Сарала эки алдыңкы колун «чулп» эттирип кашатка чыга берерде Сараланын күчөгөнүн эскербеске болбос. Ал тургай сопол куйругун шыйпатты көрүнөт: Ымаштын эки балтырына «топ-топ» кылдар тийди.

О, чиркин –
Дүнүйө өтөр бир күндө.
Алты күн атан болгуча,
Бир күнү бура болуп зиркилде.



www.bizdin.kg

Сараланын соорусуна сагызганча конуп алган Ымаш ушул кайрат менен «зиркилдей» бастырып, Касейиндин айлына кандай жеткенин өзү да сезбей калды.

**мыктылар** – сильные, крепкие
**ынтымак** – согласие, единодушие
**дүркүн** – группа, толпа, отряд
**чогуу** – вместе, скопом
**күлүк** – скакун, скаковая лошадь,
**сопол куйрук** – облезший хвост

## Ыманбай менен Айсарала

Сараласы желип-жортуп, тоо арасын көздөй кетип олтурду. Өзүнөн-өзү чубурган ачуу жаш жакасына таамп калат. Кандайдыр күңкүлдөгөнсүп үнү коңгурап коёт кез-кез:

– О кудай-ай, о кудай басмачысына да кошулбайм, башкасына да кошулбайм. Тилегим ак, диним ыйман, о кудай-ай? Мени пендем десең, ушу калабадан аман ко-ой, о кудай? Айсарала ат астымда, Айкөлдүн тону үстүмдө о кудай. Үйдө аманат калган алты кыз менен акмак катынды да аман кой, кудай?

Ушинткен Ымандай кайда баратканын өзү билбейт. Жаш чайыган сайын көзү тунарыктады. Жүрөгү калтаарып, далай жерге жеткендей болду… Улам барган сайын Сарала жаныбар кызып, күүлөнүп, ээликкенсийт… Алчактап, башын экчей салат… Тоону, ташты аралап, бир жонду ашкандай болду. Андан кайра ойго түштү. Дагы бир белеске чыкты. Андан капталдай жүрдү… Бир маалда Сарала жаныбар тык токтоду. Караса, алды бозорот. Чочуп кеткен ээси сүйлөйүн десе, үнү чыкпай, оозу ачылган бойдон калды. Бозоргон нерсе, улам соройду. Улам жакындагансыды… Бүткөн бою муз боло түшкөн бечара көздү бек жуумп, «Эмне болсоң ошо бол» деди. Айсараланы такымга басып, басып жиберди. Кудай жамандыкты көрсөтпөсүн? Сарала жаныбарың тулпар болуп кеттиби, ким билет? – Тоону, ташты аттап, аттап койгондой өңкүлдөдү… Бир маалда Ымаш көзүн ачты эле, ээрдин актасы жоорун баскан Сарала кыйкактап, кекчеңдеп кандайдыр бир бадалдарды аралап баратат. Жаңагы бозоргондон аман-соо кутулганына кубанган Ыманбай угуза кобурады:

– Кудай сакта, жаныбарым? Кандай жерге келип калдык, кудурет? – Каңырыгы түтөй түштү. – Ушундайыңдан сенден айрылгым келбейт да. Сенин баркыңды билген мен элемин го, тулпар! Болду, ажалдан куткардың, жаныбар. Эки дүйнөдө тең саа ыраазымын. Темир өзөк дүйнөдө мал барбы, же нан барбы? Кокус, майып болсоң, баш сөөгүңдү үч жолдун айырмасына мазар илем жаныбар. Куугун келсе, куткар. Куюн тийсе, тоотпо. Жерге жарык киргенде, мени Көйкапка жеткир, жаныбар…

Улам барган сайын жаныбары кекчеңдей басты. Көктөөсү сөгүлүп, актасы кажыган байыркы ээри «кыйч-куйч». Кандайдыр бир темирден чыккан шылдыр бар. Көрсө, Сараланын оозлугу салынбаптыр. Тизгин тарткан сайын башы катуулап, «ээ-жаа» бербей, «күчөгөнү» жана ушундан улам болсо керек?..



www.bizdin.kg

Айтор, дагы далайга жортту. Эчен талаа черлерди аралап, эчен таштуу кыялардан өткөндөй болду. Айтор, ким билет? Сарала жаныбар күч-кубатты кайдан алган? – Учуп келатат, желип келатат, басып келатат…

Каймагы алынган сүттөй чыгыш жак агарды. Тоо арасы жарык тартты. Бозоргон кызыр эмес, чөгүп жаткан таш экен. Арып-азган Сарала көрсө, атайы токтогон тура. Ээсин алдап, жедеп, дакиликтин «мектебин бүтүргөн» жаныбар айылдан анча узабаптыр. Тээ өрдөштөгү табылгалуу таш тумшукту улам айланып жүрө берген тура. Тигине, баягыда Бердибайлар конуучу конуш. Мына, баягыда түлөө өткөргөн өзөн. Аны көргөндө бечара Ыманбайдын жүрөгү шуу дей түштү. Кылчайып караса, арт жакта айылдын чекеси даана көрүндү. Ыманбай кейип кетти. – Кеминде кырк кыр ашты десем. Кудайдын узун түнүндө ушу жерде жүргөн белең? Ушундай айбан болчусуң. Кайнатпай шорду катырган чочко-о. Эми ком атрет жолукса, мени басмачы деп кармап калат ээ. Сенин териңди тескери сыйрыйт ээ…

Не кыларын биле албай жан-жанына карап койду Ыманбай:

– Ылайым өшөнтсе экен, чочко-о сени – деп кержейген Сараласын каргап койду Ыманбай… Анан амал издеп, акыл ойлоду. Атаганат десең мындайда акыл да өзү келет белем? Ыманбай көп турган жок. Аттан түшмөк болду. Түштү да. Ээрди шыпырып, тердикти төрт бүктөп, ээрге капшыра таңды да, аны өзү көтөрүп алды. Башынан жүгөндү шыпырып, каржайып үргүлөп турган «жаныбарды» килтейген кендир чылбыр менен соорига салды.

– Бар, чочко! Сени мен көргөн жокмун. Мени сен көргөн жоксуң. Басмачы болдуң деп ком артрет коркутса, коркутсун. Кайра өздөрүн беттен алайын. – Короктоп, короктоп салып уруп жүрөсүңөр. Кедей байкушту басмачы чочкодон не коргобойсуңар? Айсараланы алып кетти, басмачы. Асыл башты темтейтип жөө калтырды басмачы дейин. Айкырык салып, айылга барайын эми…

Тери шымдын каткан багелеги куудурап, ачык боз тондун эки этеги далбалактап, энтеңдеген Ымаштын көтөргөнү ээр токум. Чекесинен тер кеткен. Күн жерге, сууга тегиз жайылган мезгилде Ыманбай төрт керегө боз тамынын артына бута атымдай калды.

**акмак** – глупый, дурак
**аман** – благополучный, невредимый
**белеске** – к отрогу (ответвление, горный хребет)
**бозор** – обессилеть, бледнеть
**тулпар** – боевой конь, выдающийся скакун
**мазар** – могила, кладбище
**куюн** – вихрь, смерч
**шылдыр** – журчание, шуршание
**таштуу** – каменистый
**тескери** – в обратную сторону, наоборот
**амал** – действие, поступок, 2. хитрость, уловка
**кендир** – верёвка конопляная
**байкушту** – бедняга, бедняжка (с оттенком сочувствия)
**айкырык** – громкий и грубый крик, окрик

1. Т. Сыдыкбеков жөнүндө эмне айтып бере аласың?
2. Жазуучунун балалык чагын айтып бер.
3. Кандай чыгармаларын билесиң?
4. «Тоо арасында» романы качан жазылган?

# АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Новатордук** (*лат.* – жаңыланып туруучу), жаңычылык – адабият жана искусстводо сөз чеберлеринин окурмандардын өсүп бара жаткан талабына ылайык келген, жалпы эле ошол элдин көркөм процесске кошулган мазмун жана формалык жактан жаратылган жаңылыгы, көркөм ачылышы, табылгасы. Жаңычылык мурдагы адабий салттарды танып, жокко чыгарбайт, тескерисинче, ага таянат, жаңы шартка ылайык өздөштүрөт. Новатордук түшүнүгү жеке жазуучунун же жеке бир конкреттүү мезгилдеги адабияттын өнүгүшү менен тыгыз байланышта каралат. Кыргыз адабиятын биз новатор адабият дейбиз, анткени анын алдыңкы өкүлдөрү, биринчиден, турмуш көрүнүштөрүн терең өздөштүрүүшү жана чыгармалары үчүн бул нерсени баалуу булак кылып пайдаланышты, экинчиден, элдик оозеки чыгармачылыктын жана элдик ырчылардын ыр, поэмаларынын салттарын, үчүнчүдөн, дүйнөлүк адабияттын, боордош элдердин адабияттарынын прогресси.

**Традиция** (*лат.* – салт маанисинде) – өткөн мезгилдеги адабий өнүгүштүн же жеке жазуучунун калтырган, адабий процесске же жеке жазуучунун чыгармачылык өсүшүнө таасир берүүчү булак катары колдонулган идеялык көркөмдүк табылгалары. Салтсыз адабий процесс өнүкпөйт. Кыргыз жазма адабиятынын пайда болуп, өнүгүшү үчүн биринчи кезекте кыргыз фольклорунун жана акындардын чыгармачылык салттары, экинчиден, орус жана боордош чет элдер адабияттарынын салттары таасир этти. Салтты билгичтик менен пайдалануу эч убакта жаңычылыктын жолун тоспойт, кайра ага активдүү таасир көрсөтүп турат, салтты тануу менен жаңычылык жаратууга мүмкүн эмес.

Чынчыл жактарын өздөштүрүүшү жана өздөрүнүн жекече жаңы табылгаларын кошту. Кыргыз поэзиясын Ж. Турусбеков саясий публицистикалык ыр-поэмалары, ыр түзүлүшүндөгү жаңычылыктары менен байытса, А. Осмонов философиялык ойлору терең, конкреттүү жана романтикалуу стили менен андан ары поэзиябыздын диапазонун кеңейтти, эркин ыр формасынын кыргыз поэзиясында биротоло жашап калышын өз изденүүлөрү менен далилдеп берди, албетте, булар анын новатордугун белгилөөчү шарттар.

www.bizdin.kg

# Алыкул Осмонов

## (1915–1950)



*«Бар бололу, түгөнбөйлү курдаштар,*
*Узак, узак, узак болсун бул сапар,*
*Кылым бүтүп, дүйнөдөн жок болсок да,*
*Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар».*
*А. Осмонов*

...Мындан көп жыл мурда Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгы, өмүрү менен таанышканымда эле акындын жүрөгүнөн оргуштап чыккан чынчылдыгын жана өз ишине ушунчалык жан дилинен берилгени таңгалткан. Экинчи баамдаганым ал өзүнүн жаштык жигерин поэзияга сиңдире алгандыгы болсо, үчүнчүдөн анын илхам дүйнөсүнүн кеңдиги, жергесине болгон ыйык сүйүүсүн колдон келишинче чебердик менен чагылдыруудан чарчабастыгы. Акындын эрдиги – оор дарт менен жабыркаган (өпкө учугу) жанына карабай поэзия дүйнөсүнөн баш тартпай көктүк менен иштегендиги. Не бир сонун ырлары да дал ушул оор мезгилде жаралганы анын эрк күчүнүн далили.

Эң башкысы, өмүрдүн булагы мезгилсиз соолуп баратканына карабай акындын ошол чыгармаларында өзүнө өзү бекем ишенүүсү, жашоо максаты – бул дүйнөгө жакшылык нурун себүү менен адамдардын көңүл кушун көкөлөтүү экени жогорку деңгээлде көркөмдөлүп сүрөттөлөт. Табиятынан кең пейил акындын турмушта туткан туусу – замандаштарды жан дил менен аздектөө жана ушул таасирди башкаларга да жайылтуу. Бул үчүн ал эч нерсесин аянбай эмгектенди.

Менин күнүм өлбөсүнө түңүлбөйт,
Толкун урса, тайызына сүрүлбөйт.
Тирүүлүктө жоктугуна жол бербей,
Жер түбүндө чирисе да бир гүлдөйт.

Алыкул музыканы, жаратылышты, шаттыкты жана түркүн оюндарды, ошондой эле акыл эмгеги менен күч эмгегин жактырган. Адамзат үчүн ак жаркын келечекти каалап, согуш менен түшүнбөстүктүн болбошун жана дүйнө элдеринин ортосундагы эриш-аркак кызматташууну тилеген.

*Т. Сыдыкбеков*

**узак** – долгий, долго
**сапар** – путешествие, дальний путь
**оргуштап чыккан** – выходил бурля
**таңгалткан** – удививший
**илхам** – желание
**эрдик** – мужество, геройство, храбрость
**эрк** – воля, свобода
**аздектөө** – боготворить

Берилген ырларды салыштыргыла. Каалаган тилде жаттап келгиле.

### Музыка

Мен суу ичпейм, таңдай катып турганда,
Мен нан жебейм алдан тайып курганда,
Музыкадай мага таттуу суусун жок,
Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым кашык музыка!
Мен ыйлабайм, капа тартып турганда,
Мен кубанбайм, бак дөөлөткө тунганда,
Дарым ушул, кайгы жана шаттыкка,
Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым ууртам музыка!
Эмнелер жок, бул дүйнөдө – жарыкта,
Не бир сонун… не бир кымбат асыл баа…
Мен кетерде, ошончонун ичинен
Сагынарым,
Эң аярым,
Эң кымбатым – музыка!

### Music

I don't stop drinking water when I am dry,
I don't stop eating bread when hungry and weak.
More tasty is music, whatever wine I try,
Give me,
Give me
The tea-spoon of music I seek!
I don't start weeping, when grieved I gloomily go,
I don't rejoice when my hand with honours they grip.
One balsam there is for me against fuss and woe –
Give me,
Give me some music,
One tiny sip!
What wonders in this world of ours I find!
What beautiful things, what treasures to us call!
When leaving all these lovely things behind,
I burn, I yearn
For music –
The gem of all!

***

От молодости отказаться смогу,
Но песню не троньте, ее сберегу.
И если солгу перед богом стократно,
То песне моей никогда не солгу.



www.bizdin.kg

***

Стыжусь, мои друзья, лишь одного,
Не создал я пока что ничего
Такого, чтобы в душу к Вам запало,
А ведь живу я только для того…

***

Постелют мне камень, накроют песком,
Но, если строка моя вспыхнет хоть в ком,
Могильные плиты я сброшу с себя
И в родной степи проскачу рысаком!

**Викторина «Эстей жүр!»**

А. Осмоновдун чыгармачылыгы боюнча, викторинанын суроолоруна жооп бер.

1. А. Осмонов кайсы жерде, качан туулган?
2. 1925–1929-жылдары кайсы окуу жайында окуган?
3. А. Осмоновду кайсы элдин улуу акыны менен салыштырган, анын аты ким?
4. Канчанчы жылы акындын биринчи ыры жарык көргөн?
5. Бул ырдын аты эмне?

   Жарашыктуу жаштайың,
   Жалыраган жаз сайын,
   Жаш күнүмдөн тең өскөн,
   Жакшынакай ак кайың.
6. А. Осмонов кайсы чыгармаларды орус тилине которгон?
7. Кыргызстандын кайсы жергесин акын өзгөчө сүйгөн?
8. А. Осмонов адабият ишмердиги үчүн кандай наамдарга, сыйлыктарга ээ болгон?

1. Алыкул «чү» деген жерден эле күчтүү, нукура ырларды жазып, чыгаан акын катары чыкканбы же акырындап отуруп такшалганбы?
2. Акындын чыгармачылыгындагы бурулуш кайсы ырдан, кайсы жыйнактан башталган деп ойлойсуңар?
3. Акындын жекече тагдырынын драмасы анын чыгармачылыгына кандай таасир берген?
4. А. Осмоновдун поэзиясы кыргыз адабиятына кандай жаңылыктарды киргизген?
5. «Көл толкуну» ыр жыйнагынан Алыкулдун көл жөнүндөгү ырларынан өзүнөргө жакканын жаттап алгыла.
6. А. Осмоновдун котормочулук чеберчилиги кайсы чыгармада таасын көрүнөт?
7. «Жумушчу калк дал өзүмдөй жөнөкөй. Анда каруу, менде таттуу көмөкөй» – деген саптары бар кайсы ырында кайсы кесиптин ээлери жөнүндө кеп болот?
8. Акындын жумушчулар темасына арналган ырларын атап, «Акын жана эмгек» деген темада сочинение жазгыла.

## «Жеңишбек» поэмасы жөнүндө

Албетте, Осмоновдун жалпы акындык өнөрүнүн да, жеке дастанчылык өнөрүнүн да барып жеткен чокусу деп «Жеңишбек» поэмасын айтуу керек. Акындын башка поэмаларына салыштырганда «Жеңишбектин» сюжети эң эле жөнөкөй. Мында көп катмарлуу окуя же оош-кыйыштуу адам тагдыры, каармандардын өз ара кагылыштары же активдүү аракеттери жок, тек гана кара чечекей уулу Жеңишбекти кандуу согушка мойсоткон

www.bizdin.kg

Миңбай чалдын өзгөчө күйүттүү абалы, өксүктүү арманы кеп кылынат. Миңбай, сыягы, баласынын курман болгону тууралуу «кара кагаз» алган көрүнөт, бирок андан түбөлүк айрылганына ынанбайт, жалгызын келет деп зарылып күтө берет. Башкалар жоо жеңип кайткан жакындарын тосуп пристанга барса, Миңбай да кур үмүткө азгырылып кошо барып алат. Кеме кайра-кайра жоокерлердин жаны тобун алып келет. Кеме келген сайын Миңбайдын күткөнү ордунан чыкпайт... Бир сапар чал дагы кеме тосуп, дагы кур үмүткө алданат. Үйүнө баргандан заарканып, курдашы Курманбектикине кайрылат. Курманбек кан майданга алты уулун атказганын, алтоонон экөө гана жараланып кайтканын кеп салып, Миңбайга кайрат айтат. Анан өзү жетимиштен ашканда алтымыштагы кемпири экөө уулдуу болгонун сүйүнчүлөйт. Миңбай бешикте жаткан баланы көрүп, атын Жеңишбек коёт. Ал Курманбектикинен аттанып, арбалгандай кайра көл жээгине барат. Жеңишбегинин Варшава жанында көмүлүп жатканына, өзү өлгөнү тууралуу атасына борошодон кабар айттырганына ишенгиси келбейт, кайран уулунан күдөр үзгүсү келбейт. Долу толкунун шарпылдаткан Ысык-Көлдүн кыйырына кусалуу үмүт менен көз чаптырат.

Көл толкуйт, атасына белги берет,
Антпесе кур толкундун неси керек...
Бирок да үмүт кургур кыйын тура,
Атасы кайра келет, кайра келет...

Демек, «Жеңишбекте» кыймылдуу окуяларга караганда кейиштүү сезим-туйгулар, лирикалык ой-толгоолор, пейзаждык сүрөттөр көбүрөөк. Дал ошол көмөкчү элементтер поэманын жөнөкөй сюжетине кошумча жаңырык, көмүскө терeңдик бергенсийт.

«Жеңишбектин» мазмунун эмоциялык жактан курч кылган, албетте, баш каармандын аянычтуу абалы, бөксөрбөс убайымы. Миңбай чалдын курман болгон уулун күтүп, кур убара тартышы өзүнчө алганда эле жан кейитет, согуш мезгилинен тынч күндөргө сарыккан көп трагедиянын бирин кескин сездирет, далай кишинин башына түшкөн арман-күйүттүн оорчулугун, көпкө дейре өксүбөсүн таасын билдирет. Миңбайдын кур бекер күтүүсүнө, арылбас капасына Ысык-Көл тең орток болот. Башкача айтканда, поэманын жалпы кусалуу күүсүн жаратууга, баш каармандын психологиялык толгонууларын ачууга Ысык-Көл өзүнүн ар кыл көрүнүштөрү менен активдүү катышат. Ошол пейзаждык коштоолор Миңбайдын кайгы-касиретин өзгөчө күчтүү, өзгөчө жугумдуу кылат. Миллиондордун жазмышына туш келген согуш трагедиясын, бир кыргыз чалынын өмүр бою өксүбөс убайымын Осмонов жасалмасы жок адамдык жапаакечтик менен кабыл алып, куду керт башынын кайгы-зарындай туюнуп, өтө күчтүү акындык эргүү менен ыр тилинде айтып берген.

«Жеңишбек» бар болгону 156 ыр сабынан турат, бирок аны адеп окуп чыкканда көлөмдүү бир чыгарма окугандай таасир калат. Анткени анын мазмунунда окурмандын ой-сезимин, фантазиясын дүрт жандырып, албан образдык ассоциацияларга толтуруп жиберчү көп маанилүү ойлор, жандуу турмуштук элестер, таамай психологиялык деталдар, эмоциялуу пейзаждык сүрөттөр бар.



Стилдик-ырдык касиеттери жагынан да «Жеңишбек» А. Осмоновдун башка поэмаларынан таасын айырмаланат. Анын лексикалык каражаттары (сөздөрү) түз маанисинде да, өтмө маанисинде да өз орду менен колдонулат, бири-бирине нары мыйзам ченемдүү, нары жарашыктуу айкалышып, тиешелүү жеринде кадыресе шыдыр уйкашып, мукамдуу жаңырык чыгарган, конкреттүү ойго же элеске каныккан ыр саптарына данакерлешет. Ырас, поэманын речтик түзүлүшү баштан-аяк идеалдуу эмес, бирок жалпы-жонунан орошон «Жеңишбекти» жеке автордун гана эмес, бүткүл кыргыз поэзиясынын татынакай табылгасы деп айтканга толук негиз бар.

**Текстти аудиодон кунт коюп уккула.**

Текст боюнча тапшырмалар.

## Жеңишбек

*(Поэмадан үзүндү)*

Ысык-Көл кээде жымжырт[1], кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун[2].
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу мындай жолдош күткөн жокмун.
Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Жарга уруп, жаркылдаткан жаштык отун.
Турмушта канча курдаш күтсөм дагы,
Бир кыял мындай курдаш күткөн жокмун.
Ысык-Көл, Ата Журттун күчүн сынап,
Өзүнчө өйдө-төмөн[3] жүрүш кылат.
Күчү ошол, күйбөй турган суу болсо да,
Көк түтүн, ала буурул[4] жалын чыгат.
Эл тынчып, журт кеңиген күнгө эркелеп,
Күйөөлөп, тынч өмүргө кызын берет.
Толтуруп жер сагынган уулдарын,
Көл менен көздөн учкан кеме келет.
Анткени, ар бир жандын күткөнү бар,
Ашык жар[5], тааныш, тууган, ини-агалар.
Адамзат көзү барда көп байкалбай,
Жок болсо «Кайран ай» деп сагындырар.
Бул жерде эне-аталар, жаш-карылар,
Түрлүү түс, түрлүү улуттун барлыгы бар.
Адамзат тирүү жүрсөн көңүлгө албай,
Жок болсоң «Аттиң ай»[6] деп, арман кылар.

[1] **жымжырт** – абсолютно тихо, беззвучно
[2] **тең ортокмун** – равный товарищ
[3] **ойдо-томон** – вверх-вниз
[4] **ала буурул** – светло-чалый
[5] **ашык жар** – возлюбленный(ая)
[6] **аттиң ай** – какая досада

www.bizdin.kg

Эл түшөт, кеме токтойт, аркан салып,
Азоодой[1] тизгин бербей, албуутланып.
Бирөөлөр: «Абакебай», «Байке» десе,
Бирөөлөр: «Кулунум» дейт жашы тамып.
Бах, кандай бейпил күндүн берекеси,
Тууган жер түбү чалкар кең эмеспи.
Ушинтип кайра жанат жакшылыкка,
Кечээки кайгы-зардын кенемтеси[2].
Жөөлөр көп, арабачан, кээлери атчан,
Ар туштан кубанычтын суулары аккан.
Турмуштун жарык шамдуу[3] шаарын карай,
Келгендер сүйүнүчтүү кетип жаткан.
Көчкө окшоп саптар чубап, тоону карап,
Жигиттер күлкүгө мас, кетип барат.
Бах, чиркин! Турмуш канча мол болсо да,
Ар дайым бир жеринен толбой калат.
Күткөндөр тарай-тарай суюлганда,
Аксакал бир чал калды пристанда.
Сүрдүгүп, ташка тийген тулпарга окшоп,
Жарыктык аяк шилтейт араң гана.
Ким десең бул карыя, Миңбай ата,
Көз салып эртели-кеч[4] батыш жакка.
Көп менен бул да кошо уулун күтөт,
Күткөнү дайым чеки, дайым ката…
Жеңишбек анын уулу жеңишке бек,
Жеңиш деп, жакшы үмүткө жеңиш тилеп,
Турмуштун жеңип чыккан күнүнө арнап,
Ат койгон баласына Жеңишбек – деп.
Бир эмес, ындыны өчүп нечен курдай,
Кур кайткан азыркыдай шордуу Миңбай.
Бирок да үмүт чиркин курч эмеспи,
Тереңден оргуп чыгат тим тура албай.
Чалга айтпай эне келет кээ кездерде,
Толтуруп ууз[5] кымыз ак кесеге.
Ичкин деп жүргүнчүгө тартуу кылып,
Жаш төгөт: «Кечигет деп уулум неге?»
Билгизбей ата-энеге кээ күндөрдө,
Токтоткон толкун уруп терең түндө,
Булардын кызы келет пароходго,
Ой жооруп, муңдуу кайтат, нечен түргө…
Баары бир, азыркы бир Миңбай чалга,
Кур үмүт курч тийди бейм кары жанга.

[1] **азоодой** – как строгий
[2] **кайгы-зардын кенемтеси** – возмещение печали
[3] **шамдуу** – светящийся
[4] **эртели-кеч** – рано или поздно
[5] **ууз** – мозоливо



Уулу жок… бир адам жок пристанда.
Бир гана жалкоо толкун тийген жарга.
Дүйнө – өмүр, уул бердиң, бала бердиң,
Дүйнө – өмүр, алоолонуп[1] жана бердиң,
Неге сен алыс кеткен сапарыңан,
Эскиртип[2] канатыңды кайра келдиң?
Миңбай көпкө олтурду ушуну ойлоп,
Элестеп Жеңишбеги алдында ойноп,
Ай жазган, берериңби, аларыңбы,
Ким билсин – деп, өзүнчө күнк[3] деп коёт.
Байлануу четте турган атын алып,
Бошобой, болочокко кайраттанып,
Жапжалгыз адетинче кайра кетти,
Көңүлсүз, күрөң атын камчыланып[4].
Барууга өз үйүнө дити барбай,
Үй-бүлөм эмне дейт деп, дагы кандай,
Ат оозун чукул тартып[5] бери бурду,
Курдашы Курманбектин үйүн карай.
Курманбек эл кутманы жетимиш жашта,
Кемпири алтымыш жашта ушул жазда.
Не бир алп уландарды кайкалатат,
Экөө тең тамашалап учурашса.
Миңбай чал салам айтат эшик ачып,
Курманбек алик алат, бери басып.
Чай ичип, бир аз мезгил өткөн кезде,
Улууга улуу сүйлөйт жубаткансып.
«Эй Миңбай, кайратың жок, кем экенсиң,
Күйүткө күйүп жүрөт эрте, кечиң.
Жалгызым, жалгызым деп арман кылып,
Жарабас башыңды ийип жер тиктешиң.
Замана бойго жетет айлап, жылдап,
Өзүнө эрлер канбайт тандап, кылдап:
Эр жигит эрте аттанып, алып кетер,
Ок учуп, ат кошкуруп, туу кылкылдап[6].
Соо болсо кайра келет күчүн сынап,
Жок өлсө, Ата Журту кайгы кылат.
Көмүлгөн боз топурак мүрзөсүнө –
Жыл өтсө бир түп чынар[7] өсүп чыгат.
Ал эмес, алтоо кетти дал өзүмөн,
Канча экен уул, ини өзгөсүнөн…

[1] **алоолон** – пламенеть
[2] **эскирт** – изнашивать
[3] **күңк** – подражание глухому звуку
[4] **камчылан** – нахлёстывать
[5] **чукул тартып** – резко дернул
[6] **туу кылкылдап** – знамя колыхалось
[7] **чынар** – горный тополь

Ошондон экөө кайтты жараланып,
Шондо да жаш тамган жок бул көзүмөн.
Тагдырга арман кылбайм, чексиз бактым,
Мөмөсү соолуган жок карт бутактын[1],
Жетимиштен сексен жашка оогон кезде,
Карагын мына мындай уул таптым[2].
Замана керек десе, муну да алсын,
Журт коргоп, жарак кармап, жоого барсын.
Күттүрсүн, эр азамат сагындырсын,
Мындагы аз куйкулуу[3] эне-атасын!».
Дегенде Миңбай ата бешикти ачат,
Караса, аппак болгон уул жатат.
Жеңишбек аты болсун Курмаке деп,
Кубанып, кубаттанып көңүлүн басат.
Өмүрдүн кар болгон жок конгон кушу,
Жетимиш жаш жаштын алыс жолдогусу:
Жеңишбек, болсо-болсун, жеңиш күнү,
Дал бүгүн өткөн жылдын май тогузу.
Миңбай чал ат токунуп кайра аттанат,
Кайрылып, үйгө барбай көлгө барат.
Көл терең, шарпылдаган долу толкун[4],
Тереңден эмнени издеп, эмне табат!..
Жеңишбек жалгыз уулу, кайран бала,
Жаракөр[5], ыманы ысык эне-атага,
Ойгонбой, көпкө аралаш уктап жатат,
Күмбөздө, Варшаванын бер жагында…
Ал эми ата-энеге эркелебейт,
Биздерге абакелеп[6] колун бербейт.
Канчалык үмүт үзбөй күткөн менен,
Калкылдап кеме минип кайра келбейт.
Жеңишбек, жеңиш тилеп курман болгон,
Ок тийип маңдайына ара жолдон.
Атама мени өлдү деп айта бар деп,
Сөз айткан көл толкуткан борошодон[7].
Көл толкуйт, атасына белги берет,
Антпесе, кур толкундун неси керек…
Бирок да үмүт кургур кыйын тура,
Атасы кайра кетет, кайра келет…
Кой, ата, жолдош болбо жок пайдага,
Жол карап, көл боюна ат байлаба.

[1] **карт бутактын** – старой ветки
[2] **уул таптым** – нашёл сына
[3] **куйкулуу** – желтоватый
[4] **шарпылдаган долу толкун** – плескающиеся волны
[5] **жаракөр** – отзывчивый
[6] **абакелеп** – почтительно называть старшего мужчину
[7] **борошодон** – от позёмки



www.bizdin.kg

Жеңишбек сенин уулуң, Жеңиш күнү –
Жадырап келип турар жыл айлана.
Ысык-Көл, Ата Журттун күчүн сынап,
Өзүнчө өйдө-төмөн[1] жүрүш кылат.
Күчү ошол, күйбөй турган суу болсо да,
Көк түтүн, ала буурул жалын чыгат.

*13/XII. 1945. Койсары.*

1. Силердин алдыңарда элдин согуш убагында болгон тагдыры өтүп кетти. Поэманын кайсы эпизоддорун иллюстрациялоо керек.
2. Автордун Ысык-Көлгө болгон мамилеси кандай? Эмне үчүн автор Ысык-Көлдү адам менен салыштырат? Аны үзүндү окуп берип далилде.
3. Көлдүн жээгинде кандай окуялар болуп жатат?
4. … Бах, чиркин! Турмуш канча мол болсо да
   Ар дайым бир жеринен толбой калат.
   Бул саптардын маанисин кандай түшүнөсүң?
5. Миңбай атанын арманы эмнеде?
6. Анын курдашы Курманбек ага эмне деп айтат? Үзүндү окуп бер. Бул адамга кандай мүнөздөмө бере аласыңар?
7. Жеңишбек кайда курман болот?
8. Автор Миңбайды эмнеге чакырат?

## Алыкул Осмоновдун сүйүүгө арнаган темасы

А. Осмонов махабат темасына да көп кайрылган акын. Алардын бир даарында («Түп суусу», «Келсем жоксуң», «Боз бала», «Ай Жамийла, Жамийла» ж. б.) жеке өзүнүн атынан эмес, жалпылашкан «лирикалык каармандын» наамынан ашыглык сырларын айтат. Бул ырларда өз маалында бүткүл советтик поэзиядагыдай эле сүйүү темасы көбүнчө коомдук өндүрүш, элге пайдалуу жумуш, эмгек күндүн аздыгы же көптүгү менен байланыштырылып ырдалат.

А. Осмонов айрым ырларында («Сүйүүнүн түрлөрү», «Сүйдүм сени», «Кыздын сүрү» ж. б.) негизинен жаш убагында керт башынан кечирген махабат машакаттарын эскерет, талдоого алат, сагынат, ошондой эле жаңы бир сүйүү кумарын самайт.

### Сүйүү жана мен

Сүйүү эмне? Сүттөй таза колукту?
Ансыз анан алтын өмүр толукпу?
Ошондуктан эң биринчи жаш сүйүү,
Бермет, жакут, каухар кийип жолукту.

Кучактадым, өптүм, кыстым боорума,
Бул турмушта өлгөнчө бир болууга.
Бирок, сүйүү эң жалганчы нерсе экен,
Кош деди да от карматты колума.

[1] **өйдө-төмөн** – вверх-вниз

Экинчиси: Андан сулуу, андан жаш,
Жалынына жана турган жансыз таш,
Анын көркү миң бир түрлүү көрүнүш,
Мен андыктан кайра кумар, кайра мас.

## Сулууга

Кош, жан эркем, кош дейсиң деп таарынба,
Мени күтпө, мени эстебе, сагынба,
Жаш кездердей ынак сүйүү жок экен,
Отуз жаштын улам аркы жагында.
Кош сүйгөнүм, коштошордо жалынба,
Сен жаш элең мен сүйө элек чагыңда,
Ак сүйүүдөн көңүл калуу көп экен,
Отуз жаштын улам аркы жагында.
Сен бир кептер боз шумкарын түнөткөн,
Унутулган[1] учар замат түнөктөн.
Сүйүү деген – сүйүү эмес бетиңден,
Сүйүү деген – сүзүп өтүү деңизден.
Сен бир жүзүм бышып турган мына бу,
Арманда эмес, бирок сенден кур калуу[2].
Сүйүү деген ырдоо эмес бал ууртап[3],
Сүйүү деген сүйүү уусуна ууланyy[4].
Таттуусуңар, ачуусуңар сулуулар,
Алдайсыңар бизди опоңой кургурлар[5].
Канча болсо сенин жибек көйнөгүң,
Дал ошончо жүрөгүңдө сүйүү бар.
Бирок менин махабатым бир гана,
Бирок ал жок, эгер болсо ал гана?
Мага ишенбе[6], элес кылып бардыгын,
Күлүп жүрөм өзүңө окшоп алдана[7].

1. Автордук сүйүүгө болгон мамилеси кандай?
2. Сүйүүнүн кандай түрлөрү бар экен?
3. Кандай деп ойлойсуң, чыныгы сүйүү кандай болот?
4. Сүйүү деген сөздүн маанисин чечмелеп эссе жазып кел.

***<u>Билип алгыла!</u>***

*1930-жылы – акындын биринчи ыры жарык көргөн.*
*1935-жылы – биринчи ыр жыйнагы жарык көргөн.*
*Алыкул Осмонов таланттуу котормочу. Шота Руставелинин «Витязь в тигровой шкуре», А. С. Пушкиндин «Евгений Онегин», В. Шекспирдин «Отелло», «Двенадцатая ночь» аттуу чыгармаларын кыргыз элине тааныткан.*

*Ал балдар үчүн көп чыгармаларды жазган, которгон.*

*А. Осмоновдун ыр жыйнагы орус тилинде жети жолу басылып чыгарылган.*

*Уолтер Мэй «Манас» эпосунун котормочусу А. Осмоновдун ырларын англис тилине которгон.*

*А. Осмонов «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган.*

*1950-жылы 35 жашында дүйнөдөн кайткан.*

*Ал өлгөндөн кийин Лениндик комсомол сыйлыгы ыйгарылган.*

*Анын ысмы менен мектептер, китепканалар, көчөлөр аталган.*

*Кыргызстан Жазуучулар союзу Алыкул Осмоновдун аты менен адабият сыйлыгын уюштурган.*

*1994-жылы – акындын чыгармачылык жолун изилдөө үчүн адабият фонду уюштурулган.*

---

[1] **унутулган** – забывшийся
[2] **кур калуу** – остаться ни с чем
[3] **бал ууртап** – пить мед
[4] **ууланyy** – отравиться
[5] **кургурлар** – *(здесь разг.)* негодницы
[6] **ишенбе** – не верь
[7] **алдана** – обманывая



## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Приключениялык жанр,** приключениялык адабият – борбордук багытына курч сюжеттер, жеке каармандын жана жалпы коомдун чыңалган конфликттери турган, окурмандын көңүлүн кызыктуу окуялардын, кырдаалдардын алмашууларына тарткан прозалык чыгармалар. Авантюралык, детективдик, илимий-фантастикалык, фантастикалык чыгармаларга жакын. Приключениялык адабиятта жанрлардын элементтери бири-бирине кошулуп, биригип да кеткен. Мындай чыгармаларга кыймыл-аракеттин ыкчамдыгы, кызыктуулугу, сюжетте күтүлбөгөн окуялардын, көрүнүштөрдүн тез-тез пайда болуп турушу, табышмактуу жана сырдуу баяндоо, каармандардын аракеттеринин тездиги, тапкычтыгы, окуялардын бат алмашышы, көбүнчө ойдон чыгарылган нерселердин сүрөттөлүшү, анализдөөнүн жоктугу мүнөздүү. Мис., Д. Дефо «Робинзон Крузо» ж. б.

**Салт.** Адабияттын өнүгүш процесси жөнүндө сөз болгондо биринчи кезекте адабияттын тарыхында терең из калтырган, андан наркы өнүгүшүн аныктаган чыгармалар көңүлдүн борборунда болушу – түшүнүктүү жана табигый иш.

30-жылдар, айрыкча анын 2-жарымы кыргыз адабиятынын өнүгүшүндө жемиштүү жылдар болду деп айта алабыз: бул мезгилде адабияттын эпикалык түрүнө таандык болгон бир катар прозалык чыгармалар, ошондой эле ыр түрүндөгү роман да жазылды. Октябрь Революциясына чейин жашаган жана өз чыгармаларын жазган Молдо Нияз, Молдо Кылыч ж. б. сыяктуу акындардын чыгармалары санат, казал жанрынын нугунда чыккан. Кыргыздын баатырдык эпос менен бирге ыр түрүндөгү элдик романдар, дастандар бар. 20-жылдарда К. Тыныстанов «Жаңыл Мырзаны» көбүрөөк даражада элдик дастандардын салтында жазган болсо, андан он жылдан ашыгыраак убакыт болгондон кийин А. Токомбаев жакынкы өткөнү ча-



www.bizdin.kg

гылткан «Кандуу жылдарды» азыркы замандын адабий бычымына ылайыктап, берүүгө далалат кылат.

М. Элебаевдин «Узак жолу», Т. Сыдыкбековдун «Кең-Суу», «Темир», К. Жантөшевдин «Каныбек» аттуу романдарынын жазылышы менен кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу адабияттын эпикалык түрүнүн таптакыр жаңы жанры прозалык роман жаралды. Булардын ичинен «Узак жол», «Кең-Суу» романдарында турмушту чагылтуунун реалисттик принциби биринчи планда турган. Мына ушинтип, 30-жылдарда ушул убакка чейин кыргыздын көркөм сөз чыгармачылыгына белгисиз болгон реалисттик роман, драма (Ж. Турусбековдун «Ажал ордунасы») пайда болду.

Улуттук көркөм сөз чыгармачылыгында кыйла кылымдардын ичинде калыптанып жана чогулган эстетикалык тажрыйба адабий жөрөлгө (салт) деп аталат. Адабиятыбыз ошол тажрыйбаны, албетте, пайдаланды жана өнүктүрдү. Бул – биринчиден.

Экинчи жактан, өз заманын көрсөтүүдө болсун, өткөндү көрсөтүүдө болсун, адабият жалаң өткөндүн тажрыйбасы менен чектелип калышы мүмкүн эмес болучу жана чектелип калган жок. Бул жааттан алып караганда, мурда өнүккөн реалисттик жөрөлгөлөрү бар адабияттардын, биринчи кезекте, орус адабиятынын идеялык-эстетикалык тажрыйбасын үйрөнүү, өздөштүрүү өтө чоң мааниге ээ болду. Ал тажрыйба улуттук жөрөлгө менен айкашып, алдыңкы жазуучуларыбыз жаны тарыхый шарттын талабына жараша жана өз заманынын көркөм-эстетикалык деңгээлинде болууга аракеттенишип, изденишип, өздөрүнө таандык жолдорду издешти жана табышты. Адабиятта турмушту кайра жаратуунун адабияттагы жаңы жолдору, усул жана көркөм каражаттары жаңычылдык (новатордук) деп аталат.

Ар кандай адабияттын эң кыйын проблемаларынын жана өнүккөн адабияттын көрсөткүчү болгон толук кандуу реалисттик романдардын кыргыз адабиятында пайда болушу 40–50-жылдарга туура келет.

К. Тыныстанов, А. Токомбаев, М. Элебаев, Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, Т. Үмөталиев, К. Жантөшев, А. Осмонов, У. Абдукаимов ж. б. жазуучулардын чыгармачылыгы кыргыздын адабий тилинин, демек, жаңы көркөм тилинин калыптануу учуруна туш келди. Ошондуктан бул жазуучулардын тили кыргыз басма сөзү менен адабий тилинин калыптанышында аябаган зор роль ойноду. Бул жазуучулар өз чыгармаларын жазбаса, тарыхый жактан кыска мөөнөттүн ичинде мурда өнүккөн басма сөзү жана адабияты болбогон кыргыздын улуттук басма сөзү менен адабий тили мынчалык кыска мөөнөттүн ичинде бүгүнкү даражага өсүп жетмек эместиги ачык иш.

www.bizdin.kg

## Чыңгыз Айтматов

(1928–2008)



Дүйнөгө белгилүү кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматов 1928-жылы Талас өрөөнүндөгү Шекер айылында туулган. Атасы Төрөкул көрүнүктүү партиялык кызматкер болгон. Сталиндик режим учурунда репрессияга учурап, атылып кеткен. Анын сөөгү 1990-жылы табылып, ошол эле Ата-Бейитке көмүлгөн. Энеси Нагима билимдүү киши болгон, мугалим болуп иштеген. Жаш Чыңгыз орусча, кыргызча мектептерде окуган. Адегенде, Жамбылдагы зооветтехникумду, анан Фрунзе шаарындагы Айыл чарба институтун бүтүргөн. Кесиби боюнча – зоотехник. Көркөм адабиятка болгон Чыңгыздын кызыгуусу эрте эле ойгонот. Котормо иштерин студент кезинде эле баштайт. 1952-жылдан тартып, Ч. Айтматов өзүнүн оригиналдуу чыгармаларын жаратып, жарыялайт.

Жазуучу эмнеден башталат? Бул суроого бир оозы сөз менен жооп берүү мүмкүн эмес. Бирок кыскача айтканда, жазуучулуктун башталышы (албетте, таланттан тышкары) анын жеке тагдыры менен белгиленет. Жеке тагдыры болбогон бир дагы чоң жазуучу кездешпейт. Жеке тагдыр дегенибиз – бул жөн эле бир адамдын анчейин басып өткөн жолу, өткөргөн окуялары, кадыресе жашаган турмушу эмес. Сөз бул жерде жекече адамдын аң-сезимдүү түрдө өзүнүн өмүр-тагдырын коомдун, элдин жашоо-турмушу менен, өз доорунун, өз мезгилинин эң курч маселелери менен шайкеш, эриш-аркак келтире алышы жөнүндө жатат.

Элүүнчү жылдардын эң акыркы мезгилинен тартып, кыргыз адабиятынын дүйнө жүзүнө салтанаттуу жүрүшү башталды. Бир кездеги кыргыз акынынын «жортуп чыгып сары аскалуу белдерден, жайыт таап Европаны баспадык» дегени аша чапкан романтика болуп сезилсе, эми аша чапкан жупунулук, ийменчээктик сыяктуу болуп көрүнүп калды. Биз, албетте, Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын айтып жатабыз. Ал чыгармачылыгын баштагандан бери кырк жылдын жүзү болду. Ал жөнүндө сансыз макалалар, монографиялар, диссертациялар, китептер жазылды. Азыр Ч. Айтматовдун чыгармалары жөнүндө жаңылык айтуу кыйын. Ошентсе да, кеп болуп жаткан маселеге тикеден-тике тиешеси бар, 1968-жылы жазылган «Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары кеңгуру өлкөсүндө» аттуу макаладан үзүндү келтире кетсек ашыкча болбойт.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары дагы бир мамлекетте басылып чыкты, же жазуучу жөнүндө дагы бир эмгек жазылды дегенге капкачан бышы кулак болуп калгансыдык. Анын чыгармалары немец тилине толук бойдон которулуп, жалгыз гана Германияда үч жерде – Берлинде, Майндагы Франкфуртта, Лейпцигде, ошондой эле Чехословакияда – Прагада,

Братиславада, түрк тилинде Стамбулда, япон тилинде Токиодо басылып чыкты.

Ырасында да ошондой. Түштүк Вьетнамдан жана Африкадан, Кубадан жана Мексикадан келген каттарда адабияттын ышкыбоздору автор менен өздөрүнүн ой-санааларын, көңүл сырларын бөлүштүрөт. Демек, бул – чыгарма алардын сезимдеринин тереңине жетти деген сөз.

...«Иностранная литература» журналында «бардык тилдерде» деген рубрикасынын алдында кургак иштиктүү информация берилген:

Стокгольмдогу «Интернациональ ревью» басмасынан Ч. Айтматовдун «Тоолор жана талаалар баяны» деген китеби чыкты.

Дагы бир нече абзацтан кийин:

Австралиялык «Нью-Уорлд букселлерс» басмасынан «Кыска повесттер» деген ат менен Ч. Айтматовдун чыгармаларынын жыйнагы чыкты. Сиднейден чыгуучу «Трибюн» газетасы жыйнакка кеңири рецензия жарыялаган; рецензиянын автору советтик жазуучунун чеберчилигине жогору баа берген.

Ошондон берки отуз жылдын ичинде Ч. Айтматовдун чыгармачылык кампасы «Ак кеме», «Деңиз бойлоп жүгүргөн Ала дөбөт» аттуу повесттер, «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандранын тамгасы» сыяктуу салмактуу романдар менен байып, жакынкы жана алыскы чет элдик тилдерге которулуп, дүйнө жүзүндөгү окурмандардын жогорку баасын алды.

Бул фактылар бир кезде кыргыздын акыны өз калемдештеринин алдына койгон «калам – тулпар биз минип, жар салалы Европага шам кармап» деген тилеги, «максимум программасы» ашыгы менен ишке ашканын дагы бир жолу күбөлөйт.

Адабият чыгармасынын өз эли жана улутунун чөйрөсү менен чектелбей, башка элдер, өлкөлөр жана мамлекеттер, ал гана эмес башка материктердин окурмандарынын арасында белгилүү болушу – бул чыгарма өзүнүн эли-журтунун маданий казынасына эле эмес, ошол башка элдердин маданий казынасына да киргендиги. Ар кандай жазуучу өз замандаштарынын арасында гана кеңири белгилүү болуп, кадыр-баркка жетишүүгө эмес, ошону менен бирге келечек муундарга атын калтырып, алардын колдоосуна ээ болууга умтулуп келген. А. С. Пушкин өзүнүн «Мен өзүмө эстелик курдум кебелбес» деген кеңири белгилүү ырында мындай саптарды жазат:

Мен өзүмө эстелик курдум ырларыман,
Элдер каттап эч жолуна чөп өспөйт.
Билсең бийик Александр мунарынан,
Кол жетпейт да, солк этпейт.
Сөөгүм сөпөт, этим упат болор, мен анда,
Бу дүнүйө түптүз болуп кеткиче,
Жашайм жүрөк кылын черткен лирам да,
Акыркы акын өткүчө.
Атагымды даршаан кылып угат улуу Русь,
Аздектеп ар бир тилде атаар аны.

*М. Борбугулов*

**кесип** – род занятий, профессия
**сөөмөйлөп** – если сказать пересчитывая по пальцам
**эриш-аркак** – в мире





## «Жамийла» повести

Ч. Айтматов «Жамийла» повестинде кыргыз чындыгынын терең социалдык катмарларын көркөм изилдөөнү, турмуштук байланыштарды ар тараптан кеңири камтып, көп пландуу панорама жаратууну максат эттеди, өзүнүн оюн бир чекитке, бир борборго топтоду. Бул – Жамийланын сүйүүсү. Кыргыз кызы Жамийланын сүйүүсү жөнүндөгү повести француз жазуучусу Луи Арагон сүйүү жөнүндөгү «дүйнөдөгү эң сонун баян» деп атады.

«Жамийла» повести сүйүү жөнүндөгү дүйнөлүк эң бийик көркөм үлгүлөрдүн катарында менчиктүү[1] ордун алганын реалдуу турмуш көрсөттү.

Ч. Айтматов өзүнүн «Жамийла» повести менен улуттук көркөм сөз искусствосуна күтүлбөгөн, ойго келбеген ачылышты алып келди. Улуттук чындыкка, улуттук турмушка, салт-санаага[2] карата болгон жаңы көркөм мамилени, жаңы дүйнөлүк көз караштын негизинде кыргыз жазуучусу азыркы адамдын, азыркы инсандын ички жан дүйнөсүн ачып көрсөтүүгө жетишти. Маселен, Пушкиндин Татьянасы орус кыштагында, Айтматовдун Жамийласы дал кыргыз жергесинде, Күркүрөөнүн боюнда дал ушул жүрүш-турушу, кыял-жоругу[3] менен дүйнөгө келмек. Эгерде, Ч. Айтматов согуштун оор жылдарында жөн эле эрин таштап, башка бирөөгө кетип калган жеңил баа аялдын тагдырын сүрөттөгөн болсо, анда ал кимди кубангандырып, кимди толкундатып, ушунчалык кадыр-барк[4] тапмак эле. Кептин баары, сүйүү проблемасы анчейин карандай сүйүү жөнүндө эмес, ушул окуянын өнүгүп-өрчүшүндө автор адам жөнүндөгү чоң чындыкты, улуттук чындыкты айтып жатканында, кыргыз аялынын улуттук көркөм сымбатын, жан дүйнөсүн көрсөтүп жатканында.

Баарынан мурда, элдин башынан өлчөмсүз, трагедия өтүп жаткан кандуу согуштун оор учуру. Жамийланын күйөөсү фронтто. Мейли, ал Жамийланы эрегишип «ала качып» алган болсун, мейли ал аялына тиешелүү көңүл бөлбөй, кайдыгер[5] мамиле жасасын, баары бир мыйзамдуу[6] күйөөсү, азыр эл четинде, жоо бетинде. Муну менен эсептешпей коюшка болбойт. Дал ушул кырдаал Жамийланын абалын ого бетер татаалдантат, анын ички дүйнөсүндөгү драматизмди күчөтөт. Мына ошондуктан, айрым изилдөөчүлөр айткандай, Жамийланын сүйүүсү «бир көргөндө» эле башталып, дароо эле чечилип калган жок. Ч. Айтматов накта реалист художниктин салтына ылайык[7] Жамийланын башына түшкөн бул оор сыноону өтө этияттык жана сабырдуулук[8] менен психологиялык талдоодон өткөрөт. Бул окуя чыны менен Жамийланын адамдык, аялдык затына туура келген катуу сыноо.

[1] **менчиктүү** – собственный
[2] **салт-санаага** – помыслы, внимание
[3] **кыял-жоругу** – характер
[4] **кадыр-барк** – ценность
[5] **кайдыгер** – равнодушный
[6] **мыйзамдуу** – законный
[7] **ылайык** – соответствующий, подходящий
[8] **сабырдуулук** – терпеливость, сдержанность, выдержка

Жамийла жөнүндө айтканда, Даниярды кошо ала жүрүү керек. Анткени булардын биринен бирин ажыратып, бөлүп таштап түшүнүү мүмкүн эмес. Жамийланын өткөн турмушу, өз «тарыхы» бар сыяктуу, Даниярдын өмүр-таржымалы[1] бар. Көрсө, ал өзү ушул жерлик, бирок башка да жекече өмүр-таржымалы[1] бар. Көрсө, ал өзү ушул жерлик, бирок башка жакта жүрүп, согуштан жарадар болуп, өз айлына кайтып келген. Канткен менен жатыркап, чоочун. Мындайча айтканда, бул дагы өз жайын таппаган, тагдырынын «куугунтугунда» жүргөн киши. Башы эле бош дебесе, Жамийланын экинчи бир түрү. Мына ошол тагдырлаш адамдар кайчылаш жолдордо[2], чоң сыноонун алдында кездешип калышты. Кездешкенде да согуштун эң бир оор жылдарында.

Чынында, бардыгы Жамийланын «тамашасынан» башталды. Ал турмак «сөз кайрыбай» баарын көтөргөн Даниярды (балким, бул «тамаша» ага жагып жаткандыр) Сейит сезип, аяп да кетти:

«– Жоош немени ушинте бергениң кандай, жеңе? – деп айтсам, Жамийла:

– Ай, койчу, ушуну! – деп колун шилтеп күлчү. – Бекер жүргөндөн көрө тамаша да! Аны эмне кудай алмак беле ошондон!..

Жүрө-жүрө жеңемдин бул тамашасына мен да кошулдум. Анткени Данияр Жамийлага өтө эле кадала карай турган болду».

«Тамаша» эми чыңга айланмак болду. Анткени Даниярдын Жамийланы «кадала караганы» шек туудура баштады. Бөтөнчө байкагыч Сейиттин көңүлүндө. «Тамашага» Сейит өзү да кошулду. «Жолду карай «чаңдатып», «алма менен ургулап» келаткан булардын тамашасы жети пуддук чоң карала каптын окуясы менен өзүнүн кыл чекитине, апогеясына жетти. Ушундан кийин «тамаша» ачыкка чыкты, баары түшүнүктүү боло баштады.

Карала каптын окуясы жөнүндө кимдер гана жазбады, кандай гана жазбады! Бул жерде айрым гана мүнөздүүлөрүн келтирели, Г. Гачев маселен, Данияр өткөн «сыноолордун» тизмегин түзүп келип, чоң карала кап жөнүндө мындай жазат: «Даниярдын каршылык көрсөтпөгөнүн билип калган Жамийла… аны ого бетер кемсинткиси[3] келди...

Күчтүн жана эркtин бул сыноосунан Данияр ар-намыс менен өттү: биринчиси, аксак бут Данияр өзүнүн Олимп тоосуна чыгып баратты, экинчиси тамашакөй[4] «уйкудагы сулуу» Жамийла ойгоно баштады». М. Борбугулов болсо түз эле минтип жазат: «Данияр бул жерде чыныгы эркек, чыныгы жигит катары сыноодон өтөт».

Дал ушул учурдан баштап, Жамийла Даниярдын нукура[5] табиятын түшүнө баштап, өзүнүн көңүлүндө эмне бар экенин түшүнүүгө жөндөмдүү эркек ушул окшойт деген ой сезимде калат. Дал ушул жерден баштап Данияр «азоого чалма чала баштайт»[6], Жамийланын образынын улуттук мазмунуна кеңири токтолгон сынчы В. Левченко мындай деп жазат:

[1] **өмүр-таржымалы** – биография

[2] **кайчылаш жолдордо** – на перекрёстке дорог

[3] **кемсинт** – относиться свысока

[4] **тамашакөй** – весельчак, насмешник.

[5] **нукура** – чистый

[6] **азоого чалма чала баштайт** – обуздать необъезженного коня



www.bizdin.kg

«Француздарды Жамийланын кетиши, күйөөсүнөн кетиш фактысы эмес (Кыргызстандагы сыяктуу), искусство чыгармасынын өзү, түпкүрдөн, образдардан сызылып чыккан нерселер, жаратылышы, бүт турпаты менен жандуу бүкүлү кабылдоодон туулган кайталангыс[1] музыка таң калтырган көрүнөт».

Чыңгыз Айтматов Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы кыргыз аялынын тагдырын сүрөттөгөн, ошол тарыхый мезгилдери кыргыз аялы жөнүндөгү биринчи эпикалык циклди түзгөн («Бетме-бет», «Жамийла» повесттери менен биргелешип) «Саманчынын жолу» повестине кийинчерээк келди. Буга чейин жазуучу «Ботогөз булак» (1961), «Биринчи мугалим» (1961), «Делбирим» (1963) повесттерин жарыялаган эле. Дагы бир өтө маанилүү тарыхый-адабий жагдай. Ушуга чейинки жазуучунун «Бетме-бет», «Жамийла», «Ботогөз булак», «Биринчи мугалим», «Делбирим» деген чыгармалары «Повести гор и степей» деген ат менен жыйнакталып, ага 1963-жылы Лениндик сыйлыктын лауреаттыгы берилет.

## Жамийла

*(Повестинен үзүндү)*

Ар дайым бир жакка жол жүрөрдө, мен ушул алкагы жөнөкөй жыгачтан жасалган сүрөттүн алдына келип турам. Мына эртең да айылга жөнөймүн. Сүрөттү карап, мен андан жолума ак тилек бата алып жаткан өңдүү, аны көпкө көз айрыбай тиктейм.

Ушул күнгө чейин бул сүрөттү эч бир көргөзмөлөргө да берген жокмун, ал тургай айылдан туугандарым келгенде, көздөн далдалап бекитип коём. Анча эле жашыргандай эмнеси бар, уяттуубу деп, кокус оюнарга кетип жүрбөсүн, – жок, бул сүрөттүн эч кандай ыксыз жайы деле жок, же болбосо, ага «көз тийип» кетет дегендей, ал бир ашкан укмуш да эмес. Биринчи көрүшкө жөнөкөй эле кадыресе сүрөт. Бетине тартылган жер кандай жөнөкөй болсо, сүрөт өзү дагы ошондой жөнөкөй.

Сүрөттүн тээ ички тереңинде – күзгү асмандын ала бүркөк чет жакасы. Шамал бирин-серин булуттарды бир жакка бет алдырып, алыста кылтыйган чокуларга жандатып, кыялата айдап бара жатат. Андан берки көрүнүштө – бозоргон сары талаа, кең өзөн. Чет-четтен чийлер ыкташып, жаан-чачындан кийин топурагы борпоң, тоборсуп карайган жолдо, катарлаш баскан эки жолоочунун изи тигинден бери чубайт. Жолоочулар улам жакындаган сайын алардын издери жерге даана түшүп, өздөрү азыр дагы бир-эки кадам шилтешсе, алкактын сыртына аттап, ушундан ары кетип калчудай сезилет. Айтмакчы, жолоочунун бири... Бирок мен шашпайын, сөз башынан болсун.

Бул өзү-кечээ эле балалык чактагы окуя. Ата Мекендик согуш үчүнчү жылга аяк басып, Курск менен Орелдун майданында күчөп турган кези. Анда биз, бир кур өспүрүм балдар, колхоздо араба[2] айдап, суу сугарып, чөп

[1] **кайталангыс** – неповторимый

[2] **араба** – телега



6-85

чаап, айтор, – согушта салгылашып жаткан эр бүлөлөрдүн оор түйшүгү биздин мойнубузда калган.

Өзгөчө эгин-жыйын келгенде аптасы менен үй бетин көрбөй, күн-түн кырманда, же болбосо эгин төгүп станцияда, жолдо бозуп жүрчүбүз.

Мына ушинтип саратан талаа ороктун кызуусунан өрттөнүп турган күндөрдүн биринде, станцияга каттап жүрүп, көптөн бери үйдөгүлөрдү көрбөй, бара кетейин деп, жолдон салт[1] арабамды кайрыдым.

Биз башынан эки үй жанаша турабыз. Үч кез дубалы мыктап салынган, мечит жактагы дөбөчөдө[2] турган бак-дарактуу короолор ошол биздики. Мен чоң үйдүн баласымын. Агаларым согушка кетип кабар[3] жок, – экөө тең үйлөнө элегинде кеткен. Карыган атам жыгач уста, колхоздун жүрүп турган ушул тактай араба, шады араба баарысы дээрлик ошол кишинин колунан чыгып турат. Таңдан намазын окуп устаканасына кетет да, күн бата келет. Үйдө апам менен карындашым бар.

Берки кичи үйдө болсо биздин жакын туугандарыбыз турат. Жакын дегеним, ортобуздан эки-үч ата өтсө да, алар менен башынан малыбыз, жаныбыз бир. Тээ чоң аталарыбыз бирге көчүп, бирге конуп өтө ынтымактуу турушкан экен, ошолордун салты менен биз дагы арабызды алыстатпай, кол үзгөн жокпуз. Колхоз уюшулганда аталарыбыз короо-жайларды бир жерден жанаша тургузушуптур. Ал гана эмес, эки суунун ортосундагы биздин Арал көчө ылгый эле бир атанын балдары.

Кийинчерээк берки үйдүн ээси дүйнөдөн кайтып, артында аялы менен тестиер эки уулу калат. Илгертен калган адат боюнча агайын-туугандар жесирдин башын байлап коёлу деп, арбак, кудайга тууралап: менин атама никелештирип коюшат. Ал үй жонунан өзүнчө түтүн болуп саналып, мал оокаты, чарбагы бөлөк болгону менен, чынында биз баарыбыз бир үй-бүлө болчубуз. Алардын да эки уулу аскерде. Улуусу – Садык жаңы эле келинчек алганда кетти. Фронттобуз деп анда-санда[4] алардан кат келип турат. Кичи үйдө кичи апам менен анын келини эле калышты. Ал экөө да эртеден кечке колхоздун жумушунда. Кичи апам, – аны айылдагылар иштерман деп коюшат, ээ бир дүйнөдө табылбаган карапайым, сонун киши да. Түк бир бригаттар менен жаакташпай, жүр деген жагына жүрүп, берки жаш келиндер менен тең катары эле арык да чаап, суу да сугарып, кетмен колунан түшпөйт. Анын келини Жамийла, кудай билип берген бейм, ал дагы жумушка кайраттуу, мыкты келинчек, бирок мүнөзү[5] башкачараак[6].

Жамийла жеңемди мен чын ниетим менен жакшы көрчүмүн: бир жагы жеңем, бир жагы, – ал менден азыраак эле улуу, тең курбу сыяктуу эле. Ал дагы мени «кичине бала» – деп, инисиндей эркелетет.

Ушинтип эки үйдүн тең тиричилиги өзүмдүн атам менен карындашымда. Карындашым анда секелек ойноок кыз, садагасы, анын ошондо апама жардамдашканын, мүнөзүнүн жайдарысын түк өмүр бою унутпас-

[1] **салт** – традиция
[2] **дөбө** – холм
[3] **кабар** – известие
[4] **анда-санда** – иногда
[5] **мүнөзү** – характер
[6] **башкачараак** – другой (сравн. степень)



www.bizdin.kg

мын. Эки үйдүн тең козу-улагын жайган да ошол, тезек терип, отун алган да ошол, балдарынан кабар албаган апамдын кайгы-муңун алаксыткан да ошол. Бу биздин эки үйдүн ынтымагын, ырыс-берекесин сактаган апам, бидерманы да апам, ал кишилердин арбагын сыйлап, сеники-меники дебей, эки үйдү тең адилеттүү башкарып, айылдагы эски нускалуу, кадырман байбичелердин бири. Бизге тийиштүү кандай гана иш болбосун апамдан чечилет. Атамды үй ээси[1] экен деп эч кимиси кайрылчу да эмес. «Ой, устакеңе барбай эле кой, – ал дөңгөлөк, аспаптарынан башка эчтеке менен иши жок. Алардын эки үйүн тең билген байбичеси, ошого бар» – дешчү. Дагы да андай-мындай иштерге, жаштыгыма карабай, мен кийлигишип кетчүмүн. Анткени, агалар аскерге кетип, эки үйдүн бел байлар жигити деп коюшканына корсоюп, мен өзүмдү кандайдыр жоопкерчиликтүү[2] сезем. Апама болсо менин андайым жагат, – бышык болсун, тыкан болсун, атасынча жыгач чапкандан башканы билбей, тиричилик аласа-бересеге көнсүн дейт. Мен арабамды чарбактын четине, көлөкөгө айдап келсем, биздин бригадир Орозмат, балдагын канжыгасына байланып алып, короонун оозунда апам менен эмнегедир кежеңдешип айтышып жатыптыр.

Жакындай келгенимде апамдын үнү угулду:

– Барбайт андайыңарга! Кудайды карап иш кылсаңарчы: аял деген качан эле араба айдачу эле? Кой, айланайын, келинимди ошол орогуна эле тим койгула. Ансыз да жалгыз бойлуктун[3] азабын тартып, эки үйдүн тең түйшүгү өйдө каратпайт! Бир базардан бери белиме жел туруп, тиги жүгөрүлөрдүн түптөрү үйүлбөй жатат! – деп, заңкайта орогон элечектин ээк алгычын апам адатынча кайра-кайра жакасына кыстай, булкулдап жаткан экен.

Орозмат ээрде чалкалай берип, аргасы түгөнгөн кишиче онтоду:

– О, кокуй-ой, жарыктык, менин төрт мүчөлүм соо болуп, колумдан келсе, өзүм эле баягыдай каптарды арабага ыргытып-ыргытып жиберип, шакылдата айдап кетпейт белем! Лаажы жок, – бой келиндерге араба айдаталы деп жатсак, макул деген келинди сиз тыйып салсаңыз, план толбойт: пронттун эгинин токтоосуз деп, тыяктан чоңдор үстөлдү муштагылап жемелесе, бу деги шартка түшүнсөңөр болбойбу!

Нары жактан шапалак камчыны сүйрөй баскан мени көргөндө, бригадир алда кандай ой тапкансып, сүйүнүп кетти:

– Андай эле келиниңизге жолдон тентек арабакечтер тиет десеңиз, мына – кайниси турбайбы! – деди ал, мени көрсөтүп. – А бу иним жеңесине бирөөнү жакын жуутмак турсун, каратып да койбойт. Андан кам санабаңыз Сейит азамат өзү, бизди жансактатып жаткан мына ушул балдар да азыр, садагасы кетейиндер...

Апам мени көрө салып, бригадирдин сөзүн бөлүп жалынды.

– Ии, тентиген арам... Чачың өсүп, жүдөп да калыптырсың го өзүң. Жанагы атасы түшкүрү баланын чачын алып берүүгө да чолосу тийбейт... Ата имиш...

– Андай болсо бүгүн чачын алдыртып, кемпир-чалга эркелеп кетсин, –

[1] **үй ээси** – хозяйка дома
[2] **жоопкерчиликтүү** – ответственный
[3] **жалгыз бойлукту** – не замужняя

www.bizdin.kg

деп, Орозмат жайдарыланып коштоду. – Сейит иним, бүгүн үйгө түнөп, аттарыңды тыныктыр. Эртең Жамийлага араба беребиз, жеңеңди кошуп алып өзүң баш бол. Байбиче, чочубай эле коюңуз Сейит турганда. Андан калса, жанагы «жаңы туулган Даниярды» кошуп берейин: өзүңүз билесиз ал деги адамга зыяны жок бечара... Өздөрүнчө үч араба бир бригад болуп, стансага каттай беришсин, башкаларды булардын жанына кошпоюн да... Э, Сейит, сен кандай дейсиң. Бу апаң Жамийлага араба айдаталы деп жатсак, көнбөй жатат, өзүң айтчы.

Бир чети, – бригадир менин мактоомду жеткизип, бир чети, – ал менден кадыресе акыл сурап жатканга, анын үстүнө жеңем жанымда араба айдап жүрсө, кандай сонун болор эле деген балалык ой менен, мен мурчуюмуш болуп, апама айттым:

– Айдай берсин, аны эмне карышкыр жейт беле! – деп, тиги чоң арабакечтерди туурап, чырт түкүрүп, камчыны сүйрөй, жайбаракат теңселип бастым.

– Ии, күрсүлдөгөн урган, карышкыр дейби? Кой, айланайын, сен эмнени билип коюптурсуң! – деди апам ачуулана эреркеп.

– Э, билбей анан – эки үйдүн бел байлар жигити да! – деп жиберди Орозмат, апам жаңы макул болуп келе жатканда, айнып кетип кайра жаакташабы деген коркунуч менен жапылдап, эмне дээрин билбей, кайсалактады.

Аңгыча апам солгун үшкүрүп койду:

– А-а, кудай, ушу тырмактай немебизге өмүр берегөр... Бел байлар союлдай жигиттерибиз алда кайда: журтта калгандай эле аңкылдап калбадыкпы...

Андан аркысын мен уккан жокмун. Тамдын бурчун камчы менен бир тартып, саамайлары сербеңдеп, кичинекей колдору менен эпилдете тезек жайып, мага кубанычтуу жылмайган карындашыма анча деле назар салбай, далисте турган чоюн кумганды энкейте шашпай колумду жууп, колтугума аарчыдым да, дароо үйгө кирерим менен адегенде чоң кесе айранды жутуп жиберип, экинчисин терезенин түбүнө алып барып, нан туурап жедим. Эшикте апам менен Орозмат дагы эле сүйлөшүп туруптур. Бирок, бул жолу алар жай эле муң айтышып жаткандай өңдөндү. Апам улам-улам ээк алгычы менен кабара түшкөн көздөрүн аарчып, тиги бир нерселерди жоотуп айтып жаткан Орозматка өзүнчө муңдана баш ийкеп, кылгырган тумандуу көз караш менен тээ алыска-алыска, кабарсыз балдары көрүнө калчудай тиктейт. Айтор, капаланып бошой түшкөн апам, Жамийланын араба айдашына көндү окшойт. Бир аздан кийин бригадир ыраазы болгондой, жорго байталын шарт камчыланып, чойтоңдото бастырып кетти.

Анда бул иштин аягы эмне менен бүтөрү апамдын да, менин да капарымда жок.

* * *

Жамийланын эки атты башкарып, араба айдап кетишине мен эч кандай күмөн санаган жокмун. Ал өзү кичинесинен жылкыда жүрүп өскөн, тээ боордо, Бакайыр айлындагы жылкычынын кызы эле. Биздин Садык дагы жылкычы болуп жүрүп, жайлоодогу малчылардын тоюнда кыз куумайга түшүп, Жамийлага жетпей калган имиш, ошондон кийин намыстанып аны



ала качып келгенин уккам. Андай эмес, экөө көңүлү менен кошулушкан деп да айтып жүрүштү абысын-ажындар. Эмнеси болсо да, алар үч-төрт ай эле бирге туруп, анан Садык акемди аскерге[1] алып кеткен. Билбейм, балким жаштайынан атасы менен бирге ой-кырда жылкы айдашып, ат чапкылап жүрүп, өктөм өскөнбү, анын үстүнө, жалгыз кыз бала экен, айтор, Жамийланын жүрүш-турушунда кандайдыр кайраттуулук[2], эркекке таандык мүнөз бар. Ар бир ишке шамдагай киришип, башка келиндердей башым, белим дечү эмес. Анан өзү да бирөөгө жемин жегизбеген өжөр, айтышкан менен айтышып, тилдешкен менен тилдешип, ал тургай бир-эки жолу келиндер менен тытышканы да бар. Жан-жакадагы жеңе-желпилер: «Э, ботом, бул кандай тыкчыңдаган келин эле! Эшик төрдү көргөнүнө бир күн болбой жатып, тили менен тим эле буудай кууруйт!» – дегендерине апам: «Ошондою мейли! – деп, кайра жактай кетчү. – Келинибиз ошондой ачык-айрым, таймаңбас... Адамдын ичи-койну ачыгы эле жакшы болот, – сасыткылар кайра ошо тымпыгыйлардан чыгат».

Атам менен берки иштерман энем го, алар деги кайната-кайнене катарында Жамийланы кагып-силкпей, жай эле чын ыкласы менен эркелетишип: «Кудай өзүнө ыксап берсин, түз жүрүп нээтин бузбаса эле болду!» – деп коюшчу. Өстүрүп чоңойткон төрт уулду аскерге жөнөтүп жиберип, эки үйдүн ортосунда колго кармап калган жалгыз келиндин көзүн карашабы, бирок мен апама таң калган жерим бар. Башканы мындай коёюн, апам бирөөнүн көзүн карай турган киши эмес. Эски салтты коё бербей, атам өзү чапкан алты канат боз үйдү ар жылы жаз чыгары менен короого тигип, арча түтөтүп кут сактап, бизди баарыбызды тектүү, катуу тарбияда өстүрүп, башынан эки үйдү бийлеп келген апама үй-бүлө анын айткан дегени менен болушу керек[3]. Ал эми Жамийла келери менен биздин арабызда айырмаланды. Ырас, ал энелеринен ийменип, аларды сыйлачы, бирок айылдагы көпчүлүк келиндердей болуп, үн этпей[4] башын жерге салып, же болбосо тескери карай көгөрүп сүйлөнбөй, өзү туура таап, айтам дегенин тартынбай айтып, ой-пикирин жашырчу эмес[5]. Жүйөлүү болсо апам көбүнчө аны менен макул, бирок ошондо да акыры ток этер сөздү ал оңой эле бирөөгө бере койбойт. Менимче, апам аны мүнөзүнүн күчтүүлүгүн, адилеттүүлүгү жагынан өзүнө жакын, өзүнө тең болорлук көрүп, келечекте аны эки үйдүн башын коштуруп, очоктун ырыс-берекесин сактаган өзүндөй мыкты орун басар катарында калтырып кетейин деген ою бар болсо керек.

– Аллага шүгүр, тектүү, куттуу жерденсиң балам. Ал да болсо сенин багың, ушуну билип жүр. Аял деген кудай этегинен айтып, үйүнө береке турса, башка эмнени тилемек эле. Мына, жыйган-тергенибизди биз чалкемпир кошо алып кетмек белек... Кадыр-баркыңды сактасаң, энчиңе бакдөөлөт сактаганың ошол, балам! – деп, эскерте турган.

Баса, энелерди саал чочуткан бир нерсе бар эле. Жамийла өтө эле шайырсымак, бала кыялдуу. Кээде ал эч бир себепсизден энелерине эрке-

[1] **аскерге** – в армию
[2] **кайраттуулук** – терпенье
[3] **болушу керек** – должно быть
[4] **үн этпей** – без звука
[5] **жашырчу эмес** – не скрывал

www.bizdin.kg

лей кетсинби, же болбосо шаңкылдап каткырып жиберсинби, же көчөдөн короого кирип келе жатканда, куду эле жаш кыздарча арыктан так секирип, жүгүрүп келсинби, анан өзүнчө эле ырдап жүрөт. Энелер Жамийланын мунусун кеп кылып, анан кайра: «Бала да, бара-бара салмак тартар» – деп коюшчу.

Ал эми мага жеңемдин ушундайы жакчу. Ал экөөбүз алышып-күрөшүп, кубалашып да кетебиз.

Жамийла өзү шыңга бойлуураак, белдүү келин. Эки өрүмгө батпай, дүркүрөп өскөн калың чачын кысып туруп, бир байлам ак жоолукту маңдайына кыйгачтатып, шарт буунуп алса, кызыл торусунан келген, балкылдаган тегерек жүзүнө ак жоолук эп келише калат. Жамийла күлгөндө, анын чымкый кара сүйрүрөөк көзүндө ден соолуктун, жаштыктын ашып-ташкан күчү ойт берип, ал эмнегедир[1] өзүнчө бой каранып, секетбайдын туздуусунан ырдап жиберет. Айыл арасындагы жигиттер, өзгөчө фронттон кайтып келгендер Жамийлага кызыгып, тийишишип жүргөндөрүн алда нече байкагам. Тамашаны жакшы көргөн жеңем алар менен тамашалаша берчү, бирок колу шокторду жанына көп жуутчу эмес. Ошондой болсо да, мен өтө ичи тар элем, жеңемди кызганып, берки тийишип жаткан «бузуктарга» сыр көрсөтөйүн дегендей: «Байкагыла, мында мен, кайниси турам! Коруп алар эч кимиси жоктой көп эле сугалактай бербегиле!» – дегенчелик кылып, алардын сөзүн бөлүп, эпсиз какшыктап, эң акыркы сүзөнөөк теке-улакчасынан кыйшайып кабактын астынан үлүрөйө тиктейм. «Ой, алдагы жаман кантет, жеңе ушунуку беле!» – деп жигиттер күлгөндө, кудай билет, кызарып-татарганым аз келгенсип, көзүмө жаш имериле түшөт окшойт. А мени түшүнгөн жеңем, кубанычтуу күлкүсүн тыялбай суз жылмайып: «Ишиңер болбосун, жеңе деген жерде жатыптырбы? Жүр кеттик кайним!» – деп, тигилерди ого бетер кызыктырып, бураң этип, башын өйдө чулгуп, мени менен кошо басып бара жатып, өзүнчө ыраазы болгондой да, ызалангандай да, унчукпай күлүмсүрөйт. Мүмкүн ошондо: «Жеңе коруйт десе ушунте бересиңби, кичине бала? Кызыксың да анан, көңүлүм бузулса, миң коругула, мен чабырдагы чымчык эмесмин да!» – деген ой кетеби ага?.. Мен дагы ошондо айыптуу немедей унчукпайм. Бирок, аздан кийин эле жеңем кайра жазылып: «Ии, кичине бала, кызыксың да анан!» – деп, адатынча мени бооруна кысып, маңдайымдан өбөт.

Ооба, мен жеңемди эч кимге ыраа көрбөй кызганам, анын ирендүүлүгү менен, өзүн эркин алып жүргөн мүнөзү менен ичимден сыймыктанчумун. Билбейм эмне үчүн экенин, бирок биз өтө жакын элек, биринен-бири эчтеке жашырбас сырдаш курбулар сыяктуу элек. Ал кезде айылдагы эркектер аз, ошондон улам кээ бир көкүрөк көтөрүп, дөгүрсүнгөн жигиттер, өзүн «мен гана» дегендей сезип, аял алар үчүн кеп эместей. Бир жолу чөп чабыкта, улам эле жөнү жок ыржалактап, айтканым сая кетпейт дегендердин бири – биздин тууган сөрөй Осмон тийише бергендиктен, Жамийла анын сенек колун жактырбай силкип салды да, көлөкөдө отурган жеринен өйдө боло берип:

– Турчу нары! – деди. Анан тескери карап, өзүнчө капалана үшкүрдү.

[1] **эмнегедир** – почему то



– Аңгиликтен башка колуңардан эмне келет дейсиң?

Чөп маянын түбүндө талтая жамбаштаган Осмон, шилекейленген калбык ээрдин кекерлене түйрүп, бышкырды:

– Тигини, мышык этке жетпей жатып сасык дейт... Мурдуңузду чүйрүбөй эле коюңуз! Кесирди эмне кылат экенсиң: көзүң катып өлүп эле жүрөсүң го...

Жамийла жалт бурулуп кубара түштү:

– Өлсөм өлүп жүргөндүрмүн, – кудайдын башка салганы! Бешенебиз ушул экен – сен, акмак, андан эмне күлөсүң? Көзүм катмак турсун миң жыл так өтсөм да, сага окшогон шүмшүккө кесиримди артканым арткан! Акмаксың, баягыдай тынчтык замана болсо, көрөр элем ушинтип айтканыңды!

– Ошону айтам да! Согуштун кесепетинен камчынын уусуна сугарылбай кутуруп жүрбөйсүңбү, – Осмондун көзү жүлжүйө майланышып, ал ээрдин тиштене тамшанып алды. – Менин гана катыным болуп калсаң ээ...

Эриндери[1] дирилдеген Жамийла Осмонду бардык күчү менен жекире карап, бир нерсе айтмакчы болуп ага умтула берди да, анан: «ушуга айткан кайран сөз» – деди окшойт[2], «түү» – деп, тигини көздөй[3] жийиркеничтүү[4] түкүрүп, жерде жаткан айрыны ийнине салып, унчукпай четке басты. Мен бери жакта арабанын үстүнөн чөп түшүрүп жатат элем, мени көрө салып, Жамийла чукул бурулуп кетти. Жеңем мен ошондо кандай абалда экенимди билди. Сөз ага эмес мага тийгендей, мен ал үчүн ызаланып, намысым кайнап: «Андайларга эмне үчүн жолойсуң, алар менен эмне үчүн сүйлөшөсүң?» – деп, жеңеме жаным ачып, кейип турдум.

Ошол күнү кергээли кечке Жамийланын ийилген кашы сустайып, шыңкылдаган күлкүсү тыйылып унчукпады[5]. Мен шады арабаны үймөктөрдүн жанына айдап келгенде, ал мени сүйлөтпөс үчүн атайын жумушка алаксытып, ичин өрттөп жаткан ой-санаасын байкатпай, чоң үймөк чөмөлөгө айрыны ныгыра сайып, тоо омкоргондой аны бүт бойдон жерден так көтөрүп, бетине калкалай келип, улам арабага өжөрлөнө силкип таштап жатты. Тигиндей узай берип артыма караганымда, жеңем айрынын сабын таянып, бир азга солгун туруп, ойлонуп калат да, кайра жумушка кирет.

Кеч бешимде акыркы арабага чөп басып жатып, Жамийланын тиги өчүп бара жаткан күндү карап турганын байкадым[6]. Наркы өйүздө казактын боз адыр белесинде от жагылган тандырдын оозундай алоолонуп, билинер-билинбес мелт-мелт ылдый чөгүп, жерге күүгүм чакырып, асмандагы борпоң булутчаларды кызыл сур түскө боёп, талыкшып албырган күндү, Жамийла алаканын көзүнө калкалап, ошол жакта кандайдыр бир сонун көрк ачылып келе жаткансып, муңайым күлүмсүрөп карап турду. Баятан куушурулган кашы азыр жазыла берип, жүзү жарык тартып жумшарды.

[1] **эриндери** – губы
[2] **окшойт** – похоже
[3] **көздөй** – в сторону
[4] **жийиркеничтүү** – брезгливо
[5] **унчукпады** – промолчал
[6] **байкадым** – заметил

www.bizdin.kg

Ошондон улам ал менин айтылбаган, бирок али да жүрөгүмдү өйкөп, тилимдин учунда турган: «Андайларга эмнеге жолойсуң, алар менен эмне үчүн сүйлөшөсүң?» – деген кейиштүү суроомо жооп бергендей, мен анын эң жакын сырдаш курбусу өңдүү:

– Сен жанагыны оюңа албай эле кой, кичине бала, – деп койду. – Ушул Осмонго окшогондор да кишиби? Дөбөттөр да ал бир...

Жамийла унчукпай калып, күндүн кылтыйып үзүлүп бара жаткан четин ойлуу карап, мага эмес өзүнө угуза айтты:

– Андайлар адамдын черин жазмак кайда... Ал жүрөктүн түпкүрүндө жатат да. Кудай билет, андай эркектер дүйнөдө жок да чыгар?..

Мен антип-минтип арабаны кайырганча карасам Жамийла нары жакта иштеп жаткан келиндерге жүгүрүп кетип, алар менен бир нерселерди тамашалаша айтышып, кубалашып да кетиптир. Күндүн таптаза батышын көрүп көңүлү ачылдыбы, же жумушту ойдогудай бүтүргөнүнө ыраазы болдубу, айталбайм. Чөп баса үйүлгөн арабанын үстүндө олтуруп, буурул-ала салкын көлөкө жайылган чабынды менен жоолукчасын булгалап, кулачын кере жүгүрүп бара жаткан Жамийланы көрүп, менин да көңүлүм ачылды: «Ырас эле, Осмондун сөзү да кеппи?»

– Чү, аттарым, ылдамда! – деп, арабаны тездеттим.

Бригадир Орозмат айткандай, ал күнү мен чачымды алдыртып кетейин деп, атам устаканадан кайтканча, Садык акемдин катына жооп жаздым.

Кат жазуунун бизде өзүнчө салты боло турган. Аскердеги агалар катты атамдын наамына жиберчү, почточу аны апамдын колуна тапшырат. Келген каттарды окуп бериш жана жооп жазыш – ал менин милдетим. Катты окуй электе эле анда эмнелер жазылганын мен күн мурун эле биле турганмын, анткени алардын баары эгиз козудай бирине бири окшош болучу. Садык акем кат жазганда адегенде: «Амандык кат» – деп туруп, анан: «Андагы Таластын атыр жыттуу, салкын абасында жашаган, жандан артык көрүүчү агам Жолчубай», – деп, атамдан баштап, анан апамды, анан Иштерман энемди айтып, ушинтип баарыбызды бир-бирден өз кезеги менен атап, жакын туугандарыбыздын аманчылыгын сурашып, эң акырында: «Жана да аялым Жамийла аман-эсен турабы?» – деп, Жамийланы бир ооз сурап өтөт. Ата-эне, туугандар турганда аялын биринчи эскерип, катты анын наамына жазыш – жалаң эле Садык үчүн эмес, эркекмин дегендердин баарына эрөөн болобу, бирок биз ушундай эле катка көптөн-көп ыраазыбыз, айыл элинин түшүнүгүндө бул өзү салттагы иш. Катты бир эмес эки-үч жолу окутуп алгандан кийин, апам аны казан-аяктын ысык-суугуна тууурулган колуна алып, кагазды учуруп жиберчүдөй абайлай кармап, үч бурчтук кылып кайра бүктөйт.

– А-а, тумардай болгон катыңардан айланайын! – деп коёт ал, көзүнө жаш ала үшкүрүп. – Ата-эне, туугандар дейт тура? Бизди коюп өзүңөрдү эле кудай сактаса болгону, биз эмне... үйдө эмеспизби... Мен аманмын деп бир ооз эле чийип койсоңор, ошо да бизге чоң каниет...

Анан ал дагы бир азга катты телмире тиктеп, сандыктагы кат сактоочу тулубуна салып коёт.

Эгерде ошол учурда Жамийла да үйдө болуп калса, ал дагы катты бир сыйра ичтен окуйт. Ар убакытта кат колуна тиери менен Жамийланын бети албыра түшүп, ал аны демин токтото албай, шашылып окуй баштайт. Бирок, улам каттын аягына жакындаган сайын, өңүндөгү оту соолуп, ийилген кашы сустая жыйналат. Кээ бирде аягына чейин да окуп жетпей, Жамийла унчукпастан, катты убактылуу карызга алгандай, сустайган бойдон кайра энесине берет.

Кат сактоочу тулупту сандыкка бекитип жатып, келининин бозоро түшкөнүн байкаган апам, аны кайраттандырмакчы болуп жемелеп коёт:

– Кабар келгенине сүйүнбөй, кайра шылкыя калат экенсиң да, балам. Же аскерге кеткен жалгыз эле сенин күйөөң бекен? Эл тарткан азапты эл менен кошо тарт... Кудай кошкон жарын ким сагынбасын, сагынсаң да ичиңде болсун, ичиңе сакта...

Жамийла унчукпайт. Унчукпаганы менен ошол учурда кежирлүү капалана карап: «Сиз түшүнбөй эле айта бересиз да!» – дегенсийт.

Садык акемдин бул жолку каты да Саратов шаарынан келиптир. Ал анда госпиталда жаткан. Куда кааласа, күз ортосуна карай бошоп келермин дептир. Мурун да ушундай кабар келип биз сүйүнүп жүргөнбүз.

Атам жумуштан келгенде, чачымды тезирээк шыпыртып алдым да үйгө жатпай эле, аттарды бедеге коё берип, күндөгүдөй кырманга барып түнөдүм. Башкармалар малды бедеге жайдырчу эмес, бирок мен, аттарым мыкты болсун деп, көздөн далда алысыраак ойдуңдагы бедеге түндөп тушап койчумун. Эч ким аны билчү эмес. Бул жолу арабаны кырманга чыгарып коюп барсам, мен ээлеп жүргөн ойдунда төрт ат тушалып жүрөт. Ачуум келип, бул аттарды тээ алыска айдап салайын дедим. Бирок, эки ат жана бригадир айткан Даниярдыкы экенин таанып, эртеңден баштап баарыбыз бир бригад болуп, станцияга кошулуп каттап жүрөбүз деген ой менен тим койдум. Кырмандагы саманга жатайын деп келсем, Данияр дагы ушул жерде экен. Арабанын дөңгөлөктөрүн кечки жарыкта жаңы эле майлап бүтүп, бурамаларын бекемдеп жатыптыр.

– Данике, сайдагы аттар сеникиби? – дедим. Ал бурула берип, жай карап койду:

– Экөө меники.

– А беркилеричи?

– Жанагы Жамийла дейби... сол келиндики. Сенин ал жеңең беле?

– Жеңем.

– Айтпесе бүгүн түн багып бересиң деп, бригад өзү таштап кетти. «Ии, жана аттарды айдап жибербегеним жакшы болгон экен анда», – деп койдум оюмда.

Түн кирип, жогортон соккон сыдырым тыйылып, кырман да тынчыды. Мен жаткан саманга Данияр да келип жатты. Бирок, бир аздан кийин ал туруп кетип, нары суу аккан чоң сайдын тик ылдый түшкөн кашатына барып туруп алды. Ал ошол жерде эки колун артына алып, башын саал бир жагына кыйшайта, козголбой тура берди. Артынан карасаң Даниярдын сөлөкөтү айдын күүгүм жумшак жарыгында сомдон чыккандай арбайып, кашатта жалгызсырайт. Мемиреп жуушаган түнкү тынчтыктын уйкусун бөлүп, ушул кезде улам күч алып, бөгөлгөн таштарга башка бир кулакка угулар-угулбас дабыштарды тыңшагансып Данияр козголбойт. «Адатынча дагы суунун боюна барып жатайын деген экен го!» – деп, күлүп койдум мен.

www.bizdin.kg

Данияр биздин айылга жакында эле пайда болду. Чөп чабык жаңы башталганда, фронттон бир жарадар аскер кайтып келди деген кабарды айылдан чуркап келген бала сүйлөп берди. Бирок, ал аскер ким экенин бала өзү да билбейт. Айылда го белгилүү: бирөө аскерден кайтып келди дегенче болбой, жабыла учурашканы жүгүрүп барат эмеспи. Ал эми бул жолу анын аты-жөнү дайынсыз болуп, чөп чабыктагылар ого бетер чуу түштү.

– Чоочун дейт го?

– Чоочун болсо бул айылга эмнеге келмек эле?

– Баса, ошондой де!

Ушинтип, ал ким экен, кимдин баласы экен, биздин баланча болуп жүрбөсүн, биздин түкүнчө болуп жүрбөсүн – деп, чуулдаган чөпчүлөрдүн бир тобу айылга чаап барып да келишти.

Көрсө, Данияр түпкүлүгү биздин айылдан экен. Кишилердин айтымына караганда, ал кичинесинде тоголок жетим калып, анан ар кимдин колунда жүрүп, акыры тээ төмөн Чакмактагы казак таякелерине кетип, ошо бойдон артынан изденер, күйөөр жакын тууганы жок, элдин эсинен чыгып, унутулуп калат. Айылдан кеткенден кийинки өмүрү жөнүндө Данияр анча деле чечилип айтып бербептир. Бирок, азыр ойлоп карасам, анын көрбөгөн күнү, тартпаган азабы калбаса керек.

Илинер-карманары жок эбелектей баланы, турмуш бир жерден экинчи жерге айдап, сүрүп отуруп, карандай баштын жан сактоосун акмалатып, далай жерди кыдыртат. Данияр бир топко чейин Чакмактын боз даңгыр айланасында кой кайтарып, анан бой жетип, кайнаган чөлдө канал чаап, жаңы пахта совхоздорунда пахта эгип, суу сугарып, акыры Ташкенттин жанынан Ангрен шахталарында иштеп, аскерге кетет.

Эмнеси болсо да, элдер анын кайтып келгенин туура таап; «А, бечара, туз-насиби бар экен, акыры өз элин издеп келгенин карачы! – Ушунча жыл сыртта жүрүп өз тилибизди унутпаптыр, – аздап эле казакча чалышы бар» – дешип, өз ара ыраазылыгын айтышты.

«Тулпар айланып үйүрүн табат. Тууган жер, эл-журт деген оңойбу. Келгениң арбакка жагар иш: мына германды жеңип, тынчтыкка жетсек, сен дагы эл катары түтүн булатып балалуу-чакалуу болорсуң» – дешкен чалдар, Данияр дын жети атасына чейин сөөк сүрүштүрүп отуруп, анын кай уруудан экенин, айылдагы анча-мынча туугандары ким экенин да таап беришти. Элдер эми аны: «Жаңы тууган Данияр» – дешчү болду.

Ортодон көп өтпөй, бир күнү шинелин ийнине арта салып, сол бутунан сылтый баскан узун бойлуу, мойну куркуйган бирөөнү бригадир Орозмат ээрчитип келди. Өзүнчө эле чукчулдуктай бүлүнүп, жорго байталды кыдыңдата бастырган жампыгый Орозматтын жанында тиги узун бойлуу аскер, салмагын соо бутуна салып, кандайдыр демите арыштап, үнчукпастан калышпай келе жатты.

Биз, чөп чапкыч машина айдаган балдар, Даниярды ошондо биринчи жолу көрдүк. Анда жанагы бүгүлбөгөн бутунун жараты жакшы айыга элек, чалгыга жарабай, ал дагы машина айдашты. Чынын айтайын, биз аны анча жактыра бербедик. Себеби, Данияр киши менен көп сүйлөшчү эмес. Сүйлөшсө да ошол убакытта башка бир, өзүнө гана белгилүү ойлорду ойлогонсуп, кишини тике карап турса да, көңүлү башка жакта экени сезилип



турчу. Ал өзүнөн өзү кыялга баткандай, маңыроо сыяктуу. Аны байкаган кишилер: «Байкуш неме согуштан эси ооп калса керек», – деп да жүрүштү. Бирок, Даниярдын ушул мүнөзү, кыймылы тез иштегенине, чапчаң жүрүш-турушуна түк байланышпайт, – сыртынан карап турсаң, аны абдан курч, чечен неме го деп ойлойсуң. Мүмкүн, жетимдиктин запкысын көп тартып, турмуш аны тез иштөөгө, бирок көп сүйлөтпөй, сырын ичке түйүп, сактаганга үйрөттүбү? Балким, ошондой болуш керек.

Тартайган, москоол боюна жараша Даниярдын бет түзүлүшү шылынып чап жаак, кабагы дайыма чарчаңкы жыйрылып, көзү бир калыпта салмактуу тиктейт. Анын жүзүн өзгөртүп, кыймылга келтирген ийкемдүү кашы. Кээде ал бир үн чалгансып, сестейе калганда, каш серпкендей кашы өйдө боло берип, көзү жалжылдап, бир нерсеге сүйүнгөн өңдүү болот. Ал эмнеси экени биз үчүн түшүнүксүз. Бул гана эмес, анын башка да кызыктары бар. Кечке жуук, иңир чалышта аттарды коштоодон чыгарып, казанда кайнаган тамак качан даяр болот деп, отту тегеректеп, баарыбыз дем алып күтүп отурабыз. Данияр болсо, жаныбыздагы Кароол дөбөгө чыгып барып, караңгы киргенче ошол жерде олтурат. «Эмнеси бар анда, күзөт күзөтөбү?» – деп, биз күлөбүз. Бир күнү кызыгып, мен дагы Даниярдын жанына дөбөгө чыгып отурдум. Анча деле укмуштуу эчтеке жоктой бул жерде. Ырас, дөбөнүн үстүнөн айлана кеңири ачылып, тоо этектеп коюлуп келе жаткан көгүш иңирде, жайкы талаалар деңиз түбүнө чөккөнсүп, барган сайын куйкум көлөкө жамынат. Данияр менин мында келгениме көңүл бурган жок. Сынар тизесин кучактап, тек өзүнчө кыялданып, жүзү эргиген мейримде отуруптур. Ушул учурда ал мен укпаган, менин кулагыма жетпеген кандайдыр кереметтүү бир нерселерди тыңшап, ошого жан дили менен берилип; кулак салып отурган өңдүү туюлат. Кээде анын кашы бийик серпилип, көзү жайнап, ичинде демиккен бир зор күч бардай, ал чыңала түшүп, сыягы азыр өйдө тура калып, кулачын жая, айланадагы көз көргөндүн баарын кучактап, көкүрөгүнө бекем кысчудай термелет. Бир карасам жок, жөн эле чарчаган эмедей шалдырап, дем алып отурган сыяктуу.

Биздин колхоздун чөп чабындысы Күркүрөө суусунун ойдуң-буйдуңдуу чоң сайында. Күркүрөө дегендей эле капчыгайдан күркүрөп келип, ошол ашынган бойдон жан сабалап агат. Чөп чабынды маал, тоо суулардын кирген кези. Таштан-ташка күбүлүп, кум ойнотуп, сары көбүктарткан суу кечтен кошула баштап, түнкүсүн анын жер дүңгүрөтүп шаркыраганынан алачыкта жатып ойгонуп кетем. Каймагы алынган сүттөй, көк ирим аба, сырттан муздак илеп чалып, бадырая толгон жылдыздар жылчыктарга шыкаалайт. Түнкү тынчтыкта суунун агымы бөтөнчө күчтүү сезилип, алачыктын түбүнө шарпылдата толкун уруп, улам жакындап сүрүп келгендей. Жээктен алыс болсок да алачыкты каптап алып кетеби деген коркунуч эрксизден туулат. Жолдошторум бейкапар уйкуда, мен сыртка чыгам.

Сайдагы түн көрктүү да, коркунучтуу да. Жээкте тушалган аттардын караандары тигинде, мында бириндеп, тынч. Аттар баятан шүүдүрүм чөпкө тоюп, азыр кез-кез бышкырынып, тек гана магдырашат. Ошолордун эле жанында булуңдагы бүткөн бою суу, солкулдап бадал чырпыкты ыргай жапырып, таштарды ала-сала агызган Күркүрөө, эчтекеге ээ-жай бергисиз жапайы күч менен жердин астынан чыккандай күңгүрөнүп, жандуу, тилдүү

www.bizdin.kg

немедей сүрдүү, укмуштуу күү чалат. Аны тыңшап сүрдөйм, ичиркенем. «Баса, Данияр кайда болду экен?» – деп ошондо эстеймин. Ал дайыма так суунун жанындагы үймөк чөптөргө барып жата турган. «Ал эмне түнкүсүн коркпойбу, кулагы тунбайбы? – деген ой келет мага. – Уктап жатат болду бекен, же ойгообу? Тооба, өзү жалгыз суу боюна барып жаткандан кандай кызык табат, эмнеси бар мунун? Деги кызык неме... Адамдан оолак...» Кайда болду экен деп карайм, тыңшайм, эчтеке жок. Теребел жарык, кечит кара, жээкте толкун шыпшынат. Сайдын тээ башында, тоонун кыры мунарыктап, жылдыздар алыста көрүнөр-көрүнбөс.

Айлына кайтып келгенине бир топ күн болсо да, ушинтип эч кимге кошулбай, ар качан жалгыз жүрүп, Данияр өзүнө жоро-жолдош күтө албады. Бирөө менен жакындашуу, душмандашуу ага жат өңдүү, эч кимге жаман айтпайт, жакшы айтпайт. Айыл арасында го колунан жамандык жакшылык да келип, жыйналыш-жыйында чыгып сөз сүйлөп, аш-тойдо аксакалдар менен тең катары тизгиндешип, эл башкарышып жүргөн өкмөт жигиттер кадыр-барктуу болуп, оозго кирет. Кыз-келиндин көзүнө түшчү да ошолор.

Ал эми Даниярга окшоп, өзүн башкалардан окчун кармап, жоош жүргөндү ишке аралашкан мыктылар анча теңине албайт, карапайымдар анын зыян-пайдасы болбогон соң: «Эптеп жан сактап жүргөн бир бечара байкуш» – деп коюшат. Өзгөчө бизге окшогон чечек балдар чоңураак жигиттерге тең аталашып жүргөндү мыктылык көрөт эмеспи. Биз көрүнө болбосо да, көзү жокто Даниярдын мүнөзүнө күлө турганбыз. Ал эмес көйнөгүн сууга алып барып, өзү жууганына да күлчүбүз: аскерден кийип келген көйнөгү жалгыз болгондуктан, аны чала кургатып эле кийип алчу. Бирок, бир кызык жери, Данияр момун болсо да биз ага тең аталаша албадык. Аны улуусунтуп сыйлагандай ал менин агаларым менен курбалдаш, андайларды биз «сен» – деп өзүбүздүн наркыбызды төмөн түшүрбөйбүз. Сүрдөй тургандай Даниярдын эч деле жери жок, антсе да анын ошол унчукпас, басмырт мүнөзүндө кандайдыр терең маани бардай, демейде шок, какшыкчыл балдар көп эле ага батына бербеди.

Анын себеби мындан да болуп кеттиби деп ойлойм. Мен өзүм элдин көргөн-билгенин, бөтөнчө фронтто болгондорду майда-чүйдөсүнө чейин сурап, билүүгө кызыкчумун. Суроо деген менде түгөнбөйт, ушул дартымдан «Сейит маңыз» – деп да атыгып кеттим.

Данияр келген алгачкы күндөрү андан согушта болгон окуяларды угамын го деп күтүп жүрдүм. Бир күнү жумуштан кийин, тамак ичип, отту тегеректеп жарпыбыз жазылып, тынчтанып отурганда, Даниярдан сурап калдым:

– Данике, согуштан козгоп, эрмектеп бербейсиңби? Данияр адегенде унчукпай, жаман көргөнсүп түктүйө калды.

– Согуш дейсиңби? – деди ал жай гана эмнегедир үнүн басаңдата түнөрүп, – согуштун түрү курусун, сендер аны билбей эле койгула!

Данияр бери жакта жаткан катуу-кутуу куурайдан чоң тутам алып, отту көсөп, тез-тез үйлөп күйгүздү да, эч кимибизди карабай, көнүмүш боюнча колдорун тапка кактап, желпилдеп күйгөн жалында көзүн сүзүлтө тиктеп унчукпады.

Ал эмне үчүн ушинткенин ким билсин, бирок анын ушул эле айткан сөзүнөн согуш деген жомок катары эрмектеп сүйлөй турган кеп эмес, ал



адамдын жүрөгүнө терең батып, айтууга өтө кыйын, оор экени сезилди. Уялганымдан дагы жер карап калдым. Экинчи согуш жөнүндө Даниярдан эчтеке сураган жокмун, балдар дагы ага тийишип тең аталашканын койду.

Бирок, мүнөзү түнт, адамга ыгы жок Данияр мурункудай эле жалгыз жабык жүрүп, анын аскерден кайтып келгенинин кызыгы бат эле таркады. Кээ бир элдер аны анчейин: «ээ бир жүргөн бирөө да!» – дегенсип көзүнө илбей, кээ бирлер ага ачык күлө сүйлөп, көпчүлүгү болсо боору ачып, «үйү-жайы жок эптеп жан сактап жүргөн бечара карып... Колхоздун талаада берген ысык оокаты болбосо тим эле тентип эле кете турган неме... Өзү да кудайдын боз кою!» – дешип, аяп жүрүштү. Бара-бара элдер Даниярдын мүнөзүнө көнүгүшүп, үйрөнүп калгандыктанбы, аны кеп кылганды да койду. Чын эле адамдын эч кимге тиешеси болбогон соң, ал көз көрүнө эле унутула берет эмеспи.

* * *

Эртеси күн чыкпай, Данияр экөөбүз аттарды кырманга алып келдик. Аңгыча Жамийла жеңем да орокто жүргөн жеринен келип калган экен, бизди көрүп, тигинден эле кыйкырды:

– Ай, кичине бала, менин аттарым кайсы, бери жетеле! Камыттары кайсы эле? – деп машыккан арабакечтен бетер дөңгөлөктөрдүн шалкылдагын буту менен тээп көрүп жатты. Аттарды коштой жетелеп биз жакындап келгенде, Данияр экөөбүздүн түрүбүз кызык көрүндүбү, анткени жайдак бастырган Даниярдын кончу кенен солдат өтүгү салаңдаган узун буттарынан шыпырылып кетчүдөй бутунун башына илинип, мен болсом мүйүздөй чор болгон согончокторум менен жылаңайлак теминип келаткам, Жамийла бизди шылдыңкор карап, күлүп койду:

– Оо, узунду-кыскалуу болгон кайрандар десе! Издешпей табышкансыңар го!

Ушундан баштап эле ал бизди башкарып алгансып: «Болгула, урушта туруш жок, эртерээк салкында жөнөй берели!» – деп, аттарды булкулдата кетенчиктетип, арабага кошо баштады.

Данияр жаныбызда жүрсө Жамийла аны кишиби, көлөкөбү дебей такыр эле көзүнө да илген жок, сүйлөшсө мени менен сүйлөшүп, бизден калышпай, нары-бери шамдагайлана аттарды чегип жатты. Жамийланын бул кыр көрсөткөндөй чечкиндүүлүгүнөн Данияр апкаарый түшкөндөй болду. Чекесин тырчыктырып, ал аны жактырбагандай да, таң калгандай да, түктүйө карап, сыртын салды. Тиги анысын байкаган да жок, болгондо Данияр тараза үстүнөн каптардын бирин кучактап алып, унчукпай арабасына көтөрүп таштаганда, Жамийла аны жемелей кетти:

– Ал эмнеси экен? Ар ким эле өзүнчө далбастай береби! Келе колуңду, колдошконду кудай колдойт! Ай, кичине бала, чык арабага, каптарды жаткыр!

Жамийла Даниярдын колун өзү эле шап кармап, экөө колдошуп кап көтөргөндө, Данияр уялганынан кара-көк болуп кызарып кетти. Анан алар улам каптарды колдошо көтөрүп басканда, бекем кармашкан колдору чыңалышып, кап үстүнөн арта салынып, Жамийлага эңкээ берген Данияр өз алдынан эле оңтойсузданып үтүрөйүп, аны карабаска аракеттенип жат-

www.bizdin.kg

ты. Жамийла анда да иши жок, таразачы келин менен ары өтүп, бери өтүп шыңкылдашат. Арабалар жүктөлүп бүтүп, жуп жөнөрдө гана, ал бер жакка көзүн кымтый коюп, Данияргa айтты:

– Ай, ким, Данияр белең? Караанын, эркек эмеспи, жол башта! – деди.

Данияр бул жолу да унчукпады, чочугандай келинди бир карап, арабаны турган эле жеринен ала-сала айдады.

«Аа, шоруң кур, уялчагын мунун!» – деп аяп койдум аны.

Жол алыс. Жыйырма чакырымдай боз талаа менен жүрүп отуруп, төмөндө жаткан Кара-Тоонун капчыгайынан өтүп станцияга барыш керек. Бир жакшы жери, кырмандан чыгып станцияга жеткенче жер өңүтү ылдый, аттарга бул көп жеңилдик. Улуу-Тоонун адырлуу тескейинде орношкон айлыбыз, капчыгайга кире бергенче, качан артыңа кылчайып карабагын, тал-дарагы карайып, жогору жакта көрүнүп турат. Темир жол капчыгайдын этегинде.

Мына ушинтип биз күнүн барып келип, эгин тартып жүрдүк. Айылдан эртең менен чыгып, станцияга түш оой барабыз. Жүктүү арабалардын дөңгөлөктөрү каксоо жолдо дүңгүрөп, шагыл майдаланып бычырайт. Күн өйдөлөп, талаа ысыган сайын, аттардын сооруларынан жылга-жылга тер кетип, үйүр алып, кошо ээрчишкен чымындар чаң аралаш учуп-конот.

Саратан чаңкып, жер какшыган күндөр. Станцияга келсең, арабакөлүктөн басарга орун жок. Тоо койнундагы алыскы колхоздордон эгинди өгүз, эшекке артып, айдап келатышкан балдар менен катындардын жондору туздуу шор, чаң баскан беттери капкара болуп күйгөн. Шамалга кеберсиген эриндери кан кесилип, өздөрү жыланайлак-жылаңбаш, ташыркап, чаалыгып келишет. Заготзернонун короосу ызы-чуу, дарбазасында: «Бардык эгин – фронт үчүн!» – деп, ураан жазылган. Сокмо дубал менен тегерете курчаган жапыс короонун сыртында, паровоз вагондорду нары-бери кагыштырып, ысык буу уруп, кумурскача тынбаган аракетте. Өткүн жаандай шартылдап, өткөн поезддер капчыгай жаңырта токтолбой зуулдашат. Так кампанын оозуна чөгөрүлгөн төөлөр өйдө тургусу келбей, жинин бүркүп, оозун чоё ачуулуу боздошот.

Чоң кампанын ичи тоодой үйүлгөн эгин. Каптарды жонго салып, тактайдан жасалган трап менен кампанын тээ төбөсүнө жете жаздай, бийик чыгып барып төгүш керек. Кампанын ысык чыккан тунукелүү үстү темир ис берип, буудайдын чаңы абада кылкылдайт.

– Эй бала, көзүңө кара, үстүнө жеткир! – деп, уйкусуз көздөрү кызыл эт болуп канталаган кампачы, төмөндө колун кезеп сөгүнөт.

Ал эмнеге сөгүнөт? Сөгүнбөй эле койсочу! Алдан тайып жыгылып эле калбасак, ансыз да көтөрүп жеткиребиз го.

Биз бул эгиндин мээнетин жалаң эле ушул жерде эмес, талаанын өзүнөн, айдоого дан таштагандан баштап, көтөргөнүбүз көтөргөн. Аны жаш аялмет катын-балдар жазы-жайы тынбай, тырмактап өстүрүп азыр да ошол өрт алган саратан талаада алда качан эскилиги жетип, күнүгө жүз жолу бузулган шалдыраган комбайнды бирде жүргүзүп, бирде кайра оңдоп, комбайнер жанын уруп далбастайт. Азыр да ошол эгин майданында орокчулар куланөөк таңдан караңгы түнгө чейин, уюп сыздаган белин жазбай, орок тартып, жерге түшкөн ар бир баш машакты кымындай балдардын кол-



дору терүүдө. Ошол күндөрдө биздин бардык тапкан-тергенибиз – фронттуку, ал биздин жеңиш үчүн берген тер менен каныбыз.

Али да эсимде: жаш өспүрүм мен ошондо карылуу жигиттер көтөрчү каптарды ийниме салып, каптын бир бурчун тишим менен кошо тиштеп, өйдө чыгып бара жатканда, кабыргам майышып, көзүм тунарыктайт. Кадам сайын траптын тактайлары ийилип, кампанын чаңдуу деми өпкөнү кысат. Нечен-нечен жолу алдан тайып, жонумдан ылдый жылбышып бара жаткан буума капты ыргытып жиберип, өзүм да трaптан кошо кулап түшсөм деген ойлор кетчү. Бирок, артымда кап көтөргөн киши бар. Ал деле мага окшогон жаш бала же болбосо, төрөп-түшүп жүргөн аял чыгар. Эгерде согуш болбосо, мындай оор жүктү буларга ким көтөртмөк эле? Эркек мен эмес, аялдар ушинтип бел байлап иштегенде алсыздык кылууга акым бар беле?

Тигине алдыда Жамийла жеңем кетип бара жатат. Этегин кыстарып, багалектерин өйдө түрүнгөн Жамийланын кара тору толмоч балтырлары булчуң түйүп, толорсук тарамыштары үзүлүп кетчүдөй чыңалган. Жүгүн жеңилдетейин дегендей, Жамийла каптын астында бүгүлө ийилип, бат-бат басат. Кээде гана менин күчтөн тайып бара жатканымды сезгенсип, ал токтоло калат да:

– Чымыркан, кичине бала, аз калды эми! – деп коёт. Бирок, өзүнүн да үнү ошондо муунуп киркирейт.

Каптагы буудайды кызылдын төбөсүнө төгө салып, биз кайра тартканда алдыбыздан Данияр кезиге турган. Адатынча эч кимге кошулбайт. Ал унчукпастан, салмак менен бутун сылтый басат. Биз жандаша түшкөндө, оор тарткан боюн керип, көйнөгүнүн бырыштарын жазып келе жаткан Жамийланы Данияр эңкейген калыбында кабактын астынан кыйык тиктеп өтөт. Ал аны биринчи жолу көргөнсүп, ар дайым ушинтип карайт. Бирок, Жамийла муну оюна да алчу эмес. Биз бирге кошулуп иштегенден баштап, ал экөөнүн ортосундагы мамилеси ушул: Жамийла кээде анчейин тамаша үчүн тигиге үстөмдүк менен күлө сүйлөсө, кээде анын бары-жогун такыр эле унутуп салган өңдүү, эчтеке дебейт, карап да койбойт. Бул өзү Жамийланын көңүл иши. Көңүлү келсе жолдо келе жатып Жамийла мени: «Айда аттарды, кичине бала, кеттик!» – деп үндөп коёт да, отурган жеринен өйдө тура калып, камчыны үрөй кыйкырып, арабаны айдайт. Мен дагы калышпайм. Көз-ачып жумгандын ортосунда, жол баштап алдыда кетип бара жаткан Даниярды биз кууп өтөбүз. Чаңдын баары Данияргa капталып, ал артта калат. Бул өзү тамаша болсо да, адамдын ачуусу келе тургандай жорук. Ошентсе да Данияр таарынчу эмес. Чаңды буркуратып, биз жанынан өтүп бара жатсак, ал айыптуу немедей жай эле күлүмсүрөп, арабада тикесинен туруп, аттарды оңдон солго камчылап, каткырып айдаган Жамийланы, унчукпастан таңыркап карайт. Кантип жатат болду экен деп, артыма кайрыла калам: тумандай коюу чаңдын арасында да Данияр ыраазы болгондой Жамийладан көзүн түшүрчү эмес. Анын ошол таңыркаган көз карашында жаш баланын шоктугун мейличи деп кечирген өңдүү мээрим да, ичтен тымызын күйүт чегип, эч кимге сыр айтпай, тарткан санаа да бар сезилет. Жамийланын ушундай жоруктарын, какшыктап күлгөнүн, жадагалса аны теңине албагансып, жанында жүрсө ага карабай, сүйлөбөй коюшун Данияр эч бир көңүлүнө албаган сыяктуу,

www.bizdin.kg

баарына чыдап бир да жолу сөз кайрыган жок. Адегенде Даниярга менин боорум ооруп:

– Жоош немени ушинте бергениң кандай, жеңе? – деп айтсам, Жамийла:

– Ай, койчу ушуну! – деп колун шилтеп күлчү. – Бекер жүргөндөн көрө тамаша да! Аны эмне кудай алмак беле ошондон!..

Жүрө-бара жеңемдин бул тамашасына мен да кошулдум. Анткени Данияр Жамийлага өтө эле кадала карай турган болду. Өзгөчө Жамийла кап көтөргөндө, ал иш арада токтой калгансып, көзүнүн кыйыгы менен аны карайт да турат. Ар ким эле өзүнчө убараланып, жумуш менен алек болгон көпчүлүктө мунусун эч ким байкабайт деп ойлойбу, айтор, үнү кардыккан арабакечтер кыйкырышып, ат-араба тыгылышкан станциянын базар сыяктуу тополоңдуу короосунда, жалгыз эле Жамийла элден башкача жаралгансып, канчалык кыйналса да, ээн-эркин жердегидей элпек кыймылдап, жайдары күлүп, чын эле көзгө көрүнбөй койбойт экен. Арабанын кырына тикесинен тургузулган буума капты Жамийла чалкалай берип, артынан кармаганда, бүт денеси ийиле созулуп, мойну, көкүрөгү керилип, күнгө күйгөн кара күрөң, чачтын өрүмдөрү узара түшкөндөй, артына салмактантып, чала жумган кирпиктердин арасынан көздүн каректери жалт эте түшөт. Ошондо кап көтөргөн Жамийла кампанын эшигине жеткенче, Данияр аны жанагы үңүрөйө таңыркаган көз караш менен байкатпастан карап узатат. Бирок, мен муну байкап эле жүрдүм. Башта анча деле көңүлгө албасам да, кийинчерээк барып Даниярдын минтип жеңеме кызыгып караганы мага жакмак турсун, намысымды келтирди: эч кимге ыраа көрбөй кызганган жеңеме, башкалар го мындай турсун, Данияр дегенди кантип эле тең көрөт элем.

«Тигини, ушунун да Жамийлада ою бар болсо керек, анан башкаларга сөз барбы! Ой тобо!» – деп ачуум келип кыжырланып жүрдүм.

Даниярды эми момун деп аямак турсун, аны жек көрө баштадым. Ушундан улам мен дагы жеңеме кошулуп, аны шылдың кыла турган болдум. Бирок, биздин бул жоруктарыбыздын аягы уяттуу болуп чыкты.

Эгин ташыган каптардын арасында таардан тигилген, жети пуддук бир чоң карала кап бар эле. Аны ар дайым жеңем экөөлөп кампага жеткирип, жерге төкчүбүз, – анткени, бир кишинин алы келе тургандай эмес болучу. Бир күнү кырманда арабаларды жүктөп жатып, жеңем экөөбүз жанагы карала капты Даниярдын арабасына таштап, үстүнөн башка каптар менен бастырып койдук. Чыны, кантер экен деп, тамаша кылдык.

Ушинтип, күн чыга кырмандан жол тарттык. Жолдо орус кыштагында бирөөнүн багына кирип, Жамийла экөөбүз алма уурдап чыктык да, жол катары каткырып күлүп келдик: Жамийла Даниярды «тос» – демиш болуп, аны алма менен уруп келатты. Алма түгөнгөндөн кийин, биз адатыбызча Даниярга чаң каптатып, жанынан өтө чаап, бир топ узап кеттик. Данияр бизди капчыгайдан чыга бериште гана кууп жетти. Темир жолдун өткүчү тосулуу экен, ачылышын күтүп турганбыз. Бул жерден станцияга бирге келдик. Мына ушулардын ортосунда жанагы жети пуддук кап эстен чыгып да калыптыр, оюбузда эчтеке жок, эгинди ташып бүтүүгө жакын калганбыз. Бир убакта Жамийла мени кабыргага түртүп Даниярды карай көзүн кысып, күлүп койду. Данияр арабанын үстүндө турган экен. «Муну кандай



кылсам?» – дегендей жанагы чоң капты тыяк-быягынан карап, Жамийланын күлкүгө какала түшкөнүн байкай койгондо, заматта кумсарып түнөрдү, – сынап жатканыбызды түшүндү окшойт.

– Ай, неме, ыштаныңды өйдө тарт, шыпырылып калбасын! – деди, кыткылыктап тамашалаган Жамийла.

Данияр аны жаман көзү менен акырая бир карап алды да, капты нарыбери булкуп, арабанын кырына тургуза салып, бир колу менен сүйөй берип жерге секирип түштү. Биз «а-бу» дегенче болбой зылдай болгон капты жонуна силкий көтөрүп эңкейген Данияр, кампаны көздөй басты. Адегенде, биз кантер экен деп, байкамаксан болуп, сыр алдырган жокпуз. Башкалар болсо, Даниярга сыра да көңүл бурушкан жок, элдин баары кап көтөрүп жүрбөйбү, ким менен кимдин иши бар эле. Данияр трапка жакындай келгенде, Жамийла артынан жетти:

– Муну кайда алпарасың, соосуңбу, ташта ушул жерге, тамашаны түшүнбөйсүңбү?

– Тур нары! – деп, Данияр аны кагып салды. Шагы сынган Жамийла күлүмүш болуп эле, тиги трап менен өйдө чыга баштаган Даниярды артынан карап:

– Карасаң ай, өлөрманын, көтөрүп бара жатат! – деп, айыптуу немедей бүдөмүк күлүп, сүйлөндү. Жамийла ошол бойдон кыткылыктап күлө эле берди, бирок барган сайын анын күлкүсү суз тартып, ал өзүн-өзү зордоп күлдүргөнгө окшоп жатты. Данияр тигиндей барып эле, жарадар бутуна күч келип, аксай баштаганда, биз аны кандай азапка салганыбызды ошондо түшүндүк.

Даниярдын буту жарадар экенин эмне үчүн мурда ойлободук экен? Ай, менин балалыгым ай! Муну ойлоп чыгарган шойкон мен эмес белем!

– Кайт артына! – деп жиберди Жамийла, күлкү аралаш кыйкырып. Бирок, артка кайтууга да кеч болуп калган, Даниярга удаа кап көтөргөн кишилер чубай келди.

Мындан ары эмне болгонун эсим чыгып, өзүм да жакшы билбей калдым. Менин бир көргөнүм эле Данияр. Көз алдымда ошол сабадай лыкыйган чоң карала кап. Данияр анын астында бүгүлө ийилип, трап менен өйдө чыгып бара жатат. Жарадар бутун ал сүйрөй сылтып, ага канча күч келтирбөөгө аракеттенген менен, улам жаңыдан кадам шилтегенде ооруганына чыдай албай тиштене калып, башын чулгуйт. Данияр жогорулаган сайын, үстүндөгү зор карала кап, жонуна минип алган жандуу немедей, аны оңдон солго теңселтип жатты. Жеңем экөөбүздүн бул ойлобой кылган кылмышыбызга ушунчалык уялып эсим чыкканынан денем өлүп, калчылдап кеттим. Данияр эмес кап көтөргөн мен, ошол сыздап ооруган ок тийген бут меники сыяктуу, ал теңселгенде кошо теңселгенсип, көзүм караңгылап жатты.

Тигине Данияр токтой калып, ээрдин кесе тиштеп, көзүн жумду. Менин да башым айланып, жер көчүп бара жаткансыйт. Бир оокумга эсим оогондой, эчтеке билбей калдым.

Кимдир бирөө билегимден карыштыра кармап, сындырып жиберчүдөй болду. Мындай карасам Жамийла экен. Өңү жууган чүпүрөктөй бопбоз, эриндери мурдагы күлкүнүн элесин сактаган бойдон чала ачыла берип,

www.bizdin.kg

көзүн Даниярдан албай, телмирип калыптыр. Биздин жаныбызга кампачы да, башкалар да жүгүрүшүп келишкен экен. Алар да эмне болгонун жакшы түшүнө бербей, Даниярды карашат.

Мына Данияр жүрүп бара жатып, ылдый жылбышкан капты оңдойм деп, аны өйдө силкти эле, туруштук бере албай тизелеп жыгыла баштады.

– Ташта! Ташта капты! – деп кыйкырып жиберди Жамийла. Данияр тил алган жок. Капты алда качан эле траптын четинен кулатып жиберсе болмок, ал анда арттагыларды да коюп кетпес эле, бирок өжөрлөнүп көгөргөн Данияр аны кылбады. Жамийланын үнүн укканда, ал кайра чымыркана калып, илгери умтулду. Азыраак барып, дагы кетенчиктеп теңселе бергенде, кампачы жаны чыккандай бакырды:

– Ташта, ташта деймин, иттин баласы!

– Ташта! – деп, башкалар да кыйкырышты.

Данияр бул жолу да өз дегенин бербей, нарыдан бери уруна, чайпалып, алга басты.

– Ой, мунуң таштабайт, айтты дей бер! – деди тургандардын бири, ошого көзү жеткен немедей колун шилтеп. Жалгыз ал гана эмес, жаныбызда тургандар да, кап көтөрүп Даниярдын артынан трап менен кошо чыгып бара жаткандар да, бул иштин тегин эместигин, мында бир сыр бар экенин, Данияр кап менен кошо кулап түшпөсө эле, ал аны эч убакытта коё бербесин түшүнүштү окшойт.

Бир оокумга сөз жок, үн жок унчукпай калышты.

Кампанын сыртында эшелонду ордунан козгоп, паровоз күүлөнүп вагондорду кагыштырууда. Өргө жүк көтөргөн аттай жата калып, Данияр траптын бийигинде. Теңселип жыгыла баштаганда, ал токтой калып күч жыйнап, кайра алдыга утурлайт. Даниярдын артынан келе жаткандар анын ыгына көнүп, ал токтогондо туруп калышып, ал басканда басышат. Даниярга каралап, алар да кубаттан тайып, кара терге түшкөн. Бирок, бири дагы аны сен деп, ооз ачып тилдеген жок. Ашуунун тайгак жолунда бирине-бири кармашып келе жаткандай: кап көтөргөндөр үнсүз тилсиз аракетте. Эгерде бири жаза тайып учуп кетсе, башкалар да анын артынан учуп кетчүдөй сезилет. Алардын ушул үнсүз кыймылында кандайдыр оор салмак, бир ооздон чыккан дем бар: Даниярга удаа келе жаткан аял буту чаалыгып, жыгыларына аз, бирок ал кудайдан өзүнө эмес Даниярга кубат сурап, ал үчүн арбактарга сыйынып жаткан өңдүү ага боор ооруп карайт. Мына эми аз эле калды, Данияр дагы чымырканса, траптын түз жерине жете бара тургандай. Ушул учурда алдан кеткен Данияр жарадар бутун аярлаганга чамасы келбей шалактап үстүндөгү капты коё бербесе, жыгылганы эле калды.

– Жүгүр! Артынан, сүйөп жибер! – деди мага Жамийла, өзү болсо Даниярды тосуп алчудай, шашканынан ага колун сунуп көтөрдү. Мен трап менен өйдө жүгүрдүм. Кап көтөргөндөрдүн арасынан сыгылып, көйнөгүмдү мыкка айрытып, Даниярга жете бардым. Жонуна жүк аркалап, эңкейген калыбында Данияр колтуктун астынан мени бир карап алды. Бетинен жыш тер куюлуп, маңдайындагы кан тамырлар жарылып кетчүдөй кабарган, көзүндө – каар менен жаш толгон. Даниярга жардамдашайын деп умтулдум элем:



– Тур нары! – деп ал заардуу киркиреп, анан капты өйдө силкип, жанын оозуна тиштегендей, акыркы күч менен андан-мындан аттап, алдыга жүткүндү.

Шишиген салмактанган колдору шалдырап, бутун сүйрөп Данияр траптан түшкөндө, төмөндө күтүп турган эл, унчукпай тең жарыла берди. Жалгыз гана кампачы токтоно алган жок. Ачуусу келген бойдон Даниярга жулкунду:

– Сен эмне бала, жиндеп кеттиңби, яа? Же мен ошончо ит белем: бир ооз айтсаң, алдагы жерге эле төктүрүп салбайт белем? Ким айтты сага ушундай каптарды көтөрсүн деп?

– Ишиң болбосун, өзүм билем, – деди Данияр жай гана, анан чырт түкүрүп коюп, арабасын көздөй басып кетти. Жамийла артынан шыбырады:

– Тамашаны түшүнбөгөн акмак?

Ушуну айтканы менен өзү башын өйдө көтөргөн жок. Данияр аны уктубу, укпадыбы, бирок азыр кайрыла калып, бизге эмне десе да, женем экөөбүз анын бетин тик карай албас элек.

Айылга кайтып бара жатып, жол катары бирибиз да ооз ачып сүйлөгөн жокпуз. Данияр үчүн бул көнүмүш иш, – ал ансыз да сөзгө сараң, ошондой болсо да бүгүнкүсү бизге катуу тийип жатты: же анын биротоло жүз караштпай таарынганы ушубу, болбосо ак көңүлдүк кылып, жанагы болгондорду алда качан унутуп да койдубу, айтор ким билсин аны? Биздин унчукпаганыбыз го түшүнүктүү: бир чети уялгандан жер карап, бир чети – оройураак болсо да, арам санатайы жок тамашаны Данияр чын көрүп, көңүлүнө жакын алганын жактырбай келе жаттык.

Эртең менен эгинди капка салып жатканда, Жамийла жанагы кырсыктуу карала капты алды да, буту менен басып туруп, тигиштерин эки колдоп айрып-айрып жиберди. Бөлөк-салагы чыккан таарды ал таразачынын алдына ыргытты:.

– Ме, ал алдагы таарыңды! Бригадириңе да айтып кой, экинчи мындай капты берчү болбосун!

– Ой, сен өзүң соосуңбу, бул эмнең?

– Эчтеке эмес!..

Ошонун эртесинде күндөгүдөй станцияга келип, кашкарайганда кайра айылга жол тарттык. Данияр алдыбызда кетип бара жаткан. Анын таарынчысы, ызасы жазылдыбы[1] биле алган жокпуз. Аны билүү да кыйын эле. Ортобузда эчтеке болбогонсуп, Данияр мурдагыдай эле бир сырдуу, токтоо мүнөз[2]. Болгондо, кечээ эле жараатын аябай кокустатып алса керек, демейдегиден[3] катуураак аксап, өзгөчө кап көтөргөндө кыйналып жүрдү. Ал эчтеке дебесе да, ушунун өзү, биз күнөөлүү экенибизди бассак-турсак да, эске салып, көңүл оорутту. Деги эмнеси болсо да, Данияр бир ооз тамашалап, күлүп койсо, ушуну менен бардыгы өз жайына келип, унутулуп да калат эле.

[1] **ызасы жазылдыбы** – не проходила обида
[2] **токтоо мүнөз** – сдержанный характер
[3] **демейдеги** – в обычных, обыденных условиях

Жамийла болсо ал дагы өз намысын бербейт, ошондо эчтеке жоктой сыр алдырбай, күлүмүш болуп[1], сыртынан жайдары. Ушинткени менен нары жагында капаланып кайгы чеккени сезилип турду.

Мына ушинтип, биз айылга кетип бара жаттык. Чиркин, ошол күнү түн бөтөнчө жаралгансып, эң эле көрктүү болду.

Ким билбейт, жайдын толгон кезиндеги август түндөрүн! Асмандагы жылдыздар алыста турганы менен, ар бири өңүнө чыгып, алаканга салгандай[2] ар бири өзүнчө нур төгүп, чет-четинен бүлбүлдөгөн күмүш кыроо чалып, асмандын тиги каптал[3], бул капталына жайнап кири жок жадырап карашат.

Жылдыздар ушинтип толгондо, биз капчыгай аралап[4] келе жатканбыз. Аттар салкынданып, үйдү көздөй көңүлдүү жортууда. Араба качыр-кучур дүңгүрөп[5], ташка тийген такалардан учкун чагылат. Капчыгайга сырттан келе берген сыдырым талаанын алда кайсы жеринен бүрдөгөн эрмендин кермек-ачуу жытын лепилдетип, жол катары шыралжын буруксуп, ушунун баары терге жибиген карамай жытына аралашып, адамды эңги-деңги[6] мас кылгансыйт. Жол үстүнө үңүлгөн аскалар кыйгач көлөкө таштап, нары сайдагы бадалдын арасында Күркүрөө жаңы тынбай алдастайт[7]. Тээ артта калган темир жолдо поезддер көпүрөдөн нары өтүп, бери өткөн сайын жаңырык ээрчитип, гудокторду алыска-алыска созолонтот[8].

Ушундай түндө жол жүргөн кандай жакшы. Караңгыда термелген аттардын жондорун карап олтурсаң, ушул түнкү дабыштарга кулак салып, ушул түнкү жыттарга мас болсоң кандай жыргал!

Жамийла ошондо менин алдымда кетип бара жаткан. Тизгиндерди бош коё берип, ал эки жагына көз сала акырын гана кыңылдап ырдамыш болот. Биздин унчукпай, сүйлөбөй келе жатканыбыз анын көңүлүн басып жатты. Мен аны билип эле турдум. Чын эле ушундай түндө да унчукпай коюш болобу? Адам деген тилдүү[9], жандуу[10] болсо, анан табийгаттын ушул көрүнүшүнө жооп бербейби?

## Сырдуу жана кереметтүү обон

Адегенде Данияр мурункудай эле үнү кысталып батына бербей акырын баштады. Бирок, бара-бара үнү улам ичтен күч алып, арышын кең таштап, чабыты толгондо, капчыгай ичи баштан аяк жаңырып, алыскы аскалар Даниярдын обонун эки үч кайтара улантып жатты. Анын үнү дагы да чыйралып, күчөй баштады. Ошондо шаңшып созолонгон үнү гана эмес,

[1] **күлүмүш болуп** – смеясь
[2] **алаканга салгандай** – как на ладони (фразеологизм)
[3] **каптал** – бок, сторона
[4] **капчыгай аралап** – по ущелью
[5] **качыр-кучур дүңгүрөп** – скрепя шумя
[6] **эңги-деңги** – *здесь:* дурманит
[7] **тынбай алдастайт** – без перерывно метается
[8] **созолонтот** – вытягивается
[9] **тилдүү** – речистый
[10] **жандуу** – вытягивается



www.bizdin.kg

Даниярдын обонунда болгон жалын менен чексиз мээрим адамды таң калтырып, жакасын карматты. Ушунун өзү эмне экенин, аны эмне деп айтарымды билбедим: ырчынын көмөкөйүнөн чыккан үн элеби, же болбосо андан башка, жүрөктүн өзүнөн оргуп төгүлгөн дагы бир нерсе барбы? Ал өзү эмне, ал эмне адамдын жанын эритип ой-кыялын ойготкон? Азыр да айта албайм.

Атаганат, колдон келсе кагазга жазып отурбай, бул укмуштуу обондун өзүн салып берсем кана.

Анын ыры сөзү жок эле ыр менен обон. Анда-санда гана бир ооз сөз айтып коюп, анан бир топко[1] чейин жөн эле үн салып демин тартпай безеленет. Деңиздин толкуну удургуп каптагандай, төктүрмө обон[2] ташынып, анын сөз айтууга чамасын келтирбей жатты. Бала болуп мен мындайды[3] эч качан[4] угалек элем. Бул бир өзүнчө тубаса үн, тубаса обон. Жүрөгү зор адамдын ой-санаасын[5], кубанычын, тилегин, баяндаган зор обон! Ал кыргызчага, казакчага да окшобойт, бирок тыңшап турсаң, бул обондо байыртан[6] бир боордош кыргыз менен казактын тандалган[7] төл обондору ширетилип кошулгандай туюлат. Обон бирде, казактын учу-кыйыры жок ай талаасындай кенен агымда жайкалып, көйкөлсө, бирде кыргыздын зоокалуу тоолорундай, бийик заңгырап көкөлөйт. «Капырай! – деп жаттым мен. – Данияр ушундай экен да? Капырай, анын мындайы кимдин оюнда бар эле?».

Капчыгайды басып өтүп, жолу даңгыр, жайкалган өзөнгө чыкканда, Даниярдын ыры көкүрөк черин жазып, жаңы күч менен талпынды. Өмүрү угуп көрбөгөн кереметтүү обондор, бирине-бири куюлушуп[8], биринен бири өтүп алмашууда. Даниярга бүгүн эмне болгонун түшүнбөй жаттым. Так ушул бүгүн, так ушул саатта ай-күнү жеткендей, ичеги бук болуп камалган бардык сырын, байлыгын Данияр мына азыр ачыкка чыгарып[9], алтын чачыладай төгүп берди. Мына эми гана мен Даниярдын эмне үчүн маңыроо сыяктанып, элге күлкү болуп жүргөнүн, эмне үчүн кечкурунда Кароол-Дөбөгө чыгып барып, өзү жалгыз кыялга батып отурганын, эмне үчүн шаркырап ташыган суунун боюнча түнөп жүргөнүн, эмне үчүн кандайдыр угулар-угулбас дабыштарды тыңшагансып, ошондо кашы өйдө серпилип, көзү кубанычка толгонун, мына эми гана бир чети түшүнгөнсүдүм. Бул адам, жүрөгүнө чоң сүйүү алып жүргөн адам! Анын бул сүйүүсү менин оюмча, канчалык ысык көрүп, шыгы түшкөн жалгыз бирөөгө гана арналган сүйүү эмес, кандайдыр бир андан да зор, андан да алп, турмуш-жашоонун өзүнө, жан берип, жан жараткан адамдай жерге, жарык дүйнөгө болгон өлчөмү жок чоң сүйүү! Көрсө, ал ушул сүйүүнү көкүрөгүнө сактап өчүрбөй, ошону менен жашаган адам экен. Эгер андай эмес башкача бол-

[1] **бир топко** – надолго
[2] **обон** – мелодия
[3] **мындайды** – такое
[4] **эч качан** – никогда
[5] **ой-санаасы** – мысли
[6] **байыртан** – издавна
[7] **тандалган** – избранные (лучшее)
[8] **куюлушуп** – сливаясь
[9] **ачыкка чыгарып** – открыто

со, эгерде ал дити супсак, жүрөгү муз болсо, жаратылыш аны кандай гана таңдайы жок обончу кылбасын, ал азыр минтип ырдай албайт эле.

Данийардын обону ушул кезде түнкү өзөндүн үстүнөн жайыла каалгып, көзү илинип, мемиреп бара жаткан кең талаанын бешигин алдейлеп терметкендей, алыска жумшак созолонуп, акырындап өчөрүндө жаңыдан безелене үн алып, талыкшып уюган жерди кайра ойготуп, уйкусун ачат. Өзү дем берип, өзү жараткан ырчыны ойгонгон албан талаа кулак салып, тыңшап жатты. Тигине, арык бойлой жарданып, орок күткөн эгиндер ай жарыгында күүгүм көлөкө ойнотуп, үстү-үстүнөн көлкүлдөп ыргалат. Жолдон окчун жерде эски тегирмендин кыркалекей теректери жалбырак дирилдетип, алда эмнени угузбай шыбырашкансыйт. Суунун аркы маңдайында, белес-белесте кырманчылар от жагышып, эртеңки көжөсүн кайнатууда. Тигине, кимдир бирөө алда кандай иш менен шашылып, кокту бойлой далбаңдап, кыштакты көздөй чаап бара жатат. Алдыда кыштактын бакдарагы дүпүйүп, андан келген жел эзилип бышкан алманын ширесин, сото кучактап гүлдөгөн жүгөрүнүн балыр таттуу дүмбүл жытына, короолордо жайылган тезектердин жылуу демине аралашып, аңкытат.

Данияр дагы көпкө чейин обон салып, ырдап келди. Чалкыган август түнү аны тыңшап, обонго арбалгандай терең тынчтыкта уюп магдырады, ал түгүл аттар да, арабаларды жай терметип, жай басышты. Мына ушинтип, адамдын денесин балкыта, толукшуп ырдап келе жаткан Данияр бир убакытта үнүн бийик закымдата келип, ырын чорт токтотту да, аттарга ала-сала камчы уруп, айдап жөнөдү. Менин оюмда Жамийла дагы анын артынан түшөт экен деп, тизгиндерди жыйып, алардын соңунан калбай, утурламак болдум. Бирок Жамийла козголуп да койгон жок. Башын бир жагына кыйшайткан калыбында терең кыялга чөгүп, нес болгон сыяктуу ошол бойдон былк этпей отура берди. Обондун абада калган учкундары дагы эле көкөлөп жүргөндөй, Жамийла аны сыйкырланып, тыңшагансыйт.

**шаңшып созолонгон үнү** – красивый протяжный голос
**көмөкөйүнөн чыккан үн** – голос издающийся из языка
**безеленет** – заливается
**зоокалуу** – наслаждённый
**заңгырап көкөлөйт** – громко взвивает
**маңыроо** – бестолковый, недалёкий, простоватый
**угулар-угулбас** – еле слышный
**дити супсак** – без желания
**кыркалекей** – вытянувшиеся в ряд
**шыбырашкансыйт** – будто шепчет
**дүпүйүп** – зеленеет
**дүмбүл** – корень
**утурламак болдум** – решил повторять
**тыңшагансыйт** – будто прислушивается

1. Сейит Жамийла жөнүндө эмне деп айтып берди, ага кандай мүнөздөмө берди?
2. Данияр Сейиттин айылында качан пайда болуптур? Анын мүнөзү кандай?
3. Жамийла бекеринен Даниярды шылдыңдачу эмес. Балким, бул сүйүүдүр кандай деп ойлойсуң?
4. Данияр кандай «сыноодон» өттү?
5. Тандап алган үзүндүнү көркөм окугула, жатка айткыла.



www.bizdin.kg

6. Даниярдын обонунун ары жагында катылып жаткан сырды жана маанини аныктап айтып бергиле.
7. Даниярдын обонунан кийин Жамийла менен Сейиттин ички дүйнөлөрүндө кандай өзгөрүүлөр болду?
8. Данияр менен Жамийланын сүрөтүн тарткыла.

**«Жамийла» аттуу көркөм фильмди көрсөтүү.**

Көркөм тасма көрсөтүү. Фильм боюнча тапшырмалар.
1. Тасманы кунт коюп көргүлө.
2. Фильмдеги негизги окуя эмне жөнүндө?
3. Башкы каармандары ким?
4. Аларга кандай мүнөздөмө бересиңер?
5. Алардын сүйүүсү кандай?
6. Фильм тууралуу ой-пикириңерди жазгыла.

## ***Билип алгыла!***

*1928-жылы 12-декабрда Чыңгыз Айтматов туулган.*

*1952-жылдан баштап аңгемелерин кыргыз тилинде жарыялай баштаган.*

*1948–1953-жылдары Фрунзе шаарындагы Айыл чарба институтунда окуган, окуусун аяктагандан кийин үч жыл мал чарбачылыгы боюнча илим-изилдөө институтунда иштеп, ошол эле убакта чыгармаларын жазып, басмадан чыгарып турган.*

*1956-жылы Москва шаарындагы Жогорку адабий курска өткөн.*

*1958-жылы курсту аяктаган. «Октябрь» журналына «Бетме-бет» аңгемеси (кыргыз тилинен которулуп), «Жаңы дүйнө» журналына башка чыгармалары басылган. Айтматовду дүйнөгө белгилүү кылган «Жамийла» повести жарыкка чыккан.*

*1961-жыл – «Кызыл жоолук жалжалым».*

*1962-жыл – «Биринчи мугалим».*

*1966-жыл – «Гүлсарат».*

*1970-жыл – «Ак кеме», «Фудзиямадагы кадыр түн» драмасы.*

*1975-жыл – «Эрте жаздагы турналар».*

*1977-жыл – «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт».*

*1980-жыл – «Кылым карытар бир күн».*

*1986-жыл – «Кыямат».*

*1990-жыл – «Чыңгызхандын ак булуту».*

*1990–1994-жылдары СССРдин жана Россиянын Бенилюкс мамлекеттериндеги элчиси.*

*1995–2008-жылдары Кыргызстандын Белгиядагы элчиси.*

*1996-жыл «Кассандра тамгасы».*

*2006-жылы «Кылымдын кол тамгасы» аттуу китептин чыгарылышына катышкан. «Тоолор кочкондо» («Түбөлүк колуктуу») китеби жарыкка чыккан.*

*2008-жылы 10-июнда Чыңгыз Айтматов көз жумган.*

www.bizdin.kg

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Эркин ыр**, верлибр (*франц.* – верлибр) – ыр түзүлүшүнүн айырмалуу бир түрү. Эркин ыр ар түрдүү системага кирүүчү ыр түзүлүштөрүндө (басымчыл, муунчул, муунчул-басымчыл) өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ. Ыр түзүлүшүнүн бул түрүндө ыр саптарынын бирдей муун өлчөмдөрдө сөзсүз болушу, басымсыз же басымдуу болушу шарт эмес, мында негизги нерсе интонацияга, ритмге, паузага, эмоцияга, декламациялуулукка маани берилет. Эркин ырдын жаны – ыргак менен интонация. Автордук идеяга кызмат кылуу үчүн бөтөнчө маанидеги сөздөр өзүнчө бир сапты түзүп турушат, ошондой эле ар бир ыр сабы интонациялык жактан бөлүк-бөлүккө ажырабай бүтүн болот, б. а. бир топ бирдиктүү бир интонация менен айтылат. Саптардагы ыргактуулук ар кыл болот. Эркин ырда уйкаштык кыйла эркин болот да, салттык ырдагыдай жуп, аттама, аксак, оромо, шыдыр уйкаш деп, классификациялоо эрежесине баш ийе бербейт. Муну менен эркин ырда уйкаштык жок же чачкын болот деш да болбойт. Анда негизги өзгөчө элемент катары болбосо да, уйкаштык бар. Мис.,

Жолдошум, сен,
Тышка чык.
Кабинетке камалба.
Мында кел,
Турмуш арала.

Эл да,
Жер да,
Өмүр да,
Миң кубулуш. Сен көрө элек,
Кызык турмуш. Баары мында.

*(М. Элебаев)*

Акын мында салттык ырдын талаптарына ылайык ритмикалык бирдиктин, муун саптарынын бирдейлиги сакталбай жатат, кээ бир маанилүү сөздөр (эл да, жер да, өмүр да) өзүнчө бир ритмикалык бүтүндүктөгү сапта турат. Уйкаштыкты «камалба» – «арала», «миң кубулуш» – «кызык турмуш» деген сөздөр түзүп турат. Эркин ыр кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында (жаңылмачтар, табышмактар, калптар, эпостор) сейрек көрүнүш болсо да учурайт. Кийин Тоголок Молдонун тамсилдеринин айрымдары ушул формада жазылган. Советтик доордогу М. Элебаевдин поэзиясынын басымдуу бөлүгү, А. Токомбаевдин, А. Осмоновдун, Ж. Турусбековдун, Р. Шүкүрбековдун айрым ырлары эркин ырдын талаптарына ылайыкталган.

Ак ыр – бей уйкаш ыр. Мындай формадагы ырда ыргак (ритм) сакталат, бирок уйкаштыктын салттуу орду бош (ак) калат. Дүйнөлүк адабиятта 16-кылымда байкала баштаган. 18-кылымда орус акындары чыгармаларында колдонушкан А. С. Пушкин «Борис Годунов», Н. А. Некрасов «Орус-та кимдер жакшы жашайт».

Кыргыз поэзиясында мындай уйкашсыз ырлар кийинки жылдарда пайда болду.

Айлуу кырда чөп үймөктөр,
Чөп үймөктөр далдаасында.
Олтурдук биз көпкө дейре,
Жердеш келин, жердеш улан.
Сүйлөштүк да, сүйлөшпөдүк,
Арыраакта жатты чалгы,
Ай батарда кетип калдык.

*(С. Акматбекова)*



# Сүйүнбай Эралиев

**(1921)**



Сүйүнбай Эралиев кыргыз поэзиясынын тарыхында өзүнүн поэтикалык ой жүгүртүүсүнүн масштабдуулугу, тереңдиги, көркөмдүк көп катмардуулугу менен айырмаланган акын.

Эл акыны 1921-жылы Талас районунун Үч-Эмчек кыштагында туулган. Айылдык мектепте окуган. Окуткан мугалими балдарды көнүктүрүү максатында ыр сыяктантып сөздөрдү уйкаштырып жаздырууга көп көңүл бөлгөндүктөн, Сүйүнбайдын поэзияга болгон тубаса шыгын ойготууга аздыр-көптүр себепчи болгон. Ошондон улам ал Аалы Токомбаевдин, Алыкул Осмоновдун ырларын ынтызарланып окуган. Адабият мугалими болсом деген тилек дегдеткен.

Бирок анын бул ой-максатынын ишке ашышына гитлердик Германиянын СССРге кол салышы каргаша болуп, ал 1942-жылы согушка жөнөөгө мажбур болгон. Эл-жерин сагынуусу поэзия болуп төгүлүп, майданда жүргөндө ата-энесине, тууган-туушкандарына ыр менен кат жазчу. Согуш деген согуш, ал поэзияга ынтызар жигитти аябады, катуу кармашта оор жарадар болду. Өлүм менен өмүрдүн чегинде алты ай жатты. 23 жашында инвалид болгон Сүйүнбай 1944-жылы майдандан кайтып, өз туулган жерине келет да, райондук гезитке жооптуу катчы болуп иштеп калат. Андан кийин Талас облусттык «Ленин туусу» гезитинде жооптуу катчы катары иштеп жүрүп, кез-кез өз ырларын гезиттерге жарыялап турат. Бирок ыр жазган менен Сүйүнбай өзүн акын катары эсептебей, көбүнчө журналисттик кесипте калемин сынайт.

1949-жылы С. Эралиевдин ырлар жыйнагы «Биринчи жаңырык» деген ат менен республикалык басмадан жарык көрүп, дароо эле СССР Жазуучулар союзуна мүчө болуп кабыл алынат. Бул күтүлбөгөн кабар менен Талас жергесине келген Насирдин Байтемиров С. Эралиевди кубанычка бөлөп, жазуучулук билетти колуна тапшырат. Ошого удаа эле 1950-жылы акындын «Тууган жер» деген экинчи ырлар жыйнагы жарыяланат. Мүчө болуп өткөнүнө жана эки ыр китепти жарыялаганына карабастан, С. Эралиев өзүн дале болсо профессионал акынмын деп эсептебейт. 1951-жылы ал Москвадагы жогорку партиялык мектепке окууга барып, анын журналисттик бөлүмүнө өтөт. Мына ушул жерден ал өзүнүн чыныгы өмүрлүк кесибин биротоло тандап алуу бактысына кез болот. Жогорку партиялык мектепте окуп жүргөн жылдары С. Эралиев орус элинин көптөгөн талантуу акындары менен жолугушат. Бир жолу ал «Новый мир» журналынын ошол кездеги башкы редактору, залкар акын А. Твардовскийге барып, көпкө аңгемелешүү учурунда, анын «Василий Тёркин» деген белгилүү поэмасын которуп жүргөнүн айтат. А. Твардовский адегенде бир аз күдүктөнүп, поэ-

ма орус элинин нукура жандуу оозеки кеби менен жазылгандыгын, аны кыргыз тилинде кантип кайра «сүйлөтүүгө» болорун сурап, анан ага баалуу кеп-кеңештерин айтат. С. Эралиев «Василий Тёркин» поэмасынын теңин которууга үлгүрөт. Калганын окууну бүтүп Кыргызстанга келген соң адегенде «Советтик Кыргызстан» гезитинде бөлүм башчысы, анан «Кыргызстан пионери» гезитинин редактору болуп иштеп турганда бүтүрүп, 1956-жылы толугу менен жарыялайт. «Василий Тёркин» поэмасын которуу С. Эралиев үчүн эң чоң машыгуу, такшалуу мектеби болгон. Поэма чоң чеберчилик, эргүү, сүйүнүү менен которулган жана поэзиянын эпикалык формасында иштөөнүн көптөгөн сырларын түшүнүүгө мүмкүндүк берген. Поэманын которулгандыгы тууралуу ал жылдары республикалык басма сөздөрдө, борбордук «Литературная газетада» көптөгөн пикирлер айтылган. Мына ушул поэтикалык чоң сыноо-тажрыйбанын дурус ишке ашканынан кийин гана С. Эралиев, профессионал акын болдум го деп эсептеп, өзүн акындык жолго биротоло багыттаган. Көп убактар бою оригиналдуу чыгармаларды жазбай калган акын кайрадан чыгармачылык эргүүгө келип, «Ак Мөөр» поэмасын жазып бүтүрүп, ал 1959-жылы жарыяланган. Мына ушул поэма менен С. Эралиев өзүнүн нукура чебер акын экендигин бүткүл калайык калкка толук айкындай алды.

Сүйүнбай Эралиевдин лирикалары менен поэмалары улуттук көркөм ойдун өнүгүшү жана жаңыланышы үчүн дайыма салым болуп келген.

60-жылдардан тарта акын кыргыз ыр түзүлүшүнө өзүнчө жаңылыктарды киргизе баштаган. Эркин ыр формасын колдонуу менен ал кыргыз поэтикалык ойлоосунун жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачкан. Айрыкча акындын «Уяң жылдыздар» (1962), «Жылдыздарга саякат» (1966), «Өмүрлөргө саякат» (1967), «Жол» (1969) сыяктуу чыгармалары поэма жанрынын тарыхындагы көрүнүктүү окуялардан болуп калган.

С. Эралиев жаратылыш жандуу акын. Ырас, жаратылышка кайрылбаган, аны менен жуурулушпаган акын болбойт. Бирок Сүйүнбай бул жагынан өзгөчө бөлүнүп турат. Сүйүнбай жаратылыштын башкалар байкабаган сырларын көрө билет, ача билет: шамалдын добушундагы музыканы, чөптүн кыймылындагы ички демди, жылдыздардын шыбырын, булактын кобурун сезе билет. Шамал ташка урунса бир башка добуш, чепке урунса андан башка добуш чыгарын туюп, ошолордун ички «сырын» аңдай алуу ар бир эле акындын колунан келе бербейт.

С. Эралиевдин лирикаларында жергебиздин кайталангыс көркү, элет жеринин элинин мүнөзү, карапайымдыгы жана мазмундуулугу таамай чагылдырылган. Философиялык ырларында жалпы адамзаттык проблемалар козголот жана акынга гана таандык боёктор менен чагылтылат. Акын – жоокер катарында согуштун жана тынчтыктын мааниси, бакыт туурасында ой жүгүртөт.

Акын котормо багытында да жемиштүү эмгектенип келди. Анын калеми аркылуу А. Твардовскийдин, Р. Тагордун, М. Турсун-Заденин жана У. Уитмендин чыгармалары кыргызча сүйлөгөн. С. Эралиев Кыргыз эл акыны (1974), Кыргыз Эл Баатыры, А. А. Фадеев атындагы жалпы союздук адабий сыйлыктын лауреаты (1981). Анын «Айыл кечтери» жыйнагы үчүн республикалык Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаттыгына татыган.



www.bizdin.kg

**таамай чагылдырылган** – чётко отражён
**жемиштүү** – плодотворно
**сырларын** – таинство
**добуш** – звуки
**колунан келе бербейт** – не все могут
**кайталангыс** – неповторимый
**мазмундуулугу** – содержимость
**адамзаттык** – человечный
**козголот** – затрагиваются
**ой жүгүртөт** – размышляет

## Сүйүнбай Эралиевдин ырлары менен таанышып ал!

### Токой вальсы

Келатсам алдымда,
Табият концерти:
Көл бийлеп жатыры,
Кайыңдын, талдын да,
Теректин,
Чынардын,
Арчанын алдында.
Эшилип миңирет,
Бир жипке ийрилет.
Толкундар толкунду,
Сүйрөп кийрилеп.
Жарданган жыгачтар,
«Бий жакшы, бий» деп,
Жарыша чайпалып
Жарыша ийилет.
Куштардын үндөрү,
Оркестр барбы анда?
Арфо да,
Орган да
Кыл кыяк.
Сурнай да,
Комуз да,
Гармонь да,
Бардык күү куюлуп,
Бир вальска барганда:
Желпилдеп жел урат
Толкунду көл бурап,
Тыпылдап бий тамат,
Тыйылбайт ал бирок,
Дарактар бир азга
Турат да жалдырап,

**эшилип миңирет** – *здесь:* нанизывается

**жарыша чайпалып** – вместе колыхаются
**ийилет** – сгибается

Шатырап кол чабат,
Алакан – жалбырак,
Вальс бийлеп кетти эми.
Бактардын баары да:
Түртүшүп бир-бирин,
Ийинге, карыга.
Күркүлөп акты улам,
Бериге, арыга…
Бул да бир ташыган,
Деңиз шары да!

### Иңир

Калбай калды карасак,
Каркыралар көктө эрип.
Кайда кетип баратат,
Иңир тоону бөктөрүп.
Үнсүз келип көпөлөк,
Гүлгө жатты көшүлө.
Айды көл, суу экөөлөп,
Кадап жатат төшүнө.
Желдин токтоп калды ыры,
Балким асман сиңирди.
Жаады жылдыз жамгыры,
Жыртып-жыртып иңирди.

Текст алдындагы суроолор (мозговой штурм).
1. Силер кандай деп ойлойсуңар, Ак Мөөр – бул ким? (Кызбы, аялбы, эркекпи?).
2. Бул окуя эмне жөнүндө? (Сүйүү жөнүндө, эмгек жөнүндө?).
3. Эгерде сүйүү жөнүндө болсо, эки жаштын сүйүүсү кандай деп ойлойсуңар?
4. Кайсы жылдары болгон окуя?

## Ак Мөөр

*(Поэмадан үзүндү)*

### Суу боюнда

**III**

Мен кыйналам кыздар көркүн жазганда,
Ышкым түшүп, ыклас отун жаксам да,
Аны куду «айдай», «күндөй» деп мактап,
Жерден алып жеткире албайм асманга.
Көңүл тойбой кейир буга кээ сулуу…
Ыраазы элем, көп болбосо, аз санда –
Акындыктын чабалдыгын кечирчү,
Ыр сыйлаган кээ бирөөгө жакса анда.



www.bizdin.kg

**IV**

Турмуш мол го – далай-далай бар сулуу,
Ар сулуунун өз-өзүнчө баркы улуу.
Мөөр сыны: аппак ыраң, кара көз
Кырдач мурун, субагай бой – чарчылуу.
Ичке кашы жүрөккө урчу жебедей.
Саал ийилип, саамай жакка тартылып, –
Бир жазылып, бирде азыраак жыйрылат,
Сүйлөп жаткан сөз ыргагы аркылуу.

**V**

Ичке бели, шоола төккөн бурагы,
Узун кирпик – мелт деп жаңсоо ыраагы.
Кызгылт тарткан эриндери мөлтүрөп,
Кыз деминдей жылуу, таза бу дагы.
Тең төгүлүп жибек талдуу чачтары,
Жука үлбүрөк алкымынын туру агы.
Тирсийиңки көкүрөктө кош алма,
Мүмкүн жеткен, бышса-бышар курагы.

**VI**

Оолжуй түшкөн суйсалыңкы басыгы,
Жылмаюусу – окшоп өмүр азыгы.
Сезимге аткан чайыттай ачык жамалы,
Кайрагандай качаңкы өткөн жазаңы.
Сөз соңунда айлуу калат кылгырып,
Же бул күткөн сулуу заттар назыбы?
Ак сүйүүдөн эркелигин сермелейт,
Анткени анда жоктур жаштык жазыгы!..

**VII**

Берки Батыш шайыр кыздын бирөөбү,
Күлгөнүндөй сыр катпаган жүрөгү.
Толмоч мүчө, кой көздөрү жоодурап,
Оймок ооз, ак саргылдуу ирени.
Ачык неме, туура сөздү тике айтчу,
Учур тозуп, келер дебей бир эби.
Ынак бүтүп, таттуу болсо курбулук,
Дайым минтип, бир-биринин тиреги.

**ышкым түшүп** – я влюбился
**кырдач мурун** – острый нос
**субагай бой чарчылуу** – высокий полный человек
**саал ийилип** – чуть-чуть согнулся
**сөз ыргагы аркылуу** – по куплету
**жаңсоо ыраагы** – жестикулирование из далека
**үлбүрөк** – нежный
**оолжуй** – покачиваясь
**суйсалыңкы басыгы** – плавная походка
**толмоч мүчө** – полненькая часть тела

www.bizdin.kg

## Көлдөгү ак куулар

**I**

Тынч жатканда көл түшүрөт көп сүрөт:
Тоолор, тоолор түркүк болуп көк тиреп,
Ылдый калган булуттарды ызалап.
Кыл чокусун айга жетип өптүрөт.
Кыл киргенде санап туруп асмандан,
Түн берметин төшөгүнө төктүрөт.
Же келиндер «жээн басты» кылгандай,
Төмөн ныктап чөмүлдүрө чөктүрөт.

**II**

Мелт-мелт этип, кыр кылаасын көл тиреп,
Кээде үн катпайт, таарынгансып мелтиреп.
Жатып, жатып кайра эле өзү жазылат,
Жарын көргөн жароокердей мөлтүрөп.
Анан кээде тармал тартып термелет,
Термелгени – этек-жеңин жел түрөт.
Жээгин чайып ойноп турган толкундар,
Кыт-кыт күлгөн кыз элесин келтирет…

**III**

Кээде ачуулуу – жарга тийип шарактап,
Дир-дир этип кайра артына араактап,
Шартылдап эч тынбай агып жаткансыйт,
Замандардын тарыхтарын барактап…
Барагында өтүп жаткан өмүрлөр –
Бүгүнкүсү эртеңкисин карактап.
Көл көшөрүп буркандайт,
Бурканда шы – муңун сыртка таратмак.

**IV**

Көрүшмөккө көл ынтызар, көл ашык,
Көп кечикпе кыздар келет бел ашып.
Кырлап кырга энтелешип жарышат,
Жыттуу таза тоо гүлдөрүн талашып…
Анан кээде басышат,
Ар жактагы ак кырларга жанашып.
Ак куу, кызды ажыратып биле албай,
Асманда күн ан-таң болот адашып.

**V**

Мөөр олтурат көлдүн кумдуу боюнда,
Соңку элесин… түнкү курган оюнга.
Апкелет да… кокус көлдөн түшүрөт,
Дароо «шырт» деп суу качкансыйт коюнга.
«Берчи элесин, мен шордуууга боор оорул?»



Мына берет… Асыл барып моюнга…
Желсиз көктө чубалжыгандай,
Самсып учкан санаа калат оюнда.

**VI**

Байкап турса көл бетинин сүрү көп:
Көк толкундар тереңдерден түрүлөт.
Ийрелеңдеп жылып келген жыландай,
Улам берки четти көздөп сүрүлөт.
Кыз кыяда суута тарткан сүрөтүн,
Көргөзбөстөн көөмп өтөт күнүлөп.
Ошол ордун бир кочуштап жутат да,
Кайра ашыгып үмүт менен үңүлөт.

**VII**

Сайга ыргытып белдин бермет булагын,
Тулпар кыштап, көлдө чапкан булагын.
Чукул чыгып алда нелер айткансыйт,
Кыз өбөктөп, ага тосуп кулагын:
«Качан келет? Бүгүн? Эртең дейсиңби?»
Сурайт, сурайт... суу билеби бул алын,
Жээкти уруп ага алдыртан тийишип,
Кайра качат: «О, куладың, куладың!».

**VIII**

Толкун бастап, жел аягы суюлат,
Таштап кетпей дале карап кыйылат:
«Ай, кудай ай, айтпадыңбы эч кабар?»
Ага угузбай жашы мөлт-мөлт куюлат...
Жок мынакей, бетин басып сулк түшүп,
Өпкө каккан кыз ыйына ый улап –
«Мен да минтип муңга толуп бүткөм» деп,
Көл шолоктоп жатканга окшоп туюлат...

**IX**

Коркуп кетет... Мында кандай сыр турат –
Суубу, жашпы? Бул адаттан сыртыраак?
Көл муңканып ыйлап жаткан сыяктуу,
Дале тынбай жука толкун «шырп» урат...
«Чын ый экен... Мен боздосом боздоюн,
Сүйүү жоктоп, күтүп сай-сөөк зыркырап,
Бирок дагы эне жыттуу ыйык көл,
Кагылайын, сен ыйлаба, буркурап!»

**X**

Толкун таштап, аны артына кайта алат,
Сай аттуудай жүрүш жасап кайталап.

www.bizdin.kg

Же «батыраак кургар бекен» – деп санап,
Жашын суугa сапыргандай байкалат.
Ошол бекен – көлдүн кээ бир жеринен,
Боз буу чыгып көккө житет жай тарап.
Мүмкүн ал бир махабатка чалгынчы?
Мүмкүн жолун же каракчы кайтарат...

### XVII

Суу ичинде кыздар сүзүп көп жүрөт,
Кээде түртүп бирин-бири «чөктү» деп.
Батыш, Мөөр башкалардан бөлүнүп,
Алыс кетет, арал жакка өткүлөп.
Жыргал сезип чабак болуп чайпалат,
Улам алдан толкун кырын өпкүлөп.
Көрсөткөндөй меймандостук мээримин,
Көл да энтигет салкын шарын төккүлөп.

### XVIII

Сүңгүп кирип, суу түбүндө соо жатпай,
Да баягы буттан тартып оонатмай...
Шыңк-шыңк күлүп алы кетип барышат,
Мөөр куун, Батыш качып оолактай.
Кадырына канат таккан жаштык ай,
Толкун келсе туралбаган тоого акпай.
Ана «шоп» деп жээкке чыга калышты,
Учуп-учуп кырга конгон тоодактай.

### XIX

Жазылганбы, суу ичинде жүргөндөн,
Же жароокер эрингенби түргөндөн.
Толорсукта чубайт Мөөр чачтары,
Айдалы ылдый аскан шалы түрлөнгөн.
Алар мында эми олтура берерде,
Калың аттуу дүбүрт келди бир жерден.
Кыздар качып кайра көлгө кириште,
«Алда ким?» деп айбыгышкан, сүрдөгөн.

### XX

Бул тарапта өзгө өңүт жок корголор,
Кийим анда – учур алды торголор...
Шапа-шупа чыга келди топ киши,
Ээсин термеп чайпалышат жорголор.
Баары жорго, акыреги ак көбүк,
Көп жүргөндө чарчап тери шорголор?
Башта суусар, үстүндө бар кыл торко,
Берки бири – тектүү болор, зор болор?



### XXI

Боюн катып кыздар сууда бүрүштү,
А тигилер басаңдатып жүрүштү.
«Кокуй, мында ак куу жүрөт!» деп күлүп,
Кээ бирлери оюн көрдү бул ишти.
Акырында ырчысына беришти,
Аркылардан ал-жай сурап билишти.
Көл боюна такат келип токтошуп,
Ат тизгинин кантаргага түрүштү.

### XXII

– Көл мелтиреп, жээги жашыл саз болуп,
Анда чарчап ала моюн каз болуп,
Сүзүп жүргөн сулуу жандар, силер ким? –
Жүзүңөрдөн күн күлүңдөп жаз болуп?..
Оңго-солго кадыры өткөн кан абам,
Жантай баштап жанынарга аз болуп.
Биз жолоочу, шербет жутуп алгансып,
Жаркын жаштын илебине мас болуп.

### XXIII

Анда Ак Мөөр, Батыш жакка көз кысат,
Деген өңдүү: Сен да ыр менен сөздү узат.
Батыш баштайт:
– Чоочун Жантай карыя,
«Кан» болсонуз, «бек» болсоңуз, сизге ызаат,
Бирок минтип бейкут жүргөн кыздарды,
Камадыңыз кайсы салтка деп кысап?
Жок кайтыңыз, эл расмиси көтөрбөйт.
Ал кайтара жобо бузат, чек бузат?..

### XXIV

Ардуу болсо – жазбай даана тийди эми...
Алдыңкысы баалуу кийим кийгени.
Төшүн жайып менменсинип турганы,
Сакалдары ат жалына тийгени.
Кыл торконун жакаларын кымтылап.
Бери карап бир неме деп сүйлөдү.
Ак Мөөр жакка жаңсагансып жатты ошо...
Сулуу кантсин, сууда туруп ийменүү...

### XXV

– Жан карындаш, айттың «артка кайтыңыз»,
Ким баатырга тил тийгизет – тайса ырыс.
Биринчисин кеңдик кылып кечирет,
Экинчи ирет байкабыраак айтыңыз...
Көк жибекке көркүн каткан перидей,

Аркы турган Айчүрөкпү, кайсы кыз? –
Мөөр айтты:
– Көп турбаңыз, кайтыңыз,
Ансыз деле биз ырыска тайкыбыз. –

### XXVI

Жанбай жаткан чыракка окшоп дүртүлдөп,
Жантай аны өтөр беле бир тилдеп...
Бирок да ал алыс ойлор куу киши,
Аяган жок: «Мени эскере жүрсүн» деп,
А тек гана кыз көркүнө жеңдирип,
Ачуусу эмес, санаасы артты түркүмдөп.
Максаты эле – бала жыттуу жар күтүп,
Жашы өткөнчө жаштыгына сүртүнмөк...

**түркүк болуп** – стал опорой
**кыр кылаасын** – край
**жароокердей** – ласковый
**этек-жеңин** – полная сила
**шартылдап эч тынбай** – трескуче без остановки
**буркандашы** – волнение
**ынтызар** – смотрящий с ожиданием, с надеждой
**качкансыйт коюнга** – как-будто убегает
**самсып учкан** – двигались непрерывным потоком

**«Ак Мөөр» аттуу көркөм фильмди көрсөтүү.**

1. Текст менен иштеп, көркөм окугула.
2. Фильмди кунт коюп көргүлө.
3. Башкы каармандарга мүнөздөмө бергиле.
4. Ак Мөөрдү сүрөттөп бергиле.
5. Көргөнүңөр боюнча эссе жазып келгиле.
6. Берилген таблицаны толтургула:

| Ак Мөөр | | |
|---|---|---|
| **Мүнөзү** | **Келбети** | **Тагдыры** |
| ➢ Ачык айрым<br>➢ | ➢ Кара көз<br>➢ | ➢ Сүйгөнү бар<br>➢ |

**Диспут.**

Класс эки командага бөлүнөт: 1) Ак Мөөр – XVIII кылымдын кызы. 2) Ак Мөөр – XXI кылымдын кызы. Мугалим темаларды окуп берет, окуучулар өз кылымдарына жараша анализ беришет.

Ак Мөөрдүн, адамдардын…
1. … укугу (права)
2. … каада-салты (традиции)
3. … эгемендүүлүгү (независимость)
4. … сүйүү



www.bizdin.kg

5. … өз ара мамилелери (взаимоотношения)
6. … жашоо-турмушу (быт, жизнь)
7. … мүмкүнчүлүктөрү (возможность)
8. … кызыгуулары (интересы)
Аларды эмне бириктире алат?

***Билип алгыла!***

*Сүйүнбай Эралиев 1921-ж. 15-октябрда Үч-Эмчек айылында туулган.*

*1939-жылы – биринчи ыр жыйнагы «Биринчи жаңырык» жарык көргөн.*

*1942–1944-жылдары согушка катышып, оор жарадар болгон.*

*1967-жылы – Югославияда «Жылдыздарга» деген поэмасы жарык көргөн.*

*1974-жылы – Кыргыз эл акыны. Сүйүнбай Эралиевдин чыгармалары орус, украин, өзбек, тажик, каракалпак, казак тилдерине которулган.*

*1981-жылы – А. А. Фадеев атындагы Бүткүл союздук сыйлык ыйгарылган.*

*1986-жылы – Токтогул Сатылганов атындагы Мамлекеттик сыйлык тапшырылган.*

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Тарыхый тема**, тарыхый жанр – тарыхый окуялар, чыныгы жашап өткөн адамдар жөнүндө жазылган чыгармалар. Тарыхый роман, повесть, драма, поэма ж. б. жанрларда өткөн мезгилди көргөн, билгендер, уккандар боюнча, ар түрдүү документтердин негизинде сүрөттөп жазуу менен ошол доорго бүгүнкү күндүн талабынан баа берилет. Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба», Т. Касымбековдун «Сынган кылыч», «Келкел», А. Токомбаевдин «Таң алдында» романдары, С. Эралиевдин «Ак Мөөр», А. Токтомушевдин «Алтын тоо» поэмалары, А. Токомбаевдин «Күндүн чыгышы», Ш. Садыбакасовдун «Ак боз ат» драмалары тарыхый темада жазылган чыгармалар болуп саналат. 60-жылдары көркөмдүк-эстетикалык наркы тарыхый темадагы башка чыгармаларга окшобогон, өзүнүн башка үнү, көркөм-эстетикалык жаңы сапаты менен келген чыгарма Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» (1966-ж. биринчи китеби, 1971-ж. экинчи китеби) романы болду.

Тарыхый романдарда жанр жаратуучу негизги фактор мезгил деп эсептейт.

Тарыхый романдарды: тарыхый, көркөм-тарыхый, тарыхый-биографиялык деп, үчкө бөлөт да, ички жанрдык түрлөргө: психологиялык, детективдик, саясий, роман-хроника, роман-легенда сыяктуу модификацияларды атаган.

Тарыхый романдын жанрдык белгилерин аныктоочу типологиялык негиз: тарыхый окуя, тарыхый каарман.

Ушул принциптин негизинде тарыхый романдарды: тарыхый-реалистик, тарыхый-романтикалык, тарыхый-очерктик – деген үч түргө бөлгөн.

www.bizdin.kg

Кыргыз прозасында 70-жылдардан баштап улуттук тарыхты көркөм иликтөөгө алган тарыхый чыгармалардын материалдары бизге анын төмөндөгүдөй ички жанрдык түрлөрүн аныктоого мүмкүндүк берет:

1. Кыргыз тарыхый-реалисттик романдардын роман-эпопея, роман-хроника, роман-санжыра деген ички жанрдык түрлөргө бөлүүгө болот.
2. Кыргыз тарыхый-романтикалык романдардын роман-символ, роман-насаат, социалдык-тарыхый түрлөрү кездешет.
3. Кыргыз тарыхый-очерктик романдардын материалында тарыхый-биографиялык, роман-мемуар, роман-эссенин типологиялык белгилерин илимий жактан негиздөөгө мүмкүнчүлүк бар.



## Төлөгөн Касымбеков

**(1931–2011)**

«Бүгүнкү күндө Төлөгөн Касымбековду билбеген окурман жоктур. Ал кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанымал жазуучулардан. Оозго алынып, жумурай журттун жүрөгүнөн түнөк табуу – бардык эле жазуучунун тагдырына туура келе бербейт. Жазуучу үчүн өз учурунда, көзүнүн тирүүсүндө калктын сүймөнчүлүгүнө ээ болуудан өткөн бакыт жок. Мен тартынбай эле Төлөгөндү учурдагы классиктерибиздин бири деп айтар элем. Ал кыргыз тарыхый романына негиз салды. Болгондо да, көркөм ачылыштардын сересине жетип, жандуу тарыхый образдарды түзө алгандыгын баса белгилемекчимин».

Жазуучу – *Асанбек Стамов.*

Төлөгөн Касымбеков адабиятка 50-жылдардын аягында 60-жылдардын башында кыргыз профессионал көркөм өнөрү кыйла жетилип, канатын күүлөп, өнүгүүнүн жаңы баскычына көтөрүлүп калганда, анын чыгармачылык жолунун башталышы оңой болгон дешке болбойт. Ар бир индивидуалдуу таланттын адабиятта эч кимдикине окшобогон түйшүктүү, азаптуу өсүү жолу бар, кайталангыс жеке тагдыры болот. Т. Касымбеков кыргыз адабиятынын топтогон эстетикалык тажрыйбасын, орус жана дүйнөлүк классиканын көркөмдүк сабактарын көшөрө үйрөнүп, адабияттагы үйрөнчүктүн тилкесинен өтүп, жетилүүнүн, такшалуунун жолун басып, күрөш менен, арыбаган мээнет менен чыгармачылыктын бийик дабанына чыгып келген инсан.

Жаш таланттын көркөм шыгынын ойгонушуна алгачкы түрткү атасынын таалими болгон экен. Т. Касымбеков атасы жөнүндө минтип эскерет: «Менин атам да молдо болгон. Жанынан сөз билгилер үзүлчү эмес, мен



угуп отура берер элем. Атам «Лайли менен Мажнунду», «Кыз Сайкалды» араб тамгасында окучу. Он үч-он төрт жашымда (апам болсо кийинчерээк) кайтыш болду. «Ата көргөн ок жанат...» дегендей, көп нерселер кулагымда калыптыр». Демек, атасынын сөзмөрлүк өнөрү баласына өткөн сыяктуу. Жазуучулук атасынан оошуп келип, бүчүр байлаган. Эгерде Төлөгөн Касымбековдун өмүр жолуна көз чаптырсак, анда төмөндөгүдөй таржымалга кез келебиз; 1999-жылы кайрадан басылып чыккан атактуу «Сынган кылыч» романынын аяк жагына жайгашкан «Кыскача өмүр баян» бизге төмөндөгүлөрдү маалымдайт:

1952–1957-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүткөн. Окуп жүргөн кезинде эле республикалык көркөм адабий журналдарда алгачкы адабий чыгармалары жарыяланып, 1956-жылы «Кичинекей жылкычы» деген биринчи аңгемелер жыйнагы басылып чыккан.

Жаш адабиятчы 1957-жылы окуу китептерди чыгаруучу «Мектеп» басмасынын балдар адабияты боюнча редакторлугуна дайындалган[1]. 1959-жылы алгачкы адабий көркөм чыгармалары китеп окурмандар коомчулугунда оозго кире баштаганда, республиканын Жазуучулар союзуна алынган. 1960–1966-жылдарда республикалык «Ала-Тоо» адабий көркөм журналынын кара сөз бөлүмүнүн башчысы, жооптуу секретарь, 1966–1973-жылдарда ал журналдын башкы редактору, 1973–1974-жылдары республикалык басма сөз боюнча Мамлекеттик комитетинин башкы редактору болуп кызмат кылган.

Ушул эле жылдарда ал көркөм сөз чебери катары жетилип, «Жетим», «Адам болгум келет» повесттерин, «Сынган кылыч», «Келкел» тарыхый романдарын жазган. Ал күрөштүн адамы. Алыскы элетте өскөн айылдык жаш калемгер маданий деңгээлди көтөрүүнүн, интеллектуалдык бийик аскага тырмышып чыгуунун, адабий-эстетикалык кеңири түшүнүккө, кругозорго ээ болуунун азаптуу ички драмасын баштан кечирди[2], чыгармачыл тозоктордун секиртме таштуу жолдорунда таман эти тилинди. «Сынган кылыч» романы менен тарыхтагы ачуу чындыкты тайманбай айткандыгы үчүн, официалдуу бийликтин жасаган терс мамилеси жана куугунтугу жазуучунун башына канчалык оор мүшкүлдөрдү алып келди. Мындан улам келип чыккан оор санаалар жазуучунун психологиялык азаптуу дүйнөсүнө эстен кеткис тактарды калтырган.

Эмнеси болсо да, ички жана тышкы күрөштөрдө курчуп отуруп, жолдогу кедергиликтерди жана тоскоолдуктарды өжөрлүк менен жеңип, Төлөгөн Касымбеков парасаттуу инсан катары да, абройлуу жазуучу да, атактуу атуул катары да калыптанып, көпчүлүктүн алдында көйгашка сүрөткер болуп, көңкү журттун мандайында көкөлөгөн чынар сыңары туруп калды.

Өзгөчө, демократия, эгемендүүлүк мезгилинде Төлөгөн Касымбековдун жазуучу-атуул катары ак калпак кыргыз элинин алдында өтөгөн кызматы зор.

Тарыхчы жана жазуучу Төлөгөн Касымбеков 1990-жылы азыркы

---

[1] **дайындалган** – поручен

[2] **баштан кечирди** – пережил

Аксы аймагынан эл депутаты болуп шайланды. Жогорку Кеңештин жаңы жыйынында Жогорку Кеңештин Туруктуу Комиссиясынын Төрагасы жана Президиумунун мүчөсү болуп иштеди. Жогорку Кеңеште каралган[1] көптөгөн маселелерге жан-дили менен[2] кийлигишип, өз пикирин ачык айтып, Кыргыз Республикасынын атын жаңыртуу, борбор шаардын атын мурдагы[3] калыбына келтирүү, мамлекеттик тил, көз каранды эместик, Туу, Герб жана жер маселелеринин туура чечилишине түздөн-түз[4] кийлигишти. Маданият, билим берүү, дин тутуу, Граждандуулук жана басма сөз жөнүндөгү мыйзамдарды даярдоодо жана кабыл алууда да бул инсандын ишмерлигин белгилөөгө[5] болот. Ошондой эле эркин мамлекеттин биринчи Конституциясын даярдоодо жана кабыл алууда өзгөчө активдүү катышкан.

Бүгүнкү күндө Т. Касымбековдун чыгармаларынын атагы алыска тараган. «Адам болгум келет» повести далайдан бери окуу жайларынын адабият программаларынын чордонунан түшпөй, жаштардын сүймөнчүктүү чыгармасы болуп келет. «Сынган кылыч» романы сынчылар Мухтар Ауэзовдун «Абайына» тете чыгарма катары баалап келишет. Ал эми, «Келкел» романы жөнүндө адабият билерманы, окумуштуу Кеңешбек Асаналиев мындайча жазат: «Келкел» романы көп каармандуу, көп пландуу чыгарма. Бул чыгарма 1860-жылдан тартып Октябрь революциясынын жеңишине чейинки узак убакытты ичине камтыйт. Көрүнүп тургандай, роман кыргыз элинин тарыхый тагдырындагы эң бир маанилүү, эң бир орчундуу этаптык окуяларды көркөм чагылдырат. Ошондуктан, сүрөттөлгөн турмуштук окуялар да мүнөзү жагынан ар түрдүү, ар кыл. Турмуш-тиричилик, этнографиялык сценалардан тартып, тарыхый революциялык эпизоддорго чейин баяндалат. Романдын көп пландуу сюжеттик курулушунда Фрунзе, Токтогул, Курманжан датка, Мадамин бек, Аман палван сыяктуу тарыхый адамдар менен бирге, толуп жаткан ар түрдүү тагдырлар көрсөтүлөт. Кыргыз элинин эң кыйын, эң татаал тарыхый доорун даана, так сүрөттөөдө, мезгилдин эң бир түйүндүү маселелерин көркөм чечмелөөдө автор өзүнүн негизги чыгармачылык максатын жүзөгө ашыра алган. Ушул жагынан алып караганда, Т. Касымбековдун «Келкел» чыгармасы тарыхый романистикадан өзүнө тиешелүү ордун алат деп ойлойбуз. Романда коюлган идеялык проблемалардын масштабы жана мазмуну боюнча да, алардын көркөмдүк ишке ашырылыш деңгээли боюнча да, Т. Касымбеков «Жетилген курак» романынын, «Алымкан» аттуу драманын ж. б. көптөгөн прозалык чыгармалардын да автору. «Алымкан» боюнча мыкты көркөм телефильм да тартылган.

Т. Касымбеков кыргыз адабиятын ишенимдүү түзүлгөн эстетикасы бийик образдар, индивидуалдуу мүнөздөр, психологиялык анализ, масштабдуу философиялык ой толгоолор жана тарыхты көркөм талдоо маданияты менен байыткан чыгаан сүрөткер. Ал өзүнүн кайталангыс таланты менен кыргыз адабиятында мазмуну терең, көркөмдүгү бийик аңгеме, по-

[1] **каралган** – рассмотренный
[3] **жан-дили менен** – от чистого сердца
[4] **мурда** – раньше
[5] **түздөн-түз** – напрямую
[6] **белгилөө** – отметить



www.bizdin.kg

весть, романдарды жаратып, кыргыз элине гана эмес, коншу мамлекеттерге жана алыскы чет өлкөлөргө таанылган атак-даңкы бийик жазуучу болгон.

**окурман** – читатель
**таанымал** – известный
**тагдырына** – в судьбе
**белгилемекчимин** – хотел отметить
**окшобогон** – непохожий
**шыгын** – способность
**алгачкы** – первый
**баштан кечирди** – пережил
**тарыхчы** – историк
**даярдоодо** – в подготовке
**мүнөздөр** – характеры

## «Сынган кылыч» романы жөнүндө

«Сынган кылыч» 1998-жылы эл аралык масштабда эпопея аталган чыгармалардын деңгээлинде сөз кылууга арзыган.

Романдагы тарыхый окуянын масштабынан алганда, «Сынган кылычта» чыгарманын нагыз сюжетин түзүүчү көл толкунундай күргүштөгөн тарыхый окуялардын тизмеги Шералы хан таажысын кийген 1842-жылдан баштап, Болот-Искак дарга асылган 1876-жылды – Кокон хандыгынын Россиянын карамагына толук өтүшүнө чейинки 34 жылды камтыганы менен автор тарабынан колдонулган тарыхый экскурс доорлордун тереңине кетет. XIX кылымда эл тагдырына туш келген өтө опурталдуу, кандуу, кыйын жана кызык мезгил капысынан пайда болгон көрүнүш эмес. Шералыны хан шайлоонун (тарыхый окуянын) себебин окурманга жеткирүү үчүн жазуучу кыргыз тарыхый романдарынын композициялык структурасында архивдик материалдын ролун ойногон санжырага кайрылган.

Тарыхый окуянын масштабдуулугу жалаң гана ретроспективалык ыкма менен чектелбейт. Романда түндүк-түштүк кыргыздарынын биримдигине арналган эпизод көлөмдү көбөйтүү максатында эмес, улуттук биримдик идеясын тереңдетүү үчүн романдын структурасына кошулган.

Романда идеология темасынан тышкары элдин маданияты терең көрсөтүлгөн. Маселен, кыргыздын мейман күтүү маданияттын гана белгиси эмес. Үйдүн асем жасалгасы, бир тууган эл өкүлдөрүнүн бир-бирин күтүү, өз ара учурашуу маданияты, адаттан артыкча дасторкон жасалгасы, маектешүү этикасы, бийлик ээлеринин пикирлешүү манерасы – улут ынтымагынын маанисин ачуунун көркөм интерпрециясы. Өз алдынча мамлекеттүүлүккө жол издөөнүн амалы, элди азаттыкка чыгаруунун аргасын издөө болуп эсептелет.

Эл турмушунун купуя сырлары: коомдук-социалдык мамилелер, бийлик жана адам коллизиясы, ата-бала ортосундагы келишпестик (Эсенбай – Нүзүп), жубайлар ортосундагы мамиле (Алымбек – Курманжан), тууган ортосундагы мамиле (Сарыбай – Мадыл), улуттун жашоо образы, этнографиясы, этнопсихологиясы, дүйнө таанымы жогорку көркөм-эстетикалык деңгээлде чагылган. Улуу тоону мекендеген элдин бейпил турмушуна бүлүк түшүргөн кара мүртөз тарыхый доордун жүзү.

Айрыкча чыгарманын төртүнчү бөлүмүндө кыргыздардын аш берүү (Жаманкулдун ашы) үрп-адаты аркылуу бүтүндөй элдик турмуштун кеңири панорамасы түзүлгөн. Ашка келаткан Насредин бекти көк бөрү менен тосуп чыгуу, аштагы элдик оюндар (ат чабыш, балбан күрөш, эр чабыш ж. б.),

тамак берүү, кийит кийгизүү салттары мезгилге ылайык, тарыхый кырдаалга жараша көркөм сүрөттөлөт. Намыс үчүн кара башынан кечкен эрлерге «аксарбашылын» айта жаратканга жалынган энелердин тилеги, намыс алган тарапты ырга кошкон жарчы акындардын таңшыган ырлары, колунан чыккан көрктүү кийимдери менен назданa кылык көрсөткөн чебер айымдардын конокторго көрсөткөн сый-урматы убактылуу болсо да мезгилдин апаат күндөрүнөн элди унуткара салгандай көркөм сүрөттөлгөн.

Элдик турмуштагы өзгөчө мамиле кудалардын бирин-бири кыя албаган тагдыр азабы казатта шейит болгон кырчын жигит Темирдин атасы Теңирберди менен жаш жесир, айдай сулуу Айзааданын атасы Жамгырды кыйнайт.

Жазуучу улуттук тагдыр кылыч мизинде турганына карабай, турмуштун улуу мыйзамына ылайык, махабат отуна күйүп жанган жесир Айзаада менен Эр Эшимдин жеке тагдырларына романдын жалпы структурасынан орун тапкан.

Автор жалаң кургак тарыхый окуялардын хроникасы менен чектелбей, эл тагдыры объективдүү өнүккөн тарыхый окуялардын тепсендисинде калганын беш үйлүү нойгуттун абалы, Сарыбайдын үй-бүлө трагедиясы аркылуу жүрөк титиреген драматизм менен берүүгө жетишкен.

Романда коомдук катмардын өкүлдөрү катышкан: хандар, бийлер, бектер, даткалар, баатырлар, балбандар, чыккынчылар, айымдар, дан багарлар жана мал багарлар, кол өнөрчүлөр, кузөтчүлөр, жан жигиттер – кыскасы кыргыз турмушу кайнаган жашоодо миң түрдүү мамилелердин татаал байланыштары көрсөтүлгөн.

Жазуучунун чебер калеминен жаралган типтүү образдар (Абил бий, Каракаш айым, Сарыбай, Теңирберди, Айзаада) эле эмес, тарыхый инсандар: Мусулманкул, Нүзүп, Шер датка, Кудаяр хан, Шералы, Алымбек датка, Курманжан датка, Абдырахман, Болот-Искак, Скобелевдердин эстен кеткис мүнөздөрү түзүлгөн. Сарыбайдын тагдыры жеке адамдын гана эмес, доор трагедиясы катары терең психологизм менен сүрөттөлөт.

Дүйнөлүк масштабда карама-каршылыктуу доор катары тарыхка кирген XIX кылымда кыргыз элинин улуттук тагдыры кылыч мизине кабылып, өз бийлиги бир жактан, Кокон хандыгы экинчи жактан карапайым элди эзип, салыктын түрү күн санап өскөнү аз келгенсип, Ордо ичиндеги саясий интригалардын кесепетинен коомдун төмөнкү катмарына кесепетин тийгизген.

Чыгарманын көркөм структурасында Сарыбайдын тагдыры эл кайгысын коштогон күү, оркестр сыяктуу. Жаратылыш, коом, жеке адам, бийлик мамилелеринин татаал системасында: адам жана жаратылыш гармониясы бузулуп, бир жагынан жалынычтуу үн чыгарып, жем сураган бүркүттүн жырткычтыгын Сарыбай түшүнбөйт; экинчи жагынан, анын өзү менен жан шерик болуп калгандыгын, мүнүшкөр жакынынан ажырап калчудай кайышып, коё бербей жаткандыгын бүркүт түшүнбөйт. Жердин да, элдин да куту качкан мезгилдин каарына моюн сунгусу келбей, Сарыбай перзентиндей болуп калган бүркүткө жем издеп, жер кезип колуна эч нерсе илинбеген сон, жанында жүргөн тайгандын мойнун кайрып өлтүрүп бериши элдин жашоосу кептелген туңгуюктун метафоралык бир көрүнүшү. Жырткыч



www.bizdin.kg

арааны ачылган ичтейин тыя албай, өзүнө жем издеп жүргөн ээси көзүнө айбан көрүнүп, кол салышы, өмүр үчүн болгон кармашта мүнүшкөрдүн көзүнүн чукулуп өлүшү жаратылыш «перзенттеринин» дисгармониясына алып келген.

Тарыхый кырдаал курчуган кезде (алмустактан бери) жеке адам жана жалпы эл менен бийлик ортосундагы мамиле болуп көрбөгөндөй бузулары белгилүү. Бийликтин азезил кумарына баткан «жогоркулар» үчүн адам тагдыры оюнчук боло баштагандыктан, Сарыбайдын асыл жылкы Тору кашкасы уурдалып, беш үйлүү нойгут жалган жалаага кабылды. Бардык ишке куулук менен өзү жумшап, аягы адам өлүмү менен бүткөн чуу жөнөкөй элди азапка салганда, Абил бий кыздан тартуу берип, хан тукумунун көңүлүн алмакчы болгондо, бул азаптуу кайгы да Сарыбайдын тагдырына туш болду.

– Чара жок... – деди, Сарыбайдын алсыз үнү, – соо калсын биртике тууган... – Ушуну айтты да Сарыбай бүк түшүп жатып калды.

Жалгыз кыз туягы – Кундузайдын тартууга кетишин көтөрө албаган эне акыл-эсинен ажырап, ээн талаага кутуруп кетип, Сарыбайдын сокур жашоосуна, жалгыздык кошулат. Өзү жалгыз калганы аз келгенсип, бир тууганы Мадыл Абил бийдин саясий оюнунун курмандыгы болот.

«Сарыбай – элдик турмуштун негизин эң терең түбүнө сиңирген улуттук мүнөздү алып жүрүүчү айсберг.»

Ошол эле учурда тарыхый доор канчалык жексур, кырдаал канчалык катаал болсо да, эпопеялык чыгармада «элдин өлбөстүгү» даңкталат.

Романда сүрөттөлгөн мезгил XIX кылымдагы дүйнөлүк чөйрөдөгү чоң бурулуш, өзгөрүүлөрдү камтыгандыктан, алардын пайда болуу өбөлгөлөрүн көркөм аңдоо үчүн автор тарыхый экскурстарга кеңири орун берген. Кыйын мезгилде улутту сактап калуунун аргасын издеп таап, хан көтөргөн Шералынын ата-тегинен башка да, тарыхый инсандар: Алим хан, Нарбото бий, Нүзүптүн атасы Эсенбай, Нармамбет датка, Алымбек даткалардын ата-теги аркылуу романист байыркы кыргыз турмушунун көркөм элесин ишенимдүү чагылдырган. Улут намысы үчүн болгон күрөштө каармандар көөнө тарыхтын сабактарын пайдаланышкан.

Өткөн мезгилдеги улуттун жашоо образын, анын өзгөчө дүйнө таанымын сүрөттөөдө автордук ойдон жаратуу чыгармада эл турмушун кеңири панорамада, көп пландуу эпикалык формада баяндоого мүмкүндүк берген.

Ушундай тарыхый экскурстардын бири эл ичинде «баатыр» аталган – Бекназардын ата-тегине арналат.

Романда жазуучу тарабынан сүрөттөлгөн азем буюмдар: кайыш саадак, тоо текенин мүйүзүнөн жасалган сур жаа, кош миздүү шап кылыч, кийимдер жөн гана кооздук үчүн же бир гана каарманды идеализациялоо үчүн эмес, элдин түптүүлүгүн, наркт уулугун, байыркылыгын баяндоо үчүн, анын ичинде жеке инсандын кадыр-баркын, түпкү тегин баалоо критерийи катары колдонулган. Демек, жазуучу сүрөттөгөн буюмдар элдик маданияттын уникалдуулугунан кабар берүү үчүн сүрөттөлөт.

Демек, «Сынган кылыч» романын эпопея атоого толук негиз бар.

www.bizdin.kg

# Сынган кылыч

*(Романдан үзүндү)*

Датка атанып аброю абдан көтөрүлгөн Курманжан ошол «ынтымак» деген макулдуктан оюн да, боюн да качырган жок. «Эрдин кеги – эл намысы» дешип, бүйрөсү кызый баштаган кишилерин «ачуу – араз, акыл – дос» ыгына ийгерип, сыйынып отурат.

Көп өтпөй бүткүл Россиянын эгеси улук даражалуу император Александр II мындан нары да жер кеңитүү иштерин жылдыра бере турган өзүнчө бир бийлик орунун уюштурду. «Түркстан генерал-губернаторлугу» деп аталды, генерал-губернатору болуп генерал-адъютант фон Кауфман дайындалды, а ага өзү башкарган чөлкөмдө тынышам десе тыныша турган, согушам десе кимге гана болбосун согуш ача бере турган, демек, падыша укугу берилди. Ошон үчүн жергилик элдин ичинде «жарымпаша» делинген.

Кудаяр-хан жарымпашанын «мейманга чакырганына» абдан кубанып, убакытты узактырбай жасалгаланган кокон арабага отуруп, оор топ ордо кишилерин кошо алып, жарактуу удайчыларын шарактатып, ошол 1868-жылы Ташкентке жөнөдү.

Мына, кудай буйруса, ак пашага жетиш кыйын, жарымпашасына болсо да жүз көрүшүп, ортодогу кыжы-кужуга себеп болуп жаткан жер-суу, эл туурасында ачыгын сүйлөшүп, кудай өзү оңдой берди кылса, тынччылык менен, бурадарлык менен берди-алды кылып, кайрып алмак. Өз үмүтүнө өзү жылынып, көзүн сүзүп, кокон арабанын ыгында термелип баратат.

Жанаша отурган абтабачысы Абдырахман да санаада: «Салт үй эгеси чакырчу эле. Биз не чапкылап келе атабыз?! Күч атасын таанбайт, күчсүз күчтүүгө саламга келбеске, чакырыгына барбаска чарасы жокпу?!.» «Биз жерге, үйгө эгеликтен тайган окшойбуз го...» деген күдүк ойлорго аргасыз аралашып барды жолмо-жол.

Жарымпаша «жыландын баласына да жамандык ойлобой тургандай» дегенчелик, маанайы жарык, эки көзү жарым айлык ботонун көзүндөй жайнаган, күнөө ишке, кара ишке кириптер боло элек наристедей көрүнгөн инсан экен.

Ал ордонун огожосун оор топ кишилерин кошо токтотпой кабыл алды, жылуу жүз, жылуу сөз, урмат сездирүүгө шашылып жатты.

Сылык адамдын мындай мамиле-көңүлүн көрүп, бүлүнгөн ордонун огожосу өзүн бир аз адам сезип, жарымпашага бурадар, атүгүл бул баш ийген акпашага деле теңдеш, өкүмдар экенин эми билгендей баягы манчыркаган кебетени кайра кийип, ыңгыранып сүйлөп калса болобу?! «И, ишти бузат эми бу...» деп, эки көзү чекирейди абтабачысынын. А «наристедей көрүнгөн» инсан ууртунан асте мунайым жылмыйып карайт.

Сөз ыгында Кудаяр-хан эки өлкөнүн ортосунда болуп келе жаткан кандуу кагылыштарды, согуш десе өрөпкүгөн генералдардын күн санап алга жылып кирип келатышын эки ортодогу эссиз адамдардын, нары болгондо, жаман ойлуу кара ниет иштеринин натыйжасы деп түшүнөрүн, бул абалды сүйлөшүүлөр аркалуу салышка үмүттөнгөнүн айтты. Фон Кауфман башын тынымсыз ийкеп, «бурадардын» айткан арманын бөлүшүп, кошо кайгырышып, эми мындан нары андай кандуу окуяларды кудай бизге бербесин деп, тилек билгизип отурду. Ошону менен катар, сөз арасында улук даражалуу император бу кичинекей кокон ханы менен эч качан согушууну көксөгөн эмес, көксөбөйт да, кайта аны баласындай көрүп, ички-тышкы тиги Бухара жана Хийвага окшогон кастарынан дайыма калкалоого дилгир, тыштан бир жамандык хандын башына түшсө Россиянын эгеси ал жамандыкты өз башыма түштү деп билет деп түшүнттү да, эми эчтемеден кам санабай хан бактылуу хандык доорун сүрүп, тынч жата берсе болорун билдирди.

Эми «уктуңарбы» дегенчелик кабак көрсөтүп, өз кишилерин акырын сыдырып, буртуюп тиктеп алды Кудаяр-хан.

«Көбөт эми...» деди өз ичинен абтабачысы Абдырахман.

Кокус, жазып-тайып, хан же анын амириндеги калктар кандайдыр бир Россиянын кызыкчылыгына каршы кадамдарды баштай турган болушса, анда чыдамкайлыктын түгөнгөнү ошол, бүткүл Россиянын эгеси жөн эле карап тура албастыгын кабагы жарык «бурадар» бурадарлык иретинде көңүлгө салды.

Абдырахмандын тымызын көз кыйыгы дагы түштү өз өкүмдарына. Кудаяр-хан бул өтө оор эскертүүнү мардемсип, урматы улук акпаша эч камтама болбосун, биртике курал, биртике көмөк эле болуп турса, андай тыраңдап чыккан калктардын жинин өзүлөрү эле кагып коюшарын күпүлдөп, өтө жеңил кабыл алды.

Эми «Положение» деп аталган шартнама алып келинди ортого, мурда эле даярдалып коюлган экен.

«Положение» боюнча мурда Кокон хандыгынын тиги эле Россиянын чегинен Ташкенге чейин жер-суу, түркүн тайпа эли Империянын менчигине өткөрүлгөн; хан жак, анын бектери бул жакка илим максаттары боюнча келген куралдуу саякатчылардын жолуна бөгөт кылбоо, кайсы гана шаар болбосун россиялык көпөстөр эркин соода жүргүзө бериши макулдашылган. Эң акыры, коңшулаш мамлекеттер менен кандайдыр бир деңгээлде алака кылыша турган зарылдык болсо андай иштер кеңешилип жүргүзүлүшү эки жакка тең эскертилген.

Абдырахман маңыроо тартып отурат: «Эки аягыбыз бир кончко тыгылган экен!..» Генерал-губернатор фон Кауфман ордунан тура келип, Кудаяр-хандын колун кармап, бактылуу жылмыйган ирeңинен өзгөрбөй, таксыр Кудаяр-хандын өкүмдарлык даражасын кадырлай тургандыгын тактады. Кол койду «Положение» түбүнө.

«Э-э... жылмыйып туруп териңди сыйрып алат деген ушубу?!» деп таң калды абтабачы Абдырахман. Мекчейип, Кудаяр-хан да ойлоно түштү: «...жер кетсе... буларсыз бирөө менен барыш-келиш кыла албасак...»

Ирeңи боз тилмеч: «Кол коюңуз...» деди акырын. Кудаяр-хан чала угуп калгансып, тумшугу маңыроо, аны кайра тиктеди. «Кол коё албасаңыз согушка даярданыңыз, таксырым...» деди тилмеч боз ирeңи ан сайын кубарып, акырын. Буларды тыяктан жылмыйып, «бурадар» көздөн өткөрүп турат. Биртике көз ирмемден ойгонгондой эсине келе түшө, шашылгансып да, кол мөөрүн басты Кудаяр-хан: «...жок дегенде... бирөөлөр дагы баш көтөрүп калышса мага таянар өбөк болушар, ыя, буларды кудай урбаса...»

Нары толгонуп, бери толгонуп, акыры өзүн өзү жубатып, келечекте

www.bizdin.kg

бул «Положение» ага жамгыр өтпөс, ок өтпөс тон болуп беришин өзү болжоп, өзү ишенип, кошоматчылары көтөрө чала кубатташкан соң, астейдил кубанып кайтты.

## VI

Абил бий Мадылдын арызын айттырбай көрдү. Мадыл камчыга уккан. Сары шишик бетине чыгып кетиптир. Көздөрү же жумуп турганы, же тиктеп турганы билинбей, эрди кымтылбай отурат.

– Ким? – деп сурады Абил бий.

Мадыл ызалыгын күрмөп жутуп, буулуп эриндерин кыбыратты:

– Домбу...

Бул атты укканда Абил бийдин көзү сүзүлө түштү. Домбу хантагасы? Кандайдыр оюэки анжы, томсоруп калды.

– Баягы аттын күйүтүнөн... барсам...

Мадыл бүк түшүп, бийдин өңүрүнө тооп кылып, сөздүн ордуна буркурап ыйлады. Абил бий акырын акырегинен түртүп, аны өйдө болгузду да, өңүрүн тизесине басынып алды. Бийдин аяр көздөрү кылыйып, тереңден жылтылдап, анын ичи да ошондой алдастап жатты.

Беш түтүн бечаралардын абалы кимге дайын эмес?! Бири аңчы, бири керегечи, бири кырмачы. Сарыбайын бүркүтү тытып салды. Жакшыларга жандап, булардын талабын талашар ошонусу болучу.

Абил бий чөк түшкөн бойдон баш көтөрбөй бышактап отурган Мадылды да бир тиктеди. Кан жыттанган айрык боз көйнөктөн тыртайган арык эки ийин дирт-дирт этип турду.

– Ким бар! – Абил бий тышка үн салды. Босогонун сыртында турган жигит кирип келип колун бооруна алды. Абил бий ичиндеги кымкуут оюна алаксый жигитти бир пас кадалып ойлуу тиктеди да:

– Жакын киши жолотпо. Уктуңбу? Өзүң да босогого турбай нары кет... – деди акырын.

– Куп, бек ага...

Абил бийдин кылыйган көздөрү Мадылдын кыржыйган далыларына, канга калдырап каткан боз көйнөккө көчтү. Бирде азаптуу далылар, боз тумандын жылчыгынан чыга калгансып Домбу хантагасынын чычаланын учундай кызыл көздөрү, бирде канга каткан боз көйнөк, бирде кыжырлуу түйүлгөн кесирлүү чеке улам алмашылып, Абил бийдин көз алдында түш болуп ойноду.

– Кутурган экен «хантагасы» деп койсо... – деди Абил бий, ушуну менен Домбуга болгон кыжырын чыгарды, бир пас отуруп, анан: – Эмне кылайын дейсиң эми, Мадылым?.. – деп, акырын сурап койду.

– Эмне кыла алам, айланайын эл агасы?!

– Алы жетпеген акыретчи.

Мадыл бул эки жактуу жоопко баамы жете бербей, Абил бийди жалт тиктеди. Абил бийдин көздөрү сыр тартып жылтырап, уурту жымыйып турган эле. Мадыл эчтеме биле албады. Абил бий сол колун акырын Мадылдын далысына койду. Шордуу далысына кут конгондой сезип, бүткөн бою жымырап кетти. Ал эреркеп, өксөп жиберди.

– Кандай кылам...



– Өчүңдү ал, Мадылым. Бул дүйнөдө алы жетпеген акыретке коюп көңүл сооротот. Ыя, акыретке дейре эмне бар эмне жок, колдон келсе, карыш жылдырбай акыңды, өчүңдү ушерде алып калганга не жетсин?

– Айланайын... айланайын... эл агасы... – деп энтикти, Мадыл жалдырады. – Өчүмдү алып бер, кудай жалгагыр! Кара башым тартуу. Кара мээнетим менен да болсо, жакшылыгыңызды аткарармын! Менден кайтпаса кудайдан кайтар.

– Өзүң аласың.

Мадыл таң калып, оозун ачып тиктеп калды. Абил бийдин ирециnде эч өзгөрүү жок эле.

– Мадылым, мүнүшкөр тууганыңдын колунан мылтык көргөндөй болдум беле?

– Бар... – деди Мадыл шашылып. – Бар, бүркүттүн кызыгы менен жүрүп, Сары акем мылтыгын көп урунган эмес. Жапжаңы бойдон турат!

Мылтыкка бий колко салып калды бейм? Ал эле болсо жарасы жеңил! Тура чуркап барып, апкелип беришке даяр болуп, Мадыл делбиреп турду.

– Мылтык атып көргөнсүңбү?

– Жок, мага пайдасы деле жок! Көңүлүңүздөн айлансын бир мылтык! Азыр апкелем, эл агасы!

Абил бий кабагын бүркөй тигинин колун кагып тынчтандырып сүйлөдү:

– Чындап ыйласа сокур көздөн жаш чыгат. Атып көрбөсөң, эми атып көрөсүң. Кулак сал. Ошол мылтыкты октоп алып, жолун тосуп жатасың...

Мадыл нес боло түштү:

– Кимдин?..

– Менден жакшы билесиң, – Абил бий Мадылдын көзүн тиктеди. – Чоочуба, жаман! Бүлөсө майга өтпөгөн кыз талак! Мен сени эркек деп айтып отурам, боорум ачыганынан айтып отурам! Уктуңбу, мылтыкты октоп алып, жолун тосуп далдада жатасың...

Мадыл шалдырап отурду.

– Капилеттен мылтык тарс деп, алдындагы беги жалп этип аттан түшүп калса, өлүм кимди коркутпайт, артындагы жигиттери жайылып качып берет, алар кайра эсине келгенче изиңди суутуп кетпей сенде жан жокпу... Кулагыңа кеп кирдиби? Калганын мага кой. Бороон жүрсө да сага жел тийбейт. Катыныңа да айтпа, эч кимге көрүнбө. Уктуңбу? Калганын мага кой...

Мадыл эми түшүндү, сынап жатпасын дегендей Абил бийдин жүзүн мелтиреп тиктеди. Абил бий анын дилин окуп, акырын башын ийкеп койду.

– Ошент. Кайратың болсо, өчүңдү ушул дүйнөдө эле алып кал, Мадылым...

Мадыл обдулуп:

– Сайдым башымды... – деп, күбүрөп, тура баштады эле, Абил бий колун асте жаңсап кайра отургузуп койду. Абил бийдин кабагы чытылды. Мадылдын оюн окугусу келгендей мелтиреп тиктеди:

– Сага эң акыры айтарым: данбагарларга жакын жерден тоскондой бол. Уктуңбу?

Мадылдын акылы жетпеди. Абил бий томсоруп турган. Жүзүнө эч ырайым жок эле. Мадыл жалтанып кетти, көзүн алакачып жер тиктеп баш ийкеди.

– Сөз ушул. Данбагарларга жакын жерден гана тос! – деди Абил бий эскертип. Эмне үчүн экенин сен ойлонбо. Сен ойлоно турган иш эмес. Эй, сөз эки болбосун. Сени Домбу өлтүрсө мен куйим, мен өлтүрсөм ким куйит? Ушуну билип кой. Жөнө эми.

– Кайыр... – Мадыл шашыла таазим кылып чыгып кетти.

Абил бий бет алдын теше тиктеп былк этпей, бейиттин башына отургузган калмактын буркан ташындай кубарды.

Мунун баарын Абил бий бечара айылга жан тартып иштеп отурат деп түшүнүп, Мадыл байкуш көңүлүнө канат байланып, төбөсү көккө жетип кетти. Бар болгону эле ушул беле?

Амир Музафар Кудаярды тагына кайра отургузганда Абил бий ушу Домбуну кошо ала барган болучу. Кудаяр-хан Абил бийге кошо муну да жылуу жүз менен тосуп, хантагасы атантып, салык жыйноочу амалдары кылып Абил бийге кошкон. Мына, Домбу күн өткөн сайын ташыды, хантагасы деген атагына көптү. Кез-кезде сөзүн этибар албай сыртын салып да кетет. Эрез талашат деген ушул! Бул биринчи түрткү. Домбу элге жек көрүндү. Ал мунусу менен ордону эл көзүнө жеңилтет. Бул экинчи түрткү. Ушундай жагдай үчүн бийдин ордодон алган жашырын жарлыгы бар. Кандай гана болбосун бийликтин оорчулугун жаап, ызгаарын актап кетишке ордо кам көргөн. Бирок, Абил бийге кандай мааниде жарлык берилген болсо, Домбу хантагасына да ошондой эле жарлык берилгени белгилүү. Озунган оодарат. Бул да Абил бийдин эсинде бар. Оодарышар мезгил келип калган сыяктуу. Элдин жону жукарып, арыз айтуулар, нары карап күңкүлдөп сөгүнүүлөр күндөн күнгө көбөйүп баратат. Бу үчүнчү түрткү. Мына ушуларды тегеретип ойлонуп, кыябы көздөн учуп отурган чагында Абил бийге Мадыл өзү келип бердиби. Ар нерсенин артык баш чуру-чуусу жок бүткөнү жакшы. Буга Мадыл эң сонун жарак болучу.

Абил бий жеңилдене демин алды.

– Ким бар! – деп, тышты карап алаканын шак-шак койду.

Сырттан зайыбы кирди. Каракаш айым байын бир чаргып тиктеп алды да:

– Тиги бечара канга жуулуп кайдан жүрөт? Эмнеге келиптир? – деп сурады.

Абил бий көзүндөгү заарды зайыбынан да жашырып, көзүн сүзө үнүн муңайым чыгарып:

– А баягы Домбу кара өзгөй. Булардын жалгыз атын уурдатып алып, тааныса чала өлүк кылдырып сабатып коюптур, – деп койду.

– Кой деп коюң да, датка! Четинен сабай береби букараларыңызды...

Күлүп койду Абил бий:

– Хантагасы эмеспи?!

– Ал хантагасы болсо, Сиз эл агасысыз. Эл Сиздики.

Абил бий көзүн кылыйтып жумуп, ичтен тына башын ийкегилеп:

– Мындайдын жазасын кудай берет, мындайды кудай узатпайт... – деди акырын.



www.bizdin.kg

1. Бул үзүндүдөн кандай тарыхый окуяларга күбө болуп олтурасың?
2. Бул канчанчы жылдары болгон окуя?
3. Тарыхтан ошол мезгил жөнүндө эмне билесиң?
4. Берилген схеманы толукта.

| Чыгарма б/а эмнени билдим. | Тарыхтан эмне билем. | Дагы эмне билгим келет. |
| --- | --- | --- |
| | | |
| | | |

**«Сынган кылыч» романдан үзүндү.**

**Текстти балдарга топтоп окутуу. Окугандарын анализдеп балдардын ой-пикирин угуу.**

Дайым жылуу кан чокуп көнгөн бүркүт чыгы кеткен өлүү жемге алымсынабы? Үмүт кылып, мүнүшкөрдүн үшкүрүгү чыккан жакка талпына ачуу шаңшып[1], саңоор[2] жүндөрүн түктөйтүп[3], темир канат балапандай оозун ачып жалынычтуу кыйкылдап жиберип турду. Жакшы көргөн кыраанын карыптай суранып отурганына чыдай албай Сарыбай мүнүшкөр тескери карай берди.

– Эртең эмнени бердим? Бүрсүгүнү эмнени бердим?

Ал далысын үңкүйтүп[4], айласы түгөнүп, шалдырап турду. Кылар арга кайсы? Эптеп бир аракет кылуу керек. Тырмалануу зарыл.

Сарыбай көңүлү түтүп отура албай, айылдын үстү жагындагы калың арчалуу кадууга чыкты[5]. Барып өгүнтөн бери үзбөй ар жерге коюп жүргөн кыл тузактарын карады[6]. Бири да бузулбаптыр. Сокур чычкан да жорголоп өтүп койбоптур.

Узун кыштын оорчулугу кол караган мал түгүл[7] тоодогу айбанаттарга да катуу өткөн эле. Кекилик[8], кыргоол[9], чил жер карайганга жетпеди. Бир жагынан кар, суук кысса, бир жагынан ачтык кысты. Турган жеринде, жаткан жеринде карга кошо тоңуп, түлкүлөргө, ийри тумшук куштарга жем болушкан. Кийиктер көздөрүн жайнатып короолорго кирип келишип, көбү адамдардын бычагына урунду, көбү кары жеңил пас тарапка ооп кетишти. Мына жер карайды. Көк да чымырады[10]. Буту жеткен жеринен Сарыбай бир да илбээсин жолуктура элек. Жердин куту качтыбы?

[1] **ачуу шаңшып** – красивая горечь
[2] **саңоор** – мягкий
[3] **жүндөрүн түктөйтүп** – вздымая шерсть
[4] **далысын үңкүйтүп** – опустив голову ниже плеч
[5] **арчалуу кадууга чыкты** – забрался на арчовый склон горы
[6] **тузактарын карады** – посмотрел на сети
[7] **түгүл** – отриц. не
[8] **кекилик** – каменная куропатка
[9] **кыргоол** – фазан
[10] **чымырады** – ожила

www.bizdin.kg

Автор кышкы суукту кандай сүрөттөдү? Сарыбай жей турганга бир нерсе табат бекен?

Сарыбай темтейип чарчап кечинде үйүнө келди. Эшиктин көзүнөн зайыбы Сүйүмкан ага үмүттүү карап:

– Соога, мүнүшкөр, соога, – деп тосуп алды. Эмне демекчи? Кеберсиген эрдин ырсайтып кайгылуу жылмайды.

Кең үйдүн оң капшытында мойнун кайрып, тумшугун жогдор жүндөрүнүн арасына катып, туурунда үргүлөп отурган бүркүт мүнүшкөрүнүн дабышын сезип, зор канаттарын далдайта сары ооз балапандай жем тилеп кыйкылдап үн салды.

– Мүнүшкөр, ушуга убал болуп кетти. Эртеден кечке шырп[1] эткен дабыш[2] угулса ошол жакка талпынат. Кыйкылдап жем тиленет. Же бере коёрго бир үзүм бирдеме болсочу. Үмүт үзүлгөндө, байкуш жаш балача кыңылдап, канатын түшүрүп шалдырап калат… Ушуну коё берсенчи, мүнүшкөр. Бешенеңде болсо, дагы бир бүркүт табылар, коё берсеңчи ушуну кыйнабай… – деди Сүйүмкан. – Тууран жыртылып кете турган болду өзүңдүн да… жем издеп жүрүп…

– Ой, катын ай, эмне деп отурасың?!

Сарыбай таарынгандай кабагын бүркөп, ого бетер тунжурап отуруп калды. Коё бер? Не күндөргө туш келип турганы менен, ал мүнүшкөр да. Өз колунда он түлөткөн, алгыр, сынакы[3] кушу. Өз санынан эт кесип беришке барса барар, кантип коё бере алмакчы? Бул бүркүт тилсиз макулук болсо да Сарыбайга жолдош, үйдөгү бүлөнүн бири катары! Сарыбайды жогу табылгыс санаалар әзди.

Ачарчылык. Бүркүткө дагы тамак бериш керек. Эмне үчүн Сарыбай аны бошотуп жибербейт?

Сүйүмкан ашканасынын оозунда күйпөңдөп тулубунан талкан алып жатып:

– Аштык да бүтүп баратат, – деди кейиштүү, – бир эле биз эмес, төрт үйлүү тууганыңдын баарында эчтеме калбады. Биздин үйдү тиктеп отурушат. Мына, бизде болсо, жетсе жарым айга жетер, тулуптун түбүндө бирти-ке сырмак калды. Жылдагыдай ак мүрөөн болгондо, кичинеден жыт кылып турганда ушу деле жетет эле бышыкчылыкка дейре. Жылдагыдай ак кана?..

– Болду! Мынча эмне шишке саясың мени! – деп жарылып кетти Сарыбай. Көпкө дулдуюп отуруп, акыры түтпөй Мадылды чакыртты.

Салам айтып эшиктен Мадыл кирди. Сарыбай шалдырап отурган калыбында башын ийкеди.

– Бир тууганым, – деди Сарыбай бир убакта Мадылга, – бүркүттүн жеминин камын мен көрөйүн… – Ал улутунуп алды. – Туугандарды н колундагы быдыры жуттан чыкпай калды. Эмне кылабыз, көпкө келген опат. Күн сайын билинип ачарчылык келатат. Уктуңбу? Бүркүттүн жеминин камын мен кылайын. Сен оокаттын камын кылбасаң болор эмес, бир тууганым… –

[1] **шырп** – подражательное слово
[2] **дабыш** – звук
[3] **сынакы** – испытанный



Сарыбай бүркүт кондуруп жүргөн жаргак кол кабын Мадылдын алдына таштады. – Ме, көк өзөн боюна түшүп, ушуну алдына таштап, Теңирберди авама менден салам айт. Бир улоо дан берсин. Жакшы эле, алдашпай алака кылып жүргөн жер эле. Куру кол кайтарбайт. Теңирберди жай билги адам. Түшүнөт жайыбызды. Ушундай деп эле ачык айт: колубуз жер алдында жатып калбас ушул бойдон, таба-тута[1] кутулабыз де.

– Аке, улоонун айласын эмне кылабыз?

Сарыбай күлдү:

– Ооболу барчы. Алардын өзүнүн жайы кандай экен? Не болсо да, мейли. Ыдын кайда жүрөт. Ыдынды ээрчитип ал. Бир улоо дан – эки тең дан. Эки тең данды Ыдын экөөңөр көтөрүп алып баса бербей, жаныңар жокпу?

Мадыл кол капты алып ордунан турду.

– Болуптур. Ыдынды таап, камына берейин, аке.

– Ошент. Эртең менен эрте жөнөгүлө. Жолуңар ачылсын…

Мадыл кайырлашып үйдөн чыгып кетти.

Сарыбайдын көңүлү биртике ачылгансыды. Ал керегенин башында турган комузун алды. Көптөн бери колуна алалек эле. Комуздун кулактарын акырын терип бурап күүгө келтире баштады. Кылдардан чыккан түрдүү үндү тыңшап, бирин көтөрүп, бирин күңгүрөөгө чейин пастатып, үндөрдүн бирине бири жалгануулары н жүрөгү менен угуп, кыял эргүүсүнө берилип кетти. О, ал комузду сүйлөтчү эле. Бу дагы ата өнөрү болгондуктан жашында кызыгып үйрөнүп калган. Бирок, ушунун аркасы менен оокат[2] кылбагандан кийин, кунт кылчу эмес[3]. Кээде гана, көңүлү чак кезде, көңүлү өтө чөгүңкү кезде гана колуна алып, бир-эки күү чертип, кайра ордуна илип коёр эле. Өмүрүндө Сарыбайдын көңүлү чөгүңкү[4] күнү аз болгон, ошондуктан көбүнчө комуз ээсинин көңүлү чак кезинде чертилчү. Кээде жалгыз кызын, бүркүтүн эркелеткиси келип жан терметкен ажайып мукамдуу үндөр менен алардын көңүлүн көтөргүсү келгенде чертилүүчү.

Сарыбай кайсы аспапта ойночу? Ал кандай ойночу экен?

Бүркүт күүнү тыңшабай койду. Чоң ийри тумшугун ачып, шаңшып, шабырт чыккан жакка ынтылып, ормоңдоп тынчы кетти. Сарыбай комузун токтотуп, бүркүтүн дал болуп тиктеп отуруп калды. Бүркүт өзүнүн жүнүн өзү чапчып ыргытып, үйдүн ичин шамалга толтуруп зор канаттарын катуу күүлөп, ачуулуу шаңшып, өрмө кайыш боосун[5] карс-карс чокуп тыткылады. Үзө албасына көзү жетип ичи күйөбү, жогдор жүндөрүн түктөйтүп Сарыбай жакка тап бергиледи.

Сарыбай эрте турду.

– Менин жолум качса, кер тайгандын жолу качалектир…

Үмүт байлап, зайыбы менен да кайырлашпай, кер тайганды ээрчитип милтелүү[6] кара мылтыгын бир ийнине салып төшкө чыгып кетти.

[1] **таба-тута** – *здесь:* как будет возможность
[2] **оокат** – кушанье
[3] **кунт кылчу эмес** – не уделял внимание
[4] **чөгүңкү** – упавшее
[5] **өрмө кайыш боосун** – плетённая верёвка
[6] **милтелүү** – обязательный



9-85

Айылдын үстү жагындагы арчалуу кадууга[1] күндүн нурунан мурда барды. Кыл тузактарын, капкандарын дагы бир сыйра карап чыкты. Дагы эчтеме жок. Эки жолу дүнк[2] дедире кур дүрмөт[3] атты. Эчтеме качып чыгып бербеди. Чийт-чийт деп кайдадыр чымчыктар учуп жүрүшөт. Бул жаркыраган кең дүйнөнүн куту жалгыз ошолор калгансып Сарыбайдын көңүлүн оодурат. Чымчык да болсо колго тийсе кана? Чымчыктар көзгө илешпей, кароолго келбей асманда жүрүшөт.

Кечинде зайыбы эшиктин көзүнөн:

– Соога[4], соога!.. – деп адаттын сөзүн айтып тосуп алды. – И… баштыгың томпоёт… – Жүзү жайнап сүйүнүп баштыкка энкейди. – Кудайым ай…

Сарыбай ачык эчтеме дей алган жок.

Кандай деп ойлойсунар, Сарыбай кандай айла табат?

Бир аз күн өттү. Сарыбай дагы алдастап жем издөөгө түштү.

Жандык[5] малга байыр болсун үчүн таштан тизе бою гана көтөрүлүп курулган кең короо. Сыртында үйгө жакын таш акыр. Төмөн жагынан билектей булак суу шылдырттап агып жатат. Мына, Кара байдын кыштоосу деп аталган атактуу кыштоо ушул. Эртең ээси көчүп окшогон таштардан башка эчтеме калбайт, ушул жерди киши ээликтеп турарын Сарыбай алыстан тиктеп келатты. Таш короонун четинде жакын-жакын тигилген эки үй турат.

Сарыбай байдын үйүнө кирип барып, босогого токтой калды. Төрдө чепкенин жамынып Кара өзү жаткан экен. Ашканасынын оозунда нары карап зайыбы[6] отурат.

Демек, Сарыбай байдын үйүнө келди. Байдан эмне сурайт, ал жардам берет бекен?

– Ассалоом алейкум. Кара аке!

Кара өйдө боло, тиши жок кызыл ээгин кыбыратып, саламчынын көңүл кош алып:

– Э… Сарыбайсыңбы, – деди, ал ошондо таанығандай.

Сарыбай тизелеп байдын төмөн жагына отура калды.

– Жайынча эле, Кара аке… – Жанбаштыгын чечти.

Кара байдын жыртак көздөрү баштыктан өтүп кетти:

– Ие, – деп кубангансыды ал, – кайран мүнүшкөрүм[7], соога апкелгенсиң го, аваңа!

– Ошого жакын… – деди Сарыбай да жанданып.

– О, катын! Кайдасың!

---

[1] **кадууга** – на склон горы
[2] **дүңк** – подражание резкому однократному звуку
[3] **дүрмөт** – заряд
[4] **соога** – подарок из военной или охотничьей добычи
[5] **жандык** – живое существо
[6] **зайыбы** – женщина
[7] **мүнүшкөрүм** – сокольник



www.bizdin.kg

Кара сур зайып ашканасынан чүрүшкөн чекесин көрсөттү.

– Апкел оокатыңы! Соога дегенди ууга кошо чыгып алчу эле, бу мүнүшкөрүм өзү апкелип калыптыр. Ушундайда бирге даам сызбасак болобу? Бол тез…

Түнөрө түштү кара сур зайыптын кабагы. Эринен гана өтүнө албай ашканасында көпкө күймөнүп жатып, акыры дасторконго жаңы бышкан эки жилик сүр эт, булоолуу сорпо алып чыкты. Эшиктен киргенде эле бышкан эттин жытын сезген, тыштан шабырт чыкканда беките салган окшойт. Сарыбайдын денеси жыйрыла калды.

– Ала бериңиз, бай… – Ал дити барбай сүрдөн бир үзүп ооз тийди да, дасторконго колунун учун сүртүп алып, баштыгынан тартуусун сууруп байдын алдына койду. – Бай, бергиңиз келсе, улак да болсо ыраазы болуп алып кетем, көзүмдөн кан чыгып турган чак, ушу арзыбаган немеге сүйкөп байым бирдеме кайрылабы деп келгеним…

Кара эрдин бекем кымтынып онтолоп жиберди, бирок көздөрү тиги башы кошо катырылган көк чаар[1] илбирстин терисинен айланып кете албады. Сарыбай леп тура калып, теринин башынан кармап жүндөрүн сылапсылап, акырын үшкүрдү:[2]

– Байым, тартууга аны бер, муну бер деш салтта жок иш эле… Кантели, күн ошондой болуп турат. Турмуш ошенткизип отурат. Жут жалгыз менин башымдабы?..

Кара бай токтоло калып, ыкшалып, кайра онтолоду:

– О, мүнүшкөрүм… Баатыр мактанса бир октук, бай мактанса бир жуттук экен! Байың баягыдайбы, баягыдай болсо аягыдайбы… Ошондой… Баягыдай жүз жылкы алдыбызда күтүрөп турса кана! Үстүнө тон жаап, астыңа ат тартсам эп эле…

Сарыбайдын шагы сынып, кулактарынан бери кызарып кетти.

– Өзүң көрүп турасың… Көрүп турасың, мүнүшкөрүм… Он чакты гана туяк калды… – Кара колу менен чекесин басып бүк түшүп, күйүтүн шыбырады: – Карачы… Карачы, жүз жылкыдан… Жүз жылкыдан… Ушул эле калды го… О, кудай ушул күндү көрсөттүң!

– Мейли, мейли… Кара аке… Кудай салганга арга барбы! Мейли, кейибеңиз… Сөзүмдү кайра алдым. Эчтеме сурабайм, жөн эле коюңуз…

Сарыбай ушундай кишиден бирдеме үмүт кылып келгенине өзү уялып, шылдың болуп[3], эки этегин далдактатып эски бейиттей коркунучтуу түнжураган[4] үйлөрдөн алыстап кеткиче шашты…

Жымжырт[5]. Чымчык[6] учпайт. Өтөк көк чалгын. Бийиктер дагы эле агала кар. Тоолор кандайдыр уйкулуу сыяктуу боз тартып, ач көгүлтүр мунарыкка төнүп жатты. Жымжырт. Бул жаркыраган кең дүйнөгө тири жандык али жарала элек сыяктуу, шуу-шуу өткөн жолбун желдин шоокумунан башка эч дабыш[7] жок, кулак кескендей жымжырт.

---

[1] **чаар** – пёстрый
[2] **үшкүрдү** – вздохнул
[3] **шылдың болуп** – был осмеян
[4] **түнжураган** – безмолвный
[5] **жымжырт** – абсолютно тихо
[6] **чымчык** – птица
[7] **дабыш** – звук

Бүркүт оор. Сарыбайдын ийнин талдырып, кабыргасын майыштырды. Бир ийнинен бир ийнине өткөрөт. Бүркүттүн күчтүү тырмактары акыректерин кабыштырат.

Сарыбай кадуулап көп кыдырды. Алдынан эчтеме чыкпады, эчтеме учпады. Өжөрлөнүп кыдырды[1]. Эчтеменин шабырты угулбады. Көл-шал тердеп, чарчады Сарыбай. Айла куруганда, бир белеске токтоп, нары бетине биртике эңкейип, сепкилдүү чоң кара ташка бүркүттү кондурду да, эриндери кеберсип шалдырап отуруп калды.

Сарыбай чапанын чечип алдына салып бирпас жамбаштап жатты. Кайра турду. Бүткөн бою ныксырады. Көйнөгүн чечти.

Бир убакта шарпылдап жулкунуп, чеңгелине эмне кирсе ошону мыжыга кармап, курч тумшугу менен карсылдата чокуп, жаны карайып мойнун алга созгулап, шырп эткен дабышка, жолбун желдин шуу-шуу эткенине жата калып кулак салып, талпынып ачуу шаңшып, бүркүттүн тынчы кете баштады. Кайдадыр эркин жайга, аркыраган шамал менен жарышып, үлбүрөп чубалган булуттардын үстүнөн сызгысы келгендей.

– Шабырт алды окшойт…

Сарыбай бүркүттүн томогосун сыйрыды. Бүркүт дароо колдон суурулуп, заматка көккө атылып чыкты. Бере көр! Сарыбайдын жүрөгү дүкүлдөп кетти. Бере көр, чоң кудай! Бере көр, кең кудай! Сарыбай эки көзүн жүлжүйтүп, кубанып көк тиктеп, кайсаңдап ар тарабын каранып, кайсыл жерден кандай аң качып чыгып калар экен деп, дөгдөп жүзү жаркырады.

Ошол бойдон, ошол кеткен бойдон бүркүттүн карааны көрүнбөй калды. Мүнүшкөр жалбырак болуп дирилдеп күттү. Жок… Жел гана шыбактардын башын шыбыраштырып жатты. Эч дареги жок… Кеткени ушубу!.. Сарыбайдын ичи сыйрыла баштады.

– О, кыраанын…[2] Кетип калдыңбы…

Сарыбайдын көздөрү жашылданып боз асманга телмирди, эч көтөрө албай турган, эч көнө албай турган сары убайым басты. Оозун кымтышты унутуп, кичинекей сакалын сербейтип, нары-бери алдастап кетти. Боз асман анын жүрөгүн байкатпай лук жутуп коюп, анан өзүн мисирейип карап тургандай болду. Сарыбайдын ичи тытылды.

– О, кыраанын… Мени таштап кеттиңби… Мен куруюн, мен бир жазгы каатчылыктан сени алып чыга албадым… О, кыраанын…

Сарыбай баштагыдай үндөп чакыра албады. Антүүгө укугу жоктой сезилди. Тили күрмөлбөдү. Айласыз, кубатсыз мууну титиреди.

– О, кыраанын… Балам менен барабар көрчү элем… О…

Бүркүт кайрылып келеби? Же ошол бойдон учуп кетеби? Ал учуп кетсе Сарыбай кантет?

Ана! Алда кайдан бүркүт шаңшыды[3]. Ана! Сарыбайдын жүрөгү жарылып кете жаздады. Ана! Илбээсин көргөндө гана ушундай шаңшычу ал.

[1] **өжөрлөнүп кыдырды** – упрямо бродил
[2] **кыраанын** – хваткий беркут
[3] **шаңшыды** – клекотал



www.bizdin.kg

Сарыбай токтоно албай көйнөгүн унутуп, жылаңач дардаңдап чуркады. Үндү улап чуркады.

– О, айланайын үнүңдөн… Айланайын… – деп. Каргылданып, эки колун ового сунуп кайкырды. Ошол! Төбө жактан абаны жарып шуулдап угулган куу гана улам жакындап келатты. Ошол! Сарыбай элтеңдеп, сүйүнгөнүнөн каңырыгы түтөп, кудайга да, бүркүтүнө да жалынды. Сарыбай эки жагын каранды. Эмне үчүндүр ал жопарада шакка корголоп же суналып качып жөнөп берген аң көрүнбөйт. Ана! Бүркүт! Күчтүү канаттарынын күүсү желдин шоокумун каптап, найзанын[1] учундай ышкырып тик сайылып өзүнө келатты. Сарыбай нестейе түштү… Ойлонтпой, камынтпай бүркүт аркан бою кирип келди, ошондо Сарыбайдын колу жерден балдакты ала коюп, бетине кармай берди. Каардуу бүркүт тайманбай көз ирмемде селдей шаркыраган күч менен келип бир тээп өттү, жыгач балдак шарт тең бөлүнүп сынып түштү.

– А-ай! Кантесиң, кыраанын!..

Ошол чөлкөмдү[2] үч айланып чабыт кылып, көзүнө тири жандуудан эчтеме илинбей, дөңдө кыбырап жүргөн жалгыз караан өзүнө тартып, ач бүркүт ал караанга таштап жиберген эле. Ал мүнүшкөрүн тааныган жок. Жылаңач Сарыбай анын көзүнө кийиктин улагы сыяктанып көрүнгөн окшоду.

Бүркүт кайра көккө атылып чыкты[3]. Сарыбай эсин жыйышка үлгүрө албады, бүркүт темир чеңгелдерин арбайтып, курч тумшугун ачып, чекирейген кызыл тегерек көздөрүнөн заар чачып, ошол замат кайра шуулдап кирип келди. Өлүм! Колунда куралы жок адам сепкилдүү[4] кайра качты… Өлүм! Алдастады… Өлүм! Ушул өлүм коркунучунун алдында көзүнө канга боёлуп кулактарын шалпайтын жерде жаткан тайгандын башы көрүндү, анын нуру өчкөн көздөрү кадалып тиктегендей. Табалагандай[5]. Келме кезек!

А-а!.. Жер тыткылап, таш аткылай баштады. Колуна эмне кирсе ошону менен, топурак, чөп кирсе чөп менен шилтеп, ошону менен өлүмдөн коргонду, өлүмгө айбат кылды. А-а-а! Жандалбас кылды. А-а-а-а…

Кандай деп ойлойсуңар! Бүркүт ээсин тааныйбы?

Коркунчаак[6], тартынчаак[7] кылган жашоо үмүтү. Жашоодон үмүт үзүлгөндө адам коркунучту унутат. Сарыбай коркунучту унутуп салды. Ач бакырыгы да тып токтоп, эрдин кесе тиштенип, кадим жырткыч болуп, кулачтап качырып бүркүттүн арбайган тырмагына кол салып кирди. Сарыбай бүркүттүн башын кармоого, мойнунан бурап басууга аракет кылып, бүркүт башын алакачып карматпай, көзгө асылып, желке жүнүн түктөйтүп жаал-

[1] **найзанын** – копья
[2] **чөлкөмдү** – место
[3] **көккө атылып чыкты** – взлетел на небо
[4] **сепкилдүү** – веснушчатый
[5] **табалагандай** – как-будто злорадствовал
[6] **коркунчаак** – трусливый
[7] **тартынчаак** – стеснительный

www.bizdin.kg

данып чокуп[1], Сарыбайдын бүт денесинен кан жошулуп бүркүттүн канаттары карсылдап сынып, куйругу жулунуп, жүндөрү сапырылды. Сарыбайдын эки колу бүркүттүн темир чеңгелдерин бошотпой туткактап калган. Тизеге басуунун аракетинде. Бүркүт көзгө асылат. Сарыбай башын чулгуп көздөрүн алакачат. Бүркүт мойнун жыландай буралтып көздү кууйт. Сарыбай курч тумшукка башын тосо берип көзүн калкалайт. Жан аргасы! Ал дагы бүркүттүн көз келген жерин тиштеп, бурдап тиштеп жатты.

Сарыбайдын көздөрүнөн от чагылды. Сарыбай көздөрүн бек жуумп, бүткүл күчүн үрөп, чымырканып кармашты. Ал акыры бүркүттүн бир чеңгелин тизеге басып, бир колун бошотууга жетти да, ошол колу менен бүркүттүн мойнун сыйпалап таап, бар күчү менен сыга кармады. Бурады. Бүткүл денеси менен өбөктөп басты.

Бул күрөштө ким жеңет деп ойлойсуңар? Окуя кандай уланат?

Бир убакта канга жошулуп, Сарыбай бүркүттүн калдайып жатып калган денесинин үстүнөн акырын өйдө болду. Ал көзүн ачкысы келди. Көзү ачылбады. Көзүн сыйпалады. Колуна балжыраган бирдеме урунду. Ал кан болучу. Сарыбай да анын кан экенин билди. Капкараңгы. Көрдөй капкараңгы. Эмелеки жаркыраган кең дүйнө кана? Чымырап кансырап денеси улам оор тартып баратты. Ал эсине эми келди. Баягыдай коркунчаак, тартынчаак, үмүткө алданма, кайгыга, кубанычка бат алдырма пенде учуруна кайра келди. О, теңир, көздөн ажыратгыңбы! Ал сендиректеп, чалыштап бүркүттүн карайып жаткан канаттарынын жанына сулап жыгылды...

1. Чыгарманын башкы идеясы эмнеде?
2. Сарыбайдын образы кандай?
3. Ал ким болгон?
4. Сарыбайдын бүркүткө жасаган мамилеси кандай?
5. Автор жаратылышты кандай сүрөттөйт.
6. Байдын образы (Салыштыргыла).

**Жалпы тапшырма.**
**Оюн. Өзүңөрдү текшергиле!**

Бул жерде силер билген чыгармаларынан алынган каармандардын аттарын өз ара бөлгүлө. Схеманы толтургула.

Ак Мөөр, Сарыбай, Каныбек, Сейит, Учей-Фу, Ажар, Максүт, Данияр, Саадат, Ыманбай, Сапарбай, Кузнецов, Чынар, Жапар, Зулайка, Түлкүбек.

| Чыгарманын аты | Оң каарман | Терс каарман |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

[1] **түктөйтүп жаалданып чокуп** – озлобленно клевал



## *Билип алгыла!*

*Төлөгөн Касымбеков – прозаик. Кыргыз эл жазуучусу (1956), КМУнун филология факультетин бүткөн (1957).*

*Редакцияда кызматкер (1957–1960), «Ала-Тоо» журналында бөлүм башчы, жоопту катчы (1960–1966), баш редактор (1966–1971) болуп иштеген. Кийин басма жаатында, Жазуучулар союзунда, автордук укук коргоодо, жоопту кызматтарда эмгектенген. Республиканын Жогорку Советине депутаттыкка шайланган.*

*«Жылкычынын уулу» (1956), «Туулган жер» (1958), «Адам болгум келет» (1960) аңгеме-повесть жыйнактарында жазуучунун таланты байкалган. Т. Касымбековдун этаптуу чыгармасы – «Сынган кылыч» (1966, 1971) тарыхый романы. Романдын биринчи бөлүмүндө 19-кылымдагы Кокон кандыгынын ордо турмушу, элдин азап-тозоктуу абалы, экинчи бөлүмүндө топуктардын бийликтегилер менен таймашы, акыры кыргыздардын Орусия карамагына өтүшү баяндалат.*

*«Келкел» романы (1986) тематикалык, идеялык-көркөмдүк жагынан «Сынган кылычка» өзөктөш, б. а. ал кыргыз элинин 19-кылымдын экинчи жарымы менен 20-кылымдын башындагы социалдык-экономикалык абалын, кыргыз жергесинде Совет бийлигинин орношун көркөм чагылдырат.*

*Бул романдар тарыхый окуяларды көркөм полотнодо жолдуу чагылдырып, белгилүү инсандардын образдарын психологиялык жактан терең көрсөткөндүгү менен жогорку идеялык-эстетикалык бийиктикте турат.*

*Кыргыз эли саясий эгемендүүлүк алгандан кийин, «Сынган кылыч» романы мезгил талабына ылайык кайрадан иштелип чыкты: структуралык өзгөрүүлөргө дуушар болду; жаңы образдар кирди; белгилүү образдар, окуялар толукталды; айрым маалыматтар алынып ташталды (1998).*

*Түндүк Кыргызстандын Орус империясынын оторчул саясатына кириптер болуп айласыз анын карамагына өтүшү «Баскын» (2000) романынын лейтмотивин түзөт.*

**азап-тозоктуу абалы** – трудное время
**таймашы** – напряжение сил
**өзөктөш** – близкие по духу
**көркөм чагылдырат** – художественно отражён
**дуушар болду** – повстречавшийся

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Баллада** (*франц.* – бийлөө деген мааниде) – Европанын орто кылым адабиятындагы лирикалык жанр. Ал сентименталдык жана романтикалык поэзиянын негизги түрлөрүнө кирип, укмуштуу окуяларды баяндаган сюжеттүү ырлар болгон. Ошондой эле баллада тарыхый окуяларды, фантастикалык сырдуу жоруктарды да чагылдырган. Кеңеш доорундагы баллада советтик адамдардын эрдиги, баатырдыгы ырдалган. Мисалы, А. Токомбаевдин «28 баатыр» аттуу чыгармасында жоокерлер даңазаланат.



# Турар Кожомбердиев

**(1941–1989)**

Акын Турар Кожомбердиев 1941-жылы Калинин районунда, Сары-Булак айылында жылкычынын үй-бүлөсүндө туулган. Ал 1959-жылы № 5 кыргыз мектебин аяктап, Кыргыз мамлекеттик университетине кирип, аны 1966-жылы аяктаган. Эмгек жолун «Кыргыз пионери» газетасында адабий кызматкер болуп иштөөдөн баштаган. 1969-жылдарда Кыргызстан басмасында редактор, 1976-жылдан тартып Кыргыз ССРинин маданият министерствосунда адабий кызматкер болуп иштеген. Акындын биринчи ырлар жайнагы 1961-жылы басылып чыккан. Акын эң талантуу лирик болгон.

Анын ырлары оюнун ачыктыгы, курчтугу, оригиналдуулугу менен өзгөчөлөнөт. Жазган ырларынын көпчүлүгүнө кыргыз композиторлору обон жазышып, республиканын бардык жактарына тарап, ырдалып жүрөт.

Т. Кожомбердиевдин чыгармалары казак, орус жана чет өлкөлөрдүн тилдерине которулган. 1969-жылы «Кызыл алма», «Таңкы симфония» деген ырлар жыйнагы үчүн Кыргыз Республикасынын Ленин комсомолу атындагы сыйлыгына ээ болгон. Анын «Биз турган жер», «Токтогул ГЭСи», «Ыр булак», «Ай тийген тоо», «Калптар» жана башка көптөгөн ырларды, поэмаларды жазган. Акын 1989-жылы каза болгон.

**Текст боюнча жаңы сөздөр:**
**өзгөчөлөнөт** – выделяется
**кызматкер** – служащий
**басылып чыккан** – был издан
**ачыктыгы** – открытость
**өзгөчөлөнөт** – отличается
**көпчүлүгүнө** – многим
**тарап** – распространяясь
**сыйлык** – награда

1. Турар Кожомбердиев ким болгон?
2. Качан, кайсы жерде туулган?
3. Кимдин үй-бүлөсүндө?
4. Кайда окуган?
5. Кайда иштеген?
6. Анын ырлары эмнеси менен өзгөчөлөнөт?
7. Ырлары кайсы тилдерге которулган?
8. Турар Кожомбердиевдин кайсы чыгармалары белгилүү?

Текст боюнча тапшырмалар.

***Берилген маалыматтын каталарын таап, аларды оңдоп окуп бер.***

1. Драматург Турар Кожомбердиев 1941-жылы туулган.
2. № 5 кыргыз мектебинде окуган.
3. Мектепти 1965-жылы аяктаган.



www.bizdin.kg

4. Акындын ырлар жыйнагы чыкпай калган.
5. Турар Кожомбердиевдин чыгармалары көп тилдерге кошулган.
6. 1969-жылы сыйлыкка ээ болгон.

## Ала-Тоо

Айга жетип көк чокусун бүлөгөн,
Алгыр бүркүт аран жетип түнөгөн.
Күзгү болуп көздү уялткан карлары,
Күз болгондо даакы болуп түлөгөн.
Касиеттүү кандай күч бар тоолордо,
Көргөн жандын көөнүн алга сүрөгөн.
Булуттарын канаттарын шилешип,
Аскаларың көктү тилип жирешип,
Бооруң менен жылытасың кыргызды,
Боздоп келген бороон менен күрөшүп.
Мезгил сайын боёкторун алмашып,
Токой өсөт белдериңе жармашып.
Калкалайсың койнуңдагы кыргызды,
Калтыраган ызгаар менен кармашып.
Тоодо сүйүү, тоодо чексиз улуулук!
Тоолор үчүн жаралганбы сулуулук!
Жылдыздарын санап жатып уктасаң,
Жүрөгүңө түнөп калат жылуулук…
Мөл булагың кыргызымдын мүрөгү.
Зоокаларың Айдын, Күндүн түнөгү.
Касиетин күүгө салып черткенде,
Кандай жандын калтырабайт жүрөгү?!

1. Автор Ала-Тоону кандай сүрөттөгөн?
2. Автор Ала-Тоону адам менен салыштырат. Мисалы: «Калтыраган ызгаар менен кармашып…»

А сен кайсы сүйлөмдөрдү таптың? Окуп бер.

## «Эне жүрөгү» поэмасы

Эне – деген сөз ыйык, энелер жерде жашоону, тынчтыкты сактап келет. Дүйнөдөгү эң кымбат, кайталангыс асыл зат – бул эне. Энелер жөнүндө ырлар, поэмалар, көркөм чыгармалар жазылган, кинотасмалар тартылган. Биздин жашообуз энелер менен гана. Акын да өзүнүн поэмасында энелердин жүрөгү эмне деп согот, эмнени тилейт, баласы үчүн кандай кам көрөт, мына ушундай ойду, тилекти билдирген өзүнүн поэмасында.

Апа чарчап, эс алам дейт бешимде,
Анан кайта, эс алам дейт кечинде.

www.bizdin.kg

Камын көрүп жүрө берип балдардын,
Калбай калат чаалыкканы эсинде.

Шайыр өссүн, шагылдагы мөмөсү,
Чаалыкканды унутуп койгон энеси.
Балдар үчүн түйшүктөнүү ал үчүн,
Бакыттардын бакытынын төбөсү.

Кирпик, чачка конуп аппак кыроолор,
Көңүл черин, өйүйт ички буроолор…
Пардалардан башын жылт! – деп чыгарып,
Пайда болот токсон тогуз суроолор:

Күрөк алып жүрсө дагы талаада,
Гүл көтөрүп келатса да калаада.
Жүрөгүнүн бир учунда дүпүйүп,
Жүрөт балдар…
Жүгүрүкчүл санаада.

Кенжесине суук тийип калдыбы?
Ортончусу сабагына бардыбы?
Ар түрдүүгө жоруй берет, санааркап,
Апа жокто токтогондой бардыгы.

Кайыл болуп арбынына, азына,
Карабастан мезгилине жашына.
Жаны тынчып уктар эле, жүрөгүн –
Жаздык кылса баласынын башына.

Апа заты укмуштуудай көп тилейт,
Кай бирлерде кайгы, санаа жеп тилейт.
Адал терден өнүп чыккан ак токоч,
Ар балага тең бөлүнсө деп тилейт.

Апалардын айырма бар тилинде,
Айырма бар кесибинде, билимде.
А бирок да адилеттин чордону,
Айырма жок ак тилектүү дилинде.


Ачып салып мүнөздөгү туюкту,
Алыс таштап тоңдук менен кыйыкты.
Апалардын жүрөктөрүн сактайлы,
Абайлайлы ыйыктардан – ыйыкты!

1. Акындын поэмасы ким жөнүндө экен?
2. Дүйнөдөгү эң кымбат адамыбыз ким? Аны тексттен окуп, мисал келтир. Апаларга кандай мамиле кылыш керек?
3. Тексттеги эне менен сенин энеңдин окшош жактарын далилде. Энелерге арналган дагы кандай чыгармаларды билесиңер?




**кайталангыс** – неповторимый
**камын көрүп** – заботился
**чаалыкканы** – утомление
**шайыр** – весёлый
**чаалыкканды** – утомление
**түйшүктөнүү** – суетиться в заботах
**дүпүйүп** – зеленели
**санааркап** – задумался
**кайыл** – полностью согласный
**чордон** – место родника, где вода выходит из земли
**туюк** – замкнутый, не имеющий выхода
**абайла** – быть осторожным, осмотрительным

**Схеманы толукта: Эне кандай?**




**«Эне» деген сөз менен синквейн түз.**




***Бул беш сап ыр дегенди билдирет. Ырдын биринчи сабы.***

1. Сөздөн турган зат атооч (тема).
2. Темага байланыштуу эки этиш сөз.
3. Үч сын атооч.
4. Темага караштуу 4 сөздөн турган сүйлөм түзүү.
5. Теманын синоними.

www.bizdin.kg

## Күн чыгышым

Улам карап туш тарапты элеңдеп,
Айтаар сөздү миң кайталап белендеп.
Күн чыгышым, сени күтөм зарыгып.
Анык беле айткан сөзүң келем деп?

Тоонун суусу аңтарылат иримдеп,
Дарак ырдайт жалбырагы дирилдеп.
Күн чыгышым! Келсең боло күттүрбөй,
Салааланып, саамай чачың бириндеп.

Айлап-жылдап жалгыз сен деп түгөндүм,
Жүрөгүңдүн бардыгына күмөнмүн.
Колду шилтеп кетип калбас себебим –
Боосу сенде мен катынган жүгөндүн…

Улам карап туш тарапты элеңдеп,
Айтаар сөздү миң кайталап белендеп.
Күн чыгышым! Сага деген махабат,
Жүрөгүмө батып барат тереңдеп!..

**беленде** – готовить к чему-л.
**салааланып** – изрезанный

1. Автор сүйгөнүн эмне менен салыштырат?
2. Эмне үчүн ал «айтаар сөздү миң кайталап» беленделйт.
3. Боосу сенде мен катынган жүгөндүн… деген сүйлөмдү кандай түшүнөсүң?
4. Акындын сүйүүсү аныкпы? Аны автордун кандай сөздөрү менен аныктайсың?
5. Сенин оюнча, сүйгөнү келеби же келбей калабы? (Келет, эмне үчүн?, келбейт).

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН

**Трагедия** (*гр.* – «эчки ыры» деген сөздөн) – 1. Драмалык чыгарманын бир түрү, аягы негизги каарманынын өлүмү же кайгы-капасы менен бүтүүчү чыгарма. Түпкү келип чыгышы байыркы Греция искусствосуна байланыштуу. Алар шараптын кудайы делген Дионистин урматына эчкилерди сүзүштүрүп, тамашалар өткөрүшкөн, мына ошол тамашалар трагедия деп аталган. Б. з. ч. 10-кылымда байыркы гректерде трагедия өзүнүн гүлдөө доорун башынан өткөрүп, Эсхил, Сокфол жана Еврипид өңдүү улуу сөз чеберлерин калтырды. Аристотель болсо ошол кездеги трагедиялардын негизги белгилерин ачып көрсөттү. Кайра жаралуу доорунда трагедия дүйнөлүк адабиятта жаңы баскычка көтөрүлдү. Ал Англиялык улуу драматург В. Шекспирдин ысмы менен байланышат. Анын «Гамлет», «Отелло», «Юлий Цезарь», «Король Лир», «Ромео менен Жульетта» деген классикалык трагедиялары бүгүнкү күнгө чейин кызыгуу менен окулуп, сахналарда коюлуп жүрөт.

Жалпы эле искусстводогу эркиндик менен эрксиздиктин, адилеттүүлүк менен кара өзгөйлүктүн, сулуулук менен куниктиктин ортосундагы күрөштүн келип чыгышы, сырткы көрүнүштө эркиндиктин, адилеттүүлүктүн, сулуулуктун жеңилиши менен аяктоочу, бирок көрүүчүнүн, окурмандын психологиясын тазартуучу эстетикалык категория. Трагедияда каарман чыгып кетүүгө мүмкүн болбогон карама-каршылыкта калат да, натыйжада, ал өлөт, же жеңилет, бирок мына ушул көрүнүш башка кишилерди тазалыкка, ак ниеттүүлүккө, күрөшүүгө үндөйт. Мис., Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестиндеги баланын аянычтуу тагдыры, жеңилиши миллиондогон окурмандардын сезиминде кара өзгөйлүккө каршы күрөшүү сезимин пайда кылат.

www.bizdin.kg



## Токтоболот Абдумомунов

**(1922–1989)**

Кыргыз эл жазуучусу, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси, драматург Токтоболот Абдумомунов 1922-жылы азыркы Кемин районундагы Атайке (Атаке) кыштагында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Бала кезинде чоң атасынын агасы Рыспайдын комузун тыңшап, жомокторун угуп чоңойгон. «Манас», «Ак Мөөр», «Кыз Жибектерди» ошол кишиден угуп, ал киши сүйлөгөндө, жомок айтканда балдар менен ойногонго барбай, демин ичине катып тыңшап отурчу.

Т. Абдумомунов чоң драматург болуп элге таанылганда, ошол балалык чактагы элдик оозеки чыгармачылыкка кызыкканын эстеп: «...чоң атамдын айткандары кийин-кийин шыктын ойгонушуна өз таасирин тийгизбей койгон жок го дейм» – деп жазган. Бирок Т. Абдумомуновдун чыгармачылык иши башка кыргыз жазуучуларына окшобогон өзүнчө өзгөчөлүү болуп башталды. А дегенде, ал доктурлук адистикке ээ болсом деп дегдеп, 1938-жылы Фрунзедеги медициналык окуу жайга кирип, аны бүткөндөн кийин мурдагы Гүлчө, азыркы Алай районуна караштуу Жошолу айылдык советинде фельдшер пунктунун башчысы болуп иштеди. 1939-жылы жаңы ачылган Кыргызстан мамлекеттик медициналык институтуна өтүп, анын үчүнчү курсуна барганда оорунун айынан окууну таштоого аргасыз болгон.

Ошентип, Т. Абдумомуновдун көздөгөн максаты ишке ашпай калган. 1941-жылы Т. Абдумомунов Кыргыз мамлекеттик басмасында адегенде корректор, анан жарым жылдан соң редактор жана котормочу болуп иштей баштайт. 1942–1955-жылдары ал Кыргыз радиокомитетинде редактор, Ош областтык «Ленин жолу» гезитинде котормочу, СССР Жогорку Советинде котормочу жана «Советтик Кыргызстан» журналында бөлүм башчысы кызматтарын өтөгөн. 1946-жылы 26-августта «Драма театрларынын репертуарлары жана аны жакшыртуунун чаралары тууралуу» деген токтомду кабыл алып, анда Москвадагы драма театрлардын репертуарларында жалаң эле өткөн замандарга байланыштуу спектаклдер коюлуп, жаңы заман, замандаштардын турмушу чагылдырылбай жаткандыгы катуу сындалган. Мына ушул көрсөтмөгө байланыштуу, Советтер Союзунун бүткүл театрларында замандаштардын, социалисттик коомдун турмушун көрсөтө турган репертуарларды көбөйтүү аракети күчөгөн. Мына ушул талапка ылайык ал кезде драмалык чыгармаларды жазууга далалаты күчтүү Т. Абдумомунов учурдагы турмуш чындыгынан алып, пьесаларын жаратууга киришкен.

«Эмне үчүн Абдумомунов өзүнүн чыгармачылыгын башка кыргыз жазуучулары өңдөнүп, ыр жазуудан, же кара сөздөн баштабай, драмалык чыгармаларды жазуудан баштап отурат, мунун себеби эмнеде?». Бул суроону Т. Абдумомунов мындайча чечмелеген: «Биринчиден, менин чоң атам жомоктогу ар бир каармандын диалогун анын мүнөзүнө жараша өзүнө таандык үн, мимика, жест жана интонация менен айтар эле. Экинчиден, техникумда орус адабиятынан мугалими Н. Н. Ивановский, ал киши жакшы көргөндүктөнбү, айтор, орус адабиятынан сабак бергенде Н. В. Гоголдун «Ревизору» менен Н. А. Островскийдин пьесаларын бизге өзү окуп берип, аны майда деталдарына чейин түшүндүргөндү эмнегедир айрыкча жакшы көрөр эле. Үчүнчүдөн, биз окуп жүргөн кезде колубузга кичине тыйын тийсе эле кыргыз театрына барар элек (айрыкча «Ажал ордунаны» көргөнү). Ал эми, театрдын таасири баарынан күчтүү болору кимге болбосун белгилүү эмеспи. Төртүнчүдөн, биздин техникумда өз мезгилине жараша бир кыйла күчтүү драма кружогу бар эле. Ага кыргыздын эң мыкты искусство чеберлери, Кыргыз ССРнин эл артисти А. Боталиев менен А. Куттубаев экөө жетекчилик кылышчу. Мен ал кружокко дайыма катышчумун. М. Токтобаевдин «Кайгылуу Какейинде» башкы каармандардын бири Өмүркүлдүн ролун аткарып, А. Куттубаевден мактоо алганым али да эсимде».

Т. Абдумомуновдун берген ушул түшүндүрмөлөрүнөн кийин анын жаш кезинен эле драматургия жанрынын сырларын түшүнүүгө багыт алып, ошол жанрга жакын боло баштагандыгын түшүнүү анча кыйынчылыкка турбайт. Ошентип, ал 1945-жылдан баштап драма жазууга аракет кылат. Т. Абдумомуновдун драмалык чыгармаларынын тематикалык багыты ар түрдүү, жанрлык, композициялык, стилдик изденүүлөрү бай. Улуу Ата Мекендик согуштун баатыры Чолпонбай жөнүндө «Чолпонбай» драмасын, элдик оозеки чыгармалардын материалдарынын негизинде «Карагул ботом», «Алдар Көсө» драмаларын, алыскы Вьетнам элинин күрөшү жөнүндө «Биз анын балдарыбыз» драмасын жазган. Т. Абдумомуновдун драмалык чыгармаларынын тандалмалары басма тарабынан жарык көрүп, ага 20га жакын көп актылуу пьесалары киргизилген. Мындай жалаң тандалмалуу драмалык чыгармалардан турган эки чоң томдук жарык көрүшү кыргыз драматургиясынын тарыхындагы биринчи окуя.

Т. Абдумомунов драмалык чыгармаларынын техникалык багыты ар түрдүү, жанрлык, композициялык, стилдик изденүүлөрү бай.

Т. Абдумомунов кыргыз адабиятында драматургиянын өнүгүүсүнө зор салымын салган.

**сыйлыктын ээси** – обладатель награды
**демин** – дыхание
**тыңшап отурчу** – подслушивал
**өз таасирин тийгизбей** – не оказывая свое влияние
**аргасыз** – безвыходный, неизбежный, вынужденный
**чечмеле** – рассказывать или растолковывать детально
**таасир** – впечатление
**стилдик изденүүлөрү** – стилевые поиски

www.bizdin.kg

## «Абийир кечирбейт» драмасы

Т. Абдумомунов «Абийир кечирбейт» драмасы 1963-жылы жазылды. Драма чоң ийгилик менен театрларга коюлду, Советтер Союзундагы кырктан ашуунун театр сахналарында көрсөтүлдү. 1977-жылы драманын кыргыз сахнасында 400 жолу коюлгандыгы белгиленди.

Айткандай эле, драманы адеп окуй баштаганда алгачкы биринчи сүрөттө эле камактан бошонуп келаткан Нурдиндин ичинде бүгүп жаткан чоң сырдын бар экендиги белгилүү боло баштайт. Түрмөдөн чыккан Нурдин шаардагы балдарына келаткан айылдык бир кары адамга жолугуп, экөө сүйлөшүп, сөздөн сөз чыгып отуруп, карыя Нурдинди жакшы адам деп мүнөздөйт. Нурдин таңданып: – «Менин жакшы адам экенимди кандай билдиңиз?» – деп сурайт. Карыя: – «Көзүңдөн байкап турам», – деп жооп берет. Маек андан ары улантылып, Нурдин машинасы менен атайын эле бир кишини тепсетип, сот тарабынан адилет соттолгонун билдирет. Мына ушул кырдаалды байкаган окурманда мындай бир түйүндүү суроолор пайда болот: «Эмне үчүн Нурдин адамды атайын тепсетти? Мындай өмүргө атайылап зыян келтирген адамды жакшы киши катары мүнөздөөгө болобу? Же мында бир сыр барбы?». Кыскасы, драманын биринчи эле сүрөтүндө окуя ушундайча түшүндүрүлөт да, эми андан ары окуянын жандырмагын билүү үчүн окурмандын кызыгуусу арта баштайт. Драманы окуп чыккандан кийин, окурманга мына булар ачык түшүнүктүү болот: Нурдин өзүнүн сүйгөнү Шайыргүлгө үйлөнгөнү жаткан күнү аны жолдошу Нияз бузат. «Шайыргүл Масадыкты сүйөт, Нурдин Москвада жүргөндө ал экөө дайыма бирге болуп, тоого гүл терип, эс алганга бирге барышы, эчак эле биригип алышкан» – деп, Нияз буга Нурдинди бардык жагынан ынандырат. Ачуусу келген Нурдин кетмек болгондо астынан тосуп кетирбей койгон Масадыкты машинасы менен койдуруп кетет. Масадык өлбөй калат, бирок бул кылмышы үчүн Нурдин соттолот. Кийин түрмөдөн келгенден кийин да ал Шайыргүлдүн тагдыры кандай болгонуна кызыгып, бир чети чексиз сүйгөндүктөн көрүүгө ашыгып, аныкына келсе, Шайыргүлдүн күйөөсү Оморго жолугат. Шайыргүлдүн Масадыкка турмушка чыкпаганын билип, эми Масадыктан мунун себебин билмек болот. Масадык канча жолу өзүнүн таза экенин айтса да, бул бузукулукка Нияз күнөөлүү экенин какшаса да, Нурдин ал сөздөргө ишенбейт. Качан гана Сейит бардык чындыкты айтып берип, толук далилдеп салгандан кийин Нурдин бардык күнөө өзүндө болгондугун толук сезип, өзүнүн абийири алдында кечиримсиз иш кылгандыгына өкүнөт. Шайыргүлдү чыныгы сүйүүдөн ажыратып, Масадыкты майып кылган өзүнүн абийири экенин туюп, муну эч убакта кечирүүгө болбой тургандыгын билдирет. Демек, ар кандай кыйын, татаал кырдаалдарга да адам аны сабырдуулук менен иликтеп, чындыкты туура баамдап, анан туура чечимге келсе гана өз абийиринин алдында таза бойдон калмакчы. Антпесе, абийирине балта чаап коюшка болот экен. Ал эми андай учурда абийир эч убакта кечирбейт деген жыйынтык драманын негизги сюжеттик өзөгүн, идеалык мазмунун түзгөн.

«Абийир кечирбейт» драмасы Т. Абдумомуновдун гана чыгармачылыгында эмес, жалпы эле кыргыз драматургиясында адам психологиясын тереңдеп ачып көрсөткөн жана ар кандай иш үчүн адам өзүн дайыма жоопкерчиликтүү сезип, өзүнүн абийир, ар-намысын эч убакта унутууга болбостугун ар бирибиздин эсибизге салган мыкты чыгарма катары жашай бермек.



**абийир** – совесть
**карыя** – старик
**маек** – беседа
**кырдаалды** – удобный момент
**ачуусу келген** – сердитый
**күнөөлүү** – виновный
**кечиримсиз** – непростительный
**кыйын** – трудный

## Драманын башкы каармандары

**Нурдиндин образы.** Нурдин зилинде жаман жигит эмес. Доктурлук кесипти мыкты билген, элдин ден соолугу үчүн пайдалуу көп иш колунан келе турган адам. Келечеги кең. Профессор Сулаймановдун шакирттеринин ичинен тыңы ушул Нурдин. Ак көңүл, боорукер, жолдоштукка бекем, өтө ишенчээк жана анча-мынча чапчаң, курч, адамдардын баарын өзүндөй таза деп ойлойт.

**Масадыктын образы.** Масадык эң жөндөмдүү, адамгерчилиги бийик, жолдоштукка сүттөй таза, чынчыл, ак ниет, ак пейил, жумшак, сабырлуу, токтоо жигит. Ал Нурдинге Нияздын таза эмес экендигин өз убагында ак ниети менен эскертет. Өзгөчө, Масадыктын Шайыргүлгө кылган мамилеси ак ниеттүүлүктүн мурда болуп көрбөгөндөй жаңы бийиктиги болуш керек. Адегенде ал Шайыргүлдү сүйөт, ага өзүнүн оюн билдирет, бирок Шайыргүл өзүнүн нака сүйгөнү Нурдин экендигин айткандан кийин, жакшы санаалаш жолдош катары сыйлашып, урматташып жүрүү мамилесине өтөт. Бул жерде автор турмушта өтө сейрек кездешүүчү бир чындыктын бар экенин, ал чындык менен да эсептешүү керек экендигин күн тартибине курч коюп отурат.

**Шайыргүлдүн образы.** Шайыргүл чыгарманын негизги каармандарынын бири катары анын башынан аягына чейин катышат. Анткени, Нурдиндин да, Масадыктын да айткан сөздөрүндө, чындыкты табуу үчүн жүргүзүлгөн күрөш аракеттеринде бүт бойдон Шайыргүл негизги фигура катары, жүргөндүгү көрүнөт. Ал эми, Шайыргүл драмада, чынында да, бардык жагынан татыктуу, сүйүүгө өтө туруктуу, бийик адамгерчиликтүү, сүйлөгөн сөздөрү орундуу, жароокер жана жылдызы жанып турган шайыр кыз. Ага баш кошкон кандай эркек болсо да бактылуу болбой койбойт. Шайыргүл ак көңүл, ниети таза, арамдыгы, куулук-кытмырлыгы жок кыз болгону үчүн, эл эмне деп ойлойт дебестен, Масадык менен мыкты жолдоштук мамилесин сактап жүргүсү келет. Бул, биринчиден, Масадыктын өзүн жакшы адам катары урматтоосу болсо, экинчиден Нурдиндин жакшы жолдошу болгондугу үчүн чын дилден аны сыйлоосу эле.

**Нияздын, Сейиттин образы.** Бул жарык дүйнөдө, адам баласы жашап турган тиричиликке жаманчылык, арамдык, көрө албастык, кара өзгөйлүк, эки жүздүүлүк, жан кечтилик бар экендигин, алардын ар бир ка-



10-85

www.bizdin.kg

дам сайын андып турарын биз «Абийир кечирбейт» драмасындагы Нияздын, Сейиттин образынан көрөбүз. Нияздын бар болгон максаты – Нурдинди өзүнүн алдына чыгарбоо, эмне кылса да аны аксатып, артка калтыруу. Кыскасы, Нурдин жетчү карьерага, Нурдин жетчү бийиктикке өзүм жетсем дейт. Мындай көрө албастыктын, арамдыктын оорусу менен ооруган адамдар турмушта көп эле кездешет. Нияз да ошолордун бири. Ал көз көрүнө эле Масадык менен Шайыргүлдүн жолдоштук мамилесин чыныгы сүйүү мамилеси катары көрсөтүп, Нурдинди бузуп, түз жолунан адаштырды. Бул үчүн ошол учурда бир кишини тепсеп өлтүрүп, соттолмокчу болгон Сейитти Нияз куткарып алды да, аны өзүнүн арам оюнун ишке ашышына башкы курал катары пайдаланды. Сейит Нияздын сөзүнүн «тууралыгын», портсигары эпчилдик менен ортого жүгүртүп, конкреттүү, предметтүү «далилдеп» берген каарман катары кызмат аткарды. Турмушта Сейит өңдүү жүзү каралар да көп эле кездешет. Өз башы кыйынчылыкка капталган кезде чынды калптай, калпты чындай айтып, убактылуу жеңилдик үчүн өзүнүн абийирин, ар-намысын сатып, колунан келип турган адамдардын ар кандай туура эмес айткандарын аткарып, киши өлтүрүп берүүгө чейин барган адамдардын бири дал ушул Сейит. Ырас, Сейит драманын аягында чындыкты айтып, далилдеп, Нияздын кара бет, эки жүздүүлүгүн ашкерелеп бергенге батынды.

**зилинде** – по натуре
**чапчаң** – ловкий
**жөндөмдүү** – рассудительный
**ак пейил** – невинная душа
**татыктуу** – достойный, заслуживающий
**туруктуу** – непоколебимый, стойкий
**шайыр** – жизнерадостный, весёлый
**ниети таза** – добрые намерения
**арамдык** – не чистый, не порядочный
**өңдүү** – имеющий хороший вид, имеющий хороший цвет лица, здоровый
**далилде** – доказывать

## Достор

(*Биринчи көшөгө*)
Биринчи сүрөт

Күүгүм[1]. Тоо баштарында булуттар көчүп, ызгаардуу[2] шамал жол боюндагы жалгыз дарактын жылаңач бутактарын сабалайт. Пальтосунун жакасын көтөрүп даракка сүйөнгөн Нурдин алыс бир жакты тиктеп, ойлуу.

Андан обочороокто карыя олтурат. Берген суроосуна жооп күткөндөй Нурдинди карап, куржунун чыканактайт. Нурдин карыяга назар салбайт[3], папиросун үстөмөндөтө соруп, мурдагы калыбында тилсиз.

**Карыя**. Кечирип кой, уулум… Кайдагы болбогон суроону берип… көңүлүңдү кирдетип алдым окшойт… өмүрлүү-жаштуу болуп, тилеген тилегиңе жет, айланайын… Кечирип кой, чалдан кеткен каталык болсо… (*Нурдин унчукпайт. Карыя сөзүн улайт.*) Чекилик[4] кылганымды кийинчерээк сездим… Бир көргөн баланын дароо эле ичи-бооруна кирип кеткеним өөн[1] иш болду… адамга да жакпайт, кудайга да жакпайт! (*Күрсүнүп*). Илгери менин жаш кезимде карыялар кеп кылышар эле, кирпик ирмелеген сайын карылык кел, карылык кел, карылык[2] кел деп, курган карылыкты чакырып турат дешип… Адам карыганда мага окшоп алжый[3] баштайт тура!

**Нурдин.** Күнөө көргөн бетер кайра-кайра кечирим сурайсыз… актанасыз… Эмнеге антесиз, жарыктыгым?.. Эмнеге?.. Билип турам, оң айтканымды тескери алды деп кейип жатасыз. Андай эмес. Суроону туура бердиңиз. Мен туура түшүндүм. (*Ойлоно калып, мурдагысындай эле карыяга карабастан.*) Сиз айткандай, жаш адам болушу керек… Жугумдуу болушу керек… А мен болсом мына бул жалгыз даракка окшоп тилсизмин, түнтмүн[4]… кейиштүүмүн!.. Балким сиз ойлорсуз, бул бала жаралгандан эле ошондой го деп?.. Жок! (*Карыяга биринчи жолу тике карап.*) Эмнеге ошондоймун, билесизби?.. Мен камактан келатам!

**Карыя** (*ынабагандай*). Камактан?..

**Нурдин.** Ооба, камактан.

**Карыя**. О, койчу, кайдагы жокту сүйлөбөй. Салабаттуу эле азамат көрүнөсүң. Кандай шайтан буйдалап кетип жүрөт?

**Нурдин** (*катуу күрсүнүп*). Түгөнбөс жомок… Кайгылуу!..

(*Тамеки тартмакчы болуп, пачкасында эчтеме жок экенин көрөт да, ушалап туруп ыргытып жиберет.*)

**Карыя**. Уулум… атаңдын айтканын жаман алба… курсагың ач турбайбы… машина келгиче шам-шум этип алчы, айланайын…

**Нурдин.** Ыракмат, жөн эле коюңуз. Курсагым ток.

**Карыя**. Ыракматыңды даам ооз тийгенден кийин айткын. Шаарда неберелерим бар… Жаман күчүктөрүм ооз тийсин деп, бышырылган козунун этин алпараттым эле… Жайлоонун чөбүн оттогон козунун эти… өрүк болот, өрүк! (*Куржунунун оозун чечмекчи болуп.*) Түрмөдө андай этти бермек кайда!

**Нурдин.** (*Карыяны токтотуп, сүйкүм менен*). Ыраазымын, ата. Убара болбоңуз[5].

**Карыя**. Өзүмдү сыйлабасаң да сакалымды сыйла… кары киши таарынчак болот… Таарынбагын, уулум!

**Нурдин** (*күрсүнүп*). Олда, жарыктыгым, ай-ай! Жаман күчүктөрүңүзгө арналган белекти биринчи болуп ошолор ооз тийиши керек. Илгертен келаткан салтыбыз ушундай… Жакшы салтты бузбаңыз, ата!

**Карыя**. Жакшы адам үчүн жакшы салтты бузса боло берет.

**Нурдин.** Жакшы адам!.. Менин жакшы адам экенимди кайдан билдиңиз?

**Карыя**. Көзүңдөн байкап турам. (*Ички чөнтөгүнөн кагазга оролгон бирдеңке[6] алып чыгып.*) Эч болбогондо куруттан ооз тийчи…

[1] **күүгүм** – сумерки
[2] **ызгаардуу** – морозный, студёный
[3] **назар салбайт** – не обращает внимание
[4] **чекилик** – неправильность



[1] **өөн** – разного рода мелкие (негодные) обрезки кошмы, кожи, материи
[2] **карылык** – старость
[3] **алжый** – ошибиться
[4] **түнтмүн** – я замкнутый
[5] **убара болбоңуз** – не стоит утруждаться
[6] **бирдеңке** – что-то

www.bizdin.kg

**Нурдин.** Ыракмат. Курут көрбөгөнүмө көп болду! (*Куруттy ырахаттана чайнап.*) Моюнчалаш[1] өскөн курбуларым айтып калышар эле, сен асмандан боорсок жааган күнү төрөлгөнсүң. Нурдин, жакшы адамга калганда жолуң бар дешип… Мага чынында эле ошондой көрүнчү… Кимди болбосун өзүмө жакын санап, анын адам деген атына кубанар элем… Сыймыктанар элем!.. Бул дүйнөдө менин жек көргөнүм, менин элдешпес душманым жалгыз гана оору… Адамдын жанын кейитип, жалгыз гана оору, – деп жүргөн элем… Ошол оорута каршы жанымдын бардыгынча күрөшкөн элем…

**Карыя**. Доктурсуңбу, уулум?

**Нурдин.** Ооба. Көзгө көрүнбөгөн микроб менен күрөшүп жүрүп, микробдон да коркунучтуу адамдардын бар экенин байкабаптырмын!

**Карыя**. Душманы жок да адам болчу беле!

**Нурдин.** Жүрөгүмдүн толтосун кыйып, шыйбылчагымды[2] чаккан душманым болгон жок… көзүмдүн карегиндей көргөн эң жакын досум болду… (*Кейиштүү күрсүнүп.*) Досум!..

**Карыя**. Ал үйүн күйгүр[3], үстүңдөн ушак айтып, жалаа жапкан[4] го дейм, болгондо?..

**Нурдин.** Жок, мени соттогондо… адилет соттошту… Мен аны машинам менен тепсетип кеттим!

**Карыя**. Өлтүрүп койгон турбайсыңбы?!

**Нурдин.** Угушумда, тирүү калган имиш!

**Карыя**. Кыясы, жаман иш кылган көрүнөт анын. Жанына батса керек!.. Ошентсе да бетке айткандын заары жок[5]… Акылыңды ачууңа бийлеткениң чеги болуптур, уулум!

**Нурдин**. Таап айттыңыз. Ачууга бийлетип, жаман жорукка берилгенимди кийин түшүнүп, кийин өкүнүп калдым!.. (*Кайрадан даракка барып сүйөнөт.*) Нечен жыл бою менде бир гана суроо болду. Өзүңдүн бейтаалай болушуна, балким, сен өзүң айыптуудурсуң, Нурдин, деп өзүмдү өзүм кысымга алып, жооп издеп жүрдүм! Азыр да мени кыйнаган ошол!

**Карыя** (*тынымдан кийин*). Күйүттүү[6] иш болгон экен, уулум! Бирок күйүткө күйүт эм боло албайт. Өткөндү эстебе. Келечегиңди ойлон.

**Нурдин.** Келечегимдиби?.. Келечегимди… Бир кезде телегейим тегиз эле… Сүйгөнүм бар эле… Мени адам көрүп, мага урмат кылган курбу[7]-курдаштарым бар эле… Курбу-курдаштарым!.. Азыр алар кандай көз менен карап, кандайча тосуп аларын билсем, мынчалык күйбөс элем. Мен үчүн бардыгы туңгуюк!..[8]

**Карыя**. Курбу-курдаштардын ишенимине кирип, урмат алыш өтө кыйын, андан ажырап калыш текейден арзан. (*Узак тыныгдан кийин.*)

[1] **моюнчалаш** – близкие
[2] **шыйбылчагымды** – одна из половин парного копыта
[3] **күйгүр** – *здесь:* неисправимая лгунья
[4] **жалаа жапкан** – клеветать
[5] **заары жок** – без вреда
[6] **күйүттүү** – горестный, горюющий, тоскующий
[7] **курбу** – подруга
[8] **туңгуюк** – бездна, пропасть



Ач кенедей жабышып алдым… ошентсе да… айып көрбө, айланайын… бирденке сурасамбы дедим эле… Менин сурайын дегеним… а…

**Нурдин.** Досумду эмнеге майып кылганымды билсем дейсиз го?

**Карыя**. Ооба.

**Нурдин.** Бул туурасында эч кимге айта элек элем. Эч качан!.. Жадегенде, сотко да айткан эмесмин.

**Карыя**. Атаганат, көрүнө зордогонсуп… тилиң менен кургурдун тили, ай- ай!

**Нурдин.** Өзүңүздү өзүңүз жекирип… Эмнеге антесиз, жарыктыгым?.. Кыйла убакыт өттү… Сизге окшоп мени менен чечилип сүйлөшкөн эч ким болбоду!.. (*Тыныгдан кийин.*) Айтып берейин… Тыңшап туруңуз… Бул окуя май майрамынын алдыңкы күнү, отузунчу апрелде болгон эле… Ала-Тоо этегинде жоогазын гүлдөп… Ал эми досум экөөбүз турган бөлмөдө болсо…

(*Жакындап келаткан машинанын жарыгы коюу караңгылыкты кош найзадай жирeп өтөт.*)

**Карыя**. Машина келатат!

**Нурдин.** Тез!.. Өтүп кетелегинде, кол көтөрөлү… Куржунду мага бериңиз…

**Карыя**. Жок айланайын, жөн эле кой… Оор…

**Нурдин** (*куржунду алып*). Мындан орду көтөрүп көргөм… Жүрүңүз!..

(*Карыя менен Нурдин чыгат. Жарык өчүп, айлампа акырын тегеренет.*)

1. Демек, эки бейтааныш адам кокустан кездешип калышты, алардын арасында кандайдыр бир түшүнүк пайда болду. Эмнеге деп ойлойсуң?
2. Карыянын мүнөзүн кандай сүрөттөп бере аласың?
3. Кандай деп ойлойсуң, эмне үчүн карыя Нурдинди камактан чыкканын билип чоочуп ары басып кеткен жок?
4. Эмне үчүн Нурдин бир көргөн карыяга өз тагдырын айткысы келди?
5. Нурдиндин образына сенин көз карашың?
6. Андан ары окуя кандай уланат деп ойлойсуң?

## Достор

Нурдин менен Масадык туруучу бөлмө. Ачылуу терезеден шыңга теректүү шаар, алыстан ак карлуу тоолор көрүнөт. Терезенин түбүндө жоогазын салынган ваза. Жаз. Магнитофон, тумбочканын жанында Нурдин. Динамиктен угулган Шайыргүлдүн үнүн тыңшап, ойлуу.

… Жайдын бир толук кезинде,
Адырлуу тоонун бетинде.
Сан гүлдөн тандап бирди үзгөн,
Жайдары селки эсимде…

Эшик акырын ачылып, Масадык көрүнөт. Шайыргүлдүн ырдаганын тыңшап, бир нече секундага босогого туруп калат.

**Нурдин.** (*Масадыкты көрүп кубанычтуу*). Масадык!.. Коргошун болуп эрип кетип жүрбө… Эмнеге жалооруйсуң, кир батыраак…

**Масадык.** (*Кейиштүү күлүмсүрөй*). Шайыргүл ырдаганда жандуу-

www.bizdin.kg

нун баары коргошун болуп эрийт. Же жалгыз эле мен дейсиңби? (*Нурдинди карап, жарк этип күлүп*). Байкашыма караганда тоюңдун камылгасы көңүлдөгүдөй… жалгыз гана… күйөөдөн башкасынын бардыгы даяр!.. Ай, ушу сакалыңдын азабы өттү да… Дүйнөдөгү көсөөлөрдүн ырыскысын чогултуп туруп сага берген окшойт… Тишиң менен көзүңдүн карегинде гана кыл жок… Кантип аман калганыңа таңым бар!.. Бияк жаагыңды кыргыча тиягың бапсыя түшөт, биягыңды кыргыча тиягың…

**Нурдин.** Сакалыма дайыма суктанчу болдуң… Ушундай ырыскыдан бир аз кемчил болгонуңа ичиң күйсө керек, ээ, Масадык?.. Распы?

**Масадык.** Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө деген, Нурдин. Ээгимде туптуура беш кылым бар! Бол, батыраак кырын, кечигебиз…

**Нурдин.** Каргаша болуп, электр устара бузулуп калыптыр… А муну менен болсо… Өмүрү алып көргөн эмесмин…

**Масадык.** Ах, Нурдин! Куру айткан менен болобу… Ырысың тоодой… мендей досуң бар… Мен жок болсом кантип күн көрөт элең? (*Нурдиндин сакалын самындап*). Буга окшогон артык баш өсүмдүктү… кудай алсын, көз ачып жумгандын ортосунда жулуп таштайбыз! (*Ичинен кыңылдап ырдап, артисттик кыймыл менен устараны тартат*).

**Нурдин.** (*Чочугандай башын чулгуп*). Ой!.. Эмне кылып жатасың?

**Масадык.** Досумдун сакалын алып жатам. Өткөн замандагыдай кабагымды салып мурчуйбастан, бүгүнкү күндүн талабына ылайык жадырап-жайнап… көмөкөй тилди безеп… (*мурдагыдай эле ырдап, Нурдиндин сакалын кырат*).

**Нурдин.** Же ырдагын, же сакалды алгын!

**Масадык.** Эч качан антүүгө болбойт! Космос доорунда пайдалуу иштерди бири менен бирин айкалыштырып билүү керек!..

**Нурдин.** Берчи устараны!

**Масадык.** Абайлагың Нурдин! Устара – оюнчук эмес! (*Нурдиндин ээгин колу менен сыйпап көрүп*). Шайтан алгырдыкы, төрөлгөндө эле чачтарач болуп төрөлгөн окшойм, кайдан жүрүп врач болуп калганымды билбейм!.. Чымын консо, сөзсүз тайгаланып кетип бутун сындырат!.. Анан калса, адамдыкынан башкача сакалың бар экен… кактустун тикенегине окшоп… Сазайыңды Шайыргүл берсин, шашпа!..

**Нурдин.** (*Ээгин сыйпап көрүп*). Сакал катуу… мүнөз жумшак… Жибекпиз да! (*Приборду алып, күлгөн бойдон сыртка чыгат*).

Масадык магнитофонду жүргүзөт. Динамиктен Шайыргүлдүн үнү угулат.

…Кылайып тоодон таң аткан,
Суюлуп жылдыз бараткан,
Калды гой бекен эсиңде,
Кыйышпас көңүл карашкан…

**Масадык.** (*Муңдуу*)… Кыйышпас көңүл карашкан…

**Нурдин.** (*Сырттан кирип тамашалай*). Жалынсыз күйгөн жаш бозой деп ырдашканда, жалынсыз күйгөнү кандай болот деп таңданчу элем… Көрсө сендей болот тура… Күйүп-бышып ырдаганыңды укканым ушул… Өтө муңдуусуң !.. Арманда калтырган бирөөнү эстей калсаң керек. Мүмкүн, ырастан эле мен айткандай болуп жүрбөсүн, я?



**Масадык.** (*Кейиштүү күлүмсүрөй*). Адамдар эмнелерди айтпады… Нурдин досуңдун колу Шайыргүлгө караганда жылдызга батыраак жетет деп шылдың кылгандар да болду… Мунун чындыгы бар. Шайыргүлдүн адамгерчилиги жылдыздан да бийик! (*Нурдинди тике карап*). Шайыргүлгө арзыш кыйын эле… Сен арзыдың!.. (*Нурдинди кучактап*). Төбөм көктө!.. Жамандыкта азапташ, жакшылыкта ырысташ курбуңмун, Нурдин. Тилегим ак. Душман күйүнгөндөй, дос сүйүнгөндөй ынтымак менен өмүр сүрөрүңөргө ишенем! (*Чөнтөктөрүнөн, столдун ящигинен бирдеңке издей баштайт*).

**Нурдин.** Эмне издеп жатасың?

**Масадык.** Портсигар эле…

**Нурдин.** (*Пачкалуу сигаретти сунуп*). Ошого убараланып… түтүндөн көп эмне бар…

**Масадык.** (*Чегип*). Рахмат. (*Кайрадан издей баштайт*). Кайда коюп койдум?.. Жоготуп жибердимби?.. Бол, Нурдин, батыраак кийин… Кечигебиз…

**Нурдин.** Жаңы костюмумдун шымынын багалеги… ар бири эки аялга юбка чыкчудай… Акыркы модага ылайыктап тарытып берейин деп Белек-аке алып кетти эле… Азыр келет…

**Масадык.** Кээде ушинтип баладан да жаман иш кыласың! Аздан кийин тоюң болгон жатса… машинечи менен тегирменчи экөөнө да адам ишенеби?!

**Нурдин.** Белек-аке абийирдүү адам… Уятка калтырбайт. Анын үстүнө Нияз да келе элек…

**Масадык.** Нияз, Нияз деп, эч качан оозуңан түшүрбөйсүң… Келсе келет, келбесе жок… Же ансыз той өтпөй калмак беле?

**Нурдин.** (*Капалуу*). Менде ата да жок, эне да жок… Жатындаштан да айтпаптыр… (*Күрсүнүп*). Менин тоюмда бардыгынын ордун басуучу жакыным жалгыз гана Нияз. (*Саатына карайт*). Бая эле келиши керек эле… Эмнегедир кечигип жатат!.. Түшүнбөйм!

**Масадык.** Кейибе. Башка бирөөнүн эсебинен тойлогонду, Нияз жакшы көрөт… Азыр эле жетип келет…

**Нурдин.** Качан болбосун ушул… Дайыма чымчыйсың… Бекерге ошентесиң, Масадык… Адамдын жүрөгүн кандатып, жанын кейитүүнүн эмне кереги бар?.. Нияз курч… Өкүм жигит!..

**Масадык.** Менимче, өтө эле курч… Өтө эле өкүм!

**Нурдин.** (*Тигинин какшыгын байкоос албастан*). Мунуң туура. (*Тамеки чегет*). Менин балалык курбалым бүт бойдон Нияздын үйүндө өттү… Күндөрдүн биринде кыздар менен мелдеше кетип, Ала-Тоолук эр жүрөк жигит деген момундай болот деп, бийик аскадан секирип, бутун сындырып алды… Ойносо чын көрөсүң, өпкө-бооруң үзүлүп кетсе эмне болот деп, эси чыккан кыздар чөкө таандай чурулдашканда… Нияз кебелген жок… «Коркок болуп күн көргөнчө, баатыр болуп өлгөн артык!» деп, жылмайып туруп жооп берди… Жакшы жигит!..

**Масадык.** Мүмкүн.

**Нурдин.** Күмөнүң барбы?

**Масадык.** (*Паузадан кийин*). Кандай десем… Мурда мен дагы жакшы жигит деп ойлочу элем… Бирок бир жолку окуядан кийин…

www.bizdin.kg

**Нурдин.** Эмнеге унчукпай калдың?.. Айта бер…

**Масадык.** Азыр эмес…

**Нурдин.** Баштагандан кийин бүтүргөнүң дурус. Нияз экөөбүз эң жакын тууганбыз… Анын ийне-жибине чейин билишим керек!

**Масадык.** (*Кыйыктангандай*). Кыстабасаң[1] болот эле… Кыстаган соң, арга барбы… (*Паузадан кийин*). Биздин айылдын өйдө жагында Кептер-Сай деген капчыгай бар… Нияз экөөбүз ошону өрдөп атчан кетип бараттык эле… Зооканын боорундагы коңулдарда кептерлер уялайт[2]… Ошондой уя-коңулдун биринде моюн жүнүн жылтылдаган[3] татынакай[4] короз кептер өзүнүн муңайым жана назик мекиянына ашыктыгын айтып, өздөрүнүн дудук тилинде сайрап жаткан экен. Мүмкүн, ошол кездеги гүлдөгөн мезгил, мекиянына жалбарып, эркелетип жаткан короз кептердин тунгуч сүйүүсүнүн туңгуч жазы чыгаар… Токтой калып кулак түрдүм[5]… Ошол замат артымдан мылтык[6] атылып, көгүчкөндүн бири жалп этип шиберге сайылды[7]… Аттан ыргып түшүп[8] колума алдым… карасам, жаңкы[9] короз кептер экен… Салмактанып бараткан башын зорго көтөрүп асманды тиктеди… ким билет, мүмкүн, мага ошондой көрүндүбү, айтор, айланып учкан топ көгүчкөндүн ичинен өзүнүн жубайын издеп жаткансыды… Жашылданган тегерек көзүндө чексиз кайгы, канбай калган кумарлуу сүйүү, муңдуу коштошуу… карай албай тескери бурулдум. Бирок ошол учурда мылтык үнү дагы жаңырып, ага удаа бир нече кептер жерге түштү. Чыдай алганым жок. «Жырткыч!» – деп Ниязды жекирип кыйкырдым. Нияз болсо кебелбейт. «Олдо, досум, ая!.. Менин көзгө атарлыгымды мактап, кумардан чыгат экен десе, кайдагы бир кептер үчүн күйүп-бышып трагедия уюштурасың да!» – деп сумсая карап, өлгөн кептерлерди буту менен тээп жиберди!

**Нурдин.** Шайтан алгырдыкы! Бул эмне деген жорук?.. Ушундай айбанчылык болобу?.. Жок, жок! Мындай жырткычтыкка… Нияз өлсө да барбайт! (*Тамекини үстөмөндөтө соруп, тынч албай наркы-терки басат*). Дүйнөдөгү сулуу жана асыл нерселердин бардыгын барктап, сүйө билиш керек… Адам баласынын адамгерчилиги, асылдыгы ошондо деп кан какшап жүргөн Нияз, канткенде ошондой ишке барат?.. Мүмкүн эмес!..

**Масадык.** Акылдуу адам, мен акылдуумун деп эч качан жар салбайт. Анын сыңары, адамгерчилиги жөнүндө кулагыңдын кужурун алып, мээңди чиритпейт!

**Нурдин.** Мен десең, мындай сөздү угузбагын, Масадык!.. Макулбу?..

**Масадык.** Түшүнбөйм, Нурдин!.. Нияз тууганыңа дайыма балалык курбалыңдагы наристе көзүң менен карайсың… Ушул кезге дейре ошон-

[1] **кыстабасаң** – не настаивай
[2] **уялайт** – гнездятся
[3] **жылтылдаган** – сверкающая
[4] **татынакай** – симпатичная
[5] **кулак түрдүм** – прислушался
[6] **мылтык** – винтовка
[7] **сайылды** – вонзился
[8] **ыргып түшүп** – спрыгнув
[9] **жаңкы** – тот самый



дой… Эмнеге антесиң? Ишенип кой… Нияз жердешиң таптакыр[1] сен ойлогондой эмес!..

**Нурдин.** (*Кулумсурөй*). Кыябы, Ниязга күнүлөйт окшойсуң, ээ, Масадык?

**Масадык.** Уялсаң боло ошентип айткандан!..

**Нурдин.** Кууланба, Масадык, көрүнүп турат… менин бир көзүмдөн экинчи көзүмдүн артыкчылыгы жок, экөө тең кымбат[2]. Силер да ошондойсуңар!.. (*Масадыкты кучактап*). Эх, Масадык! Муштумдай жүрөктө бир доско эмес, миң доско жетерлик сүйүү бар экенин билбейсиңби!..

**Масадык.** (*Күлүп*). Болуптур, Нурдин, койдум… Бир гана айтарым: сүйүүнүн баркына жеткен да бар, жетпеген да бар… Кой, бул сөзүбүз ушул жерде эле калсын… Унуттук дейли…

## Билип алгыла!

*1941-жылы Токтоболот Абдумомунов Кыргыз мамлекеттик басмасында адегенде корректор, редактор жана котормочу болуп иштей баштайт.*

*1942–1955-жылдары ал Кыргыз радиокомитетинде редактор, Ош облаcттык «Ленин жолу» гезитинде котормочу, СССР Жогорку Советинде котормочу жана «Советтик Кыргызстан» журналында бөлүм башчысы кызматтарын өтөгөн.*

*1945-жылдан баштап драма жазууга аракет кылат.*

*Т. Абдумомунов партиялык токтомдогу көрсөтмөгө көңүл бөлүп, замандаштардын турмушунан алып «Кумдуу чап» (1947), «Замандаштар» (1949), «Курман» (1950) пьесаларын жазат. «Кумдуу чап» пьесасында автор тоолуу райондорго нефть издеген геологдордун турмушун, «Замандаштар» пьесасында эки металлургиялык заводдун эмгектик мелдешин, ал эми «Курман» пьесасында айылдык врачтардын турмушун көрсөтмөк болгон.*

*«Жакшы адамдар» жыйнагы 1955-жылы жарык көргөн.*

*1950-жылы «Жүкөш» деген повестин жазган. Октябрь төңкөрүшүнүн кырк жылдыгына карата уюштурулган Бүткүл союздук конкурста Т. Абдумомунов «Алыскы тоолордо» деген киносценарийи сыйлыкка татыктуу болуп, ал сценарий боюнча тартылган кинокартина Бүткүл союздук, дүйнөлүк экрандарга көрсөтүлгөн.*

*СССР Жогорку Советинин 7–8-чакырылышынын депутаты болуп шайланган.*

*1970-жылы «Сүйүү жана үмүт», «Абийир кечирбейт» драмалары үчүн Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болгон.*

[1] **таптакыр** – совсем
[2] **кымбат** – дорого

www.bizdin.kg

# КОШУМЧА АДАБИЯТ БӨЛҮГҮ

### «Манас» эпосунун искусствонун башка түрлөрүндөгү экинчи өмүрү

Жер үстүндө кыргыз барда, адамзат жашап турганда «Манастын» ыры да, сыры да эч качан бүтпөйт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен 1995-жылы 25–31-августта «Манас» эпосунун миң жылдык мааракеси белгиленди. Бириккен Улуттар Уюму менен ЮНЕСКО 1995-жылды «Манас» жылы деп атады.

«Манас» эпосу бүгүнкү күндө искусствонун ар кандай тармактарында экинчи өмүрүн кечирип келүүдө. Мисалы: Ашым Жакыпбековдун «Теңири Манас» чыгармасы кара сөз түрүндө, Жалил Садыковдун «Айкөл Манас», «Манастын уулу Семетей», «Сейтек» пьесаларынын, «Айчүрөк» операсынын театр сахналарынан түшпөй коюлушу, М. Бегалиевдин «Манас» симфониясын жазышы, бул эпос боюнча даректүү фильмдердин тартылышы, эпоско арналган көптөгөн сүрөттөр, белгилүү манасчылардын сүрөттөрү тартылган.

Республикада жана чет жерлерде анын каармандарына, окуяларына байланыштуу 100дөн ашык искусство, архитектуралык, археологиялык тарыхый, табигый эстеликтер бар.

Бүгүнкү күндө «Манас ордо», «Манас айылы» бар.

Эпостун 70 жакын варианты бар. «Манас» дүйнөдөгү өзү сыяктуу чыгармалардын ичинен көлөм жактан теңдеши жок эпос.

Эпостогу өзөк окуялар:

1. Манастын төрөлүшү жана балалык чагы.
2. Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого кайтып келиши.
3. Алмамбеттин окуясы.
4. Көкөтөйдүн ашы.
5. Чоң казат.
6. Манастын өлүмү.

«Манаста» достук, ынтымак идеясы жалаң түрк калктарынын тилектештиги менен чектелет экен деп ойлош жарабайт. Түрк боордоштугу «Манастын» тышкы дүйнө менен гармонияда, биримдикте болуу, тирлик өткөрүү жөнүндөгү глобалдык идеясынын бир гана бөлүгү. Эпосто Манасты хан көтөрүүгө дини, тили, бөлөк ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү катышат. Дегеле, «Манаста» адам тегине, улутуна, расасына карап эч качан бааланбайт. Дүйнөлүк залкар чыгармалардын эч качан өлбөстүгү, улуулугу ушунда эмеспи. Улуу чыгармалардын таянган тоосу, туу кылып башына көтөргөнү, биринчи иретте, чындык, акыйкат, адилеттүүлүк, адамгерчилик, айкөл жүрөк, ак кызмат, адал мээнет.

**мааракеси** – праздник
**кечирип келүүдө** – *здесь:* проживает
**даректүү** – известный
**теңдеши жок** – нет равных
**акыйкат** – истина
**адал мээнет** – честный труд



## Алыкул Осмонов

### Жети-Өгүз

Карагайлуу кара асканын алдына,
Жети бөлөк жети тоонун жанында,
Ажыдаардай атырылып Жети-Өгүз,
Агып жатат жарды уратып каарына.
Таштар тарс-турс, калдыр-күлдүр куланып,
Бууракандап көбүктөнүп бууланып,
Эр турмуштун агымындай шаркырап,
Ок жыландай оюн салып буралып.
Айбаты ачык, сүрү баатыр арстандай,
Ак жолборстой айга айкырат жазганбай,
Бүркүт, каблан күркүрөшүп барлыгы,
Ушул суунун балдары бейм акетай.
Ой, Жети-Өгүз, жүрөгүндө каа жок,
Кең өмүрдүн уюлуна мээлеп сок.
Адамзаттын жыргалы үчүн кам көрүп,
Ташы, күүлөн, улам күчө бизге окшоп.

**карагайлуу** – изобилующий елью
**акетай** – вежливое обращение старшему брату
**мээлеп** – целясь

### Кыргыз тоолору

Тоого тоолор курамалап, курашып,
Узун тартып, уламалап, улашып,
Алда кайдан кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып.
Кара зоолор ар кай жерде каркайып,
Катмарлашып, калың тартып заңкайып.
Алмаз сындуу көккө тийген миздери,
Арстандын азуусундай арсайып.
Мөңгү кетпей чокулары жалтырап,
Тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап,
Ар жагынан бер жагына куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап.
Жаз келерде эң биринчи жаз конуп,
Кыш болордо эң биринчи кыш тоңуп.
Ай-ааламга ай тие элек кезинде,
Эң биринчи күндү тосуп кызарып.
Кыргыз тоосу, элдин сүйгөн тоолору,
Мындай сонун асыл тоолор болорду,
Асман тиреп жеңе билет ар качан,
Өлкөбүзгө кас санаган жоолорду.

www.bizdin.kg

**кербенчи** – торговец, ведущий караванную или крупную разъездную торговлю
**заңкай** – вздыматься, возвышаться, быть очень высоким
**мөңгү** – горный ледник, вечный снег
**ай-ааламга** – вокруг
**жеңе** – жена брата

## Чыңгыз Айтматов

*(«Жамийла» повестинен үзүндү)*

## Данияр менен Жамийла

Ушул күз эки жыл үзгүлтүктөн кийин, мен кайра мектепке бара баштадым. Сабактан кийин бош убакытта көп учурда баягы суу боюндагы жар үстүнө барып жүрдүм. Кырман ал кезде аңкылдап, ээн калган. Бул жерде мен мектептен алган боёктор менен өзүмдүн биринчи этюддарымды, сүрөтчөлөрүмдү тарттым. Андагы сүрөтчөлөр анча деле жакшы болбосо керек, анткени, ошондо эле мага көп жакчу эмес. «Боёкторум начар көрүнөт, – деп ойлочумун ичимден. – Атаңдын көрү, чыныгы боёк тапсам, кандай сонун болор эле!». Ушундай дегеним менен, ошол чыныгы боёктор кандай болорун өзүм да билчү эмесмин. Тээ кийинчерээк гана сүрөтчүлөр колдонгон тюбиктеги сыкма боёкторду биринчи жолу көрүүгө туура келди.

Боёктор го боёк болсун, бирок мугалимдердин айткандары да туура болуп жатты окшойт: сүрөтчү болуш үчүн сүрөтчүнүн өнөрүн атайлап үйрөнүш керек, анын окуусун окуш керек. Бул акыл чеки болбогону менен, окуу жөнүндө менин үмүтүм да жок эле.

Окуу кайда: агаларым ошол бойдон дареги жок жатса, анан эки үйдүн жалгыз бел байлар жигитин энеси окууга жиберчү беле. Муну билип, мен унчукчу да эмесмин. Бирок ан сайын окууну эстеп ичим күйчү, анын үстүнө ошол жылкы күз өзгөчө көрктүү болду. Колдон өнөр келсе, көргөнүңдүн баарын тартсаң эле, өзүнчө сүрөт боло тургандай. Аттигиң, ошондогу күз ай!

Жайы менен жайлоодо түтүнгө ышталган жылкычылардын үйлөрү азыр чоң сайдын буурул тарткан чабындысында тигинде-мында карайып, ак элечек, ак көйнөк кийгендей түтүндөр чамгарактап этек-жеңин чубалжытып, той тойлогон аялдардай айылма-айыл көйкөлүшөт. Тегеректе жылкы жайылып, бет-бетинче басып кеткен үйүрүн чогулта албай, тынчы кеткен айгырлар элтеңдешип азанашат, – жазга чейин эми ушунусу ушул: бээлер оңой менен үйүргө токтобойт. Тоодон түшкөн мал сары сойгок жапырып, аңыз-аңызда жүрөт. Күзгү талаанын бети изден чыбыр-ала.

Күз ушинтип эле жакшылыгын алып туруп алган жок. Көп кечикпей кара жел жүрдү, асмандын ирени бузулуп, кар аралаш жаан башталды. Аптасына көз ачырбаган жаан, бир күнү басаңдап токтогондон, мен Күркүрөөнүн жээгине бардым, – нары таштак аралчада жылгын менен чычырканактын арасындагы бир түп тоо четин жалбырттап күйгөн оттой болуп, сүрөткө эле «суранып» туруп алды.

Жээкте бадалдын арасында сүрөт тартып отурат элем, кеч кирейин деп калган, бир убакытта башымды өйдө көтөрүп, наркы өйүзгө суу кечип өткөн эки кишини кокус көрө калдым. Алар Данияр менен Жамийла экенин



дароо тааныдым. Эмне үчүндүр алардын жүздөрү чочулап сактангандай сүрдүү эле. Данияр адатынча демите арыштап, аттаган сайын, анын топчуланбаган шинелинин этектери, эскилиги жеткен солдат өтүгүнүн кончторуна шартылдата урунуп келе жатыптыр. Жамийла болсо, аппак жуулган жүн жоолугун салынып, үстүнө базарга кийчү кызыл-ала гүлдүү көйнөгү менен чий баркут чапанын кийип алыптыр. Бир колунда көтөргөн түйүнчөгү бар, экинчи колу менен Даниярдын асма баштыгын карманып келе жатыптыр. Экөө кез-кез бир нерсени сүйлөшүп коюшат.

Булар биздин айылды таштап, бир жакка кетип бара жаткандарын түшүнгөндө, ичим тыз этип куйкалана түштү.

Тигине, ал экөө коктудан өтүп, чий аралап жөнөштү, а мен шалдайган бойдон алардын артынан карап, эмне кыларымды билбей калдым. Үндөйүн десем, тилим таңдайыма жармашып калгандай.

Тоо кыркалап ээрчишкен булуттарга күндүн кыйыр нурлары акыркы жолу бир тийип, жерге күүгүм түштү, айлана бат эле караңгылай баштады.

Данияр менен Жамийла артына карабай темир жолдун разъезддин көздөй ылдам басууда. Алардын караандары улам алыстап отуруп, бир аздан кийин чийдин арасынан көрүнбөй калды.

Мен мына ошондо гана эсиме келдим.

– Жамийла-а-а-а! – деп, күчүмдүн бардыгынча кыйкырдым.

Томсоргон талаанын үстүнөн: «-а-а-а!» – деген жалгыз жаңырык көпкө созолонуп, муңканып басылды.

– Жамийла-а-а! – дедим мен, дагы бир ачуу кыйкырып, анан турган ордумдан атырылып тигилердин артынан жүгүрдүм. Сууну суу дебей, өтүкчөн, кийимчен бойдон түз эле сууга салганымда, тызылдаткан муздак чачырандылар бетиме, бүткөн боюма жабыла берди. Ага да карабай, дагы күчөп чуркадым. Бир убакытта бутум бир нерсеге чалынып кетти эле, күү менен барып бет алдымдан жерге жыгылдым. Ошол бойдон, башымды өйдө көтөрбөй, бетимди мыкчып, өксүп-өксүп ыйлап жибердим. Астымдагы нымдуу топурак жыттанган жер, колумду, бетимди муздатып, кеч караңгысы жонума салмагын салгандай, өпкөм кысылып, чийлер менин кайгымды бөлүшүп, жан-жанымдан муңканып ышкырып жатышты. Жана Жамийланы кыйкырган үнүм дагы эле томсоргон талаанын үстүнөн жаңыргансып, кулагымдан кетпейт.

– Жамийла, Жамийла! – деп, жаш балача шолоктоп, мен өзүмдүн эң жакын көргөн кымбаттуу кишилерим менен коштошуп жаттым. Мына ушунда гана, жерде ыйлап жаткан учурумда, мен өзүм дагы Жамийланы сүйгөнүмдү түшүндүм.

Ооба, балким бул балалык кездеги менин эң таза, наристе сүйүүм болгон чыгар!

«Кайдасыңар силер азыр, кайсы жолдор менен кетип бара жатасыңар?». Биздин жерде мындай кең талаа, мындай жолдор көп: Казакстандан тартып, Алтай менен Сибирге чейин ачык мейкиндик! Бул ачык мейкиндикти, ушул мейкиндиктей зор эмгекти сүйгөн азаматтар жаңы жерлерде, жаңы турмуш куруу үчүн аттанышты! Балким, силер дагы ошол жакка кеткен чыгарсыңар! Анда сапарыңар ачык болсун!.. Жамийла, менин алтын Жамийлам, сен кеткенде, башыңды бийик көтөрүп, кылчайбай, тайманбай кең

www.bizdin.kg

талаа менен кеткенсиң… Азыр да ошондойсуңбу, азыр да жол баскандан талыбайсыңбы? Же чарчаган күндөрүң болобу, жаным Жамийла? Же өз күчүңө ишенбей, күмөн санаган күндөрүң болобу, гүлүм Жамийла. Эгерде андай болсо алсыздыкка берилбе, Данияры медер кылып, жөлөн! Ошондо Данияр баягыдай сүйүү, жер, жарык дүйнө, турмуш жөнүндөгү деңиздей төгүлгөн жалындуу обонун салып берсин! Ошондо көз алдыңда кең талаа гүлдөп, биздин август түнүндөгү чагылгандуу добул төгүп берсин! Коркпо, Жамийла, алыс жолдон, сенин жолуң таалай жолу, андан күмөн санаба!

Жол менен баскандарды карап, мен алар менен сырдашам. Тигине, Данияр обон салып шаңшыды, демек, ал Жамийла экөө мени жолго чакырышат. Ооба, мен жолго чыгышым керек! Ооба, жайкалган кең талаанын жолун басып мен өзүмдүн айлыма барам! Туулган-өскөн жер – күч кубатым! Мен андан жаңы түркүн боёк табам. Сүрөт тарткан боёктун ар бир сүрткөн сызыгынан Даниярдын обону угулсун! Сүрөт тарткан боёктун ар бир сүрткөн сызыгында Жамийланын жүрөк оту болсун!

**тээ** – вон, вон тот
**көрктүү** – красивый, изящный
**ышталган** – копченый
**чубалжыт** – растягиваться, протягиваться на далёкое расстояние
**айгыр** – жеребец
**ирең** – окраска
**таштак** – каменистое место
**томсоргон** – омраченный
**атырыл** – вскочить, ринуться
**жүгүрдүм** – побежал
**нымдуу** – сырой, влажный
**томсор** – молча нахмуриться, насупиться, мрачно смотреть
**жаңыра** – греметь, грохотать
**шолокто** – всхлипывать
**наристе** – невинный, безгрешный
**мейкиндик** – пространство
**кылчайбай** – не оглянувшись, без оглядки
**жалындуу** – пламенный
**добул** – град (сильный), буря
**күмөн** – сомнение, подозрение
**шаңшы** – *перен.* издавать мелодичные звуки

## Шүкүрбек Бейшеналиев

**(1928–2000)**



Ш. Бейшеналиев прозаик, драматург, котормочу, Кыргыз эл жазуучусу (1988).

Ал Ак-Талаа районунда туулган, КМУнун филология факультетин бүткөн. Кыргыз балдар адабиятынын профессионал бийиктикке көтөрүлүшү Бейшеналиевдин ысымы менен байланыштуу. «Чыныгы достук», «Кычан», «Мүйүздүү козу», «Ак тайлак», «Аманат» ж. б. чыгармаларында жаш балдардын ары татаал, ары кооз ички дүйнөсү иликтенет. «Мүйүздүү козу» аңгемеси үчүн Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлык ыйгарылган.

Чыгармалары: «Таалай жолу», «Болот калем», «Даңкка жараша жүк» романдары, «Тайлак баатыр» даректүү баяны орус жана дүйнөлүк классикаларды кыргыз тилине которгон.

**тайлак** – верблюжонок
**мүйүздүү** – рогатый
**ыйгар** – намечать, предназначать

## Болот калем

*(Романдан үзүндү)*

### Улуу Манасчынын урматы

Ажы абасы менен Апай апасынын улам кийинки сүйөмөлөрү, мына, эмки кастарлуу мыктылардын тобуна, атагы таш жарган Тыныбектен айкөл[1] Манастын жомогун угууга куштап-үптөп апкелгендери Байымбеттин төбөсүн көккө жеткиргендей маашырлантты дейсиң! Ким билет, бүгүн андан ашкан таалайлуу жан бу чөлкөмдө бар бекен?...

… Сооронбайдын короосунун алдында унаачаны, жөөсү дебей котологон калк[2]. Алар куштап чакырылгандарга кызмат кылып, кыябын таап Манастан угушса, ыраазы[3].

Ажы абасы, Апай апасынын катарында лепилдете бастырган Байымбетти да малакайчан эки жигит жүткүнө чуркап, колмо кол көтөрүп түшүштү. Тобо, өзү бирөөнүн ирегесинде жүрүп, ээлерин коштоп келгени үчүн эле ушунчалык урматка бөлөнөбү. Сыртта жигиттер чет четинен дүргүтүп короого киргизе башташты. Айылчы улуулай ар топко басып барып учурашып, көпкө кармалды. Байымбеттин чый-пыйы чыгууда. Деги орун жетпей тышка сүрүлүп калышпагай эле.

[1] **айкөл** – великодушный, благородный
[2] **калк** – народ, население
[3] **ыраазы** – удовлетворённый, довольный

www.bizdin.kg

Байлар ток букалардай ынтыга четке кетенчиктегенде:

– Ажы ага, мархамат. Рахим этиңиз. – Күзөтчү Айылчыны, анан, соңундагы байбичени ийилиңки узатып, акырында, ичинен кыпылдап Байымбет өтөрдө: – Ой, кайсы мырзасың? – деп күлдүрттөй шыбыштап, көзүн кысты. Байымбет апкаарып, унчукпай нарылады. «Ата-көрү, минтип мырза болуш да оңойбу? Жо-оок мырзалык мага жарашпайт».

Аш, тойдо да эл мынчалык дандуулата эленип, катуу тезге салынбас. Кыязы, Манасчынын бедели бийик өңдөнөт. Болбосо, калайык[1] мынчалык неге топурасын. Деги, көбү – жарды, кембагалдар. Аларды эшик күзөтчүлөр жибербей коюшса, «жээликкен таз, демиңди бас» болушабы? Байымбеттин аларга боору ачып, ирети менен иргегендердин аягында киргизишээр деген үмүткө сооронду.

Түпкөрүдөгү заңгыраган жайдын ортосунда тирүү Манастын өзү сымалданган алибеттүү[2], кара сурунан калжайып, төшүн жапкан узун калтар сакал Тыныбекти Байымбет дароо тааныды... Дардайган бөлмөнү түптөй кыдырата кенен-кесири отургандардын баарына Тыныбек даана бадыраюуда. Байымбетке андан артыктын кереги не. Эшик агадан «ичке кирүүчүлөр бүттү» деген кабар жеткенде чепкен[3] жамынган ата манап Сооронбай Тыныбекке көз кабын балбырата, үлүңдөдү.

– Баштагын.

Аңгыча сырттан бака-шака, кыйкырык[4] жаңырды.

Кары кишинин ачуулуу[5] айкырыгы үйдөгүлөргө угулду:

– О, мыктылар, Манас элдики! Киргизгиле букараларыңарды короого!

Жүткүнгөндөр жапырт коштой күүлдөштү:

– Чатак чыгат! «Манастан» калганча өлгөнүбүз өйдө!

– Киргизгиле! Киргизгиле!

– Эл-журт өзүңүздүкү баатыр. Манас журттуку. Манас арбагына сыйынганы чогулгандарды киргиздиргениңиз жөн.

Сооронбай туталанып, дарбаза ачылганда аягы тынчыганда тутамдаган колун эми араң тайгылтып, сакалын селк эттире серпти:

– Манасчым, башта эми.

Тыныбек жайдаңдап оң-сол мүрүсүнө алмак-салмак бурула, калтар сакалын жаный бөлмөлөрдө, сырткы короодо үймөлөктөгөндөргө саламдашкансып күбүрөдү[6].

– Жөн кишиден манасчы чыкпайт. Сыйкыры[7] бар, карабайсыңарбы келишкен келбетин…

– Баатыр, түндөгү токтоткон жерден улайбызбы же бөлөкчө курайбызбы? – Манасчы Сооронбайга сөз куюлуштура суроолуу күлдүрттөдү.

– А-а баракелде… Кеп ушунда, манасчым. Биздин «Манасты»

[1] **калайык** – 1. народ, 2. обращение к народу, к собранию
[2] **алибеттүү** – мощный, энергичный
[3] **чепкен** – род верхней мужской стёганой одежды, крытой какой-либо толстой тканью
[4] **кыйкырык** – крик
[5] **ачуулуу** – злой, сердитый, вспыльчивый
[6] **күбүрө** – шептать, вполголоса
[7] **сыйкыр** – чары, колдовство



өзүбүзгө гана айтасың. Кечээ тээ Алтайда Жакып чал көрүнгөнгө таланып куучуюп куруган чагында кан чеңгелдеген уулу туулуп, атын Манас койгонун, аябай тойду сойгонун… Анын тентек[1] чыгып, атасынын жоосун жолотпой кууганына токтогонсуң. Эр жетип, мына биздин Ала-Тоого ооп, чачыраган кыргыздын башын курап, жоодон коргоп өлгөнүнө чейин. Андан Семетей, андан Сейтек тукуму[2] жолун жолдогонун, о-уу качан бүтөр экенсиң? Ансыз менден кетпесиңди билесиң.

Тыныбек жооп кайтарды:

– Баатыр, ал бир кудаага маалым… Мүмкүн, андан да созулуп кетээр…

– Болуптур. Биздин «Манасты» шашпай, ай болсо айлап, жыл болсо жылдап жетээр жерине жеткиресиң. – Сооронбай ачык терезени карай эргип моюнун көтөрдү:

– О-у, жарданган журт, мынча дүрбөп чогулган соң, силер үчүн Тыныбекке бир түндүк Манас айтууга уруксат. Ошого ыраазысыңарбы, же-же…

– Байым, ыраазыбыз.

– Оп баракелде. Эртеңден ээнбаштанып[3] менин эшигиме топтолгонду койгула. Эми тынчтанып, талбай угуп, таң[4] сүргөндө тарагыла.

Тыныбек салкын жел соккон ачык кош терезе тарапка сызып жөнөөчүдөй кулачын[5] жая бир түндүк учушка Манастын, Каныкейдин, чоролорунун, тулпарларынын, курал-жарагынын, кийим жасалгасынын, кыргыздын жоолору менен досторунун сыпатын гана чолууга, ошого да улуу дастанга суусаган элди кандырарын болжолдоп, короодогу моюн созгондорго даана угулар ырдап доошун калкытты:

– Э-эй, журтум,
Арыстан Манас атаңар,
Арбагын сыйлап жашаңар.
Сымбатын сырдап айтайын,
Жазылсын ичтен капаңар.

Алмамбет, Чубак чоролор,
Манаска тирек зоболор.
Кыргызды кырам дегендер,
Кыйрап өзү жоголор…

Манасты бир отурушта жалпылай маалымдап калайыкка жеткизиш үчүн, атайлап бул кириш сөзүн каргытты.

– Баракелде, касиетиңден!

– Үнүңдөн шаңшыган!

Мындай кубаттоолорго такай шерденип, дасыккан манасчы, ошо сырттагыларга тегиз[6] жеткенине ичинен кубаттана Манастын келбетин эргип сүрөттөдү.

[1] **тентек** – озорной, шалун, озорник
[2] **тукум** – потомство, поколение
[3] **ээнбаштан** – своевольничать, самоуправствовать
[4] **таң** – рассвет, утренняя заря
[5] **кулач** – размах рук
[6] **тегиз** – ровный

www.bizdin.kg

О журтум, Манас,
Пенделен артык туулган…
Душманга салган чуулган…
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,
Бүлөөсүнөн бүткөндөй.
Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Жердигинен түткөндөй…

Акындын кең көкүрөк, жайык мүрүсү тоо башатындай заңкайып, бүпбүтүн аппак тиштерин кашкайта куюлушкан ыр саптарын чубурта жөнөгөндө илеби ысык түркүн салыштырмалары тоонун тунук шаркыратмасынын чачырандысындай бүркүлсө, сакалы түпөктүү[1] токойдой удургуп кээде жапырыла, кээде селкилдеп[2] уккандардын көзүн сыйкырлай, тээ Ата Журтунан бери эл коргоп ыйык даңазаланган[3] баатыр Манастын кереметтүү сымбаты[4] ар кимине тирүүлөй элестелип, жүрөктөрүн чымырата, көңүлдөрүн жубатууда.

Баатыр Манас ханыңар,
Байкап кулак салыңар.
Кандай түрдүү иш кылган,
Кабарын угуп алыңар.
Барчын Манас башында,
Баатырлык кылган жашында.
Кыраандык[5] кылган баатырдын,
Кырк жайсаңы[6] кашында.

Кыргыз эл болгону, алмустактан бери улам улуу дастанды эңсеп, эргий тыңдагандардын көбүнө Тыныбектей касиеттүү чыгаан[7] өнөрпоз[8] адам гана эмес, бүткүл[9] Ала-Тоо тулкусу күңгүрөнө аны коштоп, асман ата тилге келип жомоктоп жаткандай туюлууда.

Манастын Аккуласы, Аккелтеси, Сырбараңы, Кумайыгы, Желмаян Ак ингени, ок өтпөс Чопкуту, Ак олпогу баатырга бап келишип, анын көркүн, сүрүн гана арттырбастан, ишин оңуна салган таалайына жаралган колдоочулары. Ар биринин Манаска гана белгилүү, Манаска гана ачылуучу сыны[10], сыры бар.

---

[1] **түпөктүү** – снабжённый бунчуком
[2] **селкилде** – качаться, колебаться, трястись
[3] **даңазалан** – быть прославляемым
[4] **сымбат** – статность
[5] **кыраандык** – богатырство, мужество
[6] **жайсаңы** – калмыцкий начальник, зайсан
[7] **чыгаан** – выдающийся, замечательный
[8] **өнөрпоз** – мастер, искусник
[9] **бүткүл** – весь, целиком
[10] **сыны** – 1. испытание 2. критика



Байымбет эркине ээ болбой, күүгө эриген бийчидей манасчынын кубулган ажарын туурап, обон ыргагын, олчойгон сүрөттүү сөздөрүн көкүрөгүнө көрөңгөдөй куюп, купуя кошо күпүлдөп, Манас менен Тыныбекти ээрчип чогуу жүргөндөй чайкалууда. Манастын даңазасын ашырып, акыл кошуп, жоосун жоолап, элине каралашкан Алмамбет, Чубак, Кошой, Бакай, Сыргак шериктери, Каныкейдей айымы тууралуу бөлөк-бөлөк аземдүү каргытканда жомокчуң түшкүр алардын кубанчын да куштай калкып, кайгысында буркулдап жаш төгүп, кайра бел байлаганда томсоро сурданып, Тыныбек көз боочудай тыңдаган калайыкты миң алакетке буроодо.

Азап, күрөш менен талоончу[1], кыркынчы жоодон калкалап, жакын элдер менен куда-сөөк достоштуруп, кыргыздын учун кеңитип, уругун улаган жоокерчилик заманындагы айкөл Манас баштаган кеменгер[2] эрлердин көбүнүн өмүрү салгылашкан кан майданда кыйылганын… Алардын элин коргогон, касынан өчүн алып, тукумдары: Семетей, Күлчоро, Сейтектердин далай кордук, сыноолордон кагылып, жетилгенин миң кубула сайраган Тыныбектин дастанынан, айрыкча[3], букара журт бир түн болсо да угуп, куу түйшүктү унуткарып… кумардан чыгышты белем.

Тыныбек, о, асмандан көшүлгөн жарык себилгенде тынып тыңдаган калкка ыргагын буруп, балкылдаган алкымын кере күрсүндү:

О-у журтум! Таң сүрүлдү[4] кылайып,
Талыдыңар сырайып,
Тоодо, түздө ишиң бар,
О, журтум, тараганың ылайык!
Атаңар Манас жомогу,
Ай бою бүтпөйт кылайып.
Ар кимиңде оокат бар,
Аста-секин жылалык.

Айтуучу жардабаганда угуучулар уюган бойдон отура беришмек. Баракелде, өнөрдүн сыйкырына! Бир адам ушунча калайыктын көзүн боёп, көңүлүн байлап, каткаксыган жан-дилин жибите сугарды белем. Улууну сыйлап, кичүүнү жумшап, баатырларын жасалгалап, жарды-жалчыга каралашып, акылмандын насаатын угуп, уз, усталарын бапестеп, ырчы, чоорчу, добулбасчыларын көч, кол астына чыгара урматтап жашаган байыркы бабаларынын тирлигине көлкүштү. Үйдөгү мыктылар каада сактап ыңгырана каалгыганча, тыштагы жардылар жапырт[5] козголо күүлдөй Тыныбекти алкашты:

– О-омийин! Манастын арбагы колдосун!
– Тыныбек акын, кор болбо!
– Уулуң уласын өнөрүңдү!
– Теңир жалгасын!
– Кызыр жылоолосун!

Тыныбек боюн созуп, терезеден көпчүлүккө телмирип, терге жуулган жаагын сүртүндү.

---

[1] **талоончу** – грабитель
[2] **кеменгер** – мудрый, умудрённый опытом
[3] **айрыкча** – в особенности
[4] **таң сүрүлдү** – забрезжил рассвет
[5] **жапырт** – скопом, сплошь

www.bizdin.kg

# Касымалы Жантөшев
## Каныбек
(*Романдан үзүндү*)

### Амалдуу малай

Ошентип, шордуу Ажар Каныбегинен ажыраган. Шум замандын шумдугу; карчылык менен карыганда эки көзүнөн ажырашы, Каныбектин душмандар колуна туткун болушу Ажар үчүн кыйын болду. Кыйын болсо да жакшылыктан үмүтүн үзбөй, Жолойдун жардамы менен беш ара кончулук жердеги Алымын издеп, Катуу-Бакыттан Какшаалга келген.

Ажардын алдына өбөк, аркасына жөлөк табылды. Бир тай союп, Алым Ажарды мындан үч күнү илгери териге алган. Ошондон бери Ажар бир канча дарты чыккандай сезет. Бирок, Каныбегин ойлогондо жүрөгү туз куйгандай ачышып, «а» десе оозунан күйүттүн жалыны чыккансыйт.

Кечки күздүн сыдырым түнү. Карыптын карала итинин анда-санда үргөнү болбосо, бардык нерсе табияттын таң атар алдындагы тынчтык кучагында.

– Садаган Күлүкан! Күн чыгып калган го дейм? – деп, Ажар төшөктөн башын көтөрдү.

– Жок, Ажаке! Таң жаңы гана сүрөйүн дептир, – деп, Күлүкан керегенин аягынан чыгышты карады да, кийинип сыртка чыгып түндүктү тартты. Үйдүн чыгыш жаккы жанында үйүлүү турган тезектен алып келип от жакты. Алда кимине ардактаган сыйнатын көрсөтчүдөй камына баштады. Кимгедир, эмнени эскертип айтчудай көшөгөнү ачып карады.

Али үйлөнө элек болсо да, көшөгө ичинде Алым уктап жатат.

– Кызык уктап жатат, садаган! – деп, акырын гана анын алкымынан жыттап койду. Алым ойгонуп кетти. Алдейлеп өстүргөн алтын энесин капыстан көргөн балтыр бешик баладай жылмайып, кандайдыр бир сүйүнчүлүк менен Алым маңдайында күлүмсүрөп турган Күлүканды мойнунан кучактады…

– Тур, мээнетиңди алайын! Атыңа жем бер… Сапарыңа эрте жөнө!..

Күн чыгарда Күлүкандын жапкан наны бышып, ундан майга кууруган чайы кайнады. Келер-кетер сөздөрдү айтышып, бардыгы дасторконду тегеректей отурушту. Жалгыз гана Сакадай балалык таттуу уйкунун кучагында.

Бутуна жаңы маасы, кепич, үстүнө эскилөө кызыл тувар көйнөк, жеңи чолок кара баркыт бешмант кийген, башына ак жибек элечек салынган узун бойлуу сулууча келин, аржалаңдап күлгөн балтыр бешик баласын көтөрүп күлүңдөп акырын кирди. Карып эки колун балага карай сунуп сүйлөйүн дегенде, келин ага эрдин кысып, унчукпагыла дегенсип колун жаңсады да, акырын табыш алдырбай барып, баланы Ажардын алдына отургуза салды да, кийин боло берди.

– Апей, ботом! – деп, Ажар чочуй сыйпалады да, – о, садаган болоюн Жакшылыгым турбайбы! Жакшылык деген атыңан садага кетейин! – деп, баланы түрдүүчө эркелетип өпкөндөн кийин, – энең кана?

– Мен мындамын эне! – деп, Сүйүмкан Ажардын мойнунан кучактай оң жагына отурду.



– Салоомалейкум! – деп, чокчо кара сакал, муруту бар, жашы отуздан ары кеткен кара тору киши төө жүнүнөн жасалган чапанын желбегей жамынып келип эшик алдына тура калды да, – ооруган жериңиз жакшы болуп калыптырбы, эне? – деди Ажарга тигилип.

– Кел кагылайын, Белек! Жакшымын, ооруган жерим такыр басылган көрүнөт. Көңүлүм да ачык, бүткөн боюм жеңил, – деп Ажар күлүмсүрөдү.

Кудайдын бергени ошол, – деди карып, Ажардын жакшы болуп калганына чексиз кубангандай.

– Бул кубаныч, эне! Иши кылып Алым экөөбүздүн аракетибиз талаага кетпесе болгону! – деп, сол жагына барып отурду.

Чети чачылуу, бурчтары саймаланган ак жоолукка бети, колун аарчый сырттан кирип келаткан Алым:

– Апа, тамагыңызды тездетиңиз, мен эрте жөнөйүн!

– Отур, бардыгы даяр! – деп, Күлүкан дасторконун салып, нан коюп, куурма чайдан куя баштады.

– Эми тоюп алып аттан, Алым. Өзүңө өзүң этиет бол. Ажар энем келгенден бери Каныбек жөнүндөгү акылды далай ирет акылдашып көрдүк. Эгер дүнүйө берип бошотууга мүмкүндүк болсо, анда мага кабар кыл. Каныбек үчүн эчтемени аябайм. Жети жашыман жетим калып өлбөй ушул күндү көрдүм. Каныбек аман бошонсо, дүнүйөнү таап алууга болот, – деди Белек.

– Каныбек үчүн, жезден менен эжең эч нерсесин аябайт, садаган Алым! Жезден жетим болуп чоңойсо, эжең бир ыштандык бөзгө жетпей чоңойгон. Эми болсо, короодо эки жүздөн ашуун кой, отуз чакты кара турат. Өзүнүн да өлбөгүдөй байлыгың турат. Аштын жардылыгы эчтеме эмес, баштын жардылыгы жаман. Каныбегиңи аман бошотуп келип – экөөң аман болсоң, экөөңүн курбу-курдашың көбөйсө, ата-энелериң эмес, мына бул отурган эжең менен жездең дагы кор болбойт! – деп, Сүйүмкан күйөөсү Белектин сөзүн коштой чаап өттү.

– Бир жалам талканыбыз жокто да эптеп күн өткөрбөдүк беле! – деп, Күлүкан мурунку айтылган сөздөрдү бышыктады.

– Садаган болоюн Алым, ак жолуң ачылып аман барып, аман кел. Өлгөндүн үстүнө көмгөндөй болтурба, өзүңө сак бол! Каныбегиңди тез ээрчитип кел! – деп жашып кетти.

– Эй, эне ай!.. Ыгы жок жашыктыктын кереги эмне? Ак тилек менен алыска баратканда, ыйлабай туруп узатсаңыз! – деп, Алым жайдарыланып күлүп койду.

– Колдон келген акылды айттык, балам, мындан аркы акыл өзүңдүкү. Жалгыз киши оңойлук менен баатырлык кыла албайт. Ошондуктан, баягы Ма-Мин-Жун байдын колунда иштешип жүргөн теңтуштарыңан кимиси бар экен, ошолорду байкаштырып, алар менен да акылдашып көр? – деп, Карып чайдын түбүн ууртап, бир нече жеринен кадалган чыныны Күлүканга сунду.

– Кошкула! Эки жумада келермин, же бир нече айда келермин. Мага карабай кышкы камыңарды көрө бергиле. – Кош, садаган кетейин Алым! – деп, Ажар айтайын деген сөзүн айта албай, Алымдын эки бетинен эки өпкөндө:

– Ак жолуң ачылсын, алло акбар! – дешти, бардыгы чурулдаша бата кылып.

Алым үйдөн чыкканына бүгүн экинчи күн. Тайкашка жалын эки жагына төгүлтүп, төрт аягындагы такасына тийген таштардан чыккан оттун учкунун чаңга аралаш көрүнтүп, шайбырлай басып келе жатты. Алды жактагы, жолдун сол туурасында жайылып жүргөн көп төөлөрдү көрүп, Алымга чоң коркунуч пайда болду.

Башка жолго караганда бул жолдун Кашкарга эки күнчүлүк жакындыгы бар эле. «Жаман жолдун жакындыгынан алыс жолдун жакшылыгы артык… Кокус Соорон датканын кишичил кара буурасына учураба!» деген Белек менен атасынын сөзүнө көнбөй, Алым ушул жолго түшкөн. Анын бул жолго түшкөндүгүнө себеп: «Соорон датканын кишичил кара буурасы жайында учуп өлүптүр» деген кабар уккандыгы.

Соорон датканын кара буурасынан корккондуктан, бул жол менен эч ким каттабай турган. Анткени, ал буура ошончолук коркунучтуу, кишичил буура эле.

Кыскасы, кара буура далай адамды өлтүргөн. Ал өлгөн адамдар жөнүндө Соорон даткага эч ким эч нерсе дей алган эмес.

Алымдын эки көзү жалжылдап төөлөрдө. Анда-санда Тайкашканы дыр бердирип коёт.

Кара буура шашкандыктан мүдүрүлө тура калып, бир чакырымдан алыс жерде чаңды уюлгутуп бара жаткан Алымды көрдү да, тишин кычырата күркүрөп, желкесин өркөчүнө бир уруп, башын жерге салып алып кууп жөнөдү.

Алым эки көзүн жалжылдатып алдын бир, аркасын бир карайт, көзүнө эч ким көрүнбөдү, жашынууга жар, чыга качууга тоо жок. Тайкашка кандалык арымын керсе да, кандуу тиштүү карт бөрүдөн кутулар эмес. Кара бууранын тайрак уруп келе жатышы Алымдын көзүнө жомоктогу ажыдаардай көрүндү.

Алым чаап келе жатып сол жаккы чоң темир үзөңгүсүн чыгарып ала койду. Эки көзүнөн ажалдын отун жандыргансып кара буура жакын келип калды. Кутулбасына көзү жетти, Алым атынын оозун жыя кармады.

Кара буура оозун араандай ачып келип, атты куйруктан тиштеди. Тайкашка чаңырып тура калды. Алым колундагы үзөңгү менен чапты эле, өлчөгөн жерге тийбей тумшукка тийип калды. Бууранын оозу-мурдунан кан жайылды, бирок оозу-мурдунан аккан канды тоотпой атылып барып, аттын алдын тороп тура калды. Алым онтойлотуп экинчи ирет чапканча, кара буура Тайкашканы ооз омурткадан тиштеди. Тайкашка бир чыңыруудан башкага жарабады. Бул убакта Алым үзөңгү менен таамайлап туруп, бууранын кара кушка тартты. Көздү ачып-жумгуча Тайкашка жыгылды, анын жанына кара буура да бүк түштү. Экөө тең бут серппей, көздөрүн жашылдантып жансыз жатты…

**шордуу** – несчастный
**туткун** – пленник, узник
**обок** – поддержка
**үйүлүү** – собранный в кучу
**тувар** – сорт китайского шёлка



**баркыт** – бархат
**чокчо кара сакал** – черная бородка клинышком
**кара тору** – смугловатый
**этиет** – осторожность, осмотрительность
**ээрчит** – вести за собой, заставить следовать
**оңойлук менен** – с лёгкостью
**жалын** – пламя
**пайда** – польза
**кишичил** – свирепый, набрасывающийся на человека
**жалжылда** – (о глазах) выражать страх, просьбу
**мүдүрүл** – спотыкаться
**арым** – крупный шаг, размах
**үзөңгү** – стремя
**таамайла** – делать что-л. чётко, точно, без ошибок

# Жоомарт Бөкөнбаев

## Эмгек

Алтынды сансыз кылып тапкан эмгек,
Адамды адам кылып баккан эмгек.
Түрдөнтүп албан-албан жердин бетин,
Килемди, бачайыны жапкан эмгек.
Аткарып калети жок турмуш шертин,
Берметти безелентип тапкан эмгек.

Жалпыны жадыратып берген эмгек,
Жер сырын бир казанга терген эмгек.
Жаңыртып куу турмушту башка түргө,
Эскини энтелетип керген, эмгек.
Шакылдап түмөндөгөн кайрат менен,
Душманын как жүрөккө челген эмгек.

Жемишин жер бетине сепкен эмгек,
Гүлдөтүп берекесин төккөн эмгек.
Балкылдап көк деңизге күлүмсүрөп,
Кучактап күндүн нурун өпкөн эмгек.
Козголбой ичин сылап жөн жаткандын,
Чубалтып ичегисин тепкен эмгек.

**шерт** – условие, клятва
**безелен** – голосить причитая
**энтелетип** – приходить в замешательство, теряться
**чубалт** – волочить

## Өмүр

Санап, санап эсептесем өмүрдү,
Өткөн өмүр балдан ширин көрүндү.
Жел жетпеген желмаяндай мал минип,
Жетип кууп, жеңер белем өлүмдү!



www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

Күүгүм кирип, күн батканын койсочу,
Саат жылып баратканын койсочу.
Оюн, күлкү салтанатка жарашкан,
Өмүр шагы бүрүн какпас болсочу.

**ширин** – сладкий
**желмаян** – *миф.* верблюд-скакун, верблюд, отличающийся быстрым ходом, неутомимостью и силой

# Төлөгөн Касымбеков

## Сынган кылыч

(*Романдан үзүндү*)

### Алтын бешик тукуму

Наркы 1842-жылдын жайы…

Шералы ээн жайытта оттоп жүргөн мал сыяктуу бейгам болучу. Эрте менен муздак кымыраңдан карды керилгенче жутуп алып, дикилдеген ылдам көк байталды минип, түнкү жайыттан саан бээлерди айдап келди да, желенин башына имерип токтотуп, кулундарды укуруктап кармап байлай баштады. Күндө кыла жүргөн иши. Эч ойсуз капарсыз эле. Кулундарды байлап бүтөрдө ага жигит келди:

– Шералы, датка атам чакырып жатат, жүр! – деди шаштырып. Жыл маалында бир назар салып тиктеп койбогон чоң тай эмне жакшы көрүп калды экен?..

Кечээтен бери ар айылдан аксакалдар келип котолоп жатышкан болучу. Шералы кайдан билсин? Ажыбай даткага келип жүрүшкөн баягы көп саламчылар го деп ойлогон. Киши көп окшойт. Шералыны сүр басты. Чекесин кашып, жүрөкзаада болуп туруп, айласы кеткенде кирпигин араң кыймылдатып, араң салам айтып кирди. Бүт Таластын кадырман карылары, жакшы чыкма мырзалары он эки канат кең өргөөгө толуп отурушуптур. Төрдө карала кымкап жамынып отурган Ажыбай даткадан башкасы орундарынан дүрүлдөп тура калышып, Шералынын саламына алик алышты. Бул эмнеси? Эч качан мындай ызаатты көрбөгөн, көрөм деп эч качан көксөбөгөн бечара Шералы апкаарый түштү. Үй толо көздөр чачырап аваз кылып карап, Шералы ан сайын кысылып, өз денеси өзүнө артык баш болуп кетти.

Жаак терилери шылбырап, башы калтылдап, эти жок тизелери эки ийнине жетип, чөккөн арык буурадай пас болуп мүңкүрөп отурган Ажыбай датка башын көтөрдү:

– Шералысыңбы? Келдиңби? – деди, анын боз чалган нурсуз көздөрү жансыз тиктеп турду. – Жакын келчи, жарыгым…

Шералы тез бүгүлүп, чалдын сөөктүү, арык колдорун кош колдоп, урматтап, акырын кармады:

– Келдим, таяке… Чакырткан экенсиз… – деп жүүнү бош сүйлөдү.

– Отур ошондой, жарыгым…

– Кулагым сизде, таяке…



Ажыбай датка аппак суюк сакалын калтыраган алсыз колу менен акырын сылап, акырын жөтөлүп алды:

– Жакшы атанын кашык менен жыйнаган мүлкүн жаман уул чөмүч менен чачып түгөтөт деген ырас. Амир Темир Көрөгөндүн чексиз зор өлкөсү өзүнүн көзү өткөн соң, жок дегенде, жүз жылга бүтүн турбады. Мураска алып, ар шаарда, ар элде бийлик жүргүзүп турган балдары бири-бирине баш койбой, ар кимиси ар жакка чоюп, эң акырында өлкө бытырап бөлүнүп кетти. Амир Темир Көрөгөндүн Миран-Шах деген бир уулунан Султан-Мухаммад, андан Абдусаид, андан Өмөр-шайх. Фергана ошол Өмөр-шайхтын энчиси болгон. Бир күнү ал дагы Самаркандагы улуу амирден өз алдынча болуп алды. Ал убакта өкүмдарлар атак үчүн жанына ырчы, чоорчу, чечен топточу экен, шаани үчүн ордосуна тоту куш, ак кептер бакчу экен. Бир күнү Аксы шаарынын касабасынын кырында отуруп, ак кептерлерине жем чачып отуруп, кептеркана кокустан урап кетип, Өмүр-шайх учуп өлүптүр. Ошондо тун уулу Бабыр он эки жашар экен. Ал ошол 899-жылы атасынын ордун басып султан болуп көтөрүлөт. Султан Бабыр акылы жетик, кайраттуу азамат чыгып, Амир Темир бабасынын өлкөсүнүн бөлүнгөнүн бириктирем деп, чачылганын жыйнайм деп, кол баштап чыгат. Ошол учурда илгерки Саин-хандын иниси Шайбандын тукумунан ошол түп атасынын атын алып Шайбани-хан деген кыйын чыгып, Эдил боюндагы Көк ордодон, андан берки Ак ордодон сан тийбегенден кийин күн чыгышты карай жортуул баштап, Самарканга кирип келип калган эле. Өз тууганд арынын ыркы жогуна чыдаса да, бабасынын Самаркандагы ыйык тагын атасы бөлөк бирөө келип ээлешине Султан Бабыр чыдай албай, Шайбани-хан менен катуу кармашып, үч жолу Самаркандан Шайбани-ханды сүрүп чыгып, бирок, биротоло көчүк басып калышка арты алсыздык кылды, анын дитин түшүнүп көмөк көрсөтүшкө ыркы жок тууганд арынын бири да жарабады го, өз агасын агалай албаган жаттын улагасын сагалайт, көмөк көрсөтмөк түгүл, кайта Шайбани-ханды жамынышып Султан Бабырдан Фарғананын өзүн талашты го, акыры келип кайран баатыр бактысын башка жактан издеп Ооган тарапка жер которуп кетишке аргасыз болду…

Тамагын кыр-кыр дегизип, алсыз жөтөлүп отуруп, Ажыбай датка жай сүйлөдү. Шералы кирпигин ойсуз кыбыратып, баш көтөрбөй, бул сөздөрдүн кимге айтылып жатканын ажырата албай, дал болуп отура берди.

– Султан Бабыр үй-бүлөсүн гана алып, аз гана кишилери менен качып жолго чыккан экен ошондо. Атаңдын көрү, бапасыз дүнүйө… Ооматы кеткенде өз токоюнда жүрүп жолборс ачка өлөт деген ырас белем. Киндик каны тамган Ата Журтунан, ата-бабасынын ушунча кең өлкөсүнөн таман коёр, баш калкалар жер калбаптыр го ошондо. Ошол кезде Сейде-Бак толгоо тартып калат. Айла куруганда аттан түшүрөт. Ошерде Сейде-Бак кылыч таянып отуруп көз жарып, уул табат экен. Эми эмне кылышмакчы? Артта куугунчу. Алдыда кыйын жол… Тизгин жыйбай катуу жүрүш керек андан нары. Кызыл эт бала шалкылдап атка урунар, тердеп, курган камыгар. Ага карап жайбаракат болушса, арттан куугунчу жетип, баарынын башына жапа түшүп калары белгилүү иш. Эмне айла бар? Бала кантет? Ала кетишсе да өлүм, таштап кетишсе да өлүм. Атка урунуп өлөрү бышык, а жол боюна таштап кетишсе, кокус бирөө кез келип таап алса аман алып калышы ыктымал.

www.bizdin.kg

Ушинтип тегеренип ойлоп турушуп баланы жол боюна тагдырдын эркине таштап кетишмек болушат. Энесинин уузу менен оозантып, алтын сырлуу бешикке салып, үстүнө ак шайы оромол жаап, жуп аттанарда түтпөй Султан Бабыр наристенин маңдайына колунун учун тийгизип өөп, бир үшкүрүп, анан белиндеги каухар кемерин чечип бешиктин үстүнө арта таштайт. Ошол бойдон эки эмчегинин сүтү дирилдеп ийип көкүрөгүн жууп, көзүнүн жашы бетин жууп, үңүлдөп ыйлап кетип бараткан Сейде-Бактыны жандап басты-рышып, колтугунан сүйөшүп, жөнөп кете беришкен экен. Аргасыздан ата кетти жүрөгү сыздап, бала калды боору катып солуп ыйлап…

Үй ичи түйшөлө түштү. Кайра дым болуп, баары Ажыбай датканын оозун тиктеп калышты.

– Ошол кезде ошол жерлерде кыргыз кыпчак, кырк, миң деген уруктар бир жамагат болушкан экен го. Султан Бабыр баласын таштап кеткен жерден көчкө жайыт чалып өтүп баратып, али эл коно элек тоо арасынан жаш баланын ыңаалап ыйлаган үнүн угуп, улап барып, бадалдын түбүндө турган жабуулуу алтын бешикти таап алат бир адам…

Үй ичи дагы түйшөлө түштү. Бул окуя бир Шералы эмес, бу отургандардын баарына эле белгисиз болучу.

– О, кудурети күчтүү, Көкө Теңир! Сактаарыңды кыл үстүнөн сактайсың… – деп, дуулдап кетишти.

– Ошол таап алган адам баланы бешиги менен, кымбат баалуу каухар кемери менен айылга апкелет. Ошол кыргыз кыпчак кырк, миң уруктарынын жакшылары чогулуп, жети өлчөп бир кесип дегендей, баланын тагдырына ойлук кылышат экен. Ана көз ача элек кызыл эт бала… Алтын бешик… Кунда жок каухар кемер… Жөн тегин адамдын баласы эмес, узун элдин учуна кыска элдин кыйырына кабар кылып, таанып алары чыкпаган соң, кеңешип туруп, миң уругунун айлынан сүтү бар зайып табышып, балага алтын бешиги менен табылган бала дешип «Алтын бешик» деп ат коюшуп, бактырып коюшат. Шералы, угуп отурасыңбы, айланайын?..

Шералы аңкайып тиктеди.

– Сен ошол Алтын бешиктин тукумусуң. Уктуңбу, сен султандын тукумусуң.

Үй ичи дуу-дуу болуп кетти. Баары бүгүн көрүп отурушкандай Шералыны таңыркап тиктеп калышты. Шералы нестейип, ирең бир кубарып, бир кызарып, же кубанарын, же кайгырарын билбей, сөздүн акырына акылы жетпей кеңгиреп отурду.

– Кийин… о кийин… Султан Бабыр бүткүл Индустанга падишах болуп турган чагында быякка элчи жиберип, баласына суроо салдырган дейт. Издеп жүрүп, белгилерин айтып жүрүп, элчилер Алтын бешикти табышкан дейт. Бирок, баккан эл бербей койгон экен. Не бар не жок, султандын бир тукуму арабызда турсун деп, бербей койгон экен. Кийин Алтын бешик балакатка жеткенде эл ага төрт уруктан төрт кыз алып беришет. Кыргыздан, кыпчактан, кырктан, миңден. Ошол улуу зайыбы Кутлуккан миң уругунун кызы болуптур. Ошол Кутлуккандан Алтын бешик Теңиряр деген уул көрөт…

Алтын бешиктин төрт уруктан алган зайыптарынан тараган балдары чөлдө, тоодо, эч кимге түзүк баш койбой «өзү бий», «элет» атанып, эндекей



жаткан урууларды ортосуна данакер болуп, башын бириктирип келишти. Бир кезде Шады деген бийи Маргалаңдын үстүнө тоого ууга чыгып уудан кайтып келе жатып, бу кыргыз элети кантип жатыры экен деп, байкай өтөйүнчү деп, башка кийим кийип алып, бир жолоочу кейпи менен кыргыз айылдарын кыдырып түшөт, касты жеткенби, бир айылда аны таанып-пы, же таанытбайбы, кыргыздар аты-тонун сыйрып алып, өзүн өлтүрүп салышкан экен. Ал кезде бийинин кунун, өчүн алышка кубаттары келишкен эмес. О, 1174-жылдарда кытайлар Кашкарды басып, андан бери жунгар калмактарын катуу кырып, быякты карай түргөн. Калмактардын өлгөнүнөн калганы жаңы жер бошотуп алыш үчүн Фарганага самсып кирип келген эле. Алтын бешиктин балдары ошондо ишке жарайт, ошолор жол баштап, ошолор кол баштап, калмактардын селин токтотуп, үшүн тайдырып, башка тарапка оодуруп жиберип, ошондо барктары катуу көтөрүлөт. Эң акыркы бий Нарбото ичтен чыккан, тигиндей тыштан кирген жоого туруштук бере ала турган бирдиктүү ордо уюштурмакчы болуп, 1216-жылы тун уулу Алимди ак кийизге салдырып хан көтөрттү…

Өргөөдөгү отурган эл кары датканын сөзүн өтө кунт коюп угушуп, тиги орто жашап калган, сейрек кара сакалдуу, көзү алагар, корунчак, жүдөө Шералыны үн катпай тиктеп отурушту.

– Ошол күндөн Кокон ордо аталды. Сарай салынды. Хан атынан алтын, күмүш теңге чыгарылып, казына жыйылып, казынанын эсебинен аскер күтүлүп, ар кандай өкүм хан атынан айтылып, бийлик бир колго чогултулду. Алим-ханды көрүп калдым. Ташкан суудай кайраттуу, өтө айлакер, акылы тетик, кишиге оңой менен ишенбеген, аяганды билбеген залим киши эле.

Аргымактардын туягын, азаматтардын канын аяган жок. Бүткүл хандык доорун тынымсыз жортуулга өткөрдү. Ошондо, жарыгым, күндүз десе күндүз, түндө десе түндө аттанып чаап бердик биз дагы. Алим-хандын тушунда Кокон жел тийген өрттөй күч алып өстү. Шералы, кулак салып отурасыңбы, жарыгым? Алим-хан кишиге оңой менен ишенбеген киши эле дебедимби. Саалдан кийин, Нарбото бийдин көзү өткөндөн кийин, ал кокустан такка мураскор болуп чыгып калатко деп кичине эле шектенген алыс-жакын туугандарынын көзүн жойду. Биринчи болуп, угуп отурасыңбы, жарыгым сенин атаң Хажи бийдин башы кетти…

Шералы селт деп карап, көздөрү чекчейип кетти.

– Хажи бий менен Нарбото бий атасы бир, энеси башка бир тууган болучу. Эки бир тууган батышпай, Хажи бий көбүнчө Чаткалда тагаларын жамынып жүргөн. Биз менен сөөк жаңыртып, сенин энеңди ушу Таласта алган. Ошо Нарбото бий өлгөндө ариетине барып, анан ошол бойдон ордодо кала берген болучу. Ошентип, эч капарсыз жүргөн убагында жанагинтип шек санап, кайран сөөгүбүздү Алим-хан күм-жам кылып салды. Бул иш 1223-жылы болду. Ошондо мен да ордодо элем. Жигиттеримди ээрчитип, карындашымды коштоп, сени өңөрүп алып, түн катып ордодон чыгып кеттим…

Алим-хандан кийин анын бир тууганы Өмөр-хан болду. Так талашчылардан кутулам деп, Өмөр-хан да Алим-хандын адатын кылды.

Өмөр-хан Алим-ханга караганда кыйдырак, ишти кылыч менен эмес акыл менен жүргүзүшкө жөндөмү бар хан чыкты. Алим-хан таажы кийген

эмес, койкоюп такка отурган эмес, ат үстүнөн оокат жеп, ат үстүндө уктап, өмүрүн жоокерчиликте өткөргөн. Таажыны биринчи Өмөр-хан кийди, такка отуруп арыз сураганды биринчи Өмөр-хан баштады. Ал шаарларга мечит, медресе салдырды, кайракы жерлерге кош арык чыгартты. Коңшулары менен достошуп душманын азайтты. Ушинтип, агасы Алим-хан адамдын канына жууруп жараткан мамлекетти ичтен бекемдеди. Өмөр-хандын көзү өттү. Өмөр-хандын көзү өткөндөн кийин анын уулу Мадали ордун басты.

Акылсыз Мадали аталары улуу эмгек менен курган ордонун таркин кетирди, баарын колунан чыгарды. Мына быйыл жазда Бухаранын амири Насрулла-баатыр-хан капилеттен кол салып, Мадали хандын колун Кожон шаарынын жанында кыйратып таштап, Коконго кириптир. Өлөрүнө жакын Өмөр-хан бир кожонун сулуу кызына ынак экен. Өмөр-хандын көзү өткөндөн кийин шарыят урган Мадали сулуулугуна азгырылып жолоп койгон имиш! Насрулло-баатыр-хан мына ушул жерден кармаптыр. «Мадали энесин алды. Шарыяттан чыкты. Шарыяттан чыккан карабет киши мусулман тагында отура албайт!» деп жайып, уруш баштаптыр. Көрдүнбү, Насрулло-баатыр-хандын айласын. Мадали дин урганды жырылбас жерден кармап элден чыгарып туруп жыгыптыр. Дин урганды ордосунун босогосуна мууздатып таштап, Кокондун бүт эли, бүт жери Бухара-и-Шарифтин бактылуу амираны Насрулла-баатыр-хандын адил бийлиги астында ыкрар болду деп жар чакыртып, Коконго өзүнүн бегин коюп кетиптир. Мына уктуңбу муну, жарыгым? Жетим элең жетилдиң, карып элең оңолдуң. Эми замандын кезмети сага келди. Аттан эми. Багыңды Насрулла-баатыр-хандын колунан талашып ал. Талашпасаң так жок, күтүнбөсөң бак жок, жарыгым… Учур деген бир келет. Мына учур келди…

**бейгам** – беспечный, беззаботный
**ылдам** – быстро
**имер** – завернуть, повернуть
**кадырман** – пользующийся почётом, уважением
**дүрүлдөп** – *здесь:* поспешно (дружно)
**ызаат** – почтение, уважение.
**артык баш** – лишний
**алсыз** – немощный, слабый, бессильный
**мүлкүн** – возможный, допустимый
**чексиз** – беспредельный, безграничный
**шаани** – красота
**биротоло** – совсем, окончательно
**көмөк** – помощь
**сагала** – заглядывать, подсматривать
**кайран** – (обычно употребляется с оттенком соболезнования) милый, дорогой, горемычный
**бышык** – крепкий, прочный
**ыктымал** – может быть, возможно
**шайы** – шёлковая ткань
**үңүлдө** – звучать глухо и печально
**түйшөл** – переворачиваться
**кемер** – ремённый пояс, ремённый пояс с металлическими украшениями
**аңкай** – быть широко открытым, зиять
**ирең** – цвет лица
**түзүк** – ладный, правильный, неплохой
**байка** – следить, наблюдать, замечать
**самсы** – двигаться непрерывным потоком, валить валом
**аскер** – войско
**өкүм** – решение (судебное), приговор
**айлакер** – хитрец, плут, ловкач
**залим** – жестокий, тиран
**кокуста** – нечаянно, против ожидания
**капарсыз** – беспечный, нерадивый
**күм-жам** – разрушенный, уничтоженный, превращённый в прах
**оокат** – пища
**кайрак** – неполивной, богарный
**ынак** – чистый
**адил** – справедливый



www.bizdin.kg

# Жусуп Турусбеков

## Ажал ордуна

(*VI сүрөт*)

Боз тикендүү ачык талаа. Жолдун кошулган жери. Калың мүрзө, мамыга байлап койгон Искендер. Коюу тынчтык. Искендер чирээлеп жан талашып отурууга аракет кылып жатат.

**Литун-Чан.** *(Кирип, таңыркап, абайлап карап туруп тааныйт).* Эмне болуп калгансың?.. Мен сени таанып турам.

**Искендер.** Мен дагы сизди бир көрдүм эле.

**Литун-Чан.** Ырас, көргөнсүң. Эмне үчүн мындай?

**Искендер.** Эй, курдаш, кайсынын башын оорутасың…

**Литун-Чан.** Деги айтчы.

**Искендер.** Мен өзүмдүн жана башкалардын эркиндигин талаштым. Аягы келип ушул азап мамысында турам.

**Литун-Чан.** Учей-Фу шермենделигин кылган экен, ээ.

**Искендер.** Учей-Фу, жок! Сиз Учей-Фуну кайдан тааныйсыз?

**Литун-Чан.** Мен мурун Учей-Фунун малайы болчумун. Мени жолдошторум менен кууп жиберип, силерди албады беле.

**Искендер.** И… И… Баягы акы доолайсыңар деп, кууп жиберген малайларынан экенсиң го?

**Литун-Чан.** Ооба, ооба, ошолордонмун. Ошондон бери ар кайсы жерде күндөлүккө жумуш кылып, жан багып жүрөм. Мына бул жерде бир молдонун мечитин оңдоп, кирпичин куюп берсем, акымды толук бербей койду. Аксакалдын алдына арызданып бара жатканым.

**Искендер.** Эй, курдаш, шордуу кедейлер дагы далайды көрөр.

**Литун-Чан.** Деги эмне кылайын деп ойлойсуң?

**Искендер.** Эмне кылам? Эмнеге менин күчүм жеткени турат.

**Литун-Чан.** Жакын кайрылыштарыңыз жок беле?

**Искендер.** Жалгыз бир тууганым бар, ал дагы көлдө калган. Өлүүбү, тирүүбү дайын жок… *(Жашып кетет).*

**Литун-Чан.** Алда бечара-аай ээ…

**Искендер.** Дагы өзүмө окшогон бир топ кедейлер бар. Болгону менен алардын колунан эмне келет!

**Литун-Чан.** Эптеп бошонуп качпайсыңбы?

**Искендер.** Ошол оюмда бар, бирок кантип? *(Ойлонуп кетет).*

**Литун-Чан.** Кантип?! Кайтарабы?

**Искендер.** Кайтарат, бирок бошонууга болор эле *(тынчтык).* Жакшылыгыңызды унутпаймын, барып ушул алымды жолдошторума билгизбейсизби?

**Литун-Чан.** Билгизейин, билгизейин, айта турган сөзүң болсо айт!

**Искендер.** Эмне айта турган сөз болсун. Ушул абалымды айтсаң өзүлөрү билишер. Курдаш, таңдайым кургап өлүп баратам, кочуштап болсо да бир суу жуткузуп кетиңиз? *(Литун-Чан чыгып ко-*

www.bizdin.kg

*чуштап суу алып кирет. Жуп жетип, Искендер аңсап жутарында Черик чыгат).*

**Черик.** Ой, боорукер! *(Литун-Чан үйрөйү учуп, сууну төгүп, жалтактап чыга берет).* Сен эмне айтканды укпайсыңбы! *(Урат. Чыгып кетет).*

**Искендер.** *(Коюу тынчтыктан кийин)*
Не көрбөдү азиз баш,
Нелер келип кетпеди.
Көздөн агып мончок жаш,
Эмнелерди кечпеди…

Кабак-кашым дебестен,
Бардыгына чыдадым.
Өччүдөй эмне бүлбүлдөйт,
Өччүдөй өмүр чырагың…

Жетчүдөй болуп тилекке,
Чарчабай таалай талаштым.
Баарына кайрат көрсөтүп,
Чаалыкпай алга бараттым.

Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок.
Канаттан мен да айрылдым,
Карчытыма тийип ок…

*(Калың кайгыга кетет. Зулайка боз тикендерди аралап, андан бери мүрзөлөрдү аралап чыгат, чачы жайылган, жинди болуп кеткендей кебетеде).*

**Зулайка.** Закым жүрүп тумчуктум,
Жүргөн салкын жел кайда?
Жүрөктү мыкчып уу чеңгел
Мен карып жүрөм бейпайда…

Менменсинген талаа бетинде,
Жатайын ачык көр жокпу…
Түбүнө чөгүп өлөйүн,
Ысык-Көлдөй көл жокпу?..

Күн батарда күтүрөп,
Бада келчү жер ушул.
Үй бөлүп алам деп келип,
Качалы деген жер ушул!..

**Искендер.** Алыстан боздоп ыйлаган,
Кулагыма үн келет.
Керимсел жүрүп сыдырым,
О, дүйнө ай,
Коюу, кайгы үн берет…



Жүрөктүн түбүн куйкалайт,
Кайдан чыккан үн болду.
Жазыксыз дагы кимдерге
О, дүйнө ай,
Кандай каран күн болду!
Зулайка! Шордуу, эмне болуп кеткенсиң…

**Зулайка.** Өңүмбү, менин түшүмбү,
Чын эле сени көрдүмбү!..

**Искендер.** Шордуу…

**Зулайка.** Искендер чын сенсиңби?
Чын бошонуп келдиңби?

**Искендер.** Сабыр кыл шордуум токтогун,
Көрчү алымды тордомун!..

**Зулайка.** Ай!..

**Искендер.** Кой, Зулайка, чочуба,
Койгун жаным камыкпа!

**Зулайка.** Кантип чыдап көрдүм мен,
Кантип чыдап көндүң сен!..

**Искендер.** Ырас, каруум кеткенсийт,
Бел мертинип калгандай.
Ырас, жүрөк ачышат,
Уу чеңгел мыкчып алгандай!..

Жок, Зулайка, чыдагын,
Чыдаш керек баарына.
Жалакайлык кыласың
Аксап турмуш шарына…

**Зулайка.** Жаныңда бирге боломун,
Өлүмгө башты тосомун.

**Искендер.** Эй, Зулайка кантесиң,
Көрүп туруп алымды,
Ар кайсыны бир айтып,
Кызытасың каныңды.
Өзүбүз кайрат кылбасак,
Кимдер бизди колдомок,
Өзүбүз айбат кылбасак,
Кимдер бизди колдомок,
Өзүбүз айбат кылбасак,
Ким бизди коргомок.
Эй, Зулайка… Ыксыз жерден жабыгасың!..
Жалгыз гана алдыдагы күнгө ишен.
*(Мүрзөлөрдү аралап, темтейген, тилемчи кемпир келе жатат. Бул Зулайканын энеси).*

**Кемпир.** Айланайын арбактар,
Жалгызым аман бар бекен,
Кагылайын аралдым,
Бар болсо кандай алда экен!

www.bizdin.kg

Айланайын арбактар,
Жалгызды көрөр бекемин.
Кара көздөн жаш кетпей,
Бейиттер болду Мекеним.

Бир ишарат болор деп,
Мазарга барып түнөдүм.
Баарынан бирдей айрылып,
Тилемчи болуп жүрөмүн!
*(Зулайка эси оогондой. Энеси экенин тааныйт).*

**Зулайка.** Энеке!..
**Кемпир.** Каралдым, тирүү барсыңбы!
**Искендер.** Шордуулар!
*(Максут, Мамбет камчыларын сүйрөп чыгат).*
**Максут.** Ой, сен кимсиң… *(Черик чыгат).*
**Максут.** Зулайка!..
**Максут.** Зулайка! *(Чуркап барып, ажыратып).* Болду *(түртүп жиберет, энеси бакырып чуркайт, бул учурда Бектур, Кабыл, Литун-Чан качкын кыргыздар кирип келет. Максуттарды тегеректейт. Бир тобу Искендерди бошотот. Максуттарду өлтүрөт).*
**Искендер.** Кагылайын эл, жаным курман…

**тикендүү** – изобилующий или покрытый колючками
**малай** – работник
**шордуу** – несчастный
**боорукер** – любезный
**чаалыкпай** – идти спешно без устали
**карчыт** – бок
**тумчук** – спытывать духоту, задыхаться
**куйкала** – палить
**сабыр кыл** – терпеть (не спешить, не унывать)
**камыкпа** – не огорчайся
**бекем** – крепкий, прочный
**түнө** – ночевать
**курман** – жертва

## Жоомарт Бөкөнбаев

### Алтын кыз

*(IV көшөгө)*

Эрте күз. Алыстан-алыстан ак карлуу тоолор көрүнөт. Алмалуу, жүзүмдүү калың бак. Бактын ары жагында тоону көздөй сызылып кеткен пахта талаасы. Эң алдыңкы планда пахта үйүлгөн Ленин колхозунун жери. Колхозчулар иштеп, кубанычтуу ырдашат.



Балбылдаган шам чырак,
Күйүп турган замана.
Баласындай алдейлеп,
Сүйүп турган замана.
Душман качса куткарбас,
Күлүк тууган замана.
Карыларды жашартып,
Кубандырган замана.
Карчыганын канатын,
Уландырган замана.
Туу алдырган замана,
Жалтылдаган алтындан.
Бактуу кылган жерими,
Баатыр кылган элими.

**Кузнецов.** *(Абышка, кемпирлерге карап).* Чынар, Ажар баш болуп жаштар пахтаны тоодой, тоодой кылып үйүп жиберишти, жаштардан калышпагыла.
**Кемпир.** Өзүбүз төрөп чоңойткон кыздардан кантип калышалы.
**Абышка.** *(Күлүп).* Балам, карылык күчтү кетирсе да, кайратты кетире албайт эмеспи.
**Кузнецов.** Ырас айтасыз.
**Кемпир.** *(Толкунданып).* Балам, сенден жакшылыкты көп көрдүк, дагы бир ишке жарабайсыңбы?
**Кузнецов.** Алибетте энеке, ал кандай иш экен?
**Кемпир.** Өзүмүн колхозумун алма, жүзүмүнүн эң жакшыларын тандап койдум, ошону өзүң жол башчыга жеткирип бербейсиңби?
**Абышка.** *(Кузнецовго).* Ушул ишке жарагын.
**Кузнецов.** *(Кубанып).* Макул энеке.
**Үндөр.** Калыбек, кел Калыбек!
**Калыбек.** *(Колхозчуларга).* Жакшысыңарбы?
**Кузнецов.** *(Калыбекти көрө коюп).* Оо, Калыбек, кандай жакшы жүрөсүңбү?
**Калыбек.** Жакшы-жакшы өзүңүз жакшы жүрөсүзбү?
**Кузнецов.** Жакшы Калыбек, жакшы. Баягы басмачылар менен согушуп жүргөн убакыттар эсиңдеби?
**Калыбек.** Эсимде, эсимде.
**Кузнецов.** Момушту мактап ырдаганың эсиңде барбы.
**Калыбек.** Коюңузчу, өткөндү эске түшүрбөй. Ошолор курсун. Талашып менин талканымды да тартып жешпедиби? *(Эл күлүп калышат).*
**Кузнецов.** Дос ким, душман ким? Тааный билүү керек. Ырыңдын, күүңдүн кадырына жете турган замандын сүй. Балдарга эрмек болуп ырдап жүрө бер.
**Калыбек.** Болуптур, болуптур. Ырды бирөөдөн сурап алмак белем. *(Чынар, Ажар жана бир топ, кыз-келиндер пахтадан келишет. Кыздар, келиндер Чынар менен Ажардын тегерегине жыйылышат).*

www.bizdin.kg

**Мадыл.** Кыргыздын кыздары ушундай болгонуна душман да кубанар.
**Кузнецов.** О, Чынар, иш кандай?
**Чынар.** *(Кузнецовго).* Ага, кыздын убадасы кыздай, иш жакшы.
**Мадыл.** *(Жойпуланып).* Ушундай турмушту, силердей кыздарды көрүп туруп кантип жүрөк сүйүнбөйт.
**Кузнецов.** Чынар, мен сага ыраазымын.
**Чынар.** Атабыздай алдейлеп, энебиздей эркелеткен сизге биз көп карызбыз. Бечара апамдын өлүм алдында өмүр-өмүр дегени кулагымдан кетпейт.

Тал-тал болуп өрүлгөн,
Саамайыңдан садага.
Таңкы чолпон жылдыздай,
Маңдайыңан садага.
Кайрат кылгын Чолпонум,
Кайгырбагын, коркпогун.
Бейитиме кызыл гүл,
Өндүрөрсүң жаркыным.
Бечара энем жазыксыз,
Өлдү дээрсиң жаркыным.
Аман болсо өмүрүң,
Шат күлөрсүң жаркыным.
Апам, ушинтип ырдап жан берди эле.

**Кузнецов.** Чынар, өткөн ишке өкүнбө.
**Кыз.** Чынар, өмүрдү жакшы көрөсүң. Өзүң мүрдүн гүлүсүң.
**Ажар.** Биз үчүн, биздин таалайыбыз үчүн далай ак ниет адамдар курман болушту. Апакеңдин төгүлгөн каны бекер кеткен жок, кагылайын, Чынар.
**Калыбек.** *(Чынарды маңдайынан сылап).*

Макмалдан калган курагым,
Тулпардан калган туягым.
Айнектей болгон көзүңөн,
Айланам сага Чынарым.

**Мадыл.** Чынардай кызыма жүрөктү сууруп берсе да аз.
**Калыбек.** *(Кубанып).* Сонун ыр экен!
**Кузнецов.** Кыздар, бүгүн да көп жумуш бүтүрдүк. Эми барып эс алгыла. *(Кыздар чыгып бара жатышып кубанычтуу ырдашат).*
**Кыздар.**

Биз таң кызы эркин-эркин,
Эркин өскөн эркелеп,
Биз таң жели салкын-салкын,
Салкын соккон эртелеп.
Көрчү-көрчү биздин турмуш,
Биздин турмуш ырыскы.
Биз өлкөнүн эрке ойногон,
Кыздарыбыз – ырыстуу.
Биз өлкөнүн эрке ойногон,
Кыздарыбыз – ырыстуу.



**карылык** – старость
**эркеле** – ласкать
**таңкы** – предрассветный
**бейит** – могила
**ниет** – намерение, замысел
**эркин** – свободный, свободно
**жел** – ветер
**ырыстуу** – счастливый

## ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

**Драма** (*греч.* – аракет) – сахнага коюуга ылайыкталып жазылган чыгарма, өзүнчө бир адабият теги. Ал байыркы грек адабиятында пайда болуп, ошол мезгилдеги негизги сапаты азыр да кадимкисиндей сакталып келе жатат, б. а. драмалык чыгармаларда окуя каармандардын речинде гана өнүгөт, мында прозадагыдай автордук баяндоо, сүрөттөөлөр болбойт, жанрдын негизин конфликт түзөт. Драма комедия, трагедия, драма болуп үч жанрга ажырайт.

**Жанр, адабий жанр** (*франц.* – тек, түр) – адабий чыгарманын негизги тектери – эпос, лирика, драма жана алардын ар кыл бөлүнүштөрү жанрга кирет. Жанр деп азыркы учурда адабий чыгармалардын түрлөрүнүн жана бөлүктөрүнүн формалары да аталат. Ошондой эле тематикалык өзгөчөлүктөрүнө жараша да жанрга бөлүнөт. Жанр термин катары ар түрдүү аныктамаларга ээ.

**Идея** (*греч.* – ой-пикир) – чыгарманын идеясы – көркөм чыгармада берейин деген ой-максат, ал образдар системасынын бирдигинде берилет. Жазуучу өз чыгармасында белгилүү бир маселелерди ортого коюу менен чектелбейт, өзүнүн идеалы катары анын чечимин берет, мамилесин билдирет, баалайт.

**Образ, каарман** (*ор.* – көрүнүш, туруш-турпат) – турмуштун конкреттүү жана жалпыланган жактарынан алынган адамдын искусстводогу эстетикалык мааниге эгедер чыгармачылык көркөм фантазия менен түзүлгөн көрүнүшү. Образдар илим менен искусствону айырмалап турат. Жазуучу өз предметин көркөм образдар аркылуу сүрөттөйт. Ал өзүнүн дүйнөгө болгон көз карашына, эстетикалык идеалына, чыгармачылык жана турмуштук тажрыйбасына ылайык турмуш чындыгына, көрүп-билген кишилерге алымча-кошумчаларын киргизет, натыйжада образдын эстетикалык жана тарбиялык кудурети көрүнөт. Чыгармадагы образдын аткарган кызматына жана турган ордуна карап, адабият таануу илиминде кейипкер, башкы каарман, экинчи даражадагы каарман, мүнөз, тип деп бир нечеге ажыратылып жүрөт.

**Өмүр баяны** (*греч.* – өмүрдү жазуу) – адам өмүрүнүн тарыхын жазуу. Адабият таанууда жазуучунун өмүр жолу үйрөнүлөт. Бул же тигил акын же жазуучунун чыгармачылыгын изилдөө ишинде, аны үйрөнүүдө өмүр баяндык фактылардын, турмуштук окуялардын мааниси чоң. Көптөгөн өлкөлөрдө «Өрнөктүү адамдардын өмүрү» деген адабияттардын сериясы чыгып жатат. Алардын ичинде акын-жазуучулар да бар. Буларды үйрөнүүнүн мааниси чоң.

www.bizdin.kg

**Повесть** (*ор.* – баяндоо) – эпикалык тектин бир жанры. Көбүнчө кара сөз формасында жазылат. Повесть романга караганда азыраак (бир же эки) каарманды сүрөттөшү, анын турмушунун азыраак мезгилин гана объект кылып алышы, аңгемеге караганда көлөмүнүн чоңураактыгы, бир эле эпизод эмес, бир нече эпизоддун сүрөттөлүшү, сюжетинин, композициясы романга караганда кыскалыгы, аңгемеге салыштырганда кеңендиги менен айырмаланат. Повесть өзүнө аңгеменин да, романдын да белгилерин камтыйт.

**Поэзия** (*греч.* – жаратамын, чыгарамын) – 1. Байыркы заманда жалпы эле көркөм адабият, сөз өнөрү поэзия деп аталган. Көркөм кара сөз (проза) түзүлгөндөн кийин, поэзия деген термин ыр менен жазылган чыгармаларды гана билгизип калды. 2. Көркөм адабият прозалык чыгармалардан айырмаланып, ыр түзүлүшүнө негизделип жазылган түрү. Элдик эпос, лирика, ыр түрүндөгү драмалык чыгармалардын баары поэзияга кирет. Кыргыз элинин поэзиясы өтө узак мезгилдерден бери эпосто, поэмада, ырда өнүгүп келген. Ырга мүнөздүү көрүнүштөр ыргак, муун, муунак, уйкаштык, строфа – поэзия чыгармаларын жаратуунун негизги касиети.

**Поэма** (*греч.* – жаратам, чыгарма жазам) – поэзиялык формадагы лирикалык же баяндоо ыкмасында жазылган көлөмдүү чыгарма. Ал ыр менен жазылган романдан көлөмүнүн кичирээктиги менен айырмаланат. Алгачкы поэмалар байыркы грек адабиятында пайда болуп, белгилүү акындардын дээрлик бардыгы адабияттын бул түрүндө өз күчтөрүн сынап көрүшкөн. Кыргыз элинде да ондогон элдик поэмалар оозеки түрдө ооздон-оозго өтүп, узак убактар бою жашап келген. Аларда элдин социалдык абалы бир кыйла кеңири берилген. Элдик төкмө акындардын чыгармачылыгында да поэма негизги орунда турат.

**Проза** (*лат.* – эркин сөз маанисинде) – ырга мүнөздүү болгон уйкаштыктар, саптар сакталбай, эркин кара сөз түрүндөгү чыгармалар. Прозага роман, повесть, аңгеме, очерк жанрлары мүнөздүү, алар кара сөз менен жазылып, сөзсүз көркөмдүүлүккө ээ болушу зарыл. Поэзияга көбүнчө лирикалуулук жана эмоциялуулук тиешелүү болсо, прозага көбүнчө эпикалуулук мүнөздүү. Кыргыз элдик оозеки адабиятында прозалык чыгармалардын үлгүлөрү (элдик жөө жомоктор, санжыралар, уламыштар, легендалар) – поэзияга караганда анчалык өнүкпөгөн болсо да, жашап келген. Жазма адабияттын пайда болушу менен кыргыз прозасы өстү, өнүктү, орус жана чет элдер, боордош улуттардын адабияттарынын таасири астында прозанын жаңы көрүнүштөрү пайда болду, мүмкүнчүлүктөрү алда канча кеңейди, жалпы адабиятыбызда омоктуу орундары бар мыкты чыгармалар жазылды.

**Роман** (*франц.* – француз, итальян, португал ж. б. роман тилдеринде жазылган чыгармалар) – эпикалык түргө кирүүчү, турмушту ар тараптан кеңири жана жайбаракат сүрөттөөгө алган, каармандары көп жана алардын негизгилеринин образдарын ачуу үчүн бир канча эпизоддор киргизилген, композициялык түзүлүшү жана сюжети көп пландуу чыгарма.

**Сюжет** (*франц.* – предмет) – адабий чыгармадагы мүнөздөрдүн өсүшүн жана өз маанилерин ачып берүүчү конкреттүү окуялардын системасы. Сюжет түзүү менен автор чыгарманын бүткүл материалдарын бириктирип, бүтүн картина түзөт. Жазуучу өзү билген окуяларды же ичинен токуп чыккан деталдарды сюжетте өз максатына ылайык пайдаланат.



**Үзүндү** – чыгармадан алынган кандайдыр бир өзүнчө биримдиги бар бөлүк.

**Ыр** – белгилүү ыргак менен айтылуучу, поэзиянын талабы менен түзүлгөн сөз тизмектери. Ыр өз мыйзамдарына ылайык рифмага, ритмге, интонацияга, синтаксиске ээ. Ырдын мындай касиеттери, өзгөчөлүктөрү аны кара сөздөн айырмалап турат. Кыргыз тилинде ыр негизинен үч маанide – колдонулуп, орус тилиндеги «стих», «стихотворение», «песня» деген терминдердин маанилерин туюнтат.

**Эпос** (*греч.* – айтуу, сүйлөө) – 1. Көркөм адабиятында үч түрдүн бири. 2. Фольклордогу эпикалык түргө кирүүчү ыр формасындагы көлөмдүү чыгармалар. Эпостордо элдин тарыхый турмушу, маданий-социалдык абалы, карым-катнашы, үрп-адаты, келечектен күткөн тилеги кеңири чагылдырылат. Байыркы эпостордо мифологиялык белгилер күчтүү болсо, улам мезгил өткөн сайын эпостор адам турмушунун реалдуу көрүнүштөрүнө жакындап олтурганын байкоого болот. Эпос дүйнөнүн көптөгөн элдерине мүнөздүү болсо да, кыргыз элинде алардын өзгөчө залкар үлгүлөрү бар.

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН ТҮШҮНҮК

**Адабияттагы романтика.**

Романтика турмушту адабиятта чагылдыруунун өзүнчө бир ыгы, жолу болуп, анын принциптери төмөнкүлөр: сүрөттөлүп жаткан көрүнүштү, каарманды, окуяны көтөрүңкү – эмоционалдык духта берүү: өзгөчө күчтүү баатырдык, каармандык энтузиасты көрсөтүү; каармандардын иш-аракетиндеги көтөрүңкүлүктү алдыңкы планга алып чыгуу: көркөм сөз каражаттарынын патетикалуулугу: стилиндеги символикалуулуктун, шарттуулуктун, гиперболалуулуктун арбындыгы; эстетикалык объектиге, б. а. сүрөттөлүп жаткан нерсеге автордук субъективдүү мамиленин күчтүүлүгү; көбүнчө учурдан адамынын келечектин идеалын алып жүрүшү; турмуштун ийне-жибине чейин сүрөттөлүшүнөн, узак психологизмден, татаал анализдөөдөн көрө идеалга умтулууну ачып берген лиризм, аллегория, символика, метафора, эспрессиянын күчтүү көрүнүшү.

Романтика – бул стиль, турмушту чагылдыруунун өзүнчө бир айырмаланган тиби.

Мисалы: Ч. Айтматовду романтик жазуучу деп атаганыбыз менен, анын прозасынын тутумунда романтикалык пафос ыгы менен колдонулуп жүргөнүн байкайбыз. Маселен, «Ак кеме» повестиндеги Баланын образына кайрылып көрөлү: анын ташка, суута, өсүмдүктөргө, буюмдары – дүрбү менен китеп капка кайрылышы бул өзү романтикалык сүрөттөө ыгы. А эмне үчүн Баланын романтикасын жазуучу окурманына ачып берүүдө?

Биринчиден, Бала болгону жети гана жашта, бул мезгил адам өмүрүнүн романтикалык курагы, бала бул чакта баарына кызыгат, алар кыял менен жашайт, турмушту кыялый түшүнөт жана элестетет эмеспи; экинчиден, автор жаратылышты (кооз табият өзү романтикалуу) романтикалуу, б. а. көтөрүңкү-эмоционалдык пафосто берет, а ошол жаратылыш бүлүнүп, бу-

www.bizdin.kg

зулат эмеспи, ошондо окурман мурдагы өзү элестеткен табияттын алдыда болуучу тагдырына жан кейиши керек болот эмеспи; үчүнчүдөн, Баланын жомокко карата романтикасы, баёо ишеними бар; төртүнчүдөн, повесть өзү трагедиалдуу аяктайт эмеспи, ошол трагедиянын күчүн сездирүү үчүн, автор алегенде романтикалуу Бала дүйнөсүн ушунчалык назик, көтөрүңкү жайлар чыгарманын таасирдүүлүгүн күчөтүп, образды терең ачууга жардам берип жатат.

Романтика, романтикалык образдар белгилүү бир тарыхый шарттар менен, мезгилдин талабы менен байланышат да, адабий аренада ар түрдүү көрүнүштө байкалат, каармандардын реалдуу дүйнөсүн ачууда романтика өзүнчө бир көркөмдүктүн каражаты жана формасы катары кызмат өтөйт, ал адамдардын дүйнөсүнө ар тараптуу үңүлүүдө, турмуш көрүнүштөрүнүн көп кырларына сүңгүп кирүүдө сүрөткерге жардам берет.

**Лирикалуулук жана драмалуулук.**

Лирика акындын ички сезимин: ой толгонууларын, кубанычын, өкүнүчүн, кыялдануусун, азап чегүүсүн өксүктөрүн, түйшөлүүлөрүн, ырахаттануулары чагылдырса, драма сахнага коюуга ылайыктап, конфликтке негизделген адабияттын тектери экенин ажыратасыңар. Ал эми, лирикалуулук тектерде учурай берүүчү, турмушту көркөм чагылдыруунун бир ыкмасы, формасы.

**Лирикалуулук** – каармандын, же баяндоочунун, автордун ички сезимдерин чагылдыруу. Мында речтин эмоционалдуулугу, романтикалуулугу, ашкере буркан-шаркан төгүлүп-чачылуу, поэтикалык көркөм сөз каражаттарынын арбындыгы көзгө даана көрүнөт, стили өзүнчө бир ыргакталып, ырга окшогонсуп турат. Окурманды арбап, сүрөттөлүп жаткан окуяны, же тагдырды ичтен терең түшүнүүгө жардам берет, анын ички толгонууларына аралаштырат. Лирикалык чегинүүлөр адам тагдырынын татаалдыгын, романтикалуулугун, эмоционалдуулугун тастыктайт. Эпикада да, драмада да мындай лирикалуу жерлер жолуга берет, атүгүл бүтүндөй бир лирикалуу романда, повесттер, комедиялар кезигет. Мындай чыгармаларда, же эпизоддордо сюжет маанилүү эмес да, негизги биринчи планга ички сезимдер, адамдын маанайы чыгат.

Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги обон эпизодундагы лирикалуулукту карагыла, ички сезимдер кандай берилет, же «Кылым карытар бир күн» романындагы Абуталиптин Сары-Өзөктө балдары менен жамгыр жаагандагы кубанычтары не деген лирикалуу деталдар, көрсө артында драмалуу тагдыры келатыптыр. Абуталиптин камакка алынышы, сурак, балдардын атасын сагынышы, кусалыктары, түрмө мунун баары адам тагдырынын драмасы, адабиятта турмушту чагылдыруунун драмалуулугу.

**Драмалуулук** – диалектикалык эстетиканын бир көрүнүшү болуп, турмуштагы карама-каршылыктардан жана конфликттерден келип чыгат, адамдын табият, коомдук чөйрө жана башка адамдар менен татаал мамилелеринен өрчүйт. Драмалуулукта окуя – кырдаал өтө чыңалат, конфликттер абдан курчуган учур болот, карама-каршы тараптар тирелишет, же адам-



дын ички дүйнөсүндө дүрбөлөң жүрөт, мындай абалдар, албетте, окуянын мурдагы өсүп-өнүгүшүнүн натыйжасы, каармандардын жүрүш-турушунун акыр аягында келип чыккан корутундусунун акыбети. Окурманды китептен баш көтөртпөй, анын жыйынтыгын чыдамсыздык менен күттүргөн мындай драмалуу жагдайлар ишенимдүү болсо каармандардын образын түшүнүүдө, психологизмдин таасирин сезүүдө, мүнөздөрдүн кагылышын анализдөө чоң мааниге ээ.

**Көркөм чыгарманын стили.**

Силер кандайдыр бир автордун чыгармасын окуганда анын башка авторлордон айырмачылыгын байкайсыңар, маселен Т. Сыдыкбековдун романдарын окугула да, К. Жантөшевдин чыгармаларын окуп көргүлө. Үчөө үч бөлөк, окуясы эле эмес, жазуу манералары, окуяны сүрөттөө, ачып берүү ыктары. Демек, үчөөнүн үч башка стили бар.

**Стиль** – көркөм чыгарманын бүтүндөй тулку боюнан, анын мазмун жана формасынан көрүнөт, сүрөткердин дүйнө таанымы, ой жүгүртүүсү, өскөн чөйрөсү, алган турмуштук тажрыйбасы, адабий мектеби, тил байлыгы менен байланышат жана ал бара-бара калыптанат да, жазуучуну башкалардан айырмалап көрсөтөт. Адабияттагы жазуучунун жекече стили – жеке мүнөзүнө да байланыштуу каралууга тийиш, «стиль – бул адам» деген учкул сөз бар, ошондой эле улут адабиятынын ошол этаптагы конкреттүү өнүгүш абалы менен да байланышат.

Кара сөзчү К. Жантөшевдин стилине фольклорго жакындык, б. а. жомок сымал сюжеттерди киргизүү, макал-ылакап, учкул сөздөрдү кеңири колдонуу, каармандары идеализациялоо, окуяларды кубултуп, кызыктуу кылып, тез алып баруу мүнөздүү болсо, У. Абдукаимовдун стилине окуяларды кылдаттык менен жайбаракат сүрөттөө, реалисттик боёктор сүртүү, каармандын ич дүйнөсүнө терең сүңгүп жазуу, окуяларды панорамалуу алып баруу, психологиялуу, драмалуу кырдаалдарды тереңдетүү мүнөздүү.

**Психологиялык роман.**

Адамдын ички жан дүйнөсүн психологиялык роман анализге алган чыгармалар психологиялык чыгармалар деп аталат да, ал роман жанрында жазылса – **психологиялык роман** катары саналат.

Элдик оозеки чыгармалардын психологиялык жагдайлары, б. а. ички дүйнөсү өтө терең ачылбайт, ал көбүнчө жазма адабиятка мүнөздүү көрүнүш. Адамдын жан дүйнө диалектикасын ачып, ички купуя сырларына сүңгүп кирүү менен, биринчиден, каармандын образы тереңдейт, экинчиден, кабыл алынып жаткан чыгарманын окумдуулугу артат. Классикалык адабиятта Л. Толстойдун, Ф. Достоевскийдин, М. Шолоховдун чыгармаларында психологиялык кырдаалда өтө чебер берилип, каармандардын жан дүйнөлөрү хирург скальпелинен өткөрүлгөндөй сүрөткер анализинен өткөрөт.

Ж. Турусбеков «Ажал ордуна» романы мына ошолордун катарына кирет. Ал романдагы психологизмдин күчтүүлүгү жагынан кыргыз адабиятын жаңы бийиктикке көтөрдү. Муну романдагы кыйчалыш, татаал

www.bizdin.kg

тагдырларды ошол татаал бойдон ачып бергендигинде, алардын ички карама-каршылыктарын, санааркоо, күйүт, ыза, сүйүнүч сезимдерин терең талдап көрсөткөндүгүндө, адамдын көөдөнүндөгү купуя сырларын окурман алдына төгүп таштагандыгында, «микро дүйнөгө» (Ч. Айтматовдун мүнөздөмөсү) чалгын чалгандыгында. Сезим акыл-эстин катышы жана диалектикасын ачып берүүдө өтмө катар катышып турат.

Кээде каармандын психологиялык абалын көрсөтүү үчүн табият көрүнүштөрүнүн ар кыл жагдайларын (бороон, чапкын жамгыр) да ачып берет, жаныбарлардын конкреттүү абалы менен да ассоциацияланат (мисалы, Танабай менен Гүлсарат).

Чыгармаларды психологиялуу жазуу сүрөткердин стилине, анын чеберчилигине байланыштуу.

**Тарыхый чыгарма.**

**Тарыхый чыгармада** – болуп өткөн окуялар, конкреттүү жашаган тагдырлар жазуучунун милтесине алынат да, чындыктан четтебей, айрым окуя-көрүнүштөр, каармандар ойдон чыгарылса да, негизги тарыхый акыйкатка дал келип көркөмдөштүрүлөт. Тарыхчы үчүн факт эң маанилүү нерсе болсо, жазуучу үчүн ошол фактыдан эстетикалык сабак алуу, көркөм сүрөт тартуу маанилүү, ошол үчүн өткөн учурду бүгүнкү күн менен, азыркы окуу окурмандын кабыл алуусу, дүнүйө таанымы менен байланыштыруу, заманды кеңири берүү зарылдыгы келип чыгат. Тарых илиминин далилдерине, маалыматтарына таянылат жана өзү ойдон чыгарган окуяларды, каармандарды да сүрөттөлүп жаткан мезгилдин өзгөчөлүктөрүнө, колоритине ылайыкташтырат, ошол кезде ушундай болушу мүмкүн сыяктуу мотивдештирилет.

Дүйнө адабиятынын тарыхын карап көргөндө, англиялык жазуучу В. Скоттун (1771–1832) чыгармаларынан тартып тарыхый тема кеңири иштелип, И. Гёте, Ф. Шиллердин чыгармаларында андан ары өнүктүрүлгөн.

Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романы дүйнөлүк тарыхый романдын көчүн улайт. Тарыхый чыгармалар көбүнчө тарыхый инсандардын тагдыр-таржымалы тууралуу жазылат, мындай биографиялык-тарыхый чыгармаларга ошол башкы каарман менен мамилелешкенин, сандардын бейнелери зарылдыгына жараша киргизилген. Улуттун, элдин тарыхындагы урунттуу бурулуш учурлар тарыхый жанрдын объектисине көп алынат, негизги милдети өткөн бир тарыхый окуяны чагылдыруу аркылуу ошондон таалим-тарбия сабагын алуу, кылчайбай кеткен жылдарды бүгүнкү күндүн адамынын таанып билүүсүнө айлантуу, өткөнгө азыркынын турнабайын салуу болуп эсептелет.

Тарыхый мезгилдин бөтөнчөлүгүн берүү үчүн автор сүрөттөлүп жаткан учурдун жашоо образын чагылткан, каармандардын буюм-тайымын, кийим-кечегин, ошол кез үчүн башка мүнөздүү нерселерди сүрөттөйт, тарыхый сөздөрдү колдонот. Эл арасында оозеки айтылган кептерди, аңызуламаларды, санжыраларды да колдонуу менен аларга тарыхый негиз берет.

Тарыхты чагылтууда жазуучу историзм принцибин карманат, б. а. сүрөткер өзү жашап аткан мезгилдин ыңгайына ылайыкташтырат, азыркы окурмандын идеалына, тибине жакындатат.



**Сүрөткердин чыгармачылык индивидуалдуулугу.**

**Сүрөткердин** – милдети чыгарма жаратуу, турмушу жана ошол турмуштагы адамды ачып берүү, чагылдыруу, бирок ошол турмушту жана адамды ар ким ар кандайча көрсөтөт. Л. Толстой айткандай, окурман жаңы китепти колго алганда «Кана, деги кандай адамсың? Турмуш жөнүндө мага эмне жаңы нерсе айтып бере аласың» деп, китепке үңүлө баштайт. Маселен, кыргыз адабиятында 1916-жылдагы Улуттук-боштондук көтөрүлүшү, анын жүрүшү, жеңилиши жөнүндө көп эле чыгармалар жаралды, ар бир автор ошол турмуш чындыгын өзүнүн жеке өзүнчөлүгү менен ачып берүүгө аракет кылды. Албетте, анда алар ар бири өзүнүн эмнени, кандай жазуу керектигине ылайык, турмуштук тажрыйбасына, адабий билимине таянып, бир эле тарыхый окуяны, окшош турмуш көрүнүштөрүн ар кыл көркөм жалпылоого барышты. Сүрөткер ар бир эпизодго, каарманга өзүнүн көз карашын, стилин, антипатия – симпатиясын билдирет.

Сүрөткердин чыгармачылык индивидуалдуулугу деген көп жактуу каралып жүрөт, ал автордун өмүр жолу да, көз карашы да, талант-чеберчилиги да, ошол кезде шарт – жагдайга байланышкан социалдык маселе да.

**Индивидуалдуулук бул** – кайталангыс, өз алдынча башкаларга окшобогондук, ар бир адам өзүнчө индивид болгондой эле, анын дүйнөнү көркөм чагылдыруусу – чыгармачылыгы да, индивидуалдуу, б. а. өзгөчөлүгү, өз алдынчалуу. Эгерде өз алдынчалыгы жок болсо, анда сүрөткер жок. Ар ким дүйнөнү ар кыл көрөт, адамдарды ар кыл түшүнөт жана ошол орун ар түрдүүчө түшүндүрүлөт. Ар бир чыгармачыл адамдын индивидуалдуулугу ушунда.

www.bizdin.kg

# МАЗМУНУ

Кириш сөз
«Манас» эпосу ....3
Манастаануу. «Манас» эпосунун улуттук жана дүйнөлүк маданиятта, адабиятта алган орду ....4
Манастын жети осуяты ....5
«Манас» эпосунун изилдөөчүлөрү. Чокон Валиханов ....7
В. Радлов жана «Манас» эпосунун Европада таанылышы ....9
Адабият таануу илими ....11
Поэзия ....13
Проза ....13
Драматургия ....17
Касымалы Жантөшев ....19
«Каныбек» романы жөнүндө ....22
Үмүт ....24-25
Жусуп Турусбеков ....33
«Ажал ордуна» драмасы жөнүндө ....38
Жоомарт Бөкөнбаев ....40-43
Акындын патриоттук ырлары. «Антым» ....48
«Алтын кыз» драмасы ....49
Жоомарт Бөкөнбаев «Алтын кыз» драмасынан үзүндү ....50-52
Түгөлбай Сыдыкбеков ....52
Тоо арасында ....58
Алыкул Осмонов ....60
«Жеңишбек» поэмасы жөнүндө ....65
Алыкул Осмоновдун сүйүүгө арнаган темасы ....67-69
Чыңгыз Айтматов ....73
«Жамийла» повести ....77
Сырдуу жана кереметтүү обон ....79-81
Сүйүнбай Эралиев ....101
Сүйүнбай Эралиевдин ырлары менен таанышып ал! ....105
Ак Мөөр ....107
Төлөгөн Касымбеков ....108
«Сынган кылыч» романы жөнүндө ....116
Турар Кожомбердиев ....119-122
Ата-Тоо ....136
«Эне жүрөгү» поэмасы ....137
Күн чыгышым ....137
Токтоболот Абдумомунов ....140
«Абийир кечирбейт» драмасы ....142
Достор ....144
....149



## КОШУМЧА АДАБИЯТ БӨЛҮГҮ

«Манас» эпосунун искусствонун башка түрлөрүндөгү экинчи өмүрү ....154
Алыкул Осмонов ....155
Жети-Өгүз ....155
Кыргыз тоолору ....155
Чыңгыз Айтматов ....156
«Жамийла» повестинен үзүндү. Данияр менен Жамийла ....156
Шүкүрбек Бейшеналиев ....159
Болот калем романдан үзүндү. Улуу Манасчынын урматы ....159
Касымалы Жантөшев ....164
«Каныбек» романдан үзүндү ....164
Жоомарт Бөкөнбаев ....167
Эмгек ....167
Өмүр ....167
Төлөгөн Касымбеков ....168
Сынган кылыч романдан үзүндү. Алтын бешик тукуму ....168
Жусуп Турусбеков ....173
Ажал ордуна ....173
Жоомарт Бөкөнбаев ....176
Алтын кыз ....176
Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү ....179
Адабият теориясынан түшүнүк ....181

www.bizdin.kg

*Окуу басылмасы*

**Ботбаева Тамара Ишеновна**
**Искакова Дамира Дооронбековна**

# Кыргыз адабияты

**11-класс**

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер
жана гимназиялар үчүн окуу китеби

Басманын директору *Б. Джапарова*
Көркөм редактору *Ю. Ким*
Компьютердик калыптоочу *А. Арыкбаев*
Корректору *Р. Сакелова*
Техн.редактору *Ю. Ким*

Басууга 10.12.2012. кол коюлду. Офсет кагазы 80 г.
Кагаздын форматы 60х90 $^{1}/_{16}$. Түстүү ыкма. Көлөмү 11,75 накта басма табак.
Нускасы 21000 даана. Заказ №85.

«Кутаалам» басмасында даярдалды. Бишкек ш., Горький көчөсү, 1.
www.kutaalam.kg, e-mail.: kutaalam@netmail.kg
Тел.: + 996 (312) 530 974, 534 863

---

"Учкун" ААК басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 24.

www.bizdin.kg